# 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик ишканаларында жана энергетикалык Ачык акционердик коомдордо ишине  жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө
# Отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 8-февралындагы № 06-1/108, 15-майындагы № 06-1/413, 24-майындагы № 06-1/449 жана башка буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.А. Раматилаевдин жетекчилиги менен, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор З.С. Солпуева, Т.Т. Шаменов, Н.А. Салиев, К.К. Итигулов, А.С. Ибрагимов, Ч.С. Сакиева, мамлекеттик инспекторлор  Б.Э. Жумаев,  А.К. Токоматов, Н.А. Тургунбаев, А.Б. Турдумалиев, М.Ж. Артыков, А.А. Абдуллаев, Ашыр у. Нурбек,  А.Ж. Кочкорбаев, С.К. Токеев, М.А. Айталиев, Э.Т. Абдуллаев, тышкы адистер З.Б. Кыралиев, Н.К. Оморовдор (курулуш боюнча) тарабынан 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик ишканаларында жана энергетикалык Ачык акционердик коомдордо ишине  жүргүзүлгөн шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит объектилери:** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги (мындан ары-Министрлик, КРЭМ), “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасы, “Кыргызстан Улуттук электр тармактары”, “Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору”, “Чакан ГЭС”, “Нарынспецгидроэнергомонтаж”, “Нарынгидроэнергокурулуш, “Электр станциялар” ачык акционердик коомдору.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Министрликтин жана жогоруда аталган мекемелердин жетекчиликтери мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Министрликтин ишинин критерийлерге ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган

аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети:** Министрликтин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөндөгүдөй болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына баа берүү;
- атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын аткарылышына аудит;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит.
- Ачык акционердик коомдордо бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын жана техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн талдоо;
- табигый жана монополия тарабынан уруксат берилген субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) баалардын (тарифтердин) аныкталышы;
- чыгымдардын бардык беренелери боюнча кирешелердин жана чыгымдардын түзүлүшү;
- кирешелердин жана чыгымдардын түзүлүшү;
- мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамдын сакталышы;
- дебитордук жана кредиттик карыздын пайда болушунун аныктыгы;
- кредиттердин жана гранттардын пайдаланылышы;
- жана башка маселелер.

**Аудиттин критерийлери:**

- “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
- “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Энергетика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 14-мартындагы “Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү методикасын бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү методикасы;

- Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС);

- Ачык акционердик коомдорунун Уставдары жана башка ченемдик укуктук актылар, ички ченемдик актылар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы № 01-26/123 жана 2021-жылдын 29–мартындагы № 01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобу этикалык ченемдердин сактоосун, ошондой эле Министрликтин ишмердигинин бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Министрлик тарабынан 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудитине тийиштүү жана жетиштүү далилдерин алуу максатында аудиттин максаттарына жетүү үчүн аудит тарабынан Министрликтин ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденген. Аудит аныкталгандарды тастыктаган жетиштүү жана туура далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган тыянактар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен:* Кыргыз Республикасынын Энергетика министри кызматында: К.А. Турдубаев 2021-жылдын 8-июнуна чейин, Д.Ж. Бекмурзаев 2022-жылдын 3-октябрына чейин, Т.Ө. Ибраев 2022-жылдын 7-октябрынан тартып азыркы мезгилге чейин;

- *экинчи кол коюу укугу менен*: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин Финансы жана техникалык камсыздоо секторунун башчысы А.Д. Турдуманбетова 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин.

**Корутунду:** Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында бюджеттик каражаттарды, киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде, мамлекеттик ишканаларында жана энергетикалык Ачык акционердик коомдордо төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан баардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту:**

-Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылдын

10-апрелиндеги 01-23/107 **жазма буйругу** жөнөтүлгөн, төмөндөгү 2 пункттары аткарылган эмес:

*“21. “Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, казыналык тутумдан сырткары колдонулган, 8 619,0 миң сом суммасындагы акча каражатын республикалык бюджетке калыбына келтирилсин жана чегерилсин”;*

“22. Аймактык бөлүмдөрдүн отуруму жүргүзүлгөн учурга карата отчет *берүүгө берилген, 52,8 миң сомду эсептен чыгаруунун негизинде жеткире таризделбеген баштапкы документтер, талаптагыдай таризделген жана жеткире таризделбеген документтер боюнча отчет берүүчү сумманы эсептен чыгарган адамдардын жоопкерчилигин кароо эске алынсын”.*

- **2020-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 5-августундагы 01-23/159 **жазма буйругу** жөнөтүлгөн, төмөндөгү 1 пункту аткарылган эмес:

“*3. Бюджеттик кодекстин 131-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, бирдиктүү казыналык эсептен сырткары пайдаланылган 1802,0 миң сомду республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү камсыздалсын.”*

**“Электр станциялар” ачык акционердик коому боюнча:**

2017-жылга карата жүргүзүлгөн “Бишкекжылуулуктармагы” ачык акционердик коомунун шейкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2021-жылдын 24-августунда № 01-23/151 9 пункттан турган **сунуштама** жөнөтүлгөн, толугу менен аткарылган эмес.

2018-жылга “Электр станциялар” Ачык акционердик коомунун жана анын филиалдарынын ишине жүргүзүлгөн аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2020-жылдын 13-апрелинде № 01-23/113, **сунуштама** жана 2020-жылдын 13-апрелинде № 01-23/112 **жазма буйрук** жөнөтүлгөн.

7 пункттан турган сунуштаманын:

- *1,6,7 пункттары аткарылган эмес;*
- *3,4 пункттары жарым-жартылай аткарылган.*

17 пункттан турган жазма буйруктун:

- *2.5.1,5,13,15 пунктары аткарылган эмес;*
- *1,2.1,2.2,2.5.2,3,6,16 пунктары жарым-жартылай аткарылган.*

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 440 074,4 миң сомдон 11 131,7 миң сом калыбына келтирилген, калдыгы 428 942,7 миң сомду түзөт.

2019-2020-жылдарга “Электр станциялар” ачык акционердик коомунун жана анын филиалдарынын ишине натыйжалуулук аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шейкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылдын 23-ноябрында № 01-23/227 **сунуштама** жана 2022-жылдын 23-ноябрында № 01-23/226 **жазма буйрук** жөнөтүлгөн.

58 пункттан турган сунуштаманын:

- *1,6.7.1,7.2,7.3,13,14,15,16,27,28,30,31.1,31.2,31.3,31.4,31.5,31.6,36,51.1, 51.2,52,56,58 - пункттары аткарылган эмес;*
- *3,7,8,9,25,26,33,43,44 - пункттары жарым-жартылай аткарылган.*

9 пункттан турган жазма буйруктун:

- *2.3 пункту аткарылган эмес;*
- *1.1,1.2,1.3,2.2,9.1,9.5 - пункттары жарым-жартылай аткарылган.*

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 17 074,53 миң сомдон 1 265,28 миң сом калыбына келтирилген, калдыгы 15 809,25 миң сомду түзөт.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коому боюнча:**

2020-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:

2022-жылдын 1-августундагы 01-23/70 сунуштама жөнөтүлгөн, 2 пункту аткарылган эмес.

**“Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коому боюнча:**

2020-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 1-июлундагы 01-23/140 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 4, 5, 7-пункттары аткарылган эмес жана 2022-жылдын 1-июлундагы 01-23/150 сунуштаманын 1 пункту аткарылган эмес.

**“Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору” ачык акционердик коому боюнча:**

2020-жылга ишмердүүлүгүнө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылдын 5-августундагы 01-23/163 жазма буйруктун 1 пункту аткарылган эмес. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон сумма 754,3 миң сом.

**“Нарынспецгидроэнергомонтаж” ачык акционердик коому боюнча:**

2016-жылга ишмердүүлүгүнө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2018-жылдын 28-августундагы 01-23/131 жазма буйругу жана 28-августундагы 01-23/132 сунуштама жөнөтүлгөн. Жазма буйруктун 6 пунктунан 2, 3, 6-пункттары аткарылган эмес. Сунуштама аткарылган эмес.

2017-2018-жылдарга ишмердүүлүгүнө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин

жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2019-жылдын 9-сентябрындагы 01-23/209 жазма буйругу жөнөтүлгөн. Жазма буйруктун 2-пунктунун 2.3, 2.4 жана 2.5-пункттчалары жана 3-пункт аткарылган эмес.

**“Нарынгидроэнергокурулуш” ачык акционердик коому боюнча:**

2017-жылга ишмердүүлүгүнө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2019-жылдын 7-июнундагы 01-23/164 жазма буйругу жана 2019-жылдын 7-июнундагы 01-23/163 сунуштама жөнөтүлгөн.

- жазма буйруктун 2 пункту, анын ичинен: 1, 3-пункттары жарым жартылай аткарылган;
- сунуштаманын бардык пункттары аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

1. Мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктары жана сунуштамалары толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын толук аткарбагандыгы үчүн Министрликте жана аудитке тиешелүү мекемелерде кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтунда:**

**2018-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылдын 10-апрелиндеги 01-23/107 жазма буйругунун төмөндөгү пункттарынын аткарылышы камсыздалсын:

“21. “Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, казыналык тутумдан сырткары колдонулган, 8 619,0 миң сом суммасындагы акча каражатын республикалык бюджетке калыбына келтирилсин жана чегерилсин”;

“22. Аймактык бөлүмдөрдүн отуруму жүргүзүлгөн учурга карата отчет берүүгө берилген, 52,8 миң сомду эсептен чыгаруунун негизинде жеткире таризделбеген баштапкы документтер, талаптагыдай таризделген жана жеткире таризделбеген документтер боюнча отчет берүүчү сумманы эсептен чыгарган адамдардын жоопкерчилиги кароо эске алынсын”.

- **2020-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 5-августундагы 01-23/159 сунуштаманын 3-пунктунун аткарылышы камсыздалсын:

“3. Бюджеттик кодекстин 131-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, бирдиктүү казыналык эсептен сырткары пайдаланылган 1802,0 миң сомду республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү камсыздалсын.”

**“Электр станциялар” ачык акционердик коому боюнча:**

- 2017-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Бишкекжылуулуктармагы” ачык акционердик коомунун жүргүзүлгөн шейкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2021-жылдын 24-августунда № 01-23/151 9 пункттан турган сунуштаманын аткарылышы камсыздалсын.

- 2018-жылдын 1-январынан тартып 2018-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Электр станциялар” Ачык акционердик коомунун жана анын филиалдарынын ишине жүргүзүлгөн аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жөнөтүлгөн сунуштаманын *аткарылбаган - 1,6,7* жана *жарым жартылай аткарылган - 3,4 пункттарынын*, жана жазма буйруктун *аткарылбаган - 2.5.1,5,13,15 жана жарым жартылай аткарылган - 1,2.1,2.2,2.5.2,3,6,16 пункттарынын* толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

428 942,7 миң сом калыбына келитрилсин, анын ичинен:

- Бөлүштүрүүчү энергокомпанияларга берилген электр энергиясы үчүн төлөмдөрдү өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн 424 127,8 миң сом суммасында эсептелген туумду өндүрүү боюнча;
- Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалы боюнча мөөнөтү өткөн 4 719,0 миң сом суммасындагы дебитордук карызды өндүрүү боюнча.

- 2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Электр станциялар” ачык акционердик коомунун жана анын филиалдарынын ишине натыйжалык аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шейкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жөнөтүлгөн сунуштаманын *аткарылбаган - 1,6.7.1,7.2,7.3,13,14,15,16,27,28,30,31.1, 31.2,31.3,31.4,31.5,31.6,36,51.1,51.2,52,56,58* жана *жарым жартылай аткарылган - 3,7,8,9,25,26,33,43,44 пункттарынын*, жана жазма буйруктун *аткарылбаган - 2.3 жана жарым жартылай аткарылган - 1.1,1.2,1.3,2.2,9.1,9.5 пункттарынын* толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

15 809,25 миң сомго подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин ашыкча бааланган көлөмүнөн ордуна коюлуучу сумманын калдыгын ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинен:

- Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалы боюнча - 12 966,7 миң сом;
- Бишкек жылуулук электр борбору филиалы боюнча - 2 842,5 миң сом.

**“Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунда:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 1-июлундагы 01-23/140 жазма буйругунун 4, 5, 7-пункттары аткарылсын жана 2022-жылдын 1-июлундагы 01-23/150 сунуштама 1-пункуту аткарылсын.

**“Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору” ачык акционердик коому боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 5-августундагы 01-23/163 жазма буйругунун 1-пункуту аткарылсын.

**“Нарынспецгидроэнергомонтаж” ачык акционердик коому боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын: 2018-жылдын 28-августундагы 01-23/131 жазма буйругунун 2, 3, 6-пункуттары аткарылсын, 2018-жылдын 28-августундагы 01-23/132 сунуштамасы аткарылсын жана 2019-жылдын 9-сентябрындагы 01-23/209 жазма буйругунун 2-пункутунун 2.3, 2.4, 2.5-пунктчалары жана 3-пункуту аткарылсын.

**“Нарынгидроэнергокурулуш” ачык акционердик коому боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын: 2019-жылдын 7-июнундагы 01-23/164 жазма буйругунун 1, 3-пункуттары аткарылсын жана 2019-жылдын 7-июнундагы 01-23/163 сунуштамасынын аткарылышы камсыздалсын.

2. 2021-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик ишканаларында жана энергетикалык Ачык акционердик коомдордо ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, каржы бузууларга жана кемчилдиктерге жол берген мекемелердин жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана бул бузууларды болтурбоо боюнча тийиштүү иш чаралар алып барылсын.

## Аудит объектисинин мүнөздөмөсү

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндө” 2021-жылдын 12-октябрындагы № 425 Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” 2021-жылдын 6-ноябрындагы № 242 токтому менен, Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги болуп өзгөртүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги Отун-энергетикалык комплекси жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды ишке ашыруучу, ошондой эле энергетика чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мамлекеттик контроль

жана көзөмөл жүргүзүүчү Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

## Кыргыз Республикасынын энергетикалык балансы төмөндөгүдөй:

миң кВт/с

| № | Аталышы | 2021-жылдын көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы өндүрүлгөн электр энергиясы:** | 15 081 307,398 |
| 1.1. | ***Анын ичинде: "Электр станциялар" ААКсы*** | 14 908 316,072 |
| | ***Анын ичинде: - ГЭСтер*** | 12 750 625,832 |
| | ***- ЖЭБ (ТЭЦ)*** | 2 157 690,240 |
| 1.2. | **Кичи ГЭСтер** | 172 991,326 |
| **2.** | **КРнын энергосистемасына түшкөн электр энергиясы:** | 16 382 182,545 |
| **2.1.** | ***Анын ичинде: "Электр станциялар" ААКсы*** | 14 504 430,669 |
| | **Өздүк керектөөлөр** | 326 876,0 |
| | **Жоготуулар** | 77 009,403 |
| **2.2.** | **Кичи ГЭСтер** | 169 346,625 |
| **2.3.** | **э/э импорту:** | 1 683 592,349 |
| | *- Өзбекстан Республикасынан* | 504 364,575 |
| | *- Казакстан Республикасынан (алмашуу)* | 680 251,699 |
| | *- Казакстан Республикасынан (сатып алуу)* | 744,000 |
| | *- Түркмөнстан Республикасынан* | 498 232,075 |
| **3.** | **КРнын энергосистемасынын жоготуулары** | 2 351 060,359 |
| | **%** | 14,351 |
| **3.1.** | **Техникалык жоготуулар э/э "ПДХ" көмөк чордону (Электр станциялар ААКсы)** | 114,214 |
| 3.2. | “ КУЭТ” ААК жана РЭТ тармактарына кириштелген э/энергия | 13 025 757,948 |
| **3.3.** | **“ КУЭТ” ААК "РЭТ" жоготуулары** | 1 531 985,819 |
| | *%* | 11,761 |
| **4.** | **КРнын энергосистемасынын өз муктаждыктары (собст. нужды)** | 35 754,053 |
| | ***Анын ичинен: “КУЭТ” ААКнын*** **өз муктаждыктары** | 3 456,049 |
| | ***РЭТ*** **өз муктаждыктары** | 32 298,004 |
| **5.** | **КРнын энергосистемасында э/э камсыз кылуу, сатуу** | 13 995 253,856 |
| **5.1.** | **Анын ичинде: “КУЭТ” ААК тармактары аркылуу камсыздоо** | 2 522 006,613 |
| | ***Ири керектөөчү мекемелер ( КПП) аркылуу камсыздоо*** | 1 622 867,118 |
| | ***" Кумтор Голд Компани" ЖАКсы*** | 293 563,033 |

| | | |
|---|---|---|
| | ***"ЭС" ААКсынын тармактары*** | 44 672,629 |
| | ***Пландан сырктары э/э (ОА БЭС)*** | 14 656,67 |
| | ***электроэнергиянын экспорту*** | 546 247,167 |
| | *Анын ичинен: Өзбекстан Республикасына экспорт (өз ара алмашуу)* | 246 213,25 |
| | *Казакстан Республикасына экспорт РЭТ аркылуу* | 33,917 |
| | *КазакстанРреспубликасына экспорт (өз ара алмашуу)* | 300 000,00 |
| **5.2.** | **РЭТ тармактары аркылуу э/э камсыздоо** | 11 415 905,052 |
| **5.3.** | **дүңүнөн сатып алуучу "ЭС" ААКсынын керектөөчүлөрү ("ЭС"ААКсы(ЖЭБ-Б)** | 30 236,676 |
| **5.4.** | **"Чакан ГЭС" ААКсынын керектөөчүлөрү** | 20 925,157 |
| | *Анын ичинен "ЭС" ААКсынын тармактары аркылуу транзити* | 95,706 |
| **5.5.** | **"Марьям" Айыл чарба өндүрүштүк кооперативдик керектөөчүлөрү** | 2 539,07 |
| **5.6.** | **ЖЧК "ARK" курулуш компаниясы керектөөчүлөрү** | 3 641,288 |

2021-жылы Кыргыз Республикасынын энергетика системасында жалпы өндүрүү 15 081 307,4 миң кВт/с, (анын ичинен “Электр станциялар” ААКсы 14 908 316,1 миң кВт/с, кичи ГЭС 172 991,3 миң кВт/с). Кыргыз Республикасынын электр тармактарына түшкөн электр энергия 16 382 182,5 миң кВт/с, алар “Электр станциялар” ААКсы 14 504 430,7 миң кВт/с, кичи ГЭСтер 169 346,6 миң кВт/с, электр энергиянын импорту 1 683 592,3 миң кВт/с, электр энергиянын жоготуулары 2 351 060,4 миң кВт/с, электр энергиянын жалпы сатуулары 13 995 253,9 миң кВт/с, тиричилик керектөөлөрү 35 754,1 миң кВт/с түзгөн.

***2022-жылдагы ишмердиктин жыйынтыгы:***

Кыргыз Республикасынын энергетикалык балансы төмөндөгүдөй:

миң кВт/с

| № | Аталышы | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы өндүрүлгөн электр энергиясы:** | 13 835 497,650 |
| 1.1. | ***Анын ичинде: "Электр станциялар" ААКсы*** | 13 654 066,864 |
| | ***Анын ичинде: - ГЭСтер*** | 11 723 161,679 |
| | ***- ЖЭБ (ТЭЦ)*** | 1 930 905,185 |
| 1.2. | **Кичи ГЭСтер** | 181 430,786 |
| **2** | **КРнын энергосистемасына түшкөн электр энергиясы:** | 16 273 480,320 |
| **2.1.** | ***Анын ичинде "Электр станциялар" ААКсы*** | 13 282 452,961 |
| | **Өздүк керектөөлөр** | 306 154,0 |
| | **Жоготуулар** | 65 459,903 |

| | | |
|---|---|---|
| **2.2.** | **Кичи ГЭСтер** | 175 911,416 |
| **2.3.** | **ОА БЭС кабыл алынган электр энергия** | 8 670,447 |
| | *Анын ичинен Өзбекстан Республикасынан* | 792,461 |
| | *Казакстан Республикасынан* | 3 628,935 |
| | *Тажикстан Республикасынан* | 4 249,051 |
| **2,4.** | **э/э импорту, анын ичинен:** | 2 806 445,496 |
| | *- Өзбекстан Республикасынан* | 1 300 000,050 |
| | *- Казакстан Республикасынан (алмашуу)* | 219 8,301 |
| | *- Казакстан Республикасынан (сатып алуу)* | 473 245,022 |
| | *- Түркмөнстан Республикасынан* | 813 452,123 |
| **3** | **КРнын энергосистемасынын жоготуулары** | 2 347 526,029 |
| | **%** | 14,425 |
| 3.1. | "КУЭТ" ААК тармактарына кириштелгени (Кичи ГЭСтерди кошкондо) | 15 807 659,960 |
| **3.2.** | **Анын ичинен КУЭТ тармактарындагы жоготуулар** | 782 101,997 |
| **3.3.** | **Техникалык жоготуулар э/э көмөк чордону "ПДХ" ("ЭС" ААКсынын)** | 170,398 |
| 3.4. | РЭТ тармактарына кириштелген э/энергия | 12 804 649,653 |
| **3.5.** | **"РЭТ" жоготуулары** | 1 565 424,032 |
| | *%* | 12,225 |
| | *"Түндүк Электр" ААКсы кириштелгени* | 6 077 214,988 |
| | ***Анын ичинде:*** *"Түндүк Электр" ААКсынын жоготуулары* | 627 314,357 |
| | *%* | *10,322* |
| | *«Чыгыш электр» ААКсы кириштелгени* | 1 808 672,092 |
| | ***Анын ичинде:*** *" Чыгыш электр " ААКсынын жоготуулары* | 280 751,765 |
| | *%* | *15,523* |
| | *«Ош электро» ААКсы кириштелгени* | 2 998 101,566 |
| | ***«Ош электро» ААКсы жоготуулары*** | 413 294,179 |
| | *%* | *13,785* |
| | *«Жалалабатэлектро» ААКсы кириштелгени* | 1 920 661,007 |
| | ***«Жалалабатэлектро» ААКсы жоготуулары*** | 244 063,731 |
| | *%* | *12,707* |
| **4** | **КРнын энергосистемасынын өз муктаждыктары** | 28 245,978 |

| | | |
|---|---|---|
| | ***Анын ичинен:" КУЭТ" ААКсынын* өз муктаждыктары** | 3 050,811 |
| | ***РЭТ* өз муктаждыктары** | 25 195,167 |
| 5 | **КРнын энергосистемасында э/э камсыз кылуу** | 13 897 537,668 |
| 5.1. | **Анын ичинде: КУЭТ тармактары аркылуу камсыздоо:** | 2 583 738,808 |
| | ***Ири керектөөчү мекемелер ( КПП) аркылуу камсыздоо*** | 1 673 025,712 |
| | ***" Кумтор Голд Компани" ЖАКсы*** | 305 900,091 |
| | ***"ЭС" ААКсынын тармактары*** | 43 127,232 |
| | ***Пландан сырктары э/э БЭТ ААКсы*** | 11 659,182 |
| | ***электроэнергиясынын экспорту*** | 550 026,591 |
| | *Анын ичинен: Өзбекстан Республикасына экспорт (өз ара алмашуу)* | 250 000,000 |
| | *Казакстан Республикасына экспорт РЭТ аркылуу* | 26,591 |
| | *Казакстан Республикасына экспорт (өз ара алмашуу)* | 300 000,000 |
| 5.2. | **РЭТ тармактары аркылуу э/э камсыздоо** | 11 251 602,784 |
| 5.3. | **"ЭС" ААКнын керектөөчүлөрү (ОПП от сетей "ЭС"(ЖЭБ-Б))** | 34 194,757 |
| 5.4. | **"Чакан ГЭС" ААКсынын керектөөчүлөрү** | 22 502,029 |
| | *Анын ичинен "ЭС" ААКсынын тармактары аркылуу транзити* | 85,028 |
| 5.5. | **ПСХК "Марьям" керектөөчүлөрү** | 1 011,266 |
| 5.6. | **"Строительная фирма "ARK" ЖЧКсы керектөөчүлөрү** | 3 591,534 |
| 5.7. | "Impex Trade" ЖЧКсы **керектөөчүлөрү** | 896,490 |

2022-жылы Кыргыз Республикасынын энергетика системасында жалпы өндүрүү 13 835 497,6 миң кВт/с, анын ичинен:

- "Электр станциялар" ААКсы 13 654 066,9 миң кВт/с;
- Кичи ГЭСтер 181 430,8 миң кВт/с.

Кыргыз Республикасынын электр тармактарына түшкөн электр энергия 16 273 480,3 миң кВт/с, алар "Электр станциялар" ААКсы 13 282 453,0 миң кВт/с, кичи ГЭСтер 175 911,4 миң кВт/с, электр энергиянын импорту 2 806 445,5 миң кВт/с, электр энергиянын жоготуулары 2 347 526,0 миң кВт/с түзгөн.

"КУЭТ" ААКсынын тармактарына киришелген электр энергия 15 807 659,96 миң кВт/с, жоготуулар 2 347 526,02 миң кВт/с, электр энергиянын жалпы сатуулары 13 897 537,668 миң кВт/с, тиричилик керектөөлөрү 28 245,978 миң кВт/с түзгөн.

**Министрликтин Борбордук аппараты**

**Аныкталды:**

2021-жылга 2-формадагы “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун” негизинде, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Энергетика Мнинистрлигинин (мындан ары-Энергетика министрлиги) бекитилген жалпы сметасы 105 210,9 миң сом ("Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасына жана Геология жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик агенттигине бөлүнгөн бюджеттик каражаттардан сырткары), такталган сметасы жана каржылоо 136 196,1 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 131 375,3 миң сомго, иш жүзүндөгү чыгымдар 130 315,5 миң сомго жүргүзүлгөн.

2022-жылы такталган сметасы жана каржылоо 124 783,4 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 112 029,8 миң сомго, иш жүзүндөгү чыгымдар 114 311,5 миң сомго жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктун бузуу менен республикалык бюджеттен 2021-жылы 4 820,8 миң сомго, 2022-жылы 12 753,6 миң сомго ашыкча каржыланган.

**Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине:**

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык, бюджеттик мекемелердин чыгашаларынын керектөөлөрү учурдагы каржылык жылга эмгекке акы төлөө фондунун, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана башка чыгашалар бюджетинин милдеттенмелерине негизделген эсептөөлөрдүн негизинде түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылга жалпыланган бухгалтердик баланстын 5-тиркемесине ылайык, 2022-жылдын 1-январына кассадагы 34,4 миң сом, 2022-жылдын 31-декабрына 4,2 миң сом пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыгы республикалык бюджетке которулууга тийиш.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктуна ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыгы 38,6 миң сом, республикалык бюджеттин эсебине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын 1-январына Бирдиктүү казыналыктан сырткары эсебиндеги (“Коммерциялык - банк” ААКсындагы транзиттик эсептеги) Эмгек акы беренеси боюнча каражаттардын калдыгы 15,2 миң сом бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктуна ылайык, 2022-жылдын 1-январына Бирдиктүү казыналыктан сырткары эсебиндеги бюджеттик каражаттардын калдыгы 15,2 миң сом республикалык бюджеттин эсебине которулсун.

**Эмгек акы төлөмдөрү**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 3-пунктун бузуу менен жумуш орундары аттестацияланбастан (компьютерде иштегендиги үчүн) 2021-жылы эмгек акыга кошумча төлөмдөр эсептелинип 4 684,3 миң сом (анын ичинде Социалдык фондго -689,2 миң сом), 2022-жылга 598,7 миң сом (Социалдык фондго -88,1 миң сом) төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Эмгек акыга негизсиз кошумча төлөмдөргө жол берилбесин.

**Өлкө ичиндеги иш-сапарынын чыгымдарына жана отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөр**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы 137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепке алууну жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 119-пунктун бузуу менен 2021-жылдын 1-январына жумуштан бошоп кеткен кызматкерлердин эсебинен 165,0 миң сом суммасында дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес (*2024-жылдан 30-апрелиндеги № 4708/RCAS/17173/1 квитанциянын негизинде 106,2 миң сом республикалык бюджетке которулган).*

**Сунуштама:**

Иш сапар чыгымдары боюнча жумуштан бошоп кеткен кызматкерлерде бухгалтердик эсепте катталып келе жаткан 58,8 миң сомдук дебитордук карыздарды азайтуу боюнча иш алып барылсын.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызматы** (мындан ары – Энергетикалык көзөмөл боюнча кызматы, Кызмат)

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылга бекитилген жалпы сметасы 40 192,4 миң сом, такталган сметасы жана каржылоо 36 100,2 миң сом, кассалык чыгымдар 33 975,4 миң сомду түзгөн. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктун бузуу менен 2022-жылга республикалык бюджеттен ашыкча каржылоо 2 124,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык, бюджеттик мекемелердин чыгашаларынын керектөөлөрү учурдагы каржылык жылга эмгекке акы төлөө фондунун, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана башка чыгашалар бюджетинин милдеттенмелерине негизделген эсептөөлөрдүн негизинде түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылдын 1-январына Бирдиктүү казыналыктан сырткары эсебиндеги ("РСК-банк" ААКсындагы транзиттик эсептеги) Эмгек акы беренеси боюнча каражаттардын калдыгы 115,7 миң сом бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылган. (*2023-жылдын 30-майында №218 төлөө тапшырмасынын негизинде 115,7 миң сом республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулган).*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

**Эмгек акыга жана башка төлөмдөр**

**Аныкталды жана корутунду**

Эмгек акыны төлөө бөлүгүндө 21 кызматкердин эмгек акы ведомосттору боюнча текшерүүлөрдүн көлөмү тандалып, кызматкерлерге атайын эсептин каражаттарынан 5 866,9 миң сом өлчөмүндө негизсиз төлөмдөр жүргүзүлгөнү аныкталган, анын ичинен:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун 3-пунктун бузуу менен жумуш орундары аттестацияланбастан 2021-жылы эмгек акыга кошумча төлөмдөр эсептелинип 1092,5 миң сом (анын ичинде Социалдык фондго – 188,0 миң сом), 2022-жылга 796,4 миң сом (Социалдык фондго – 137,0 миң сом) төлөнгөн. Баардыгы 2 214,0 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жетекчилик жана жооптуу кызматкерлер тарабынан негизсиз кошумча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 849 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Энергетика, тоо-кен көзөмөлү жана өнөр жай коопсуздугу боюнча мамлекеттик инспекциянын 2021-жылдын 30-декабрындагы №45/ВП "Сыйлоо жөнүндө" буйругуна ылайык, мамлекеттик инспекциянын иштеп жаткан кызматкерлерине 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча, сый акы түрүндө негизсиз, дем берүүчү төлөм, "Эмгек акы" беренеси боюнча үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен 3 114,9 миң сом суммасында төлөнгөн жана Социалдык фондго чегерүүлөр 537,3 миң сом менен бардык суммасы 3 652,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

"Эмгек акы" беренеси боюнча үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен сый акы төлөөгө жол берилбесин.

**Социалдык камсыздандыруу чегерүүлөрү жана киреше салыгы**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыздардын (киреше салыгы) суммасы 2021-жылга 92,7 миң сом жана 2022-жылга 331,4 миң сом. Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 2021-жылга-1 143,6 миң сом, 2022-жылга 985,9 миң сом (*Аудит учурунда киреше салыгы 2021-жылга 92,7 миң сом жана 2022-жылга 331,4 миң сом, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 01.01.2022-жылга 1 143,6 миң сом, 01.01.2023-жылга 985,9 миң сом бухгалтердик эсепке дебитордук карыз катарында кабыл алынды.*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” жобонун дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын.

**Иш сапар чыгымдардын ченемдеринин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 5-главасынын “Иш сапардык чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, 2022-жылга бюджеттик каражаттардын эсебинен командировкалык чыгымдарды (мейманканалык чыгымдарды) ырастоочу документтерисиз 5,5 миң сом төлөнгөн (*2023-жылдын 11-августында №388 төлөө тапшырмасынын негизинде республикалык бюджетке которулган).*

**Сунуштама:**

Иш сапар чыгымдарын төлөп берүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” Жобонун 5-главасынын “Иш сапардык чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 5-главасынын “Чыгымдарды эсепке алуу” параграфынын (106-п.) бузуу менен Кызмат тарабынан аткарылган иштердин актылары жок, жеке ишкер “Таштанов А.” “1С –бухгалтерия” программасын коштоо үчүн келишимдин негизинде 48,0 миң сом төлөнгөн (*2024-жылдын 16-январында*

*№218 маалымдама-кабарлоо төлөө тапшырмасынын негизинде 48,0 миң сом бюджетке которулган).*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” жобонун чыгымдарды эсепке алуу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменти (мындан ары – Департамент, “ДТЭК”.):**

**Аныкталды жана корутунду:**

Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын (ФОЭС) 2 Запастар стандартына ылайык өздүк нарк төмөнкү чыгашалардан турат:

- сатып алуу чыгымдары;
- кайра иштетүү чыгымдары;
- запастарды азыркы жерге жеткирүү үчүн башка чыгымдар.

Ал эми, Департамент тарифти жана электр энергиясынын, жана жылуулуктун өздүк наркын эсептөөдө жетекчиликке алган “Өндүрүштүн өздүк наркын аныктоонун жана жылуулук энергиясына тарифтерди белгилөөнүн” жана “Өндүрүштүн өздүк наркын аныктоонун жана электр энергиясына тарифтерди белгилөөнүн” методикаларында өздүк наркты аныктоодо капиталдык салымдарды жана узак мөөнөттүү насыялардын негизги суммасы өздүк нарктын курамына эсептелинип, ал эми негизги каражаттардын амортизациялык чыгымдары өздүк нарктын курамында эсептелинбей келет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги № 137 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунда Кыргызстандын улуттук электр тармагы (мындар ары-“КУЭТ”) ААКсы боюнча техникалык жоготуулар 5,5 %га чейин, “Түндүк электр” ААКсы боюнча – 11,0 %га чейин, “Чыгыш электр” ААКсы боюнча – 13,0 %га чейин, “Ош электр” ААКсы боюнча – 11,6 %га чейин, “Жалалабат электр” ААКсы боюнча – 11,7 %га чейин сунушталган.

Факт жүзүндө “КУЭТ” ААКсы боюнча техникалык жоготуулар 5,93 %ды, “Түндүк электр” ААКсы боюнча – 10,28 %ды, “Чыгыш электр” ААКсы боюнча – 14,3 %га чейин, “Ош электр” ААКсы боюнча – 13,2 %га чейин, “Жалалабат электр” ААКсы боюнча – 12,1 %ды түздү. Жогорудагы сунушталган жоготууларды сактабаган компаниялардын ашыкча жоготуулары 146 062,6 миң кВт/саатты түздү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 234 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунда “КУЭТ” ААКсы боюнча техникалык жоготуулар 5,95 %га чейин,

“Түндүк электр” ААКсы боюнча – 11,0 %га чейин, “Чыгыш электр” ААКсы боюнча – 13,8 %га чейин, “Ош электр” ААКсы боюнча – 11,9 %га чейин, “Жалалабат электр” ААКсы боюнча – 12,1 %га чейин сунушталган. Факт жүзүндө “КУЭТ” ААКсы боюнча техникалык жоготуулар 4,95 %ды, “Түндүк электр” ААКсы боюнча – 10,2% чейин, “Чыгыш электр” ААКсы боюнча – 15,41 %ды, “Ош электр” ААКсы боюнча – 13,81 %га чейин, “Жалалабат электр” ААКсы боюнча – 12,71 %ды түздү. Жогорудагы сунушталган жоготууларды сактабаган компаниялардын ашыкча жоготуулары 97 934,13 миң кВт/саатты түздү.

Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмесинде “Электр станциялары” ААКсы менен электр энергиясын жеткирүү боюнча келишимдерди түзгөн, бирок “КУЭТ” ААКсынын электр тармактарына кошулган ири керектөөчүлөр бар экендиги аныкталган.

2022-жылы “Түндүк электр” ААКсы, “Чыгыш электр” ААКсы, “Жалалабат электр” ААКсы, “Ош электр” ААКсы бөлүштүрүүчү компаниялар “КУЭТ” ААКсы менен бириктирилген. Жыйынтыгында “КУЭТ” ААКсы кайра уюштуруудан (реорганизация) кийин электр энергиясын акыркы керектөөчүлөргө өткөрүп эле койбостон, бөлүштүрүп жана сата алат.

Аудит, айрым ири керектөөчүлөр электр энергиясын “КУЭТ” ААКсынын тармактарынан камсыздалып, бирок акча каражатын “Электр станциялары” ААКсына төлөгөндүгү туура эмес, деп эсептейт.

**Сунуштама:**

1.“Өндүрүштүн өздүк наркын аныктоонун жана жылуулук энергиясына тарифтерди белгилөөнүн” жана “Өндүрүштүн өздүк наркын аныктоонун жана электр энергиясына тарифтерди белгилөөнүн” методикаларына өздүк наркты аныктоодо өзгөртүүлөр киргизилсин, жана ФОЭСтин стандарттарына дал келтирилсин.

2. Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча Департаменти тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунда белгиленген электр энергиянын жоготууларын сунушталган деңгээлге түшүрүү боюнча иш аракеттер алып барылсын.

3. “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун электр тармактарынан камсыз болгон бирок “Электр станциялары” ААКсынан электр энергиясын сатып алган керектөөчүлөр, анын ичинде ири керектөөчүлөр келишимдерди “КУЭТ” ААКсы менен түзүү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент (мындан ары-Департамент) жөнүндө жобонун 7-пунктун бузуу менен, Департаменттин штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан бекитилген эмес.

Департаментте, белгиленген ченемдерден сырткары, кызматкерлерге каралбаган кошумча төлөмдөр, 2021-жылы 4420,0 миң сом, 2022-жылы 3846,0 миң сом жүргүзүлгөн.

Департаменттин мониторинг жана комплекстүү анализ бөлүмүнүн башчысынын орду ваканттуу болгондугуна байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин бузуу менен, милдеттери бөлүмдүн башкы адисине окладдын 40 % кошумча акы төлөө менен жүктөлгөн. Кошумча акы 2021-жылдын 1-апрелинен тартып 28-июлуна чейин, жана 2021-жылдан 6-сентябрынан тартып 4-ноябрына чейин 20,1 миң сомду түзгөн. Мындан сырткары, укуктук колдоо бөлүмүнүн башчысынын орду вакантуу болгондугуна байланыштуу, милдеттери бөлүмдүн башкы адисине 40 % кошумча акы төлөө менен жүктөлгөн. Кошумча акы 2021-жылдын 11-майынан тартып 4-ноябрына чейин 21,4 миң сомду түзгөн. Жалпы 48,7 миң сом(17,25%).

**Сунуштама:**

Эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын шарттарынын аткарылышы камсыздалсын.

Убактылуу ордун ээлөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кедексинин 74-беренесинин аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы № 38 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө» токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун энергетикалык комплекси (мындан ары-ОЭКти) жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик (*2014-жылдын 14-ноябрында КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик орган болуп түзүлгөн*) 2021-жылдын 5-мартында Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу ведомстволук бөлүм болуп кайрадан түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-ноябрындагы № 242 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу ОЭКти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу ОЭКти жөнгө салуу боюнча департамент болуп кайрадан аталган (КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 247 “КР Энергетика министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомунун негизинде).

ОЭКти жөнгө салуу боюнча департамент энергетикадагы жөнгө салуучу орган катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Энергетика

боюнча мамлекеттик агенттиктин бардык функцияларын аткарат. Бирок, азыркы учурда ведомстволук баш ийүүдөгү орган катары мыйзамдарга жана башкаруу түзүмүнө утуру түзөтүүлөр киргизиле бергендигинин натыйжасында энергетика тармагын натыйжалуу жөнгө салуу функциясын толук кандуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жок.

Тактап айтсак, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик ишканаларында жана энергетикалык Ачык акционердик коомдордо ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин негизинде энергетиканы жөнгө салууда, энергетиканы өндүрүүдө төмөндөгү каржы бузуулар жана кечилдиктер аныкталды:

1. “***Электр станциялар” ААКсынын:***

- ири сатып алуучу жана сатуучу компанияларына Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген “Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү” методикасы боюнча эсептелген өздүк наркынан арзан ири сатып алуучу жана алып сатуучу компанияларына сатылган электр энергиясынын суммасы - **45 716,4 миң сомду,** анын ичинде 2021-жылы - 3 920,1 миң сомду, 2022-жылы - 41 796,3 миң сомду түзгөн жана бул электр энергиясынын өздүк наркынан арзан баада сатылышы, кирешенин жоготуусуна алып келген;

- “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-пунктунун 4-пунктчасына ылайык, табигый монополиянын субъекттерине жөнгө салынуучу товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) баасына (тарифтерине) аларды өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган чыгымдарды киргизүүгө тыюу салынган;

**-** Кыргыз Республикасынын Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы №156 буйругу менен материалдык кызыктыруучу төлөмдөр, техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча тарифке негизсиз киргизилип, электр энергиясынын тарифтери бекитилип берилген. Ошондо, “Электр станциялар” ААКсынын 2021-жылга түзүлгөн өндүрүштүк чыгымдар планына эмгек акы фонду боюнча каралбаган сый акы чыгымдары (Планга чыгымдардын “Ар түрдүү чыгымдар” беренеси боюнча каралган – өндүрүшкө тиешеси жок материалдык кызыктыруучу төлөмдөр) жалпы **148 327,3 миң сомду**, анын ичинен: “Электр станциялар” ААКсынын аппараты жана борбордук өндүрүштүк кызматтары боюнча - 66 434,4 миң сомду, Токтогул ГЭСтеринин Каскады боюнча – 46 801,5 миң сомду, Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады боюнча – 26 120,9 миң сомду жана Камбар-Ата-2 ГЭСи боюнча – 8 970,5 миң сомду түзгөн.

***2. “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы:***

- “КУЭТ” ААКсы тарабынан негизсиз акы төлөнүүчү кызматтар жалпысынан **15 369,7 миң сомго** көрсөтүлгөн, анын ичинде: 2021-жылы - 7 296,9 миң сомго, 2022-жылы - 8 072,8 миң сомго жана 15 369,7 миң сом негизсиз көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардан түшкөн киреше республикалык бюджетке которулду;

- аудит мезгилинде социалдык жардам көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын жалпы суммасы **47 145,7 миң сомду** “КУЭТ” ААКсы “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 2-пунктунун талаптарына ылайык, республикалык бюджетке которулду.

***Ушуга байланыштуу энергетиканы жөнгө салуу боюнча өзүнчө көз карандысыз мамлекеттик органды кароо зарыл.***

«*Көз карандысыз» Жөнгө салуу органды түзүү төмөндөгүдөй функцияларды аткаруу керек:*

- так жана жетишээрлик мыйзамдуу ыйгарым укуктардын болуусу (берилген ыйгарым укуктарга ылайык ОЭК субьекттери үчүн буйруктарды бекитүү, КР Министрлер Кабинетине киргизилген ченемдик актыларды ыкчам макулдашуу (Методикалар, Эрежелер, Нускамалар, ОМТС ж.б.у.с.);

- жүргүзүлгөн жөнгө салуулардын ачык-айкындуулугу жана энергетикалык компаниялардын иши жөнүндө калкка туруктуу маалымат берип туруу;

- сектор боюнча Жөнгө салуучуга мүмкүндүк берген ачык-айкындуулуктун узак мөөнөттүү механизмдерин түзүү жана колдонуу, сектордун финансылык жана техникалык өндүрүмдүүлүгүнүн тарифтерин жана мониторингин белгилөө үчүн туура, ишенимдүү маалыматтарды колдонуу (ТЭК);

- керектөөчүнүн жана өндүрүүчүнүн кызыкчылыктары теңдештирилген, ошондой эле кыска жана узак мөөнөттүү максаттардагы негиздүү чечимдерди кабыл алуу.

**Ошондой эле, күчтүү Жөнгө салуучу органдын төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилери болуусу зарыл:**

- компаниялардын ишин коомдун кызыкчылыгына камсыз кылуу максатында ал аткарылышын көзөмөлдөй жана талап кыла ала турган лицензияны алуунун алдындагы жана лицензия алгандан кийинки лицензиялык шарттарды камтыган лицензия берүүдөгү жетишээрлик укуктук ыйгарым укуктар;

- керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарынын балансы эске алынган, рыноктук кызыкчылыктардан келип чыккан тарифтерди бекитүү ыйгарым укуктары.

**Сунуштама:**

1. Кыргызстандын энергетикалык көз карандысыздыгын камсыздоого багытталган ири энергетикалык долбоорлорду ишке ашыруу, ошондой эле отун-энергетикалык комплексин өнүктүрүү саясатын калыптандыруу боюнча функцияларды так бөлүштүрүлүп, көз карандысыз тармактык жөнгө салуучу

органдын иштөөсүн камсыз кылуу максатында, Департаменттин базасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик агенттикти – “өз алдынча мамлекеттик орган” катары жөнгө салуучу органды кайрадан түзүү каралсын.

2. Ири сатып алуучу жана сатуучу компаниялары боюнча 2021- 2022 жылдарга түзүлгөн өндүрүштүк чыгымдар планына эмгек акы фонду боюнча каралбаган сый акы чыгымдарынын (Планга чыгымдардын “Ар түрдүү чыгымдар” беренеси боюнча каралган – өндүрүшкө тиешеси жок материалдык кызыктыруучу төлөмдөр), жылдын финансылык жыйынтыгы боюнча пайда көрбөй туруп, кызматкерлерге жыл бою берилген сыйлык акылардын экономикалык негиздүүлүгү каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту (мындан ары- Энергетика Илимий-изилдөө институту боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

Энергетика Илимий-изилдөө институтунда Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-пунктун бузуу менен, атайын эсептин каражаттары Бирдиктүү казыналык эсептен каржыланбастан “KICB” ААКсы банкында (мындан ары-Банк) ачылган банктык эсеп аркылуу жүргүзүлгөн.

2021-жылы Банктагы эсепте 2 699,4 миң сом кириштелген жана 3916,5 миң сом чыгымдалган, 2022-жылы 4 634,1 миң сом кириштелген жана 5030,0 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-пунктунун ченемдери сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Энергетика Илимий-изилдөө институтунда Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 12-беренисинин талаптарын, сатып алуулар планын түзүү бөлүгүндө жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды веб-порталга жарыялоо бөлүгүн бузуу менен, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар 482,4 миң сомго, анын ичинен: 2021-жылы 184,9 миң сомго, 2022-жылы 297,5 миң сомго товарлар жана кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так аткарылсын, сатып алуулар планын түзүү бөлүгүндө жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды веб-порталга жарыялоо бөлүгүндө.

Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү мыйзамды бузуу менен сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергодолбоор илимий-изилдөө институту (мындан ары –Энергодолбоор илимий-изилдөө институту) боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Энергодолбоор" Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоордук-издеп табуу институту жөнүндө" жобонун 16-пунктунун талаптарын бузуу менен, штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан макулдашылган эмес.

Энергодолбоор илимий-изилдөө институтунун штаттык ырааттамасы боюнча жалпы штаттык бирдиктердин саны 58, иш жүзүндө иштеген кызматкерлердин саны 18 бирдик болгон. Штаттык ырааттамасы кайрадан каралып чыгылып, ашыкча штаттык бирдиктер кыскартылууга тийиш.

**Сунуштама:**

Министрлик менен макулдашуу боюнча Институттун түзүмүн, штаттык ырааттамасын бекитүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Энергодолбоор" Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоордук-издеп табуу институту жөнүндө" Жобонун 16-пунктунун институттун жобосунун талаптары так аткарылсын.

Штаттык ырааттамасы кайрадан каралып, ашыкча штаттык бирдиктер кыскартылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Институт тарабынан, 23.03.2022-жылдагы № 03-1/13-ОД буйругунун негизинде 2 394,3 миң сомдук өндүрулбөгөн дебитордук карыздар жана 838,8 миң сомдук кредитордук карыздар, балансалык эсептен негизсиз чыгарылган.

Дебитордук карыздар төмөндөгү мекемлерге катталган: "Кыргызгипрострой" ААКсында 470,0 миң сом, Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгында 1727,5 миң сом, "Кыргыз шаар куруу ИИИ" мамлекеттик ишканасында 196,8 миң сом, дебитордук карыздар салыштыруу акттары менен тастыкталган. Жогорку аракеттер, Эл аралык финансылык отчеттуулуктун 39-стандартынын талаптарын бузуу менен, б.а. дебитордук карыздардын классификациясы өз убагында жүргүзүлбөстөн жана дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча сот органдарына кайрылгандыгы туралуу документтер аудитке көрсөтүлгөн жок.

**Сунуштама:**

Дебитордук карыздарды эсепке алууда, Эл аралык финансылык отчеттуулуктун 39-стандартынын талаптары так аткарылсын, ар бир айдын аягында дебитордук карыздар классификацияланып, резервдер өз убагында эсептелсин.

Дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иш аракеттер күчөтүлсүн. Эсептен чыгарылган дебитордук карыздар боюнча, Сот органдарына кайрылбастан туруп, эсептен чыгарууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренсинин талаптарын бузуу менен, Порталга жарыяланбай туруп, сатып алынган товарлар жана кызматтар 899,5 миң сомду, анын ичинен: 2021-жылы 285,9 миң сомду, 2022-жылы 613,6 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так аткарылсын, сатып алуулар боюнча маалыматтарды веб-порталга жарыялоо бөлүгүндө.

Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү мыйзамды бузуу менен сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**"Электр станциялар" ААКсынын аппараты жана борбордук өндүрүштүк кызматтары боюнча**

**Аныкталды:** "Электр станциялар" ААКсы тарабынан 2022-жылга карата электр энергиясын сатып алуу үчүн 6 433 800,0 миң сом чыгымдалган, анын ичинен: Казакстан Республикасынан 692,99 млн кВт/с, Түркмөнстан Республикасынан 270,0 млн куб газ алып, Өзбекстан Республикасынан кайра иштетүү менен 1300,0 млн кВт/с жана Түркмөнстан Республикасынан 813,5 млн кВт/с сатылып алынган. 2021-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин *(мындан ары - Агенттик)* 2021-жылдын 29-октябрынын №156 буйругу боюнча чыгарылган электр энергиясынын баасына, импорттолгон электр энергиясынын баасы кошулуп эсептелип 1 кВт/с электр энергиясынын баасы 72,07 тыйынга бекитилген. Ал эми, 2022-жылга карата Агенттиктин 2022-жылдын 29-сентябрындагы №180 буйругуна ылайык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр (ТЭК) боюнча эсептелип чыккан электр энергиясынын баасы 75,1 тыйынга белгиленген. Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген "Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү" методикасынын 27 пунктун талаптарына шайкеш келбестен, же 6 433 800,0 миң сомго импорттолгон электр энергиясынын чыгымдары кошулуп эсептелбестен чыгарылып, 1 кВт/с электр энергиясынын баасы 75,1 тыйынга белгиленген, ал эми импорттолгон электр энергиясынын чыгымдарын кошуп эсептегенде 1 кВт/с электр энергиясынын баасы 1,18 сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын "Акционердик коомдор жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пункту боюнча *"Акционердик коом (мындан ары - коом) - пайда табуу максаты менен иш жүргүзгөн жана акцияларды*

*чыгаруу жана жайгаштыруу жолу менен каражаттарды тартуучу юридикалык жак болуп саналат”* – деп көрсөтүлгөн.

**Корутунду:** Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген “Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү” методикасынын талаптары сакталбастан, же импорттолгон электр энергиясынын чыгымдары тарифке кошулуп эсептелбегендигине байланыштуу 2022-жылы электр энергиясын сатуудан түшүүчү кирешеден “Электр станциялар” ААКсы **3 819 100,0 миң сомго** жоготууга учурап, зыян менен чыккан.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Акционердик коомдор” жөнүндөгү Мыйзамынын 3-беренесине ылайык “Электр станциялар” ААКсынын ишмердүүлүгүн жогорулатуу максатында, электр энергиясына болгон тарифтерди аныктоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 06-октябрындагы № 01-13/199 буйругу менен бекитилген Электр энергиясына тарифтерди аныктоонун методикасынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды:** “Электр станциялар” ААКсынын филиалы болгон Бишкек жылуулук электр борбору (Бишкек ЖЭБи), Ош жылуулук электр борбору (Ош ЖЭБи), “Электр станциялар” ААКсына караштуу Кара-Көл жана Кызыл-Кыя шаарларындагы жылуулук ишканалары тарабынан **2021-жылы** жалпысынан пайдаланууга өндүрүлүп чыгарылган жылуулук энергиясы 2208,0 Гкалды, аны өндүрүүгө кеткен жалпы чыгымы 3 041 265,3 миң сомду түзгөн. Агенттик тарабынан 2021-жылга карата берилүүчү 1 Гкал жылуулук энергиясынын баасы орточо эсеп менен 545,7 сомго бекитилген, же жылуулук энергиясынын өздүк наркы 1 377,4 сомду түзсө, 831,7 сомго аз бекитилип берилгендигинин себебинен, жылдын жыйынтыгы менен 1 836 359,7 миң сомго зыян менен чыккан, Ошондой эле, толтуруучу суу *(подпиточная вода)* 14 917,8 тонна өндүрүлүп берилсе, 1 тоннасынын баасы Агенттик тарабынан 11,0 сомго бекитилген, же толтуруучу суунун 1 тоннасынын өздүк наркы 18,3 сомду түзсө, 7,3 сомго аз бекитилип, жылдын жыйынтыгы менен 110 200,0 миң сомго зыян менен чыккан. 2021-жылдан жалпысы жылуулук энергиясын жана толтуруучу сууну өндүрүүдөн 1 946 559,7 миң сомго зыян менен чыккан.

**2022-жылы** жалпысынан пайдаланууга өндүрүлүп чыгарылган жылуулук энергиясы - 1896,7 Гкалды, аны өндүрүүгө кеткен жалпы чыгымы 3 875 218,9 миң сомду түзгөн, Агенттик тарабынан 2022-жылга карата орточо эсеп менен 1 Гкал жылуулук энергиясынын баасы 846,8 сомго бекитилген, же жылуулук энергиясынын өздүк наркы 2 043,1 сомду түзсө, 1 196,3 сомго аз бекитилгендигинин себебинен, алынган кирешеси 1 606 125,6 миң сомду түзүп, жылдын жыйынтыгы менен 2 269 093,3 миң сомго зыян менен чыккан. Ошондой эле, толтуруучу суу 12 419,5 тонна өндүрүлүп берилсе, 1 тоннасынын баасы Агенттик тарабынан 13,7 сомго бекитилген, же толтуруучу суунун 1 тоннасынын өздүк наркы 23,1 сомду түзсө, 9,4 сомго аз бекитилип, жыл ичиндеги кирешеси - 170 147,2 миң сомду, ал эми жалпы анык

чыгымы 286 393,1 миң сомду түзүп, 116 246,0 миң сомго зыян менен чыккан. 2022-жылдан жалпысы жылуулук энергиясын жана толтуруучу сууну өндүрүүдөн 2 385 339,3 миң сомго зыян менен чыккан. 2021-2022-жылдарга карата зыяндын жалпы суммасы 4 331 303,6 миң сомду түзөт.

Агенттиктин 2016-жылдын 14-мартындагы №2 буйругу менен бекитилген "Продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү" методикасы боюнча эсептелген 2021-2022-жылдарга карата техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде, жылуулук энергиясынын жана толтуруучу суунун тарифтери жөнүндөгү 2020-жылдын 5-октябрындагы №141, 2021-жылдын 15-октябрындагы №147, 2021-жылдын 29-октябрындагы №158 жана 2022-жылга карата 2022-жылдын 29-сентябрындагы №180 буйруктары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 "Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндөгү" токтому боюнча тарифтер бекитилген, бирок жылуулук энергиясы үчүн бекитилген тарифтер 2021-2022-жылдарга жылуулук энергиясын өндүрүүгө кеткен чыгымдарга, салыштырмалуу төмөн баада бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы №391 "Жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүүнүн өлчөмүн эсептөөнү жана тартибин регламенттөөчү актыларды бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде, калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктарына берилүүчү жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгашаларды жабууга жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүү каралган, бирок мамлекет тарабынан субсидия берилген эмес.

2021-2022-жылдары жылуулук энергиясын жана толтуруучу сууну өндүрүүдө "Электр станциялар" ААКсынын электр энергиясынын кирешесинин эсебинен жылуулук энергиясынын чыгымдары төлөнүп, натыйжада электр энергиясынан **4 331 303,6 миң сомго** кирешелердин жоготуусуна, же зыянга алып келген.

**Корутунду:**

-Кыргыз Республикасынын "Электр энергетикасы жөнүндө" Мыйзамынын 21 беренесинин талабы боюнча, электр энергиясына тарифтерди белгилөө принциптерине ылайык, керектөөчүлөрдүн бир тобунан экинчи бир тобуна субсидияларды берүүгө тыюу салынгандыгына карабастан, "Электр станциялар" ААКсы тарабынан 2021-2022-жылдардагы жылуулук энергиясынын өздүк наркы менен сатуу наркынын ортосундагы чыгымдары электр энергиясынын кирешесинин эсебинен төлөнүп келет.

2021-2022-жылдарда жылуулук энергиясын жана толтуруучу сууну өндүрүүдө "Электр станциялар" ААКсынын электр энергиясынын кирешесинин эсебинен жылуулук энергиясынын чыгымдары төлөнүп,

натыйжада электр энергиясынан **4 331 303,6 миң сомго** кирешелердин жоготуусуна, же зыянга алып келген.

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы №391 "Жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүүнүн өлчөмүн эсептөөнү жана тартибин регламенттөөчү актыларды бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде, калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктарына берилүүчү жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгашаларды жабууга жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүү каралган, бирок мамлекет тарабынан субсидия берилген эмес.

**Сунуштама:**

-Кыргыз Республикасынын "Электр энергетикасы жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин талабы боюнча, электр энергиясына тарифтерди белгилөө принциптерине ылайык, керектөөчүлөрдүн бир тобунан экинчи бир тобуна субсидиялоого жол берилбесин.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы №391 "Жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүүнүн өлчөмүн эсептөөнү жана тартибин регламенттөөчү актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык тиешелүү мамлекеттик органдардын алдында жылуулук энергиясынын сатуу тарифи менен өздүк наркынын ортосундагы айырманы субсидиялоо маселеси демилгеленсин.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Мыйзамы, Кыргыз Республикасындагы табигый монополияларга карата мамлекеттик саясаттын укуктук негиздерин аныктайт жана керектөөчүлөр үчүн алар сатып жаткан товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуучу керектөөчүлөрдүн жана табигый монополиялардын субъекттеринин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугуна жетишине, ошондой эле табигый монополиялардын субъекттеринин натыйжалуу иштөөсүнө багытталган.

Аталган Мыйзамдын 2-1 беренелерине ылайык, бул мыйзам табигый монополиялардын чөйрөлөрү *электр жана жылуулук энергиясын өндүрүү, бөлүштүрүү, сатуу, берүү болуп эсептелет*.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" жобосунун 1-пунктуна ылайык, *жобо табигый монополиялардын субъекттерине (Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Мыйзамынын 2-1-беренесине ылайык) жайылтылат.* Жобо мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин чыгымдарын түзүүдө, анын ичинде "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинде каралган жөнгө салуу *методдорун колдонууда базалык жобо болуп эсептелет*.

*Жөнгө салуу методун белгилөө жана субъекттердин бааларын (тарифтерин) түзүү өзгөчөлүгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча иштелип чыккан жана белгиленген тартипте бекитилген тармактык методикада эске алынат.*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы № 530 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28-май 2015-жылдагы №331 токтомунун 19-пункту менен электр, жылуулук энергияларынын жана жаратылыш газынын өздүк наркын аныктоо, тарифтерин эсептөө жана колдонуу боюнча методологиялык документтерди жана жоболорду бекитүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттикке өткөрүлүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 28-январындагы №23 токтому менен электр энергиясына тарифтерди аныктоо боюнча методологиялык документтерди бекитүү боюнча ченем жаратуу ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине өткөрүлүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен “Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү” методикасы бекитилген. Аталган методиканын 17-пунктунун 2) пунктчасынын 14-абзацына ылайык эмгек акы төлөө чыгымдарынын курамына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык жамааттык келишимде каралган кызматкерлерге дем берүүчү мүнөздөгү төлөмдөр киргизилген.

Бирок, методиканын 17-пункттун 2) пунктчасына өздүк наркты аныктоодо жана электр энергиясына тарифтерди түзүүдө кызматкерлерге эмгек акы төлөөгө кеткен чыгымдардын курамына жамааттык келишимде каралган дем берүүчү мүнөздөгү төлөөлөр, төмөнкү ченемдик-укуктук актыларга ылайык келбестен киргизилген:

1. “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-пунктунун 4) пунктчасына ылайык, табигый монополиянын субъекттерине жөнгө салынуучу товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) баасына (тарифтерине) аларды өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган чыгымдарды киргизүүгө тыюу салынат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат

көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” жобосунун 1-пунктунун 2-абзацына ылайык, Жобо мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин чыгымдарын түзүүдө, анын ичинде “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинде каралган жөнгө салуу *методдорун колдонууда базалык жобо болуп эсептелет*.

Жөнгө салуу методун белгилөө жана субъекттердин бааларын (тарифтерин) түзүү өзгөчөлүгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча иштелип чыккан жана белгиленген тартипте *бекитилген тармактык методикада эске алынат*.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралында №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” Жобонун 14-пунктунун 5) пунктчасына ылайык, эмгек акы - ишкананын негизги өндүрүштүк кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө чыгымдар, анын ичинде жумушчулар менен кызматкерлерге өндүрүштүк натыйжалар үчүн берилген сыйлыктарды чагылдырат.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик “Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү” методикасын иштеп чыгуу жана бекитүү процессинде, электр энергиясынын өздүк наркын аныктоодо жана тарифтерди түзүүдө “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” жобону жетекчиликке алышы керек болчу, жана “Электр станциялары” ААКсынын жамааттык келишиминде каралган кызматкерлерге дем берүүчү мүнөздөгү бардык төлөмдөрдү эмес, өндүрүштүк натыйжалар үчүн жана электр энергиясын өндүрүү жана сатуу менен байланышкан жумушчулардын жана кызматкерлердин сыйлыктарын гана эмгек акы боюнча чыгымдардын курамына киргизүүгө тийиш болчу. Ал эми, материалдык колдоо максатындагы 31-август, 8-март, Орозо айт, Энелер күнүнө, Баткен окуясына, Кесиптик күнүнө, Ардагерлер күнүнө, кышка даярдык жана ар түрдүү базалык жободо каралбаган материалдык кызыктыруучу төлөмдөр, операциялык эмес кирешелердин эсебинен коомдун финансылык мүмкүнчүлүгүнө жараша жүргүзүлсүн.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы №156 буйругу менен материалдык кызыктыруучу төлөмдөр, техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча тарифке негизсиз киргизилип, электр энергиясынын тарифтери бекитилип берилген. Ошондо, “Электр станциялар” ААКсынын 2021-жылга түзүлгөн өндүрүштүк чыгымдар

планына жана эмгек келишимине эмгек акы фонду боюнча каралбаган сый акы чыгымдары (Планга чыгымдардын “Ар түрдүү чыгымдар” беренеси боюнча каралган – өндүрүшкө тиешеси жок материалдык кызыктыруучу төлөмдөр) жалпысы 148 327,3 миң сом электр энергиясынын тарифине негизсиз киргизилип эсептелген, анын ичинен “Электр станциялар” ААКсынын аппараты жана борбордук өндүрүштүк кызматтары боюнча 66 434,4 миң сомго, Токтогул ГЭСтеринин Каскады боюнча – 46 801,5 мин сомго, Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады боюнча – 26 120,9 мин сомго жана Камбар-Ата-2 ГЭСи боюнча – 8 970,5 мин сомго.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Мыйзамынын 12-беренесинин 2-пунктуна ылайык табигый монополиялардын субъектиси ушул Мыйзамды бузуунун натыйжасында алган кирешени ыйгарым укуктуу органдын чечими менен белгиленген мөөнөттө республикалык бюджетке которууга милдеттүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” жобосунун 20-пунктуна ылайык ушул Жобону бузуунун натыйжасында, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы белгилеген жөнгө салынуучу талаптардан четтөөнүн айынан алынган кирешеден акчалай өндүрүп алуу Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органынын, анын аймактык бөлүктөрүнүн алып коюу жөнүндө чечимин тапшырган күндөн тартып 30 күндүк мөөнөттө, же Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы белгилеген мөөнөттө республикалык бюджетке чегерилүүгө тийиш.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген “Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү” методикасынын 17-пунктунун 2) пунктчасы боюнча электр энергиясына бааны аныктоодо жана тарифтерди түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык эмгек акыга, жамааттык келишимде каралган кызматкерлерге дем берүүчү төлөмдөрү төмөндөгү көрсөтүлгөн ченемдик-укуктук актыларды бузуу менен киргизилген:

1. “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-пунктунун 4) пунктчасына ылайык, табигый монополиянын субъекттерине жөнгө салынуучу товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) баасына (тарифтерине) аларды өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган чыгымдарды киргизүүгө тыюу салынат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу

чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" жобосунун 1-пунктунун 2-абзацына ылайык, Жобо мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин чыгымдарын түзүүдө, анын ичинде "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинде каралган жөнгө салуу *методдорун колдонууда базалык жобо болуп эсептелет*.

Жөнгө салуу методун белгилөө жана субъекттердин бааларын (тарифтерин) түзүү өзгөчөлүгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча иштелип чыккан жана белгиленген тартипте бекитилген тармактык методикада эске алынат.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралында №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" Жобонун 14-пунктунун 5) пунктчасына ылайык, эмгек акы - ишкананын негизги өндүрүштүк кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө чыгымдар, анын ичинде жумушчулар менен кызматкерлерге өндүрүштүк натыйжалар үчүн берилген сыйлыктарды чагылдырат.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы №156 буйругу менен материалдык кызыктыруучу төлөмдөр, техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча тарифке негизсиз киргизилип, электр энергиясынын тарифтери бекитилип берилген. Ошондо, "Электр станциялар" ААКсынын 2021-жылга түзүлгөн өндүрүштүк чыгымдар планына эмгек акы фонду боюнча каралбаган сый акы чыгымдары (Планга чыгымдардын "Ар түрдүү чыгымдар" беренеси боюнча каралган – өндүрүшкө тиешеси жок материалдык кызыктыруучу төлөмдөр) жалпысы - **148 327,3 миң сомду**, анын ичинен "Электр станциялар" ААКсынын аппараты жана борбордук өндүрүштүк кызматтары боюнча - 66 434,4 мин сомду, Токтогул ГЭСтеринин Каскады боюнча – 46 801,5 мин сомду, Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады боюнча – 26 120,9 мин сомду жана Камбар-Ата-2 ГЭСи боюнча – 8 970,5 мин сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" жобосунун 21-пунктунун негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен "Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерин түзүү" методикасы боюнча 2021-жылга карата тарифтерди бекитүүдө, негизсиз кошулуп эсептелген ар түрдүү сый акылардын негизинде 148 327,3 миң сом ашыкча алынган кирешелердин

негиздүүлүгүн кароо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаментине жөнөтүлсүн.

- Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен "Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерин түзүү" методикасын бекитүүнүн жана "Электр станциялары" ААКсы жана анын филиалдары тарабынан 2021-жылы 148 327,3 миң сом суммасында төлөнгөн ар кандай сыйлыктарды тарифтерге киргизүүнүн эсебинен электр энергиясынын өздүк наркын аныктоонун жана тарифтерди түзүүнүн негиздүүлүгү каралсын.

**Аныкталды:** "Электр станциялар" ААКсынын 2021-жылга карата Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы №156 буйругу боюнча чыгарылган электр энергиясынын баасына импорттолгон электр энергиясынын баасы кошулуп эсептелип 1 кВт/с электр энергиясынын баасы 72,0 тыйынга бекитилген, ал эми электр энергиясын 9 ири сатып алуучу жана сатуучу компаниялар (перепродавцы) менен "Электр станциялар" ААКсы келишим түзүп, өздүк нарк баасынан жалпысы 3 920,1 миң сомго арзан баада сатылган, өздүк нарк баасынан арзан сатылган электр энергиясы 71 974,14 кВт/с, же 53 974,4 миң сомду түзсө, ал эми өздүк наркы боюнча суммасы 57 894,8 миң сомду түзөт.

Ошондой эле, Агенттик тарабынан 2022-жылга карата ТЭК боюнча эсептелип чыккан электр энергиясынын баасы 1,18 сомду түзгөн, ал эми электр энергиясын 12 ири сатып алуучу жана сатуучу компаниялар менен келишим түзүлүп, жалпысынан өздүк нарк баасынан 41 796,3 миң сомго арзан баада сатылган, өздүк нарк баасынан арзан сатылган электр энергиясы 196 000,5 кВт/с, же 217 237,9 миң сомду түзсө, ал эми өздүк баасы боюнча суммасы 259 034,3 миң сомду түзөт.

"Электр станциялар" ААКсынын ири сатып алуучу жана сатуучу компанияларына Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген "Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү" методикасы боюнча эсептелген өздүк нарктан арзан сатылган электр энергиясынын суммасы **45 716,4 миң сомду** түзгөн жана бул электр энергиясынын өздүк наркынан арзан баада сатылышы, кирешенин жоготуусуна алып келген.

**Корутунду:** "Электр станциялар" ААКсынын ири сатып алуучу жана сатуучу компанияларына Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген "Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү" методикасы боюнча эсептелген өздүк наркынан арзан ири сатып алуучу жана алып сатуучу компанияларына сатылган электр энергиясынын суммасы - **45 716,4 миң сомду,** анын ичинде 2021-жылы - 3

920,1 миң сомду, 2022-жылы - 41 796,3 миң сомду түзгөн жана бул электр энергиясынын өздүк наркынан арзан баада сатылышы, кирешенин жоготуусуна алып келген.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан 9 ири сатып алуучу жана алып сатуучу компаниялары менен Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 156 буйругу менен 1 кВт/с электр энергиясынын баасы 72,0 тыйынга белгиленген тарифтерден төмөн тарифтер менен сатууга келишимдердин түзүлүшүнүн негиздүүлүгү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кызматкерлерге ар ай сайын төлөнүүчү иштөө кубаттуулугу боюнча төлөнгөн сый акылар боюнча аудит жүргүзүүдө “Электр станциялар” ААКсынын аппарат жана борбордук өндүрүштүк кызматтарынын кызматкерлерине 2021-2022-жылдарда “Электр Станциялар” ААКсынын башкы директорунун 2016-жылдын 1-сентябрындагы “Кызматкерлерге сый акыларды төлөө жөнүндөгү” жобонун 1.3, 1.4, 4.8, 4.9 пункттарынын талаптарына шайкеш келбестен, же тактап айтканда кызматкерлерди ар ай сайын сый акы төлөгөнгө болгон баалоо тактамасы кызматкерлердин жеке өздөрүнүн аткарган жумуштары боюнча бааланбастан, ар ай сайын сый акылар бөлүмдөр боюнча бааланып төлөнүп келген, натыйжада 2021-жылга 19 686,6 миң сом, 2022-жылга 22 586,2 миң сом, жалпысынан **42 272,8 миң сом** төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

**-**Мындан ары кызматкерлерге ар ай сайын төлөнүүчү иштөө кубаттулугу боюнча төлөнгөн сый акылар “Электр станциялар” ААКсынын башкы директорунун 2016-жылдын 01-сентябрындагы “Кызматкерлерге сый акыларды төлөө жөнүндөгү” жобонун 1.3, 1.4, 4.8, 4.9-пункттарынын талаптарын сактоо менен сый акылар кызматкерлерге жеке баалоо менен төлөнсүн.

- “Электр станциялар” ААКсынын башкы директорунун 2016-жылдын 01-сентябрындагы “Кызматкерлерге сый акыларды төлөө жөнүндөгү” жобонун 1.3, 1.4, 4.8, 4.9-пункттарынын талаптарын сактабастан ар ай сайын сый акыларды төлөөгө жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** “Электр станциялар” ААКсынын аппарат жана борбордук өндүрүштүк кызматтарынын пландоо экономикалык бөлүмү тарабынан 2021-2022-жылдарга карата командировкалык чыгымдарынын жана күйүүчү май чыгымдарынын планына тиешелүү түрдө көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында каралган пландан ашыкча чыгымдоолорго жол берилген, анын ичинен: командировка чыгымынан 2021-жылы 2 668,1 миң сомго, 2022-жылы 1 683,7 миң сомго, жалпысы **4 351,8 миң сомго.** Күйүүчү май чыгымдарынан 2021-жылга карата 1 083,0 миң сомго, 2022-жылга карата 293,4 миң сомго, жалпысы **1 376,4 миң сомго** ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама:** Командировкалык чыгымдарды жана кызматтык автоунааларга күйүүчү майлардын чыгымдарын “Электр станциялар” ААКсы тарабынан бекитилген пландардын чегинде чыгымдоо, эгер өндүрүштүк зарылчылыктар боюнча пландан ашыкча чыгымдоого туура келсе, каралган пландарга убагында өзгөртүүлөрдү киргизүү менен чыгымдоо жагы көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан өндүрүлгөн электр энергиясын сатуунун тарифтери Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан иштелип чыгып бекитилип берилет. “Электр станциялар” ААКсы тарабынан электр энергиялары “КУЭТ” ААКсына, электр энергиясын ири өндүрүштүк колдонуучуларга, кайра алып сатуучулар *(перепродавцы)* жана ири кайра алып сатуучуларга сатылат.

2022-жылдын 31-декабрына карата электр энергиясынан болгон дебитордук карыздардын суммасы 1 247 092,7 миң сомду түзгөн, анын убагында төлөнбөгөндүгү боюнча айып суммасы 90 243,6 жалпысынан 1 337 236,3 миң сомду түзөт, анын ичинен негизги карыз “КУЭТ” ААКсынын дебитордук карызы 418 587,0 миң сомду жана ири өндүрүштүк жана кайра алып сатуучу колдонуучулардын жалпы дебитордук карызы 828 505,7 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августунун №576 токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу” эрежелери жана “Электр станциялары” ААКсы менен электр энергиясын пайдалануучулардын ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык, “Электр станциялар” ААКсы пайдалануучуларга өткөн ай үчүн керектелген электр энергиясы үчүн эсеп коет, ал кийинки өтүп жаткан айдын 15-ине чейин төлөнөт деп келишимде көрсөтүлгөн, бирок ал талаптар аткарылбастан 2023-жылдын 01-январына карата 29 компаниядан (5 млн ашкан карыздар) жалпысы 571 559,9 миң сомдук ири дебитордук карыздар өндүрүлбөй келген, анын ичинен эн чон дебитордук карыздар:

- “Бишкек штамптоо заводу” мамлекеттик ишканасы (“БШЗ”МИ) 2023-жылдын 01-январына карата карыз 91,0 млн сомду түзөт, анын ичинен туум 27,4 млн сом, 2023-жылдын 01-сентябрына карата - 88,8 млн сом, анын ичинен туум 32,4 млн сом. Коомдун адистеринин билдирүүсү боюнча “Электр станциялары” ААКсы бир нече жолу документтерди сот органдарына өткөрүп берген жана карызды өндүрүү боюнча соттун чечимдери бар, алар карызкордун эсептешүү эсептеринде акча каражаттарынын жоктугунан улам аткарылбай келет. Учурда бир айлык товардык продукцияны төлөйт.

- “Хайдаркан сымап” ААКсынын карызы 2023-жылдын 01-январына карата 14,8 млн сомду түзгөн, анын ичинен туум 0,137 млн сом, 2023- жылдын 01-сентябрына карата 31,5 млн сом, “ХРАО” ААКсынын республика үчүн ишмердүүлүгүнүн маанилүүлүгүн эске алып, “Электр станциялар” ААКсынын карызды төлөө графиги боюнча төлөөдө.

- “Кыргызжылуулукэнерго” МИнин Кара-Балта филиалы - 2023-жылдын 01-январына карызы 70,5 млн сомду, анын ичинде туум 5,5 млн сомду, 2023-жылдын 01-сентябрына карата 101,6 млн сомду түзгөн. Анын ичинде туумдар 10,7 млн сом. Бюджеттен каржыланат, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан каржылоонун жоктугуна шылтоолоп, узак убакыт бою төлөмдөр жүргүзүлбөй келет.

- “Күрмөнтү цемент” ААКсы 14,0 млн сом карыз, анын ичинде туум 3,7 млн сом, карызды өндүрүп алуу үчүн сотко берилген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Банкрот иштери боюнча департаментинин 2023-жылдын 15-июнундагы №77 буйругу менен атайын администратор дайындалган.

- “НГЭС” ААКсы - 2023-жылдын 01-январына карата карызы 58,7 млн сомду түзөт, анын ичинде туум 16,8 млн сом карыз. 2023-жылдын 01-сентябрына карата 62,5 млн сом, анын ичинен туум 17,6 млн сом. “НГЭС” ААКсы Кыргыз Республикасындагы жалгыз гидро-курулуш уюму болуп саналат. 2023-жылдын 19-апрелиндеги Д-38-10/163 карызды тындыруу боюнча келишим түзүлгөн. Азыркы учурда карыздын эсебинен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-июнунун №303 токтомун аткаруу үчүн 110/35/6 “Камбар-Ата” көмөкчордонун (подстанция) “Нарын ГЭС” ААКсынын балансынан “Камбар-Ата” филиалынын балансына өткөрүп берүү каралган.

- “Электросила” ЖЧКсы - карызы 2023-жылдын 01-январына карата 137,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен туум 5,6 млн сом, 2023-жылдын 01-сентябрына карата - 89,6 млн сом тузду, анын ичинен туум 8,7 млн сом, 2023-жылдын сентябрында дебитордук карыздан 63,9 млн сом төлөнгөн. Бөлүштүрүүчү ишкана болуп саналат (ири сатып алуучу-сатуучу). Азыркы учурда карызды график жана учурдагы чегерүү боюнча төлөйт.

- “Нуралэнерго” ЖЧКсы - 2023-жылдын 01-сентябрына карата карызы 158,8 млн сом, анын ичинен туум 17,6 млн сом, бөлүштүрүүчү ишкана болуп саналат (ири сатып алуучу-сатуучу). 2023-жылдын 02-майында Д-38-10/215 макулдашуу келишими түзүлгөн. Бүгүнкү күндө карызды график боюнча төлөйт.

-“Энергопром” ЖЧКсы - 2023-жылдын 01-январына карата карызы 14,2 млн сомду түзгөн, анын ичинен туум 0,2 млн сом, 2023-жылдын 01-сентябрына карата 7,5 млн сом түзөт (ири сатып алуучу-сатуучу).

- “Димед” ЖЧКсы - 2023-жылдын 01-январына карата карызы 21,2 млн сомду түзгөн , анын ичинен туум - 2,6 млн сом, 2023-жылдын 01-сентябрына карата - 26,7 млн сом, анын ичинен туум - 3,9 млн сом, сентябрда карыз эсебинен 3,9 млн сом төлөнгөн. Бөлүштүрүүчү ишкана (ири сатып алуучу-сатуучу), негизги керектөөчү болуп калк эсептелет.

- “Глобал Энерджи” ЖЧКсы - 2023-жылдын 01-январына карата карызы 37,2 млн сомду түзгөн, анын ичинен туум - 3,8 млн сом, 2023-жылдын 01-сентябрына карата туум - 37,4 млн сом, анын ичинен туум - 6,2 млн сом,

сентябры айында дебитордук карыздан 3,2 млн сом төлөнгөн, бөлүштүрүүчү ишкана (дүңүнөн сатып алуучу-сатуучу).

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу” эрежелери жана “Электр станциялар” ААКсы менен электр энергиясын пайдалануучулардын ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык, “Электр станциялар” ААКсы пайдалануучуларга өткөн ай үчүн керектелген электр энергиясы үчүн эсеп коет, ал кийинки өтүп жаткан айдын 15ине чейин төлөнөт деп келишимде көрсөтүлгөн, бирок ал талаптар аткарылбастан 2023-жылдын 01-январына карата 29 компаниядан (5 миллиондон ашкан карыздар) жалпысы 571 559,9 миң сомдук ири дебитордук карыздар убагында өндүрүлбөгөн.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан ири өндүрүштүк пайдалануучуларга сатылган электр энергияларынын эсебинен, үч жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келген 571 559,9 миң сомдук ири дебитордук карыздарды (доонун эскирүү мөөнөтү өткөн) айып суммалары менен өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан башка мамлекеттерге экспорттолгон электр энергиясынан болгон дебитордук карыздар 2022-жылдын 31-декабрына карата жалпысынан 285 824,9 миң сомду түзөт, бул дебитордук карыздар акыркы 3 жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келет жана ал дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча эч кандай чаралар көрүлбөй келген, анын ичинен эн чоң дебитордук карыздар:

- Өзбекстан республикасынан “Узбекэнерго ГАК” компаниясынан болгон дебитордук карызы 168 463,5 миң сомду;
- Казакстан республикасынан “Жамбыл РЭК” ишканасынан 79 057,8 миң сомду;
- Казакстан республикасынан “Актив-Энерготрейд” ишканасынан 17 632,3 миң сомду;
- Казакстан республикасынан “Кызыл-Орда Энерго” ишканасынан 12 055,6 миң сомду түзөт.

Бүгүнкү күндө, электр энергиясынын тартыштыгынын себебинен, бюджеттик кредиттердин эсебинен сырттан электр энергиялары сатылып алынууда жана бюджеттик кредит үчүн пайыздар төлөнүп “Электр станциялар” ААКсы зыянга учуроодо, ошого карабастан экспорттолгон электр энергиясы, же дебитордук карыздар өндүрүлбөй келет.

**Корутунду:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан башка мамлекеттерге экспорттолгон электр энергиясынан болгон дебитордук карыздар 2022-жылдын 31-декабрына жалпысы 285 824,9 миң сомду түзөт, бул дебитордук карыздар акыркы 3 жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келет жана ал дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча эч кандай чаралар көрүлбөгөн.

Бүгүнкү күндө, электр энергиясынын тартыштыгынын себебинен, бюджеттик кредиттердин эсебинен сырттан электр энергиялары сатылып

алынууда жана бюджеттик кредит үчүн пайыздар төлөнүп “Электр станциялар” ААКсы зыянга учуроодо.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан экспорттолгон электр энергияларынын эсебинен, көп жылдардан бери өндүрүлбөй келген 285 824,9 миң сом көлөмүндөгү дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:** Аудиттин жүрүшүндө 2022-2023-жылдарга карата Кыргызстандан өндүрүлгөн 1 050,0 миң тонна көмүрдү сатып алуу боюнча сатып алуу планы 3 685 500,0 миң сомго каралып, сатып алуу конкурсу 2022-жылдын 02-августунда өткөрүлгөн. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен “Кыргыз көмүр” мамлекеттик ишканасы катышып 3 685 500,0 миң сомго утуп алган, же 1 тонна көмүрдүн баасы 3 510,0 сомго белгиленген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-агустундагы №437-т тескемесинин негизинде Балыкчы-Аламедин темир жолу боюнча көмүрдү ташуу баасы мурда 436 сом болсо, 520 сомго белгиленген. Ошондуктан, “Электр станциялар” ААКсынын 2022-жылдын 22-агустундагы №50 директорлор Кенешинин токтому менен темир жол баасынын кымбаттагандыгына байланыштуу 2022-жылдын бизнес планына 90 751,5 миң сом кошумча каражат караган. Ошондо, келишим боюнча 1 050,0 миң тонна көмүр менен камсыз кылуунун жалпы баасы 3 776 251,5 миң сомду түзгөн.

Сатып алуу планын түзүүдө жүргүзүлгөн мониторинг боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция миниистрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын коюп берген баалары менен коюлган, бирок, анын ичинен 1 тонна көмүргө коюлган баанын ичинде, же 1450,0 сомдун ичинде КНС жана сатуу салыгы баанын ичине киргизилген (Монополияга каршы саясат кызматынын 2023-жылдын 15-декабрындагы №09-1/2432 каты боюнча), башкача айтканда мониторинг жүргүзгөн учурда (сатып алуу планын түзүүдө), которуу жолу менен иштеген ишкерлер сатуу салыгын төлөбөсө дагы бул суммалар 1 тонна көмүрдүн баасынын ичинде 3 606,8 сомго белгиленген, же 13 499,0 миң сом чыгарылбастан кошуп эсептелип калган. 1 тонна көмүрдүн баасынын ичинде сатуу салыгы кошуп киргизилгендигине карабастан, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 368-беренесинин 2-пунктуна ылайык 2023-жылдын 01-январынан тартып 1% сатуу салыгын төлөө күчүнө киргендигине байланыштуу делип, сатуу салыгын кошумча төлөп берүү максатында 2023-жылдын 24-февралындагы №Д-60-27/20 кошумча келишими түзүлүп, 1 тонна көмүрдүн баасы 3 639,0 сомго белгиленген. Келишим боюнча жалпы ташылган көмүр - 1 050 075,1 тоннаны, ал эми суммасы 3 794 816,4 миң сомду түзгөн. Келишимге ылайык ташылган көмүргө салыштырмалуу 1% сатуу салыгы эсебинен 18 421,7 миң сом, анын ичинен көмүрдүн баасы үчүн 1% эсебинен **7 392,2 миң сом** ашыкча төлөнгөн.

“Электр станциялар” ААКсынын отун ресурустарын сатып алуу боюнча адистеринин билдирүүсү боюнча Монополияга каршы жөнгө салуу

кызматы тарабынан бекитилип берилген Балыкчы темир жол станциясындагы көмүрдү түшүрүү жана жүктөө кызматтары - 1 тоннасына 238,85 сомдон, бул сатып алуу планын түзүүдө эсепке алынбагандыгын билдирет, жалпы суммасы 250 792,5 миң сомду түзөт.

2021-2022-жылдарга карата кыргыз көмүрүн сатып алуу боюнча 2021-жылдын15-июлунда конкурс өткөрүлгон, конкурстун жыйынтыгы менен “Кыргыз комур” мамлекеттик ишканасы 2 992 500,0 миң сомго утуучу деп табылган.

Келишим боюнча 710 028,96 тонна, же 2 226 717,5 миң сомго жана Кара-Кече-Балыкчы жол киресинин кымбаттагандыгына байланыштуу кайрадан тендер өткөрүлүп жалпысынан 3 039 910,9 миң сомго көмүр сатылып алынган.

Сатып алуу планын түзүүдө жүргүзүлгөн мониторинг боюнча Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын коюп берген баалары менен коюлган, бирок, анын ичинен 1 тонна көмүргө коюлган баанын ичинде, же 3 150,0 сомдун жана кийинки өзгөрүлгөн баа менен 3 390,0 сомдун ичинде КНС жана сатуу салыгы баанын ичинде отурат (Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын 2023-жылдын 15-декабрындагы №09-1/2432 каты боюнча), башкача айтканда мониторинг жүргүзгөн учурда (сатып алуу планын түзүүдө), которуу жолу менен иштеген ишкерлер 1% сатуу салыгын төлөбөсө дагы бул суммалар эсепке алынган, же жалпысы **10 207,2 миң сом** чыгарылбастан кошуп эсептелип төлөнүп берилген.

**Корутунду:**

Сатып алуу планын түзүүдө жүргүзүлгөн мониторинг боюнча Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын коюп берген баалары менен коюлган, бирок, анын ичинен 1 тонна көмүргө коюлган баанын ичинде, же 3 150,0 сомдун жана кийинки өзгөрүлгөн баа менен 3 390,0 сомдун ичинде КНС жана сатуу салыгы баанын ичине киргизилген (Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын 2023-жылдын 15-декабрындагы №09-1/2432 каты боюнча), башкача айтканда мониторинг жүргүзгөн учурда (сатып алуу планын түзүүдө), которуу жолу менен иштеген ишкерлер 1% сатуу салыгын төлөбөсө дагы бул суммалар эсепке алынган, же жалпысынан 2021-2022 жылдары көмүр сатып алуу боюнча өткөрүлгөн конкурстарда **17 599,4 миң сом** чыгарылбастан “Кыргыз көмүр” мамлекеттик ишканасына кошуп эсептелип төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

- Сатып алуулардын планын түзүүдө жана товарлардын баасына талдоо жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин 7.8-пункттарынын талаптары сакталсын жана келишим түзүүдө салык төлөмдөрүн эсепке алуу жагы каралсын.

- Көмүрдү сатып алууну пландоо жана конкурстарды өткөрүүдө көмүрдүн баасына1% сатуу салыгын эсепке алып сатып алууга жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

- Аудит убагында аныкталган сатуу салыгынын эсебинен ашыкча чегерилген 17 599,4 миң сомго жөнөтүүчү “Кыргыз көмүр” мамлекеттик ишканасы менен бирдикте макулдашуу жолу менен кийнки сатып алуулардын төлөмдөрүнүн эсебинен кыскартуу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** “Электр станциялар” ААКсына 2021-2022-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелеринин негизинде электр энергиясын сырттан сатып алууга жана Бишкек ЖЭБине отун ресурустарын сатып алуу үчүн жалпысы 11 950,0 млн сом бюджеттик кредит бөлүнүп, толугу менен 100%га каржыланып берилген, анын ичинен 2021-жылга - 2 950,0 млн сом, ал эми 2022-жылга 9 000,0 млн сом каржыланган.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-декабрындагы №352-т КПҮ тескемесинин негизинде Түркмөнстан республикасынан 1-пункт боюнча 1500,0 млн.кВт/с чейин жана 2-пункт боюнча Түркмөнстан республикасынан алынган газды кайра иштетип 1300,0 млн.кВт/с электр энергиясын, ошондой эле отун ресурустарын сатып алуу үчүн 3,0 млрд сом каржыланган. Аталган тескеменин 1-пункту боюнча 813,5 млн кВт/с жана 2-пункт боюнча 1300,0 млн кВт/с, жалпысы 2113,5 млн.кВт/с электр энергиясы 5 386,1 млн.сомго сатылып алынган. Же жетпеген 2 386,1 млн сомго “Электр станциялар” ААКсынын акча каражатынан төлөнүш керек болсо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-июнундагы №357-т КПҮ тескемесинин негизинде Казакстан республикасынан электр энергиясын импорттоо үчүн жана отун ресурустарын сатып алуу үчүн бөлүнүп берилген 6,0 млрд сомдун эсебинен **1 859,5 млн сом** Түркмөнстан Республикасынан сатылып алынган электр энергиясы үчүн төлөнүп максатсыз чыгымдалган.

“Электр станциялар” ААКсы 2022-2023 жылдары менен өздүк каражаттарынын эсебинен Түркмөнстан республикасынан сатылып алынган электр энергиясы үчүн төлөнүп берилип бюджеттик кредит ордуна коюлган.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсына бөлүнгөн бюджеттик кредиттерди Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелеринде көрсөтүлгөн багыттар боюнча туура пайдалануу жагы көзөмөлгө алынсын.

**Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалы боюнча (Токтогул ГЭСтеринин Каскады)**

**Аныкталды жана корутунду:** Эмгек акынын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын өндүрүштүк кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө”

жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же тактап айтканда кызматкерлерге зыяндуулук төлөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын зыяндуулук боюнча кортундусу жок жана иш орду тиешелүү аттестациядан өтпөгөндүгүнө карабастан 2021-жылда 695 кызматкерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча акы 25 695,0 миң сомго негизсиз төлөнүп берилген жана Социалдык фондго 4 432,4 миң сом (17,25%) төлөм жүргүзүлгөн. 2022-жылдын 1 кварталында 687 кызматкерге зыяндуулук үчүн кошумча акы 8 232,1 миң сомго, Социалдык фондго 1 420,0 миң сом төлөм (17,25%) жүргүзүлгөн.

Ошондой эле Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине 2021-жылы 195 кызматкерге зыяндуулук үчүн кошумча акы 4 991,6 миң сомго, Социалдык фондго төлөм 861,1 миң сомго (17,25%), 2022-жылдын 1-кварталында 195 кызматкерге зыяндуулук үчүн кошумча акы 1 326,6 миң сомго, Социалдык фондго төлөм 228,8 миң сомго (17,25%) жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмөрдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду*:*** Эмгек акынын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүү учурунда белгилүү болгондой "Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалы жөнүндө" жобосунун 4.10 пункту боюнча жана 2019-жылдын 18-ноябрындагы Жамааттык келишиминин 2.2. пункту боюнча филиалдын кызматкерлеринин эмгек акыларынын төлөнүшү "Электр станциялар" ААКсы тарабынан бекитилген жоболор боюнча төлөнүшү каралган. "Электр станциялар" ААКсынын Башкы дирециянын 2020-жылдын 29-декабрындагы № 57 токтому менен бекитилген "Жумушчу кубаттуулуктун тапшырмасын аткаргандыгы үчүн сый акы төлөө жөнүндөгү" жобосунун тизмегинде өндүрүштүк кубаттуулукка катышпаган Коммуналдык комбинат ишканасынын (ККИ) кызматкерлерине жылдын жыйынтыгы менен сый акы төлөө көрсөтүлбөгөндүгүнө жана ККИнын 2021-2022-жылдары зыян менен чыккандыгына карабастан 2021-жылы жылдын жыйынтыгы менен кызматкерлерге 9 231,0 мин сомго жана 2022-жылдын жыйынтыгы менен 8 257,7 миң сомго, жалпысы **17 488,7 миң сомго** негизсиз түрдө сый акылар төлөнгөн.

**Сунуштама:** Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине жылдын жыйынтыгы менен "Электр станциялар" ААКсынын Башкы дирекциянын 2020-жылдын 29-декабрындагы № 57 токтому менен бекитилген "Жумушчу кубаттуулуктун тапшырмасын аткаргандыгы үчүн сый акы төлөө жөнүндөгү" жобосунун талаптарына шайкеш келбестен 17 488,7 миң сомго негизсиз сый акыларды төлөөгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндөгү" кодексинин 73 жана 76-беренелеринин талаптарына ылайык келбестен Кара-Көл шаардык Кенешинин 2010-жылдын

21-майындагы № 70/19-5 токтому менен “Шаардын аймагынан таштандыларды чыгаруу жыйымын эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндөгү” жобосуна ылайык Токтогул ГЭС Каскады кызматкерлерине таштандыларды чыгаруу кызмат акысына жеңилдик берилген. 2022-жылы жалпысы **118,4 миң сом** таштандыларды чыгаруу кызмат акысы төлөнбөй келген. *(2023-жылдын 04- сентябрындагы № 722 төлөө тапшырмасы боюнча 118,4 миң сом Кара-Көл шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебине котрулган).*

**Аныкталды жана корутунду:** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын штаттык бирдиктеринин (штатные единицы) 2021-2022-жылга карата кармалышы боюнча аудит жургүзүүдө Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын башкаруу аппараты бар туруп, 2021-2022-жылдарда ишкана ишмердүүлүгү боюнча зыян тартып жаткандыгына карабастан, Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын негизги “Таза суу менен камсыздоо” жана “Таштандыларды чыгаруу” ишканаларынын жетекчилери жана аткаруучу кызматкерлери бар туруп, андан сырткары алардын үстүнөн 34 штаттык бирдиктен турган Коммуналдык ишканалар камбинаты башкармалыгы натыйжасыз кармалган. Себеби, “Таза суу менен камсыздоо” жана “Таштандыларды чыгаруу” ишканаларынын ишмердүүлүгүн толугу менен анын жетекчилери тарабынан аткаруу мүмкүнчүлүгү бар жана ал ишканалардын бухгалтериясынын эсеби Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын бухгалтериясы тарабынан жүргүзүлөт.

Натыйжада 2021-жылда Коммуналдык ишканалар камбинаты башкармалыгынын кызматкерлеринин эмгек акысына - 9 286,7 миң сом, Социалдык фондго 1 603,7 миң сом төлөнүп берилиген. Ал эми 2022-жылы 33 штат натыйжасыз кармалып эмгек акысына 11 030,8 миң сом, Социалдык фондго 3 641,7 миң сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын алдындагы Коммуналдык комбинат ишканасынын башкармалыгынын штаттык бирдиктерин кыскартуу жана оптималдаштыруу жагын карап чыгуу жана Кара-Көл шаардык мэриясы менен бирдикте Коммуналдык комбинат ишканасын мэриянын карамагына өткөрүп берүү боюнча маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Аудит убагында белгилүү болгондой, “Электр станциялар” ААКсынын 2019-жылдын 23-октябрындагы №336 буйругунун жана 2020-жылдын 29-декабрндагы “Реконструкция боюнча негизги каражаттарды эсептен чыгаруу, демонтаж кылуу боюнча” нускамасынын талаптары сакталбастан №4 гидроагрегаттын мурунку жабдуулары 2022-жылдын июнь айында ордунан толугу менен чыгарылып демонтаж болгондугуна карбастан, мурунку агрегаттын жабдуулары балансатан чыгарылып, болжол менен 888,9 тонна темир жана 86,1 тн түстүү металл, же болжол менен **65 750,4 миң сомдук** агрегаттын деталдары металлолом катары эсептелип, материалдык отчету жүргүзүлүп, балanска товардык материалдык баалуулуктар катары эсепке алынган эмес.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсынын 2019-жылдын 23-октябрынын №336 буйругунун жана 2020-жылдын 29-декабрынын “Реконструкция боюнча негизги каражаттарды эсептен чыгаруу, демонтаж

кылуу боюнча” нускамасына ылайык №4 гидроагрегаттын мурунку жабдууларынын деталдары металлолом катары эсептелип, материалдык отчету жүргүзүлүп, балансsucceeded товардык материалдык баалуулуктар катары эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын 2023-жылдын 01-январына карата чыккан дебитордук карыздан 3 жылдан жогору дебитордук карыздары 19 942,4 миң сомду түзөт, анын ичинен эң чоң дебитордук карыздар “Жалал-Абад МК АО КЭСС” ишканасынан 2 285,4 миң сомду жана “Леонсия” ЖЧКсынан - 3 105,9 миң сомду түзгөн. “Электр станциялар” ААКсынын Токтогул ГЭСтеринин Каскады тарабынан 19 942,4 миң сомдук эски дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча толук кандуу иш жүргүзүлбөй, бүгүнкү күнгө чейин өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалынын 2023-жылдын 01-январына карата чыккан 3 жылдан (доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткен) ашкан мезгилден бери өндүрүлбөй келген 19 942,4 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча толук кандуу иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын капиталдык оңдоолору үчүн 2021-жылга карата планга 35 662,1 миң сом каралса, анык аткарылганы 22 094,6 миң сомду түзүп, 13 567,5 миң сомго капиталды оңдоолордун планы аткарылбай калган, же планда каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн, ал эми 2022-жылга карата планда 48 005,0 миң сом каралса, анык аткарылганы 39 493,9 миң сомду түзүп, 8 511,1 миң сомго капиталдык оңдоолордун планы аткарылбай калган, жалпы өздөштүрүлбөй оңдоо иштери аткарылбай калган каражат жалпысы 22 078,6 миң сомду түзөт.

2021-жылга пландалган капиталдык жана кезектеги оңдоолорго каражаттардын толук жумшалбай калгандыгы “НСГЭМ” мамлекеттик ишканасы пандемияга байланыштуу керектүү шаймандарды (инструмент) жана запастык бөлүктөрдү толук алып келе албагандыктан жана ошол жумушту толук аткара албагандыктан болгон.

2022-жылга пландалган капиталдык жана кезектеги оңдоолорго каражаттардын толук жумшалбай калгандыгы төмөндөгүчө: капиталдык ремонтторду өткөрүүдө сатып алууларда катышуучулар коюлган баадан төмөн баада утуп алгандыктан аткарылган жумуштун баасы пландалган суммадан аз болгон. Планда каралган кээ бир жумуштар аткарылбай калат, себеби иштеп жаткан агрегаттын ичиндеги бөлүктөрүнүн абалын толук көргөнгө мүмкүн болбогондуктан, көп жылдык эксплуатациялоо тажрыйбасынын жана мурдагы аткарылган жумуштардын негизинде пландалган көлөм (объем) түзүлөт. Ал эми ремонтту жасоо учурунда такталып, ремонт зарыл болбогон бөлүктөргө ремонт жасалбайт.

**Сунуштама:** Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалынын планына капиталдык оңдоолору үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана оңдоо иштерин планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын,

эгерде кандайдыр бир себептер менен иштер аткарылбаса, каралган планга убагында өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Аныкталды:** Токтогул ГЭСтеринин Каскадында гидроагрегаттарды алмаштыруу боюнча “Электр станциялар” ААКсынын 2017-2025-жылдарга стратегиялык планына ылайык GE Hydro France (Франция) компаниясы менен 2018-жылдын 09-февралында келишим түзүлүп, келишим боюнча гидроагрегаттарды алмаштыруу 2020-жылдын 01-мартында башталып, 2023-жылдын 29-ноябрында 4 даана гидро агрегат толук реконструкция болуп бүтүш керек болсо, 2021-жылдын 01-мартында башталып №4 агрегат 2023-жылдын 11-январында ишке берилген. Ошондой эле №2 агрегатты реконструкциялоо 2023-жылдын 01-мартында башталып, 80% жумуш аткарылып, 2023-жылдын 29-ноябрында бүткөрүү пландалган. Ал эми бүгүнкү күндө №3 гидроагрегат 2024-жылдын 29-ноябрына жана №1 гидроагрегат 2025-жылдын 29-ноябрына бүткөрүү пландаштырылган. Башкача айтканда гидроагрегаттарды реконструкциялоо иштери келишимге ылайык 2023-жылдын 29-ноябрына баардык агрегаттар толук бүткөрүлүш керек болсо, *Ковид-19 пандемиясына байланыштуу 2 жылга кийинкиге*, же 2025-жылдын 29-ноябрына жылдырылган. Бирок, 2021-жылга карата гидроагрегаттарды реконструкциялоо боюнча капиталдык салымдын планы 1 752 350,3 миң сомго каралса, аткарылышы 2 773 585,35 миң сомду түзүп, 158%га аткарылган. Ал эми 2022-жылга карата капиталдык салымдын планы 3 084 792,8 миң сомго каралса, аткарылышы 2 672 385,65 миң сомду түзүп, 87%га аткарылган, же планга салыштырмалуу капиталык курулушка каралган каражаттан 412 407,2 миң сом өздөштүрүлбөй калган.

**Корутунду:** Токтогул ГЭСтеринин Каскады боюнча 2021-жылга карата гидроагрегаттарды реконструкциялоо боюнча капиталдык салымдын планы 1 752 350,3 миң сомго каралса, аткарылышы 2 773 585,35 миң сомду түзүп, 158%га аткарылган. Ал эми 2022-жылга карата капиталдык салымдын планы 3 084 792,8 миң сомго каралса, аткарылышы 2 672 385,65 миң сомду түзүп, 87%га аткарылган, же планга салыштырмалуу капиталык курулушка каралган каражаттардан 412 407,2 миң сом өздөштүрүлбөй калган.

**Сунуштама:** Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалында гироагрегаттарды реконструкциялоо боюнча “Электр станциялар” ААКсынын 2017-2025-жылдарга түзүлгөн стратегиялык иш планынын мөөнөтүндө аткарылышы жана план боюнча капиталдык салымга каралган каражаттарды убагында өздөштөрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын карамагындагы Жылуулук менен камсыз кылуу цехи 2021-жылга жылуулук менен камсыз кылуунун өндүрүү планы 54,16 миң Гкал болсо, аткарылышы 51,94 миң Гкал, же 95,9%ды түзгөн. Жылуулук линиясындагы жоготуулар планы 7,35 миң Гкал, 7,35 миң Гкал, же 14,1%ды түзгөн. Керектөөчүлөрдүн пайдалануусу үчүн өндүрүлүүчү жылуулук энергиясы 44,4 миң Гкалга каралып, өндүрүлүп берилгени 18,4 миң Гкалды түзгөн.

2021-жылда цехтин жалпы чыгымы план боюнча 230 360,5 миң сомго каралса, анык чыгымы 230 815,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен электр энергиясынын чыгымы үчүн 150 725,1 миң сом каралып, анык чыгымы 149 707,4 миң сомго жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудитте 2021-жылга карата Жылуулук менен камсыз кылуу цехи тарабынан планга 26,0 миң Гкалга, талап кылынбаган жылуулук энергиясы үчүн ашыкча коюлуп, 31 238,9 миң кВт/с, же 69 975,1 миң сомго электр энергиясын негизсиз ашыкча чыгымдоого жол берилгендиги аныкталды, себеби аныгында *(өндүрүшкө)* сатууга жана башка керектөөлөргө 18,6 миң Гкал жылуулук энергиясы өндүрүлүп берилип, андан сырткары норма боюнча электр энергиясын жеткирүүдөгү жоготуулары 7,3 Гкалды түзүп, алардын электр энергиясынын чыгымы 32 951,1 миң кВт/саат түзгөн, бирок отчет боюнча жалпы өндүрүлгөн жылуулук энергиясы 51,9 миң Гкалга, же анын электр энергиясынын чыгымы 64 190,0 миң кВт/саатка көрсөтүлүп, электр энергиясынын чыгымына колдонулбаган жылуулук энергиясы үчүн 31 238,9 кВт/саатка электр энергиясынын ашыкча чыгымы көрсөтүлгөн. 1 Гкал жылуулук энергиясын өндүрүү үчүн 1 235,8 кВт/саат электр энергиясы чыгымдалган *(План боюнча 1 гКал/1241 кВт/с каралган).*

2022-жылга жылуулук менен камсыз кылуунун өндүрүү планы 51,88 миң Гкал болсо, аткарылышы 48,00 миң Гкал, же 92,5%ды түзгөн. Жылуулук линиясындагы жоготуулар планы 9,06 миң Гкал, 9,07 миң Гкал, же 18,9%ды түзгөн. Керектөөчүлөрдүн пайдалануусу үчүн өндүрүлүүчү жылуулук энергиясы 38,5 миң Гкалга каралып, өндүрүлгөнү 19 439,2 миң Гкалды түзгөн.

2022-жылда цехтин жалпы чыгымы план боюнча 247 516,2 миң сомго каралса, анык чыгымы 230 120,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен электр энергиясынын чыгымы үчүн 160 666,5 миң сом каралып, анык чыгымы 151 903,0 миң сомго жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудитте 2022-жылга карата Жылуулук менен камсыз кылуу цехи тарабынан планга 19,1 миң Гкалга, талап кылынбаган жылуулук энергиясы ашыкча коюлуп, 24 130,2 миң кВт/с, же 55 949,3 миң сомго электр энергиясын ашыкча чыгымдоого жол берилгендиги аныкталды, себеби аныгында *(өндүрүшкө)* сатууга жана башка керектөөлөргө 19,8 миң Гкал жылуулук энергиясы өндүрүлүп берилген, андан сырткары каралган норма боюнча жоготуулары 9,1 Гкал түзүп, алардын электр энергиясынын чыгымы 36541,8 миң кВт/саат түзгөн, бирок отчет боюнча жалпы өндүрүлгөн жылуулук энергиясы 48,0 миң Гкалга, же анын электр энергиясынын чыгымы 60 672,0 миң кВт/саатка көрсөтүлүп, электр энергиясынын чыгымына колдонулбаган жылуулук энергиясы үчүн 24 130,2 кВт/саатка электр энергиясынын ашыкча чыгымы көрсөтүлгөн. 1 Гкал жылуулук энергиясын өндүрүү үчүн 1264,0 кВт/саат электр энергиясы чыгымдалган.

**Корутунду:** 2021-2022-жылдарга “Электр станциялар” ААКсынын Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын карамагындагы Жылуулук менен камсыз кылуу цехи тарабынан планга талап кылынбаган жылуулук энергиясы ашыкча коюлуп, жылуулук энергиясын өндүрүүдө ашыкча чыгымдалган электр

энергиясынын жоготуусу жалпысынан 55 369,1 миң кВт/с, же **125 924,4 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** 2021-2022-жылдарга Токтогул ГЭСтеринин Каскады филиалынын карамагындагы Жылуулук менен камсыз кылуу цехи тарабынан жылуулук энергиясын өндүрүүдө электр энергиясынын жалпысынан 55 369,1 миң кВт/с, же 125 924,4 миң сомго жоготууларына жол берилгендигинин себептери аныкталсын жана жоготууларды кыскартуу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Күрп-Сай ГЭСинин машина залынын имаратынын насостук бөлмөсүндө 6,3 тонна жүк көтөрө турган электроэнергия менен иштей турган, темирден куралган балка көтөргүч (кран) курулушу боюнча конкурстагы сунушталган курулуш көлөмдөрү менен аткарылган иштин актысындагы көлөмдөрдүн долбоор боюнча шайкештигин жеринде караганда **46,8 миң сомдук** ашыкча курулуш көлөмдөрү, башкы подрядчы “Югстрой” ЖЧКсы тарабынан аткарылган ишке негизсиз киргизилгендиги аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Югстрой” ЖЧКсы тарабынан ашыкча киргизилген 46,8 миң сом өлчөмүндөгү көлөмгө өз ара эсептешүү актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Күрп-Сай ГЭСинин аймагында өлчөмү 24 чарчы метр болгон кампа курулган. Жеринде шайкештик дал келүүлөрүн текшергенде дубал менен фундаменттин ортосундагы туурасынан аткарылуучу гидроизоляция боюнча 27,9 чарчы метр аткарылган, бирок долбоордук чийме менен шайкештигин текшергенде 4,15 чарчы метр эле аныкталып, 23,75 чарчы метр, же **1,2 миң сомдук** көлөм аткарылган иштердин актысы боюнча башкы подрядчы “Эл-Булак Азиз” ЖЧКсы тарабынан ашыкча киргизилген.

**Сунуштама:** Подрядчы “Эл-Булак Азиз” ЖЧКсынан тарабынан ашыкча киргизилген 1,2 миң сом өлчөмүндөгү көлөмгө өз ара эсептешүү актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады филиалы боюнча (Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады)**

**Аныкталды жана корутунду:** Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын Үч-Коргон ГЭСин модеринизациялоо боюнча долбоор түзүлүп, Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) жана Евразия өнүктүрүү банкынын (ЕӨБ) каржылоосу менен 78 954,5 миң долларга капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүү боюнча Кытай компаниясы “China National Electric Engineering Dongfang Electric Machinery” менен 2021-жылдын 14-июнунда келишим түзүлгөн. Келишимди аткаруу мөөнөтү 2026-жылдын 16-ноябрына каралган. Келишим боюнча 2022-жылдын 30-декбрына чейин өткөөлдүү көтөргүч (мостовой кран) реконструкциялоо жумуштары бүткөрүлүшү каралган, бирок бүгүнкү күнгө реконструкциялоо жумуштары 24 818,1 миң сомго жана 2 813,5 миң сомго консултациялык кызмат иштери аткарылып, бирок толук бүткөрүлө

элек. Ошондой эле график боюнча 2023-жылдын 01-мартынан 2023-жылдын 16-ноябрына чейин №4 Гидроагрегатын модернизацилоо иштерин бүткөрүш керек болсо, ал бүгүнкү күнгө чейин баштала элек. Модернизациялоо иштеринин кечеңдөөсүнүн себеби, подрядчы Кытай компаниясы “China National Electric Engineering Dongfang Electric Machinery” тарабынан керектүү жабдуулардын, керектүү адистердин убагында алынып келинбегендигинин, жана модеринизациялоонун долбоорлорунун туура эмес түзүлгөндүгүнөн *(Долбоорду түзүү аталган компания менен түзүлгөн келишимдин ичинде каралган)*, долбоолорду кайрадан иштеп чыгуу зарылдыгынын эсебинен Гидроагрегаттарды ишке берүү мөөнөтү 1 жылга кечиктирилип, Г-4 гидроагрегатынын модеринизациялоону бүткөрүү мөөнөтү жөнөтүүчүнүн күнөөсү менен 2024-жылдын 16-ноябрына жылдырылган, ошону менен бирге эле, кийинки Г-1, Г-2 жана Г-3 агрегаттарын бүткөрүү мөөнөтү дагы кийинки жылдарга, же 2027-жылдын 16-ноябрына чейин жылдырууга туура келген.

Келишим боюнча Үч-Коргон ГЭСиндеги эски агрегаттардын ордуна жаңы кубаттуулугу чон агрегаттарды, же мурунку агрегаттар 45 Мвт/с болсо, ордуна 55 Мвт/с болгон агрегаттарды орнотуу каралган. Аудит убагында жүргүзүлгөн талдоолор боюнча, келишимдин убагында аткарылбагандыгынын себебинен, электр энергиясынын өндүрүлүшүнөн 1 даана Гидроагрегаттан 1 жылга (45 Мвт/с – 55 Мвт/с = 9 Мвт/с*24 саат*365 күн*1000кВтс/с) 78 840,0 миң кВт/с, же (78 840,0*70,07 тыйын тариф наркы менен) 55 243,2 миң сомго электр энергиясын жоготууну түзөт.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсынын Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады филиалы Үч-Коргон ГЭСин модеринизациялоо боюнча түзүлгөн келишимдин талаптарын жана кепилдиктеринин аткарылышы боюнча Кытай компаниясы “China National Electric Engineering Dongfang Electric Machinery” менен тийиштүү иш аракеттерди жүргүзүү жана чараларды көрүү жагы көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**“Электр станциялар” ААКсынын Таш-Көмүр ГЭСтерининКаскадытарабынан электр энергиясын өндүрүү боюнча аткарылган иштерине талдоо жүргүзүү убагында белгилүү болгондой филиалдын *күнүмдүк жүргүзүлгөн отчеттук маалыматтары* боюнча 2021-жылы Шамалды-Сай ГЭСине жалпы кириштелгени 14717,1 млн м/кубду, ал эми жалпы чыгышталганы 15092,2 млн м/кубду түзгөн, анын ичинен май айында гидроагрегаттарды оңдоого байланыштуу бош агызылганы 13,8 млн м/куб түзөт. Ал эми январь жана декабрь айларында кышкы мезгилде электр энергиясына болгон талаптын көп болгондугунан Токтогул ГЭСтердин Каскадынан көп суу келгендигине байланыштуу Үч-Коргон ГЭСинин бассейнинен суунун ашып кетүү коркунучүн алдын алуу максатында бош агызылган суу 126,2 млн м/кубду түзгөн, 2021-жылда Үч-Коргон ГЭСинен жалпы бош агызылган суунун эсебинен өндүрүлбөй калган электр энергиясы 9014,3 миң кВт/с, же суммасы 19470,9 миң сомду түзөт.

Ошондой эле, 2022-жылы Шамалды-Сай ГЭСине жалпы кириштелген суу 13638,7 млн м/кубду, ал эми жалпы чыгышталганы 14036,6 млн м/кубду

түзүп, анын ичинен гидроагрегаттарды оңдоого байланыштуу бош агызылганы 37,5 млн м/кубду, Үч-Коргон ГЭСине кириштелген суу жалпысы 14034,6 млн м/кубду, чыгышталганы 13993,9 млн м/кубду түзүп, андан май айында бош агызылганы 11,7 млн м/кубду түзгөн. Ал эми январь жана декабрь айларында Токтогул ГЭСтеринин Каскадынан көп суу келгендигине байланыштуу Үч-Коргон ГЭСинин бассейнинен суунун ашып кетүү коркунучунун алдын алуу максатында бош агызылган суу 182,03 млн м/кубду түзгөн, Үч-Коргон ГЭСинен жалпы бош агызылган суу 193,8 млн м/кубду түзүп, 2022-жылга карата жалпы бош агызылган суунун эсебинен өндүрүлбөй калган электр энергиясы 13837,9 миң кВт/с, же 29889,8 миң сомду түзөт. Жалпысы 22 852,2 миң кВт\с, же 49 360,7 миң сомду түзгөн.

“Электр станциялар” ААКсынын Таш-КөмүрГЭСтерининКаскадынын адистеринин билдирүүсү боюнча “Электр станциялар” ААКсынын борбордук диспетчердик кызматынын ооз эки телефон байланыш аркылуу тапшырмасы менен январь жана декабрь айларында Таш-Көмүр ГЭСинен электр энергиясын өндүрүү боюнча коюлган талаптарына ылайык суу чыгымдалгандыгын жана бош агызуунун аткарылышы аталган кызматтын тапшырмасы менен журналдарга жазылып жүргүзүлүшүн билдиришет.

**Сунуштама:** “Электрстанциялар” ААКсынын Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады филиалы тарабынан Нарын дарыясынан жана Кара-Суу кичи дарыясынан агып келген суу ресурустарын, же 320,0 млн метр/куб сууну бош агызуунун эсебинен 2022-2023-жылдары жалпысы 22852,2 мин кВт\с, же 49360,7 мин сомго жоготууга алып келген. Ошондуктан, комиссия түзүлүп бош агызылган суулардын мыйзамдуулугу каралып чыксын жана суу ресурустарын ГЭСтерден бош агызуу зарылчылыгы болгон учурда, Кыргыз Республикасынын Энергетика министирлигинин макулдугу менен аткарылсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Эмгек акынын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же тактап айтканда кызматкерлерге зыяндуулук төлөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын зыяндуулук боюнча кортундусу жок жана иш орду тиешелүү аттестациядан өтпөгөндүгүнө карабастан кошумча акы 13 081,9 миң сомго жана Социалдык фондго төлөмү (17,25%) – 2 256,6 миң сомго төлөнүп берилген, анын ичинен:

- өндүрүштүк кызматкерлерине 2021-жылдын 4 айына (сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь) 524 кызматкерге - 2 740,2 миң сомго, Социалдык фондго төлөмү (17,25%) 472,7 миң сом. 2022-жылы 521 кызматкерге - 8 989,4 миң сомго, Социалдык төлөмү (17,25%) 1 550,7 миң сом.

- админстрациялык башкаруу кызматкерлерине 2022-жылдын ноябрь, декабрь айларына 83 кызматкерге - 271,1 миң сомго, Социалдык фондго төлөмү (17,25%) 46,7 миң сом.

- Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине 2021-жылы 65 кызматкерге - 491,3 миң сомго, Социалдык фондго төлөмү (17,25%) 84,7 миң сом. 2022-жылы 65 кызматкерге эмгек акысына кошумча төлөм 589,9 миң сомго, Социалдык фондго төлөмү (17,25%) 101,8 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылынын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:** Эмгек акынын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын өндүрүштүк эмес кызматкерлерине Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын филиалынын директору А.Камчыбеков жана Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын профсоюз уюмунун төрагасы О.Токтомамбетов тарабынан макулдашылып 2020-жылдын 01-декабрында бекитилген "Кызматкерлерге сый акы төлөө жөнүндөгү" жобонун тизмегинде көрсөтүлбөгөндүгүнө карабастан Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине 2021-жылда өндүрүштүк процесстерге катышпаган кызматкерлерге жылдын жыйынтыгы менен 1 551,5 миң сом, 2022-жылдын жыйынтыгы менен 1 807,8 миң сом жалпысы **3 359,3 миң сомго** негизсиз сый акы жана Социалдык фондго төлөм 579,5 миң сомго (17,25 %) төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын филиалынын директору жана Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын профсоюз уюмунун төрагасы тарабынан макулдашылып 2020-жылдын 01-декабрында бекитилген "Кызматкерлерге сый акы төлөө жөнүндөгү" жобонун тизмегине шайкеш келбестен, тактап айтканда өндүрүштүк процесстерге катышпаган кызматкерлерге 3 359,3 миң сомго сый акыларды жана Социалдык фондго төлөм 579,5 миң сомго (17,25 %) негизсиз төлөөгө жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын балансында кампада 2023-жылдын 01-январына карата 171 122,4 миң сомдук негизги каражаттар жана 157 944,4 миң сомдук запастар калдыгы бар. Бирок, кампада 2000-жылдардан бери пайдаланылбай турган, эскилиги жеткен, бүгүнкү күндө жабдуулардын жаңы түрлөрү чыккандыгына байланыштуу ликвиддүү эмес негизги жана товардык-материалдык баалуулуктар корлору (запас) көп, ал боюнча "Электр станциялар" ААКсынын 2022-жылдын 24-июнунун №60-1-8/ч-1203 каты менен эскилиги жетип колдонуудан чыгып калган товардык материалдык баалуулуктарды карап чыгып, кайрадан баалап аукционго коюу белгиленген, бирок ал боюнча бүгүнкү күнгө чейин тийиштүү деңгээлде иштер жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** "Электр станциялар" ААКсынын 2022-жылдын 24-июнунун №60-1-8/ч-1203 катынын негизинде кампада турган эскилиги жеткен ликвиддүү эмес товардык материалдык баалуулуктар боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** "Электр станциялар" ААКсынын 2002-жылдын 19-сентябрындагы №145 буйругу менен "Электр станциялар" ААКсынын Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады филиалынын карамагындагы өткөрүлүп берилген негизги каражаттардын эсебинен, бүгүнкү күндө Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын кызматкерлери жашап жаткан 10 даана 6-бөлмөлүү жана 19-бөлмөлүү турак-жай квартиралары жалпы баасы 679,6 миң сомдук, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча" нускаманын талаптары сакталбастан Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын балансынан негизсиз, же жогорку органы болгон "Электр станциялар" ААКсынын буйругусуз чыгышталып кеткен, же аудит жүргүзүү убагында балансга болгон эмес. Аудит убагында аталган мүлктөр балансга алынып, оңдоо бухгалтердик эсеби (проводкасы) берилген.

**Аныкталды жана корутунду:** Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын капиталдык оңдоолору үчүн 2021-жылга карата планда 47 597,6 миң сом каралса, анык аткарылганы 41 505,2 миң сомду түзүп, 6 092,4 миң сомго капиталдык оңдоолордун планы аткарылбай калган, же планда каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн, ал эми 2022-жылга карата планда 45 090,1 миң сом каралса, анык аткарылганы 39 265,9 миң сомду түзүп, 5 824,2 миң сомго капиталдык оңдоолордун планы аткарылбай калган, же планда каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн, оңдоо иштери аткарылбай калган каражат жалпысынан 11 916,6 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:** Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады филиалынын планына капиталдык оңдоолору үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана оңдоо иштерин планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын, эгерде кандайдыр бир себептер менен иштер аткарылбаса, каралган планга убагында өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалы боюнча (Камбар-Ата-2 ГЭСи)**

**Аныкталды жана корутунду***:* Камбар-Ата-2 ГЭСинде *апрель айынан - октябрь айына чейин* 1 агрегатты толук кандуу иштетүүгө жетиштүү суу келет, ал эми *октябрь айынан – апрель айына чейин* суунун кириши төмөндөп 1 агрегаттан болгону 65-70 мВт/с чейин электр энергиясын өндүрүүгө мүмкүнчүлүк бар, себеби 1 агрегаттан 120,0 мВт/с электр энергиясын өндүрүү үчүн 280,0 м.куб/с керектелсе, суунун кириши азайган мезгилде 190,0 м.куб/с ашпайт, ал эми суунун кириши көбөйгөн кезде 680,0 м.куб/с чейин жогорулайт.

Камбар-Ата-2 ГЭСинде суунун кириши көбөйгөн апрель-сентябрь айларында 1 агрегаттан 120,0 мВт/с электр энергиясын алуу мүмкүн, бирок электр энергиясын бөлүштүрүүчү подстанциянын мүмкүнчүлүгү 110,0 мВт/с болгондугунун жана электр линиялары талапка толук жооп бербегендигинен 90,0 мВт/с ашыкча электр энергиясы жөнөтүү мүмкүн болбогондугунун

себебинен, болжол эсеп менен  30,0 мВт/с электр энергиясын пайдаланууга мүмкүн болбой келет.

Аудит мезгилинде жүргүзүлгөн талдоонун негизинде белгилүү болгондой, өндүрүлгөн нарк баасы менен алганда болжол менен 2021-жылда 153 360,0 мВт/с, же 110 572,6 миң сом, ал эми 2022-жылда 138 888,0 мВт/саат, же 100 138,2 миң сом, жалпысы 210 710,8 миң сомдук электр энергиясын толук алууга, же пайдаланууга мүмкүнчүлүк болбой, электр энергиясын жоготуу болуп келет.

**Сунуштама:** Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын 1-гидроагрегатынан өндүрүлүүчү 120,0 мВт/с электр энергиясынан, пайдаланылбай келген болжол эсеп менен  30,0 мВт/с электр энергиясын толук пайдалануу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Эмгек акынын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө Камбар-Ата-2 ГЭСинин өндүрүштүк кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же тактап айтканда кызматкерлерге зыяндуулук төлөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын зыяндуулук боюнча кортундусу жок жана иш орду тиешелүү аттестациядан өтпөгөндүгүнө карабастан *2021-жылы* 166 кызматкерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөм   4 075,6 миң сомго негизсиз төлөнүп берилген, Социалдык фондго төлөм (17,25%) 703,0 миң сомго жүргүзүлгөн жана *2022-жылы* 152 кызматкерге -  5 080,6 миң сомго, Социалдык фондго төлөм (17,25%) 876,4 миң сомго.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылынын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча  төлөмөрдү төлөө токтотулсун.

**Аныктама жана корутунду:** Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын борбордук кампасындагы товардык материалдык баалуулуктарга инвентаризация жүргүзүлгөн учурда, материалдык жоопкер кампачы М.Аблесовдун жоопкерчилигинен 458,7 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталган, анын ичинен:

Рабица тору 2,5-3,5 мм – 824 м/кв, жалпы суммасы 206,0 миң сом;

Түтүкчө  28*4 ст.12*1 МФ – 3472,7 кг, жалпы суммасы 252,7 миң сом.

М.Аблесовдун билдирүүсү боюнча жетишпестик болуп чыккан товардык материалдык баалуулуктар Кара-Көл шаарында Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын кызматкерлери үчүн ашар жолу менен курулган *(планда каралбаган)* спорт аянтчасы үчүн берилгендигин билдирет.

**Сунуштама:** Кара-Көл шаарында Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын кызматкерлери үчүн ашар жолу менен курулган *(планда каралбаган)* спорт аянтчасы үчүн  Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын борбордук кампасынан 458,7

миң сомго  берилген товардык материалдык баалуулуктар боюнча  “Электр станциялар” ААКсынын  Башкы дирекциясы тарабынан тийиштүү чечим кабыл алынсын.

**Аныктама жана корутунду:** 2023-жылдын 01-январына карата Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын балансында Россия федерациясына караштуу Тула областында жайгашкан баланстык баасы 12 007,8 миң сом болгон толук бүтпөгөн  турак-үйлөр жана баланстык баасы 312,0 миң сом болгон Ысык-Көл областынын Кош-Көл айылында жайгашкан 500,0 орундуу пансионаттын толук бүтпөгөн курулушу турат. Ал мүлктөр “Электр станциялар” ААКсынын 2008-жылдын 08-январынын №3 буйругунун негизинде “ПС ГЭС” ишканасынан (азыркы Таш-Көмүр ГЭСи)  Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалына өткөрүлүп берилген, бирок бүгүнкү күндө Камбар-Ата-2 ГЭСи тарабынан ал мүлктөр колдонулбайт. Тула областында жайгашкан турак-жай мүлктөрүн тактоо боюнча Камбар-Ата-2 ГЭСи тарабынан 2015-жылы көз карандысыз юридикалык компаниясы “Альтернатива грант” ЖЧКсына кайрылып, жыйынтыгында ал мүлктөр бүгүнкү күндө Россия федерациясынын мүлкү катары мамлекеттик реестринде катталып тургандыгы аныкталган. Ошондой эле, Ысык-Көл райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча башкармалыгынын 2014-жылдын  19-сентябрындагы  №329 каты боюнча Ысык-Көл областынын Кош-Көл айылында жайгашкан 11 га жери менен 500,0 орундуу пансионаты Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктөрдү башкаруу мамлекеттик комитетинин 2004-жылдын 26-майындагы №2-1176 келишими менен жеке жак Г.Оморовага сатылгандыгы билдирилген.

Аталган мүлктөр Камбар-Ата-2 ГЭСине таандыгы аныкталбагандыктан бүгүнкү күнгө чейин баланстан чыгаруу боюнча тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын балансында турган Россия федерациясына караштуу Тула областында жайгашкан баланстык баасы 12 007,8 миң сомдук турак-жай мүлктөрү жана баланстык баасы 312,0 миң сом болгон Ысык-Көл областынын Кош-Көл айылында жайгашкан 500 орундуу пансионаттын толук бүтпөгөн курулушу Камбар-Ата-2 ГЭСине таандыгы аныкталбагандыктан  баланстан чыгаруу жагы каралсын.

**Аныкталды:** Камбар-Ата-2 ГЭСинин 2022-жылга карата иш планына ылайык түзүлгөн 2022-жылдын 18-майындагы №Д-19-7/48 келишими менен 30 510,8 миң сомго “Нарын гидроэнергия курулуш” ААКсынын ортосунда курулуш иштерин аткаруу боюнча келишим түзүлгөн. Аталган келишим боюнча Камбар-Ата-2 ГЭСинин мурдагы жетекчиси У.М.Азимкуловдун, курулуш иштери боюнча орун басары А.Р.Худайбердиевдин жана капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчысы А.Ж.Темиркуловдун бекитип берген отчетунун (Ф-3) негизинде жалпы аткарылганы жумуштар 29 844,72 миң сомго көрсөтүлгөн, бирок “Нарын гидроэнергия курулуш” ААКсы тарабынан анык аткарылган курулуш иштеринин суммасы 17 055,1 миң сомду түзгөн, же анын ичинен 12 789,6 миң сомго курулуш иштеринин аткарылгандыгы боюнча

аткаруу ишинин актысы алынбастан жана курулуш иштери аткарылбастан туруп, Камбар-Ата-2 ГЭСинин капиталдык курулуш бөлүмүнүн сметалык келишимдер тобунун жетекчиси Г.Мамасадыкованын аткарылган курулуш иштери боюнча маалыматка кол коюп, бергендигининин себебинен, Камбар-Ата-2 ГЭСинин бухгалтериясына 2022-жылдын декабрь айынын отчетуна негизсиз киргизилип акча каражаттары которулуп берилген. Ал эми эсеп-фактуралары К-3 формасы боюнча эки тараптын, же аткаруучу жана буйрутма берүүчү тараптын коюлган колдорунун негизинде жазылып берилген.

Ошондой эле, “Нарын гидроэнергия курулуш” ААКСы менен Камбар-Ата-2 ГЭСинин ортосунда 2022-жылдын 08-апрелинде Камбар-Ата-2 ГЭСинин өндүрүштүк базасына электр жабдууларын жана насос орнотуу үчүн 6 342,7 миң сомго №Д-19-7/29 келишими түзүлгөн. “Нарын гидроэнергия курулуш” ААКсы тарабынан аткарылган курулуш иштери Камбар-Ата-2 ГЭСинин башкы инженери С.Б.Абдырасуловдун жана Капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчысы А.Ж.Темиркуловдун бекитип берген отчетунун (Ф-3) негизинде жалпысы 4583,2 миң сомго көрсөтүлгөн, бирок анын ичинен 1683,6 миң сомго аткарылган иштердин актысы алынбастан жана курулуш иштери аткарылбастан туруп Камбар-Ата-2 ГЭСинин бухгалтериясына 2022-жылдын апрель айынын отчетуна негизсиз киргизилип акча каражаттары которулуп берилген. Натыйжада, Камбар-Ата-2 ГЭСи тарабынан жогоруда аталган келишимдер боюнча которулган акча каражаттарына, аткарылбаган курулуш иштеринин көлөмүн негизсиз киргизүүнүн себебинен, жалпысынан **14 473,2 миң сомго** дебитордук карыз жашырылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 17-ноябрындагы №06-1/901 буйругунун негизинде курулуш иштери боюнча тышкы адис З.Б.Кыралиев тарабынан Камбар-Ата-2 ГЭСинин 2021-2022-жылдагы курулуш иштерине аудит жүргүзүлүп, мурда аныкталган 14 473,2 миң сомдук бухгалтердик эсепке алынган, бирок аткарылбаган курулуш иштерине тактоо жүргүзүлүп, жыйынтыгында 3 715,6 миң сомго курулуш жумуштары аныгында аткарылгандыгы, бирок аткарылгандыгы боюнча аткаруу иштеринин актысы түзүлбөгөндүгү такталган, ошондой эле 10 737,4 миң сомго башка аткарылган жумуштарынан кыскартуу боюнча 2023-жылдын 26-декабрында акт-тактама түзүлгөн жана башкы подрядчы “Нарын ГЭС” ААКсынан өндүрүү милдеттендирилген. Акт-тактаманын негизинде Камбар-Ата-2 ГЭСи тарабынан 2023-жылдын декабрь айы менен мурда жазылган эсеп-фактуралары кайрадан кыскартуу(-) менен жазылып, 3161 бухгалтердик эсеби боюнча кыскартуу проводкасы берилип 10 737,4 миң сом дебитордук карыз эсепке алынган. 2024-жылдын 01-январына карата жогоруда аталган келишимдердин алкагында калган 1 350,5 миң сомдук курулуш көлөмдөрүнүн аткарылуусун көзөмөлгө алып, объектилердин курулуштарын аягына чыгаруусу Камбар-Ата-2 ГЭСинин жетекчилигине милдеттендирилет.

Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулуш иштери боюнча алганда 2024-жылдын 01-январына карата дебитордук карызы 357 847,2 миң сомду түзөт *(Эсеп-фактураларынын, проводкаларынын көчүрмөлөрү, салыштыруу-*

*актыларынын жана 2024-жылдын 13-февралындагы 21-50/11-59 каты аудиттин материалдарында тиркелет).*

**Корутунду:** 2022-жылы Камбар-Ата-2 ГЭСинин бухгалтериясы тарабынан жалпысынан **14 473,2 миң сомго** аткарылбаган курулуш иштери негизсиз эсепке алынып жана “Нарын ГЭС” ААКсы тарабынан аткарылган курулуш иштеринин актысы түзүлбөгөн жумуштарга эсеп-фактуралары негизсиз жазылып, дебитордук карыздарды жашырууга жол берилген.

**Сунуштама:**

**-** “Электр станциялар” ААКнын филиалы Камбар-Ата-2 ГЭСинин капиталдык курулуш бөлүмү тарабынан аткарылбаган курулуш иштерин эсепке алууга жол берилбесин.

- 2022-жылдын 18-майындагы №Д-19-7/48 “Нарын гидроэнергия курулуш” ААКсы менен түзүлгөн келишим боюнча 2024-жылдын 01-январына карата “Нарын ГЭС” ААКсы тарабынан аткарылбай калган 10 737,4 миң сомдук курулуш иштеринин көлөмү комиссия түзүү менен каралып, толук аткарылуусу көзөмөлгө алынсын. Аталган келишимдер аткарылбаган учурда тийиштүү укук коргоо органдарга берүү жагы каралсын.

- Камбар-Ата-2 ГЭСинин капиталдык курулуш бөлүмүнүн жетекчиси А.Ж.Темиркуловдун жана сметалык келишимдер тобунун жетекчиси Г.Мамасадыкованын функционалдык милдеттери боюнча жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын капиталдык оңдоолору үчүн 2021-жылга карата планда 166 736,0 миң сом каралса, анык аткарылганы 158 238,9 миң сомду тузуп, 8 497,1 миң сомго капиталдык оңдоолордун планы аткарылбай калган, же планда каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн, ал эми 2022-жылга карата планда 59 469,4 миң сом каралса, анык аткарылганы 32 274,2 миң сомду түзүп, 27 195,2 миң сомго капиталдык ондоолордун планы аткарылбай калган, же планда каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн.

**Сунуштама:** Камбар-Ата-2 ГЭСи филиалынын планында капиталдык оңдоолору үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана оңдоо иштерин планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын, эгерде кандайдыр бир себептер менен иштер аткарылбаса, каралган планга убагында өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Ат-Башы ГЭСи филиалы боюнча (Ат-Башы ГЭСи)**

**Аныкталды жана корутунду:** Эмгек акынын жылдык фондуна ылайык жана Профсоздук кометитинин төрагасынын какулдашуусу менен Ат-Башы ГЭСинин жетекчиси тарабынан 2021-жылдын 02-апрелинде бекитилген Ат-Башы ГЭСинин жетекчилеринин, кызматкерлеринин жана жумушчуларынын сый акылары жөнүндө” жобосуна ылайык 30-40%га чейин бардык жумушчуларга ар ай сайын сый акылардын төлөнүшү каралган жана аудит мезгилинде 12 119,8 миң сом акча каражаты төлөнгөн, бирок аудит сый

акылар жалпы практикада жарым жылдын, жылдын жыйынтыгы боюнча, экономикалык же өндүрүштүк көрсөткүчтөрдү эске алуу менен жана эмгек акынын фондунун үнөмдөөсүнөн төлөнүшүн белгилейт, ошондуктан функционалдык милдеттерин аткаргандыгы үчүн сый акы төлөө практикасын четтетип, жобо кайра каралып чыгышы зарыл.

**Сунуштама:** Профсозюдук кометитинин төрагасынын макулдашуусу менен Ат-Башы ГЭСинин жетекчиси тарабынан 2021-жылдын 02-апрелинде бекитилген "Ат-Башы ГЭСинин жетекчилеринин, кызматкерлеринин жана жумушчуларынын сый акылары жөнүндөгү" жободо белгиленген 30-40%га чейин ар ай сайын сый акылардын функционалдык милдеттерин аткаргандыгы үчүн төлөөнүн рационалдуу жана эффективдүүлүгү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** "Электр станциялар" ААКсынын башкы директору тарабынан 2020-жылдын 27-августундагы бекитилген "Турак-жай шарттарын жакшыртууга ссуданын берилишинин тартиби жөнүндө" жобонун 3.2, 3.7. пункттарын бузуу менен Башкы дирекциянын чечими жок туруп, Ат-Баши ГЭСинин директорунун буйруктарынын негизинде жалпы 21 кызматкерге 4 110,0 миң сомго жашоо шартын жакшыртуу максатында пайызсыз ссудалар берилген.

Аталган жобонун 3.3. пунктунда берилген ссуда максаттуу пайдалануу үчүн гана деп белгиленген. Бирок, берилген ссуданын максаттуу пайдаланышы боюнча тастыктоочу документтер Ат-Башы ГЭСи тарабынан талап кылынган эмес. Ссуданын максаттуу пайдаланышы жана мониторинг жүргүзүүнүн тартиби жободо көрсөтүлгөн эмес. Жыйынтыгында 4 110,0 миң сомго берилген ссудалардын максаттуу пайдаланышы аудиттин жүргүзүлүшүндө тастыкталган эмес.

**Сунуштама:**

**-**"Электр станциялар" ААКсынын Башкы дирекциянын чечими жок туруп Ат-Баши ГЭСинин 21 кызматкерине 4 110,0 миң сомго жашоо шартын жакшыртуу максатында пайызсыз ссудаларды берүүгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**-**Ссуданы берүүдө "Электр станциялар" ААКсынын башкы директору тарабынан 2020-жылдын 27-августунда бекитилген "Турак-жай шарттарын жакшыртууга ссуданын берилишинин тартиби жөнүндө" жобонун 3.2, 3.7. пункттары сакталсын жана ссуданын максаттуу пайдаланышы жана мониторинг жүргүзүүнүн тартиби жободо каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** План боюнча 2021-жылы "Башка чыгымдарга" 7 779,6 миң сом бекитилип, анык чыгымдар 8 457,4 миң сомду түзгөн, башкача айтканда 677,8 миң сомго, 2022-жылы 4 802,8 миң сом бекитилип, анык чыгымдар 5 032,6 миң сомду түзгөн, башкача айтканда 229,8 миң сомго, 2021-2022 жылдардын планына өзгөртүүлөр киргизилбей ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама:** Мындан ары “Башка чыгымдардын” пландын чегинде чыгымдоо, эгер өндүрүштүк зарылчылыктар боюнча пландан ашыкча чыгымдоого туура келсе, каралган пландарга убагында өзгөртүүлөрдү киргизүү менен чыгымдоо жагы көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** “Периметрдик күзөт сигнализация системасын жана видеобайкоо системасын орнотуу” проектисин аткарууда “Электр станциялар” ААКсынын директорлор Кеңешинин 2022-жылдын 21-июлундагы №5 протоколу менен бекитилген ”Сатып алуу процедураларын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө” ички тартиптин 6.1.2-пункту сакталбай, проектиге тиешелүү түрдө анализ жасалбай жана мониторинг жүргүзүлбөй туруп, конкурс жарыяланган.

Келишимге ылайык 92 даана видео камерасы орнотулушу каралган болсо, чындыгында 2022-жылдын 21-ноябрында түзүлгөн кабыл алуу актысына ылайык, техникалык мүнөздөмөлөрү келишимде көрсөтүлгөндөн айырмаланган 82 даана камера орнотулган. Аудит учурунда жетишпеген 10 камера орнотуу жолу менен ордуна коюлган.

**Сунуштама:** Сатып алууларды жүргүзүүдө “Электр станциялар” ААКсынын директорлор Кеңешинин 2022-жылдын 21-июлундагы №5 протоколу менен бекитилген ”Сатып алуу процедураларын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө” ички тартиби так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Ат-Башы ГЭСи менен Чүй электр тармактары ортосундагы түзүлгөн 2022-жылдын 01-декабрындагы №Д-18-8/34 келишимине ылайык баасы 6 100,0 миң сомдук ТРДН-25000 кВА трансформаторун ай сайын 1 863,8 сом ижара акысы менен ижарага берилген. Аудит учурунда “Электр станциялар” ААКсы тарабынан 2023-жылдын 10-январындагы бекитилген “Электр станциялар” ААКсынын жана анын филиалдарынын мүлкүн ижарага берүү жөнүндө” жобосунун №9 тиркемесине ылайык аудит учурунда кайрадан эсептөөлөр жүргүзүлүп бир айлык ижара акысы 137 250 сомго эсептелген жана 2022-жылдын 01-декабрындагы №Д-18-8/34 келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Чүй электр тармактарына 2023-жылдын 08-сентябрындагы №036-2/268 каты жиберилген.

**Сунуштама:** “Электр станциялар” ААКсы тарабынан 2023-жылдын 10-январындагы бекитилген “Электр станциялар” ААКсынын жана анын филиалдарынын мүлкүн ижарага берүү жөнүндө” жобосуна ылайык Ат-Башы ГЭСи менен Чүй электр тармактары ортосундагы ТРДН-25000 кВА трансформаторун ижарага берүү жөнүндө 2022 жылдын 01-декабрындагы №Д-18-8/34 келишимине ижара акысы боюнча өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Товардык материалдык баалуулуктардын сакталышын инвентаризациялоодо 6,1 миң сомдук жетишпестик аныкталган. *(6,1 миң сомдук жетишпестик аудит учурунда*

*ордуна коюлду).* Ат-Башы ГЭСинин кампасында жалпы суммасы 4 472,6 миң сомдук ликвиддүү эмес товарлар аныкталган.

**Сунуштама:** Ат-Башы ГЭСинин кампасында 4 472,6 миң сомдук ликвиддүү эмес товардык материалдык баалуулуктар боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Ат-Башы ГЭСин реконстркциялоого үч тараптуу келишимдин негизинде подрядчы ОсОО "INTEGRA Engineering Group" тарабынан 4 890,4 миң сомго гидроагрегаттарды демантаждоо жана бетондорду талкалоо иштери аткарылган. Аудит убагында демантаждоо жана бетондорду талкалоо жумуштары боюнча курулуштун наркын (методика) "РИК" ыкмасы менен эсептегенде 403,1 миң сомду түзгөн, же макулдашылган баага 595,8 миң сомго караганда 192,7 миң сомго аз (595,8-403,1).

Жалпы демантаждоо жана бетондорду талкалоо жумуштарынын эки гидроагрегатка кеткен курулуштун наркы (методика) "РИК" ыкмасы менен эсептегенде **385,4 миң сомго** көбөйтүлгөн.

**Сунуштама:** Гидроагрегаттарды демантаждоо жана бетондорду талкалоо иштери боюнча подрядчы "INTEGRA Engineering Group" ЖЧКсы тарабынан 385,4 миң сом өлчөмүндөгү көбөйтүлгөн наркына өз ара эсептешүү актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Бишкек жылуулук электр борбору филиалы боюнча (Бишкек ЖЭБи)**

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин капиталдык курулуш бөлүмү тарабынан түзүлгөн келишимдердин айрым пунктары аткарылбай, анын ичинен подрядчылар жумуштарды келишимде каралган мөөнөттө аткарбагандыгына байланыштуу туум эсептелинген эмес, аталган жагдайларды эске алуу менен аудит тарабынан жалпы 2021-2022 жылдарга 6 подрядчыга карата **2 330,5 миң сомго** туум эсептелинген.

Ошондой эле, Оңдоп-түзөө бөлүмү тарабынан түзүлгөн келишимдердин айрым пункттары аткарылбай, анын ичинен подрядчылар жумуштарды келишимде каралган мөөнөттө аткарбагандыгына байланыштуу туум эсептелиген эмес, аталган жагдайларды эске алуу менен аудит тарабынан жалпысынан 2021-2022 жылдарга 3 подрядчыга карата **383,9 миң сомго** туум эсептелинген.

**Сунуштама:** Жумуштарды келишимде каралган мөөнөттө аткарбагандыгы үчүн 9 подряддык уюмдарга эсептөөлөргө ылайык 2 714,4 миң сомго туумдарды берүү боюнча маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 1-беренесинин 225-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 07-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди кошпогондо) финансылык-чарбалык ишин бухгалтердик эсепке алуунун эсеп планын колдонуу боюнча" нускаманын талаптарын бузуу менен, 2021-жылдын 31-декабрына карата баасы аз-тез эскирүүчү буюмдар

курамында наркы 10,0 миң сомдон жогору жана колдонуу мөөнөтү 1 жылдан ашык болгон 407 501,2 миң сом суммасында калдык калган жана аталган материалдык активдердин наркынын толук суммасына амортизация чегерилген. Мындан тышкары, 2021-жылы наркы 10,0 миң сомдон жогору жана колдонуу мөөнөтү 1 жылдан ашык болгон 477 161,0 миң сом суммасында баасы аз-тез эскирүүчү буюмдардын жана товардык материалдык запастар эсебинен чыгышталган. Ошондой эле 2022-жылдын 31-декабрына карата наркы 10,0 миң сомдон жогору жана колдонуу мөөнөтү 1 жылдан ашык болгон 466 314,4 миң сом суммасында материалдык активдер эсептелген, жана 452 843,5 миң сом суммасында баасы аз-тез эскирүүчү буюмдардын жана товардык материалдык запастардын эсебинен чыгышталган. Бишкек ЖЭБиси тарабынан белгиленген материалдык активдер боюнча амортизацияны кошуп эсептөөнү толук суммага жүргүзүлгөн жана экслуатацияга эсептен чыгарууда чыгымдарга киргизилген. Аудиттелген мезгилге карата жалпы шайкеш келбестиктердин суммасы **1 803 820,1 миң сомду** түзгөн.

Натыйжада, 2021-жылы чыгымдар эсептик түрдө 477 161,0 миң сомго, ал эми 2022-жылы 452843,5 миң сомго көбөйтүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 225-беренесинин 1-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 07-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди кошпогондо) финансылык-чарбалык ишин бухгалтердик эсепке алуунун эсеп планын колдонуу боюнча нускаманын" талаптарын негизинде, наркы 10,0 миң сомдон жогору жана колдонуу мөөнөтү 1 жылдан ашкан материалдык активдер 2100 "Негизги каражаттар" эсебинде чагылдырылсын, анын натыйжасында чыгымдар азайтылып, өздүк наркын төмөндөтүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги эске алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**: Аудиттин жүрүшүндө, Бишкек ЖЭБинин 2023-жылдын 08-августундагы №692 буйругуна ылайык, 2023-жылдын 10-октябрына карата товардык-материалдык баалуулуктарга инвентаризация жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча 3 975,8 миң сомго жетишсиздик жана 2 242,8 миң сомго ашыкчасы аныкталган.

Бишкек ЖЭБинин 2019-жылдын 28-февралындагы №34 буйругу менен бекитилген "Товардык материалдык баалууктарды каттоо жана эсепке алууну чагылдыруу жөнүндө" жобого ылайык материалдык жооптуу адамдар отчетторду бухгалтерияга жумасына бир жолу берүүгө милдеттүү, бирок иш жүзүндө отчеттор айына бир жолу тапшырылат.

Ошондой эле аудит тарабынан №802 борбордук кампасында кампа башчысы 2023-жылдын 26-июлунда иштен бошотулгандыгына байланыштуу кампада инвентаризация жүргүзүү мүмкүн болбогону белгиленет. Ал эми кампанын кампачысы Ж.Д. Жапаралиев белгисиз себептер менен жок болгон, бул тууралуу кадрлар бөлүмүнөн маалымат алынган.

Мындан тышкары, инвентаризациялоонун жүрүшүндө цехтерге №801 борбордук кампаны айланып өткөн товарлар, тактап айтканда, өлчөмү

50*50*4,0, көлөмү 600 м2 болгон МАК торчолору келип түшкөндүгү аныкталган, алар бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча жана кабыл алуу актысы боюнча №801 борбордук кампага 2023-жылдын 26-сентябрында келип түшкөн, бирок инвентаризациялоо учурунда МАК торчосу борборлоштурулган ремонттоо цехинен табылган жана борбордук кампадан өткөрүп берүү кагаздары жүргүзүлгөн эмес.

Жогоруда аталган фактылар кампалардын ишине жооптуу материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмү тарабынан тийиштүү көзөмөлдүн жоктугун көрсөтөт.

**Сунуштама:**

-Бишкек ЖЭБинде 2 242,8 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкчасын эсепке алуу иш-чаралары жүргүзүлсүн, 3975,8 миң сом суммасындагы жетишсиздик, күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин.

- Материалдык жооптуу адамдар тарабынан материалдык отчетторду Бишкек ЖЭБинин 2019-жылдын 28-февралындагы №34 буйругу менен бекитилген "Товардык материалдык баалууктарды каттоо жана эсепке алууну чагылдыруу жөнүндө" жободо көрсөтүлгөн мөөнөттө тапшыруусу камсыздалынсын.

- Материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмү тарабынан товардык материалдык баалууктарды каттоо жана эсепке алуу боюнча тийиштүү көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн (МТКБ) жобосуна жана кызматтык нускамаларга ылайык жүктөлгөн негизги функциялар аткарылган эмес, атап айтканда, аудитке 2022-жылга сатып алуулардын жылдык планы, келишимдер жана алардын аткарылышы боюнча мезгилдүү, жыйынтыкталган отчеттор, кампаларда өтүмсүз жана ашыкча товардык материалдык баалууктарды түзүү жөнүндө маалыматтар, 2021-2022-жылдар үчүн жөнөтүүчүлөр менен доо иштери жөнүндө маалымат берилген эмес.

МТКБнын иши иш жүзүндө товарларды жеткирүүгө, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө келишимдерди түзүү, товарларды кабыл алуу жана жөнөтүүчүлөргө баруу менен чектелген. Бөлүмдүн ишине көзөмөлдүн жоктугунун натыйжасында МТКБ товардык материалдык баалууктардын кыймылын тийиштүү түрдө эсепке алуу жана көзөмөлдөө жүргүзүлбөйт.

**Сунуштама:**

- Мындан ары кызматкерлер материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн жобосунун жана кызматтык нускамалардын алкагында жүктөлгөн функциялардын аткарылышы катуу көзөмөлгө алынсын.

- Бишкек жылуулук энергия борбору филиалынын материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн кызматкерлерин жоопкерчиликке тартуу жана бөлүмдүн жетекчилигинин ээлеген кызмат ордуна ылайыктуулугу каралып, тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин 2023-жылдын 08-августундагы №692 буйругуна ылайык, инвентаризациялоонун жүрүшүндө, ЖЭБдин аймагында жайгашкан негизги имараттар жана курулмалар каралып чыккан, анда балансташы имараттардан жана курулмалардан тышкары ар кандай типтеги конструкциялардын (жеңил/капиталдык) курулмалары бар экендиги аныкталган. Бухгалтердик кызматтын жана ККБнүн маалыматына ылайык, ЖЭБдин балансында эсепке алынбаган негизги каражаттардын саны 83 (сексен үч) бирдикти түзөт жана аталган имараттар 2014-жылдын 10-февралында инвентаризациялоонун жүрүшүндө аныкталган. Ушуга байланыштуу, “Бишкекбашкыархитектура” муниципалдык ишканасына жазуу жүзүндө кайрылуу жөнөтүлгөн, анда негизги каражаттарга эсептелбеген объекттерди киргизүү үчүн объекттердин ар бирине долбоорлорду иштеп чыгуу жана аларды пайдаланууга берүү процесси зарыл экендиги аныкталган, бирок көрсөтүлгөн иш-чаралар ушул убакка чейин аткарылган эмес. Көрсөтүлгөн негизги каражаттарды балансқа кабыл алуу максатында 2023-жылдын 15-майындагы №Д-17-81/426 келишимдин негизинде активдердин базар наркын баалоо түзүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча баалоочу жеке ишкер К. К. Эргешов тарабынан негизги каражаттардын 83 бирдигинин базар наркы 76 400,1 миң сом суммасында аныкталган.

Мындан тышкары, аталган маселени талдоо учурунда ЖЭБ тарабынан көрсөтүлгөн тизмедеги үч имарат боюнча жалпы суммасы 133,4 миң сомго оңдоо иштери жүргүзүлгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама:**

- Негизги каражаттарга киргизүү үчүн объекттердин ар бирине долбоорлорду иштеп чыгуу жана аларды пайдаланууга берүү процесси боюнча иш-чаралар аткарылсын жана укук белгилөөчү документтери тариздедсин.

- Эсепке алынбаган 83 бирдик санындагы имараттарды жана курулмаларды бааланган наркы менен балансттык эсепке алуу камсыз кылынсын.

- Мындан ары эсепке алынбаган негизги каражаттарды оңдоого каражаттарды сарптоого жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:** Ижара мамилелерине аудит жүргүзүүдө Бишкек ЖЭБинин аймагында “Средазэнергомонтаж” ААКсынын монтаждоо башкармалыгы өзүнүн ишмердигин жүзөгө ашырып жаткандыгы белгилүү болду, ал 2020-жылдын 08-июлундагы №Д-17-8.3/399 ижара келишими боюнча аянты 5 083 кв.м өндүрүштүк максаттар үчүн жер участогун ижарага алып келет жана айына 70,7 миң сом төлөнөт. Маалыматка ылайык, аталган коом жылуулук механикалык жабдууларын монтаждоо, оңдоо жана тейлөө менен алектенет. Бирок Бишкек ЖЭБинин аймагын карап чыгуу учурунда ижарага алынган жер участогунда Бишкек ЖЭБдин балансында жок имараттар жана курулмалар бар экендиги аныкталган. Бул фактыны тактоо максатында аудит тарабынан аталган имараттардын жана курулмалардын

укук белгилөөчү документтери жөнүндө маалыматтар суралган. Аталган документтерди изилдөөнүн жүрүшүндө “8 - бөлүм эсебинен каржыланган жыйынды сметалык-финансылык эсептөөлөрдүн убактылуу курулмаларын курулуш уюмдарынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө” ССРСдин Энергетика жана электрификация министрлигинин 1991-жылдын 03-июлундагы №184 буйругуна ылайык “Союздук республикалардын энергетика жана электрофикация өндүрүштүк бирикмелерине, аймактык энергетикалык бирикмелерге, Энергетика жана электрофикация министрлигинин өндүрүштүк бирикмелерине, Украина ССРинин, Казак ССРинин жана Өзбек ССРинин энергетика жана электрофикация министрликтерине белгиленген тартипте жыйынды сметалык-финансылык эсептөөлөрдүн 8 бөлүмүнүн эсебинен курулган объектилерди башкы подряддык жана субподряддык уюмдардын балансына өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу тапшырылган. Подряддык жана субподряддык уюмдар ар бир объект боюнча макулдашылган чечимдерди даярдоосу, 1991-жылдын 01-январынын абалы боюнча аталган имараттарды жана курулмаларды баланстан балансĸа өткөрүү актыларын тариздөө жана аларды министрликтин жетекчилиги менен бекитүүсү буйрулган.

Аудит тарабынан белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк комитетинин жазган 1991-жылдын 10-декабрындагы №481 катына ылайык “Средазэнергомонтаж” трестинин Кыргыз монтаждык башкармалыгынын мүлктүк комплекси Кыргыз Республикасынын менчиги болуп саналат, Кыргыз монтаждык башкармалыгына юридикалык жактын укугу берилген жана “Средазэнергомонтаж” трестине Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчик объектин башкаруу жана тескөө укугу берилген.

Бирок, “Средазэнергомонтаж” Кыргыз монтаждык башкармалыгынын башчысы М.Х. Гейлердин 1991-жылдын 27-декабрындагы №429, Кыргызэнергонун генералдык директору Ж.Т. Тулебердиевдин дарегине жазган катына ылайык, Кыргыз монтаждык башкармалыгынын жыйынды сметалык-финансылык эсептөөлөрдүн 8 бөлүмүнүн эсебинен курулган имараттарды жана курулмаларды алардын наркын төлөө менен өткөрүп берүүгө уруксат берүү суралган. Ошондой эле 1991-жылдын 27-декабрындагы №430 каты менен Бишкек ЖЭБинин директору Л.А. Васильевдин дарегине Кыргызэнерго жетекчилиги менен макулдашуу боюнча жыйынды сметалык-финансылык эсептөөлөрдүн 8 бөлүмүнүн эсебинен курулган имараттарды 1992-жылдын 01-январына карата калдык баланстык наркын төлөө менен Кыргыз монтаждык башкармалыгына өткөрүп берүү суралган, анда жогоруда аталган жетекчилер тарабынан көрсөтүлгөн имараттарды жана курулмаларды сатуу бекитилген. Бишкек шаарынын ЖЭБнин директору тарабынан бекитилген актыга жана 1991-жылдын 27-декабрындагы №257 төлөм тапшырмасына ылайык өткөрүлүп берилген мүлктүн калдык наркынын суммасы 154 821 рублди түзгөн.

Аудит, СССРдин Энергетика жана электрофикация министрлигинин буйругунун 1991-жылдын 03-июлунун №184 "Өткөрүп берүүнү карап чыгуу жөнүндөгү; 1991-жылдын 01-январына карата түзүлгөн актыларды баланстан баланска өткөрүү жана аларды Министрликтин жетекчилиги менен бекитүү жөнүндөгү" талаптарынын аткарылышы жөнүндө маалымат аудитке берилген эмес. Ошондой эле "Средазэнергомонтаж" Кыргыз монтаждоо башкармалыгынын жетекчисинин каты ССРСдин Энергетика жана электрофикация министрлигинин 1991-жылдын 03-июлунун №184 буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк комитетинин 1991-жылдын 10-декабрынын №481 катынын талаптарын эске албастан жөнөтүлгөн.

**Сунуштама:** Ар тараптуу иликтөө максатында Бишкек ЖЭБинин аймагында жайгашкан "Средазэнергомонтаж" ААКсынын монтаждоо башкармалыгы ээлеп турган имараттардын жана курулмалардын жеке жакка өтүп кеткендиги боюнча материалдар укуктук баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин өндүрүштүк процессин талдоонун жүрүшүндө өндүрүш техникалык бөлүмүнүн (ӨТБ) отчеттук маалыматтарына ылайык 2021-жылы 14 133 269 м3 көлөмүндө тармактык толтуруучу суусу химиялык иштетүүгө дуушарланган (подвержено), ошол эле учурда химиялык цехтин маалыматтары боюнча 2021-жылы 14 433 850 м3 көлөмүндө толтуруучу суусу иштетилген, мында ӨТБнын жана химиялык цехтин маалыматтарынын ортосундагы айырма 303 466,8 м3 же 640,7 миң сомду түзгөн. Ошо сыяктуу эле, 2022-жылы ӨТБ жана химиялык цехтин маалыматтарынын айырмасы 69 021 м3, же 183,2 миң сомду түзгөн. Ошентип, ӨТБ тарабынан жетишсиз көзөмөлдүн натыйжасында химиялык цех **823,9 миң сомго** толтуруучу суусу ашыкча иштелип чыккан, же аталган суммага Бишкек ЖЭБи тарабынан өндүрүлүп чыккан продукциянын өздүк наркы жогорулатылган.

**Сунуштама:** Иштелип чыккан толтуруучу суунун өздүк наркын көбөйүшүнө жол бербөө максатында, мындан ары толтуруучу суунун химиялык цехтен иштетүү үчүн талап кылынган көлөмү боюнча Бишкек ЖЭБин өндүрүштүк-техникалык бөлүм тарабынан көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБидеги буу казан агрегаттарынын ишинин технологиялык процессин талдоонун жүрүшүндө ӨТБ тарабынан аудитке от казандарда отун пайдалануунун натыйжалуулугу жана алардын пайдалуу аракет коэффициенти жөнүндө маалыматтар берилген, анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Энергетика боюнча мамлекеттик агенттиктин Аткаруу кеңешинин 1997-жылдын 27-ноябрындагы № 371 токтомуна ылайык "Жылуулук электр борборлорунда электр жана жылуулук энергиясын айкалыштырып иштеп чыгарууда отун чыгымдарын пропорциялуу бөлүштүрүү" методикасы бекитилген, анда көрсөтүлгөн методика боюнча эсептөө учурунда от казан агрегаттарынын пайдалуу аракет коэффициенти 89,7% түзгөн, шарттуу отунду (*условное*

*топливо*) (көмүр, газ, мазут) чыгымдоо ченеми 2021-жылы 1 050,042 миң тонна шарттуу отунду түзгөн, иш жүзүндө салыштырма чыгымдалышы 1 063,130 миң тонна шарттуу отунду түзгөн. 1 тонна шарттуу отундун наркы 2021-жылы 5 048,77 сомду түзгөн, же ашыкча чыгым 13,087 миң тонна шарттуу отун же 66 073,3 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле 2022-жылы казан агрегаттарынын жалпы ченемдик эффективдүүлүгү 90% түзгөн, шарттуу отунду чыгымдоо ченеми 948,831 миң тонна, иш жүзүндө салыштырма чыгымы 966,560 миң тонна шарттуу отунду түзгөн. 1 тонна шарттуу отундун наркы 2022-жылы 5 796,7 сомду түзгөн. Ашыкча чыгым 17,729 миң тонна шарттуу отунду же 102 769,7 миң сомду түзгөн. Жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында **168 843,0 миң сом** ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама:** Шарттуу отундун (условное топливо) сарпталышын үнөмдөө, от казандардын заводдук параметрлерине ылайык келтирүү, андан ары алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, иштеги жабдуулардын санын азайтуу жана электр энергиясынын чыгымдарын өз керектөөлөрүнө кыскартуу максатында, аба жылыткычтарды, суу экономайзерлерин алмаштыруу жана буу казандарга уюшулбаган муздак абанын соргучтарын четтетүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуусу сунушталат, анын натыйжасында жылуулук энергиясын өздүк наркын төмөндөтүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги эске алынсын.

**Аныкталды:** Көмүр продукциясын жеткирүүгө типтүү келишимдеги көмүрдүн сапатына болгон башка талаптардан сырткары №3-тиркемесинде таш көмүрдүн жалпы партиясындагы тектин (таш, кум ж.б.) камтылышы 2,5%дан көп эмес болушу жөнүндө талап белгиленген. Ошентип, жеткирүүчүлөрдөн келген товар партияларынын сапатына, анын ичинен 2021-жылы жергиликтүү көмүр ташуучуларынын товардын сапаты боюнча арзандатуу (скидка) 22 072,1 миң сомду же 160 830,3 тоннаны түзгөн (көмүрдүн нымдуулугу, күлдүүлүгү, калория мазмуну, курамында таш, кум ж.б. болушу). Ал эми 2022-жылы товардын сапаты боюнча арзандатуу бардыгы болуп 30 423,1 миң сомду же 271 887,35 тоннаны түздү, анын ичинде импорттук көмүр боюнча 8 903,89 АКШ доллары (Улуттук банктын ноябрь айына карата курсу боюнча 84,3 сом) же 750,6 миң сом, же 9 029,05 тонна жана жергиликтүү көмүр боюнча 29 672,5 миң сом же 262 858,3 тонна. Аталган көмүр арзандатылган же нөлдүк наркы боюнча аудиттелген мезгил ичинде Бишкек ЖЭБинин көмүр кампасына түшүрүлгөн.

Бирок, аудиттелген мезгилде от казандарды жана күл-суу түтүктөрүн жана башка жабдууларды оңдоого сапатсыз көмүр себебинен олуттуу каражаттар сарпталаарын, тактап айтканда 2021-жылы от казандарды, морлорун, очок каналдарын, электр фильтрлерин ж.б. оңдоого бардыгы 6 317,6 миң сом сарпталганын, ошондой эле буу казандар үчүн отунду, тактап айтканда 16 244,9 миң сом суммасында жаратылыш газын колдонгонун белгилейт. 2021-жылы бардыгы болуп чыгымдар 22 462,5 миң сомду түзгөн, же сапатсыз көмүр үчүн жеңилдиктер боюнча алынган суммадан 490,4 миң

сомго көп. Ошондой эле 2022-жылы казандарды, тегирмен жабдууларын, морлорун, очок каналдарын, электрофильтрлерди ж.б. оңдоого бардыгы 30 827,2 миң сом сарпталган, ошондой эле 48 387,4 миң сом суммасында кошумча отун, тактап айтканда жаратылыш газы колдонулган. 2022-жылы бардыгы болуп чыгымдар 79 214,6 миң сомду түзгөн, же сапатсыз көмүр үчүн жеңилдиктер боюнча алынган суммадан 48 791,5 миң сомго көп.

**Корутунду:** Бишкек ЖЭБинде сапатсыз көмүрдү пайдалануунун натыйжасында казандарды, агрегаттарды жана күл-суу түтүктөрдү оңдоого жана тейлөөгө дуушар болгон. Аудит мезгилинде аталган иштерге **101 677,1 миң сом** сарпталган, ошону менен бирге өндүрүлгөн продукциянын өздүк наркы көрсөтүлгөн суммага көбөйтүлгөн.

**Сунуштама:**

**-**Көмүр продукциясын жеткирүүгө типтүү келишимдин шарттарын кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгү каралсын, тактап айтканда, №3-тиркемесиндеги таш көмүрдүн жалпы партиясындагы 2,5%дан көп эмес тектин камтылышы жөнүндө пунктун алып салуу.

- Жөнөтүүчүлөр тарабынан товардын сапаты боюнча келишимдин шарттарынын аткарылышына көзөмөлдөө күчөтүлсүн, ошондой эле Бишкек ЖЭБинин кампасына сапаттык мүнөздөмөлөрү боюнча ылайык келбеген көмүрдү түшүрүүгө жол берилбесин.

- Келишимде товардын алдын ала белгиленген сапатына аккредиттелген лабораториянын корутундусунун болушу жөнүндө талап киргизилсин.

- Бишкек ЖЭБинин коопсуздугу үчүн сапатсыз көмүрлөрдүн кабыл алынышы боюнча юридикалык баа берилсин жана тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** 2021-жылы Бишкек ЖЭБде 5 келишим боюнча 20 650 м3 көлөмүндө 213,9 миң сомго күл сатылган. Ал эми 2022-жылы 5 келишим боюнча 89 800 м3 көлөмүндө 1 121,7 миң сомго күл сатылган.

Бирок, аудит учурунда Бишкек ЖЭБи тарабынан жыл сайын оңдоого, күл түтүктөрүн жана күл калдыктарын (карталарды) тейлөөгө, көмүүгө кеткен чыгымдарга, ошондой эле жер салыгы боюнча чыгымдарга олуттуу каражаттар сарпталары аныкталган.

Бул маселени текшерүүнүн жүрүшүндө күлдүн наркын эсептөө боюнча ченемдин жоктугуна байланыштуу аудитке 1 тонна күлдүн өздүк наркынын шарттуу эсеби сунушталган, анда жогоруда аталган туруктуу чыгымдарды жана 15% рентабелдүүлүктү эске алуу менен 1 тонна күлдүн эсептик наркы 2021-жылы - 44,01 сомду, ал эми 2022-жылы 182,23 сомду түзгөн. Ошентип, 2021-жылы сатылган күлдү эсептөөдө, мында 20650 м3 күл орточо тыгыздыгы 1,5 г/см3 болсо, 30 975 тоннаны түзөт, сатуу наркы менен эсептик нарктын ортосундагы айырма 1149,3 миң сомду түзөт. Ошондой эле 2022-жылы 89800 м3 күл сатылган, тыгыздыгы 1,5 г/см3 болсо, бул көлөм 134 700 тоннаны түзөт, сатуу наркынын ортосундагы айырма 23 424,6 миң сом. Жалпы айырмачылык **24 573,9 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

**-** Мындан ары күлшлак аралашмасын сатууга келишим түзүүдө күлшлак түтүктөрүн жана күлшак калдыктарын кармоого жана оңдоого кеткен чыгымдар эске алынсын.

-Операциялык кирешени көбөйтүү максатында күлшлак аралашмасын кайра иштетилген чийки зат катары колдонуунун эл аралык тажрыйбасын изилдөө жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** 2021-жыл үчүн Бишкек ЖЭБинин иштетип чыккан товардык продукциясынын өздүк наркын жогорулатуунун эсептик суммасы **643 688,6 миң сомду түздү**, анын ичинде: электр энергиясы – 296 977,2 миң сом же 5,04%га; жылуулук энергиясы – 346 070,7 миң сом же 15,54%га; толтуруучу суу - 670,7 миң сом же 0,26%га. Ошентип, 1 кВт саат электр энергиясынын иш жүзүндөгү өздүк наркы 3,03 сомду түзгөн, же 0,16 сомго жогорулатылган; 1гкал жылуулук энергиясы 933,72 сом, же 171,78 сомго ашыкча көрсөтүлгөн жана 1 тонна толтуруучу суу 17,94 сом, же 0,05 сомго ашыкча көрсөтүлгөн.

Ошондой эле 2022-жыл үчүн өздүк наркты жогорулатуунун эсептик суммасы **635 946,9 миң сомду** түзгөн, анын ичинде: электр энергиясы – 336 425,5 миң сом же 5,79%га; жылуулук энергиясы – 299 338,2 миң сом же 11,27%га; толтуруучу суусу-183,1 миң сом же 0,06%га. Ошентип, 1 кВт саат электр энергиясынын иш жүзүндөгү өздүк наркы 3,34 сомду түзгөн же 0,20 сомго жогорулатылган; 1гкал жылуулук энергиясы 1 208,36 сом же 153,54 сомго ашыкча көрсөтүлгөн жана 1 тонна толтуруучу суу 18,27 сом же 0,01 сомго ашыкча көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:** Бишкек ЖЭБи үчүн товардык продукциянын өздүк наркын аныктоо боюнча ченемдик базаны иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү каралсын, товардык продукциянын өздүк наркын азайтуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "2018-2022-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө (үчүнчү этап)" токтомуна ылайык накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча талаптары сакталбай келет. Кассалык операциялардын накталай акча каражаттардын жүгүртүлүшү 2021-жылы - 14 597,5 миң сомду, ал эми 2022-жылы 3 982,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** Кассалык операцияларды жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "2018-2022-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө (үчүнчү этап)" токтомуна ылайык накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча талаптарынын чегинде жүзөгө ашырылсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин бухгалтердик жана юридикалык кызматынын берилген маалыматтарына ылайык, 2021-жылдын 31-декабрына карата мөөнөтү үч жылдан ашкан 35 субъект боюнча 37 160,9 миң сомго дебитордук карыз болгон, анын ичинен аудитке берилген маалыматка ылайык 4 субъект боюнча 1 895,9 миң сом суммасында чаралар көрүлгөн. Ал эми 2022-жылдын 31-декабрына карата 38 субъект боюнча мөөнөтү үч жылдан ашкан 37 850,3 миң сомдук дебитордук карыз болгон, анын ичинен аудитке берилген маалыматка ылайык 19 субъект боюнча 33 642,8 миң сомго чаралар көрүлгөн. 2021-жылы 31 субъект боюнча 35 265,0 миң сомго, ошондой эле 2022-жылы 4 207,5 миң сомго 7 субъект боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат аудитке берилген эмес.

**Сунуштама:** Мөөнөтү үч жылдан (доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткен) ашкан дебитордук карызды өндүрүү боюнча толук чаралар көрүлсүн, анын ичинде 2021-жылга карата 31 дебитор боюнча 35 265,0 миң сомго, ошондой эле 2022-жылга карата 7 дебитор боюнча 4 207,5 миң сомго.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин бухгалтердик кызматынын берилген маалыматтарына ылайык, 2021-жылдын 31-декабрына карата мөөнөтү үч жылдан ашкан 16 субъект боюнча жалпы суммасы 41 144,1 миң сомго кредитордук карыз катталган, анын ичинен аудитке берилген маалыматка ылайык 7 субъект боюнча 40 737,6 миң сом суммасында чаралар көрүлгөн. Ал эми 2022-жылдын 31-декабрына карата мөөнөтү үч жылдан ашкан 19 субъект боюнча 11 379,9 миң сомго кредитордук карыз болгон (маалыматтар тиркелет), анын ичинен аудитке берилген маалыматка ылайык 8 субъект боюнча 11 006,6 миң сом суммасында чаралар көрүлгөн. 2021-жылы 9 субъект боюнча 406,5 миң сом суммасында, ошондой эле 11 субъект боюнча 2022-жылы 373,3 миң сом суммасында көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат аудитке берилген эмес, буга байланыштуу Бишкек ЖЭБи боюнча жарандык мыйзамдарда белгиленген доонун эскириши мөөнөтү өтүп кеткен кредитордук карызды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча” нускаманын негизинде ишкананын кирешесине киргизүү боюнча чараларды көрүү зарыл.

**Сунуштама:** Жарандык мыйзамдарда белгиленген доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткен 2021-жылга 9 субъект боюнча 406,5 миң сомго, ошондой эле 2022-жылга 11 субъект боюнча 373,3 миң сомго кредитордук карызды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча” нускаманын негизинде ишкананын кирешесине киргизүү боюнча иш чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** 2021-2022-жылдарга Бишкек ЖЭБинин эсептелген эмгек акысына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө кызматкерлерге дем алыш жана майрам күндөрү мөөнөтүнөн ашык иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр эсептелгендиги аныкталган, мында эсептөө суммасы 2021-жылы 21 008,2 миң сом жана Социалдык фондго төлөм 3 623,9 миң сомду түзгөн, 2022-жылы 19 962,3 миң сом жана Социалдык фондго төлөм 3 443,5 миң сомду түзгөн. Алсак, бөлүмдөрдүн, цехтердин жана башка өндүрүштүк участоктордун жетекчилеринин кызматтык каттарына ылайык, дем алыш жана майрам күндөрү айрым кызматкерлерди ишке тартууга ар кандай өндүрүштүк зарылдык себеп болгон, анын ичинде: подряддык уюмдарды көзөмөлдөө, күз-кыш мезгилин өтүү, жылуулук жана электр энергиясын иштеп чыгуу боюнча белгиленген режимдердин аткарылышы, авариялык дефекттерди жоюу жана башка. Бирок, көрсөтүлгөн кошумча төлөмдөрдү талдоонун жүрүшүндө, аудит жогоруда аталган жана башка себептер боюнча мөөнөтүнөн ашык иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн иштерди документтик тастыктоосуз, тактап айтканда, буйруктардын алкагында коюлган милдеттерди аткаргандыгын тастыктаган бөлүмдөрдүн деталдаштырылган отчетторусуз жүргүзүлгөндүгүн аныкталган.

**Сунуштама:** Аткарылган иштерди документтик тастыктоосуз, тактап айтканда буйруктардын алкагында коюлган милдеттерди аткаруу жөнүндө бөлүмдөрдүн деталдаштырылган отчетторусуз дем алыш жана майрам күндөрү жумуш убакытынын мөөнөтүнөн ашык иштөө үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун 4-пунктуна ылайык жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү үчүн шарттарды жакшыртуу жана эмгекти коргоо боюнча жүргүзүлгөн комплекстүү уюштуруу-техникалык иш-чараларды эсепке алуу менен жыл сайын кайра каралып турат. Бирок, аудитке берилген маалыматтарга ылайык, электромагниттик нурлануунун жана ызы-чуунун акыркы өлчөөсү санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан 2021-жылдын февралында жүргүзүлгөн, анын жыйынтыктары жобого ылайык, кийинки жылдык өлчөөгө чейин күчүндө болот. Ошентип, зыяндуулук үчүн үстөк эсептөө жогоруда аталган жобонун 4-пунктунун талаптарын эске албастан жалпысы **49 825,3 миң сомго** жүргүзүлгөн, 2021-жылдын январь айына 4 050,0 миң сом суммасында, анын ичинде Социалдык фондго төлөм - 595,8 миң сом, ошондой эле 2022-жылдын 1-мартынан тартып 31-декабрына чейинки мезгилде зыяндуулук үчүн 45 775,3 миң сом суммасында, анын ичинде Социалдык фондго төлөм – 6 734,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** Кызматкерлерге оор жумуштар жана зыяндуулугу үчүн үстөктөрдү төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун жана өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, коркунучтуу жана башка өзгөчө эмгек шарттары бар жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмесинин талаптарын так сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды:** “Электр станциялары” ААКсынын Башкы дирекциясынын 2016-жылдын 10-майындагы №14 токтомуна ылайык 500,0 миң сом чектелген суммадан жогору сатып алуулар “Электр станциялары” ААКсынын сатып алуулар бөлүмү тарабынан борборлоштурулуп жүргүзүлөт. Ошол эле учурда Бишкек ЖЭБи жүргүзүп жаткан сатып алуулардын арасында чектелген суммадан ашкан сатып алуулар бар экендиги белгиленет, алар, адистердин түшүндүрмөлөрү боюнча “Электр станциялары”ААКсынын сатып алуу бөлүмү менен макулдашуу боюнча жүргүзүлгөн.

2003-жылдын 25-апрелиндеги №6/3 “Электр станциялары” ААКсынын башкы дирекциясынын токтому менен бекитилген “Келишимдерди түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө” жобонун 2-бөлүмүнүн 2.7-пунктуна ылайык Бишкек ЖЭБи филиалына “Электр станциялары” ААКсынын атынан жылына бир жолу чыгымдардын ар бир беренеси боюнча 500,0 миң сомдон ашпаган суммага өз алдынча келишим түзүүгө укук берилген. Бирок, филиал тарабынан 2021-2022-жылдарда суммасы 500,0 миң сомдон ашкан 26 конкурс өткөрүлгөн, жалпы суммасы 141 718,8 миң сомду түзгөн. Сатып алууларды жүргүзүү жана келишимдерди түзүү үчүн негиз катары аудитке “Электр станциялары” ААКсынын 2018-жылдын 25-апрелиндеги №231 буйругунун көчүрмөсү берилген, анда филиалдар келишимдин суммасына карабастан сатып алуулардын бир нече түрү боюнча өз алдынча келишим түзө алары белгиленген. Бул учурда, аудит буйруктун 1.1 жана 2-пункттары, азыркы учурга чейин колдонулуп жаткан “Электр станциялары” ААКсынын 2003-жылдын 25-апрелиндеги №6/3 токтомунун талаптарына дал келбестигин белгилейт.

**Корутунду:** 2003-жылдын 25-апрелиндеги №6/3 “Электр станциялары” ААКсынын башкы дирекциясынын токтому менен бекитилген “Келишимдерди түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө” жобонун (киргизилген өзгөртүүлөрү менен) 2-бөлүмүнүн 2.7-пунктуна ылайык Бишкек ЖЭБи “Электр станциялары” ААКсынын атынан жылына бир жолу чыгымдардын ар бир статьясы боюнча 500,0 миң сомдон ашпаган суммага өз алдынча келишим түзүүгө укук берилген. Бирок, Бишкек ЖЭБи тарабынан 2021-2022-жылдарда “Электр станциялары” ААКсынын 2018-жылдын 25-апрелиндеги, №231 буйругунун негизинде суммасы 500,0 миң сомдон ашкан 26 конкурс өткөрүлгөн, жалпы суммасы **141 718,8 миң сомду** түзгөн. “Электр станциялары” ААКсынын 2018-жылдын 25-апрелиндеги, №231 буйругу

“Электр станциялары” ААКсынын башкы дирекциясынын 2003-жылдын 25-апрелиндеги №6/3 токтомунун талаптарына карама-каршы чыгарылган.

**Сунуштама:** Сатып алуулар “Электр станциялары” ААКсынын генералдык дирекциясы тарабынан бекитилген 2003-жылдын 25-апрелиндеги №6/3 токтому менен бекитилген “Келишимдерди түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө” жобого ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Материалдык-техникалык жабдуу бөлүмүнүн ишин көзөмөлдөө боюнча жетишсиз иштин натыйжасында аудитке 2022-жылга сатып алуулар планы берилген эмес. 2021-2022-жылдар аралыгында Бишкек ЖЭБи “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (2015-жылдын 03-апрелиндеги №72 редакциясында) 21-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 20-пунктунун талаптарына ылайык келбестен сатып алуу жол-жоболорун бузуу менен 12 сатып алуу жүргүзүлгөн, бардыгы болуп 12 861,3 миң сом суммасында. Ошондой эле, келишимди түз түзүү ыкмасы менен 12 сатып алууда бардыгы болуп 4 690,8 миң сом суммасында “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (2015-жылдын 03-апрелиндеги №72 редакциясында) 21-беренесинин талаптарына ылайык келишимдерди түзүү алдында мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесине (2015-жылдын 03-апрелиндеги №72 редакциясында) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 20-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун бузуу менен 2021-2022-жылдар аралыгында 12 861,3 миң сомго 12 сатып алуу жүргүзүүгө жана “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин талаптарын сактабастан мониторинг жүргүзүлбөстөн келишимдерди түзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин бухгалтердик эсеби 1С “Ишкана” программасынын 2 өзүнчө базасында жүргүзүлөт. Касса, банк жана материалдык отчеттуулук боюнча эсепке алуу 8.3 нускасында, эмгек акы эсеп жана төлөө 7.7 нускасында.

Эмгек акы боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук 1С “Ишкана” программасы 7.7 нускасында жүргүзүлөт. Эсептөө китебинин маалыматтары 1С программасынын 7.7 нускасынан 8.3 нускасына кол менен киргизилет, буга байланыштуу бухгалтердик эсептин маалыматтарынын бурмаланышы жана анык эместик тобокелдиктери келип чыгышы мүмкүн.

**Сунуштама:** Бухгалтердик эсептин маалыматтарын бурмалоо жана анык эместик тобокелдиктерин жоюу максатында Бухгалтердик эсепти 1С-“Ишкана” программанын бирдиктүү маалымат базасына келтирүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Электр станциялары” ААКсы тарабынан өткөрүлгөн жумуштарды сатып алуу боюнча бардык сатып алуулар жөнүндө документтердин талаптарында подрядчыларга жумуштарды баалоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (мындан ары – Мамкурулуш) 2016-жылдын 18-майындагы № 4-уча буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөр менен жүргүзүлөрү тууралуу талап коюлбаган. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган курулуш-куроону, реконструкциялоону, капиталдык оңдоону жүзөгө ашыруучу бардык уюмдар жана ишканалар тарабынан сметалык эсептөөлөр, аткарылган жумуштардын актыларын түзүү усулдук көрсөтмөлөргө ылайык жүргүзүлүүсү милдеттендирилген. Ошого карбастан Подрядчылардын сатып алуулар табыштамалары келишим баада берилген жана жумушту аткаруу келишимдери базар баасында түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Курулуш-куроо, реконструкциялоо, капиталдык оңдоо жумуштарды сатып алуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-уча буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдүн талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштардын объектилеринде кээ бир жумуштар боюнча көрүлбөй калуучу жумуштардын (скрытые работы) актылары түзүлбөгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 10-июлундагы № 14-уча буйругу менен бекитилген “Курулуш өндүрүшүн уюштуруу” КР КЧ 12-02:2018 (норма) ылайык жумуштардын аткаруу иш кагаздары тариздделбеген.

**Сунуштама:** Мындан ары жумуштарды аткаруу иш кагаздары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 10-июлундагы № 14-уча буйругу менен бекитилген “Курулуш өндүрүшүн уюштуруу” КР КЧ 12-02:2018 тартибине ылайык тариздделсин.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин 8 АБ конвейердик галереясына өрт сигнализациясын жана өрт өчүрүү системасын орнотуу объектиси боюнча "УДА инжиниринг" ЖЧКсы жумуштарды жарым жартылай аткарып (24,3 %) келишимде каралган иштин калган көлөмү аткарылган эмес.

2019-жылдын 14-ноябрындагы №Д-19-8.4/755 келишимдин 3.3 пунктуна ылайык жумуштарды өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн подрядчы "УДА инжиниринг" ЖЧКсына айып пул салынышы керек эле. Аудит учурунда 2023-жылдын 10-ноябрына карата саналган айып пул эсептөөлөргө ылайык **258,2 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

- 2019-жылдын 14-ноябрындагы №Д-19-8.4/755 келишимдин 3.3 пунктуна ылайык жумуштарды өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн подрядчы "УДА инжиниринг" ЖЧКсынан эсептөөлөргө ылайык 258,2 сом өлчөмүндө айып пул берүү боюнча маселеси каралсын.
- Бишкек ЖЭБи Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун 4)-пунктчасына ылайык "УДА инжиниринг" ЖЧКсы түзүлгөн контракттар боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгына байланыштуу ак ниет эмес берүүчүлөрдүн маалыматтар базасына киргизүү демилгеленсин.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек шаарындагы ЖЭБ 14 (2 этап) жаңы күл жана шлак төгүүчү картасын куруу объектиси боюнча "Гидроэнергострой" ЖАКы жумуштарды жарым жартылай аткарып (68,0%) келишимде каралган иштин калган көлөмү аткарылган эмес.

Келишимдин өзгөчө шарттары бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй жана 2020-жылдын 15-сентябрындагы Д-19-8.4/553 келишимдин 3.3 пунктуна ылайык жумуштарды өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн подрядчы "Гидроэнергострой" ЖАКына айып пул салынышы керек эле. Аудит учурунда 2023-жылдын 10-ноябрына карата саналган айып пул эсептөөлөргө ылайык **2 756,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун 4)-пунктчасына ылайык "Гидроэнергострой" ЖАКы түзүлгөн келишимдер боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгына байланыштуу ак ниет эмес берүүчүлөрдүн маалыматтар базасына киргизүү демилгеленсин.
- 2020-жылдын 15-сентябрындагы Д-19-8.4/553 келишимдин 3.3-пунктуна ылайык жумуштарды өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн подрядчы "Гидроэнергострой" ЖАКынан эсептөөлөргө ылайык 2 756,5 миң сом өлчөмүндө айып пул берүүсү боюнча маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** "Союзэлектроавтоматика" ЖАКы тарабынан сатылып алынган жабдуулардын долбоорунун көпчүлүк бөлүгү, жабдууларды өндүрүүчү ишкана (завод изготовитель) тарабынан иштелип чыккан (интернеттеги жайгаштырган маалыматка ылайык) даяр схемаларын

эле пайдалангандыгын эске алуу менен, Тапшырыкчы-ЖЭБи тарабынан “Союзэлектроавтоматика” ЖАКынан жабдууларды сатып алууда алардын долбоорлорунун баасын түшүрүү аракети болгон эмес. Натыйжада “Союзэлектроавтоматика” ЖАКы менен түзүлгөн 3 келишим боюнча **2 480,0 миң сомго** финансы каражаттары рационалдуу эмес пайдаланылган.

**Сунуштама:** Мындан ары жабдууларды сатып алууда долбоордук документтерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 13-декабрындагы дагы № 21-уча буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы имараттардын, курулмалардын жана комплекстердин долбоордук документтеринин курамы, иштеп чыгуу жана бекитүү” КР КЧ 11-03:2018 (норма) тартибине ылайык талаптар коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:** Подрядчы “Максат Инжиниринг” ЖЧКсынын “Бишкек шаарындагы ЖЭБ-2 пик казанынын жер тилкесинин аймагына кирген “Селекция” карьерин тосуу (түзөтүү)” объектиси боюнча аткарылган жумуштардын кабыл алуу актыларынан **424,1 миң сомдук** жумуштардын ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Максат Инжиниринг” ЖЧКсынан аныкталган 424,1 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмүнө өз ара салыштыруу актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Подрядчы “Антенор” ЖЧКсынын “Бишкек Жылуулук электр борборуна орнотулушу менен ВПЗ 20/9 компрессорун сатып алуу” объектиси боюнча аткарылган жумуштардын кабыл алуу актыларынан **82,6 миң сомдук** жумуштардын ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Антенор” ЖЧКсынан аныкталган 82,6 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмүнө өз ара салыштыруу актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Подрядчы “Антенор” ЖЧКсынын лицензиясында Технологиялык жабдууларды монтаждоо боюнча жумуштарды аткаруу каралбаган. 2001-жылдын 31-майындагы № 260 токтому менен бекитилген “Ишкерликтин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” жобонун 24-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тизмесине ылайык *Технологиялык жабдууларды монтаждоо* лицензиялануучу иштин түрүнө кирет.

**Сунуштама:** Мындан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” жобонун 32-бөлүмүнүн 223-пунктунун 4) пунктчасына ылайык *Технологиялык жабдууларды монтаждоо* жумуштары боюнча лицензиясы бар ишканалар менен жумуш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкек ЖЭБинин цехтеринин негизги жана көмөкчү жабдууларына видеокөзөмөл орнотуу объектиси боюнча конкурстук документациясында Тапшырыкчы тараптан долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу жана видео көзөмөлдү орнотууда *Электр менен*

*камсыздоо боюнча иштерди аткаруу* үчүн 2001-жылдын 31-майындагы № 260 токтому менен бекитилген “Ишкерликтин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” жобонун 24-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тизмесине ылайык подрядчылардын тиешелүү лицензиясынын болушу талап кылынган эмес.

**Сунуштама:** Мындан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” жобонун 32-бөлүмүнүн 223-пунктунун 3) пунктчасына ылайык *Электр менен камсыздоо боюнча иштерди аткаруу* жумуштары боюнча лицензиясы бар ишканалар менен жумуш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** “ТЭЦ-2 административдик имаратынын чатырын оңдоо объктиси боюнча подрядчы “Варкентин” ЖЧКсы тарабынан аткарылган жумуштардын кабыл алуу актыларынан **20,8 миң сомдук** жумуштардын ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Варкентин” ЖЧКсынан аныкталган 20,8 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмүнө өз ара салыштыруу актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Подрядчы “АльпМонтаж” ЖЧКсынын БНС-3 корпусунун жумшак чатырын оңдоо объектиси боюнча аткарылган жумуштардын кабыл алуу актыларынан **24,6 миң сомдук** жумуштардын ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “АльпМонтаж” ЖЧКсынан аныкталган 24,6 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмүнө өз ара салыштыруу актысы түзүлүп аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып салынсын.

**Ош жылуулук электр борбору филиалы боюнча (Ош ЖЭБи)**

Аныкталды жана корутунду: **Кыргыз Республикасынын Өнөр-жай энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 5-мартындагы №1/1 буйругу менен бекитилген “Имараттын жылуулук энергиясын керектөөсүн эсептөө боюнча” усулунун негизинде факт жүзүндөгү жылуулукту керектөөсү эсептегичтердин жардамы менен жүргүзүлөт. Эсептегичтердин жоктугуна байланыштуу жылуулуктун керектөөсү эсептешүүнүн негизинде жүргүзүлөт. Аудитке камтылган мезгил аралыгында талап кылынбай калган жылуулук 2021-жылы 17 550,9 Гкал, 2022-жылы 16 177 Гкал, же жалпы суммасы** 87 836,2 миң сомду **түзөт. Жогорудагы жылуулук киреше болбогондуктан жана абоненттер тарабынан төлөнбөй турганына байланыштуу, чындыгында алар жоготуулар болуп эсептелет. Ош ЖЭБи ишканасынын кызматкерлеринин түшүндүрмөсүнө ылайык, абонентердин калк категориясынын жылуу суу колдонуучулардын саны так болбогондуктан жана абоненттердин батирдеги жашоочулардын каттоо жана факт жүзүндөгү саны айырмалагандыктан жылуу суу жана жылуулуктун жоготуулары келип чыккан.**

**Кызыл-Кыя отказандарынын 1 Гкал жылуулук өндүрүүгө шартуу отундун сарпталышынын нормасы 2022-жылы мурунку 2021-жылга салыштырмалуу (269,3-255,7) 13,6 кг/Гкал ашыкча, же жалпысынан** 1 008,4 миң сомдук **362,5 тн көмүрдү түздү. Кызматкерлердин түшүндүрмөсү боюнча 2022-жылы суук катуу болгондуктан жана көмүр сактоочу жай ачык майданда жайгашкандыктан, көмүрдүн нымдуулугу нормадан ашык болуп, сарпталышы да көбөйгөн.**

Сунуштама:

**- Талап кылынбай калган жылуулукту азайтуу максатында бардык жылуулук колдонуучуларга жылуулук эсептегичтерди орнотуу камсыздалынсын.**

**Аныкталды жана корутунду:** Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2022-жылынын 4-ноябрындагы № 204 жана № 205 буйруктарында жылуулук камсыздоо кызматтарынын (услуги теплоснабжения) тарифтери техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү эсептелинбестен бекитилген. Тариф 2021-жылдын көрсөткүчтөрүнө карата 8,44%га көбөйтүлүп берилген.

**Сунуштама:** Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик департаменти тарабынан жылуулук камсыздоо кызматтарынын техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү жыл сайын эсептелинип, алардын негизинде тарифтер бекитилинип берилсин.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренеси жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 токтому менен бекитилген Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин 9-пунктунун талаптарын бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтому менен бекитилген Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинде көрсөтүлбөгөн, энергетиктердин кесиптик майрамына эсептелинген сый акы, 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-мартына чейин эмгек өргүүгө чыккан кызматкерлерге эмгек өргүү төлөмдөрүн эсептөөдө орточо эмгек акынын өлчөмүнө кошулуп эсептелинген. Жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында ашыкча эсептелинип берилген өргүү төлөмү 332,5 миң сомду, Социалдык фондго төлөмдөр 57,3 миң сомду түзгөн.

Сунуштама:

**- Ош ЖЭБинин кызматкерлеринин эмгек өргүү төлөмдөрүн эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы № 642 токтому менен бекитилген Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтому менен бекитилген Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинин талаптарынын негизинде эсептелинсин.**

- **Ош ЖЭБинин кызматкерлеринин эмгек өргүү төлөмдөрүн эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы № 642 токтому менен бекитилген Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтому менен бекитилген Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинин талаптарын сактабастан 332,5 миң сомго өргүү төлөмүн ашыкча эсептелип жана Социалдык фондго 57,3 миң сомго төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.**

**Аныкталды жана корутунду:** Ош ЖЭБи 16,1 га жер тилкесине ээлик кылат, алар Ош шаары Разаков 2а дарегинде жайгашкан Ош ЖЭБинин башкы кеңсеси 155 000 м2, Алай көчөсүндө 438 м2, Масалиев – 1980 м2, Курманжан Датка -130 м2, Ошская – 3195 м2, Карасуйская көчөсүндө 202 м2. Берилген маалыматка ылайык көрсөтүлгөн жер тилкелери баланстык эсебинде жок экендиги аныкталган. Ош ЖЭБи жер тилкелерине ээлиги тиешелүү укук белгилөөчү документтер менен тастыкталган.

**Сунуштама:** Ош ЖЭБи 16,1 га жер тилкелерин көз карандысыз баалоочу тарабынан бааланып, баланстык эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Ош ЖЭБи жылуулук берүүчү түтүктөрүн алмаштыруу иштерин аткарууда подрядчы "Сантехмонтаж" ЖЧКсы тарабынан 162,5 миң сомго курулуш-монтаждоо иштерин ашыкча көрсөтүлгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы "Сантехмонтаж" ЖЧКсынан аныкталган 162,5 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмүнө өз ара салыштыруу актысы түзүлүп ордуна коюлсун.

## Бишкекжылуулуктармагы филиалы боюнча (Бишкекжылуулуктармагы)

**Аныкталды жана корутунду:** Бишкекжылуулуктармагы филиалы тарабынан 2022-жылы Бишкек шаарынын Жылуулук энергия борборунан сатып алынган 1988,0 миң Гкал жылуулук энергиясынын ичинен керектөөчүлөргө сатуудан калган (талап кылынбаган) жылуулук энергиясы 39,47 миң Гкал түзгөн.

Жылуулук энергиясын сатып алуу баасы 1 Гкал үчүн 322,24 сомду (орточо эсеп менен) түзөт, талап кылынбаган жылуулук энергиясы боюнча Филиалдын каражатынын жоготуулары 12 720,43 миң сомду (39,47 миң Гкал* 322,24 сом) түзгөн.

Бишкекжылуулуктармагы филиалы тарабынан 2022-жылы Бишкек шаарынын Жылуулук энергия борборунан сатып алынган 14483,9 миң тонна толтуруучу суунун ичинен керектөөчүлөргө сатуудан калган (талап кылынбаган) толтуруучу суунун чыгымы 4 607,7 миң тоннаны түзгөн.

Талап кылынбаган суунун жоготуулары 28 383,4 миң. сомду (4 607,7 м.т.*6,16 сом) түзгөн.

**Сунуштама:** Талап кылынбаган жылуулуктун жана толтуруучу суунун көлөмүнүн өсүшү коомдун кирешесинин азайышына, коомдун кирешелүүлүгүнүн олуттуу өлчөмдө төмөндөшүнө алып келээрине көңүл бурулсун. Талап кылынбаган жылуулуктун жана толтуруучу суунун көрсөткүчтөрүн азайтуу, коомдун кирешелеринин жоготууларын минималдаштыруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** 2022-жылдын 31-декабрына керектөөчүлөр тарабынан жылуулук энергиясына жана сууга акыларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туумдардын калдыгы 18928,6 миң сом эсептен чыгарылган, анын натыйжасында 2022-жылга Филиалдын каражаттарынын жоготуулары 18 928,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** "Бишкекжылуулуктармагы" филиалы 2023-жылдын 1-январына карата эсептен чыгарылган керектөөчүлөр тарабынан жылуулук энергиясына жана сууга акыларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген 18 928,6 миң сомдук туумдарды калыбына келтирүү жана керектөөчүлөргө берүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** "Бишкекжылуулуктармагы" филиалынын Сатуу борбору тарабынан керектөөчүлөргө ысык суу үчүн эсептөөлөрдү жүргүзүүдө кошумча эсептелген төлөмдөрдүн суммасы 151,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** "Бишкекжылуулуктармагы" филиалынын Сатуу борбору тарабынан эсептөөлөргө оңдоп-түзөтүү (корректировка) жүргүзүлүп, эсептегич приборлордун факты боюнча көрсөткүчтөрүнө эсептөөлөр так маалыматтын негизинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча жылуулук энергиясын, тармак суусун сатып алуу, берүү, сатуу боюнча чыгымдардын негизинде 1 Гкал энергиясынын пайдалуу чыгаруусу (полезный отпуск) 495,59 сом/Гкал, планда 496,30 сом/Гкал каралган, пландан 0,71 сом/Гкал аз.

Кыргыз Республикасындагы "Табигый монополиялар жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 4-пунктчасынын жана Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 14-мартындагы №2 буйругу менен бекитилген "Продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү" методикасынын 8-бөлүмүнүн 39-пунктунун талаптарын бузуу менен, Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан чыгымдарга жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө белгиленген продукцияга (жумуштарга, кызматтарга) жөнгө салуучу тарифтер (бааларды) жогорулатылган, натыйжасында 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча жылуулук энергиясын жана тармак суусун (сетевая вода) сатууда иш жүзүндөгү наркын түзүүдө чыгымдардын беренелери негизсиз көбөйтүлгөн жана жогорулатуунун суммасы 1 031,1 миң сомду (0,71 сом/Гкал

энергиясынын пайдалуу чыгымы х 1 452,2 миң/ Гкал керектөөчүлөргө берилген жылуулук энергиясы) түзгөн.

Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12.2. беренесинин талаптарына ылайык республикалык бюджетке 2024-жылдын 14-февралындагы № 000446 төлөө тапшырмасынын негизинде 1 031,1 миң сом которулду.

**Аныкталды жана корутунду:** Аудит убагында чыгымдардын негиздүүлүгүнө талдоо жүргүзүп өздүк наркын аныктоодо 2022-жылга техникалык тейлөө кызматы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 1-апрелиндеги №48 "Үй ичиндеги тутумдарды техникалык жактан тейлөөнүн тарифтерин белгилөө жөнүндө" буйругу менен наркына бекитилген чыгымдын суммасы 1,5 сом, иш жүзүндөгү наркы 1,49 сом, иш жүзүндөгү наркы боюнча жогорулатуунун суммасы 0,1586 сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъектердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" жобонун 6-бөлүгүнүн 19.1 пунктун бузуу менен техникалык тейлөө наркы боюнча жогорулатылган суммасы 995,0 миң сомду (6 275,1 миң кв.м х 0,1586 сом) түзгөн. *Республикалык бюджетке 2024-жылдын 14-февралындагы № 000446 төлөө тапшырмасынын негизинде 995,0 миң сомду которулган.*

**Сунуштама:** Мындан ары, Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 14-мартындагы № 2 буйругу менен бекитилген, "Продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү методикасынын" 8-бөлүмүнүн 39-пункутуна ылайык, жылуулук энергиясын жана тармак суусун сатууда, иш жүзүндөгү наркын түзүүдө, чыгымдардын беренелерин экономикалык негизсиз көбөйтүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:** "Бишкекжылуулуктармагы" филиалынын кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 5-пунктун бузуу менен жумуш орду аттестацияланбастан компьютерде иштегендиги үчүн 2022-жылы 5 284,8 миң сомдук кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылынын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмөрдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:** "Бишкекжылуулуктармагы" филиалдын кызматкерлерине жеке автотранспортун кызматтык максаттарда пайдалангангандыгы үчүн тастыктоочу документтерисиз компенсация,

кошумча төлөмдөр (кайсы жумуш аткарылгандыгы) 995,1 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Филиалдын кызматкерлерине жеке автотранспортун кызматтык максаттарда пайдаланганагандыгы үчүн компенсация төлөө аткарылган иштерди тастыктаган документтердин негизинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** “Электр станциялар” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 25-декабрындагы №26 протоколунун негизинде бекитилген Эсеп саясатынын 17.1 бөлүмүнүн талаптарын бузуу менен “Башка чыгымдар” беренеси боюнча кызматкерлерге сый акылар жана материалдык жардам 32 200,0 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:** Мындан ары, “Электр станциялар” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 25-декабрында №26 протоколунун негизинде бекитилген Эсеп саясатынын 17.1 бөлүмүнүн талаптарын бузууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:** 2021-жылдын 26-мартында жалпы эмгек жамаатынын чогулушунун чечими менен бекитилген Жамааттык келишимге ылайык “Бишкекжылуулуктармагы” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө фондунан ай сайын жалпысынан акционердик коомдун иш-аракеттеринин жыйынтыгы менен сый акылар төлөнгөн.

Сый акылар үчүн негизги өндүрүштүк көрсөткүчтөрүнө жараша, ар бир кызматкер үчүн 40%га чейин аныкталган. 2022-жылы эмгек төлөө фондунан ай сайын жалпысынан **63 455,9 миң** сом сый акылар төлөнгөн. “Бишкекжылуулуктармагы” 2022-жылы финансылык-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча пайдасы жок, 3123,7 миң сом зыянга учураган.

“Электр станциялар” ААКсына кошулгандан кийин ишкана, филиалы болуп эсептелет, 2022-жылдын август айынан тартып, бардык кирешелерди жана чыгашаларды башкы ишканага жиберет, ушуга байланыштуу финансылык жыйынтык чыгара албайт. Өздүк нарк жана түшкөн акча, ошондой эле өндүрүштүк чыгымдар, сатып-өткөрүү боюнча чыгымдар, административдик чыгымдар орто арадагы кирешелер жана чыгашалар отчетунда чагылдырылбайт.

Филиалдын ишинин натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн камсыз кылуу максатында сый акыларды, материалдык түрткү берүү төлөмдөр иштин натыйжасына жана каржылык мүмкүнчүлүгүнө жараша төлөнүш керек.

**Сунуштама:** Сый акылар, материалдык түрткү берүү төлөмдөр “Бишкекжылуулуктармагы” филиалынын ишинин натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн камсыз кылуу максатында иштин натыйжасына жараша жана каржылык мүмкүнчүлүгүнө карап төлөнсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** 2022-жылдын 31-декабрына филиалдын бухгалтердик эсебинде катталган дебитордук карыздын жалпы суммасы 672 047,7 миң сомду, анын ичинен үч жылдан ашкан дебитордук карыздын жалпы суммасы 67 889,3 миң сомду түзгөн, ал эми кредитордук карыздын суммасы 601 515,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** Дебитордук жана кредитордук карыздарды азайтуу боюнча иш алып барылсын жана жеткирүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышы көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** “Кристал ИНТ” ЖЧКсынан өз убагында жеткирилбей калган темир түтүкчөнүн калдыгы үчүн 2022-жылдын 4-мартындагы №46 түзүлгөн келишимдин шарттарында каралган туумдун суммасы 314,7 миң сом эсептелинип 2023-жылдын 25-июлундагы №2136 төлөө тапшырмасынын негизинде төлөнүп берилген.

**Аныкталды жана корутунду:** 2022-жылдын 31-декабрына өндүруштүк процессте узак убакыт бою кампаларда сакталып пайдаланылбаган товардык материалдык баалуулуктардын жалпы суммасы 6 015,2 миң сомду түзгөн. Камсыздоо кызматы тарабынан өндүрүш үчүн жараксыз запастарды талдоосуз алуу фактылары аныкталган, натыйжада филиалдын каражаттарын эффективдүү чыгымдоо камсыздалбаган.

**Сунуштама:** Кампаларда өндүрүш үчүн жараксыз запастардын топтолушуна жол бербөө максатында, “Бишкекжылуулуктармагы” филиалынын Камсыздоо кызматы тарабынан жүргүзүлгөн сатып алууларга көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Жылуулук менен камсыздоо тармактарына технологиялык кошулуу жөнүндө келишим 2022-жылы колдонуучулар менен түзүлгөн. Жалпы бериле турган жылуулуктун көлөмү 17,630 118 Гкал, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2022-жылдын 14-мартындагы № 54 буйругуна ылайык, базалык төлөмү 1 Гкал/сааты 4 612,7 сомду түзгөн.

Түзүлгөн келишимдин суммасы 90 112,2 миң сомду түзүп, ушул түзүлгөн келишимдин негизинде биринчи төлөмү 60 пайызы 54 067,0 миң сомду түзгөн, колдонуучулар тарабынан Филиалдын эсебине төгүлүп берилген сумма 51 354,9 миң сомду түзгөн, карыздын калдыгы 2 712,1 миң сомду түзгөн. Калган 40 пайызын турак жай имараты курулуп эксплуатацияга берилгенде төлөнүүсү келишим менен көрсөтүлгөн.

Жылуулук менен камсыздоо тармактарына технологиялык кошулуу жөнүндө түзүлгөн келишимдин ичинен “Премьер Констакшн” ЖЧКсы тарабынан биринчи төлөмү 60 пайыздан - 2 270,0 миң сомго толук төлөнгөн эмес. Ушул эле келишимде өз убагында төлөнбөгөндүгү боюнча туум каралган, эсептелген туумдун суммасы 12 990,5 миң сомду түзгөн.

Ушундай эле, өз убагында 60 пайызды төлөбөгөн Н.Ж. Маматкуловдун (жеке жак) суммасы 442,4 миң сомду түзсө, келишимде өз убагында төлөнбөгөндүгү боюнча тууму 813,6 миң сомду түзгөн, демек жоготуулардын жалпы суммасы 16 516,5 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:** Мындан ары, жылуулук менен камсыздоо тармактарына технологиялык кошулуу үчүн, келишимде көрсөтүлгөн милдеттенмелер толук кандуу аткарылышы камсыздалсын, төгүлбөй калган 2 712,1 миң сомдук

карыздар, өз убагында төлөнбөгөндүгү боюнча эсептелген 13 804,1 миң сомдук туумду берүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** “Анкара көчөсүндөгү ТК-Тч-9 баштап 2Ду200 ТС участогун куруу (кошуу чекити Тунгуч кичи району). Курулуш бөлүгү жана көрктөндүрүү” объектиси боюнча асфальтбетон кыртышты кесүү боюнча подрядчы “Азия строй комплекс” ЖЧКсы тарабынан аткарылган жумуштарды кабыл алуу актыларынан **35,7 миң сомго** ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Азия строй комплекс” ЖЧКсынан аныкталган 35,7 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмү аткарган жумушунан кемитилип, өз ара салыштыруу актысы түзүлүп ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:** “Бөкөнбаев көчөсүндө колдонуудагы магистралдык жылуулук тармактарын реконструкциялоо-ТК-Пф-19 (Панфилов көчөсү) ТК-Б-1 чейин (Орозбеков көчөсү). Курулуш жана көрктөндүрүү бөлүгү” объектиси боюнча подрядчы “Техник Трейд” ЖЧКсы тарабынан аткарылган битумду куюу жумуштарын кабыл алуу актыларынан **166,5 миң сомго** ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Техник Трейд” ЖЧКсынан аныкталган 166,5 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмү аткарган жумушунан кемитилип, өз ара салыштыруу актысы түзүлүп ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду: “**Жукеев-Пудовкин көчөсүндөгү №2/1 дарегиндеги “Бишкекжылуулуктармагы” №1ден түштүк тарабында ТК-5-21 чейин (Жукеев - Пудовкин – Кулатов көчөсү) Жукеев-Пудовкин көчөсүндөгү колдонуудагы магистралдык жылуулук тармактарын 2Ду=900 реконструкциялоо, материалдарды жеткирүү менен” обьектиси боюнча траншеянын дубалын калкандар (щит) менен бекитүүдө, шакекче алмаз бургу менен бургулоодо жана асфальтбетон аралашмасын төшөөдө “Импульс-Ош” ЖЧКсынан 101,5 миң сомго ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Импульс-Ош” ЖЧКсынан аныкталган 101,5 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмү аткарган жумушунан кемитилип, өз ара салыштыруу актысы түзүлүп ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:** “ТК-Т-6 (Абдымомунов көчөсү) түндүккө карай Фрунзе көчөсүнө чейин жаңы ТК орнотуу менен Турусбеков көчөсүндө ТС 2Ду300 участогун реконструкциялоо жана Фрунзе көчөсүндө батышты карай долбоорлонуп жаткан ТК чейин 2Ду200 жаңы участогун куруу” обьектиси боюнча подрядчы “Импульс-Ош” ЖЧКсы жол белгилерин түшүрүүдө жана металлопрокатты орнотууда 62,1 миң сомго ашыкча көлөмү аныкталган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Импульс-Ош” ЖЧКсынан аныкталган 62,1 миң сомдук жумуштардын ашыкча көлөмү аткарган жумушунан кемитилип, өз ара салыштыруу актысы түзүлүп ордуна коюлсун.

### “Кыргыз Көмүр” мамлекеттик ишканасынын “Кара-Рече” филиалы (мындан ары-Филиал) боюнча:

**Аныкталды жана корутунду:**

2021-жылдын 20-октябрында бекитилген "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобосунун негизинде кызматкерлерге дем берүүчү мүнөздөгү сый акылар каралган. Бирок, бул төлөмдөр Филиалдын каржылык ишинин жыйынтыгы менен байланышпаган, кирешелер менен аныкталбаган дем берүүчү мүнөздөгү чыгымдар.

Кирешелер менен аныкталбаган сый акы төлөмдөрү 2021-жылы 25684,0 миң сомду, 2022-жылы 22 344,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кызматкерлерге дем берүүчү мүнөздөгү сый акыларды кароо үчүн каржы ишинин жыйынтыктарын эске алуу менен 2021-жылдын 20-октябрында бекитилген, "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобосунун шарттары кайрадан каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

"Кара-Кече" филиалынын 2023-жылдын 6-июнундагы № 02-1/26 буйругунун негизинде, товардык-материалдык баалуулуктарын сактоону камсыздоо жана аларды өз убагында жана негиздүү эсептен чыгаруу максатында комиссия курамы түзүлгөн.

"Кара-Кече" филиалынын товардык-материалдык баалуулуктарына жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында (2023-жылдын 19-июнуна карата тизмеси түзүлгөн), жетишпестик 912,4 миң сомду түзгөн.

Бул жетишпестик, 2020-жылдын январында Филиалга караштуу салмакты контролдоо пунктунда өрт чыгып, ичиндеги эмеректер жана жабдуулар күйүп кеткендигине байланыштуу (Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин мамлекеттик өрткө каршы кызмат тарабынан өрт жөнүндөгү актысына ылайык).

**Сунуштама:**

Инвентаризациалоонун натыйжасында, 912,4 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардан чыккан жетишпестик боюнча мыйзамдын чегинде иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Товардык-материалдык баалуулуктарды кампаларда сактоо олуттуу, каражаттардын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келет. Өндүрүш үчүн жараксыз запастардын (камдын) болгондугу жана алардын муктаждыкты талданбастан сатылып алынгандыгы аныкталган. 2021-жылдын 1-январына карата Кара-Кече" филиалынын эсебинде 4 304,1 миң сом суммасындагы өтүмсүз жана өндүрүш процессинде узак убакыт бою пайдаланылбаган товардык-материалдык баалуулуктар бар.

**Сунуштама:**

Каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, Камсыздоо кызматы тарабынан өндүрүш процессине товардык-материалдык

баалуулуктарды сатып алууда талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн жана каражаттар рационалдуу пайдаланылсын.

**“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит**

**Аныкталды жана корутунду**:

Мамлекеттик сатып алуулар өздүк каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн, иргөө жолу менен аудит өткөрүүдө төмөндөгүлөр аныкталган:

- 2021-жылы конкурска жарыя берилген жалпы сумма 387 126,7 миң сомду түзгөн, 164 конкурс өткөрүлдү деп конкурстук комиссия тарабынан табылып, 329 518,8 миң сомго келишимдер түзүлгөн. Айырмасынын суммасы 57 607,09 миң сомду түзгөн;

- 2022-жылы конкурска жарыя берилген жалпы сумма 464 196,6 миң сомду түзгөн, 44 конкурс өткөрүлдү деп конкурстук комиссия тарабынан табылып, 241 421,9 миң сомго келишимдер түзүлгөн. Айырмасынын суммасы 222 774,7 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын (*2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 редакциясына ылайык*) 10-беренесинин ченемдери сакталбастан 2021-жылы 3 933,7 миң сомго, 2022-жылы 20 006,0 миң сомго (кассадан накталай берилген кызматкерлерге), анын ичинен 14 017,0 миң сомго авто унааларга (экскаватор, жүк ташуучу унааларга) запастык бөлүктөрүн жана башка товардык материалдык баалуулуктарды сатып алуулар жүргүзүлгөн.

Филиал 2021-жылдын 24-февралында Мамлекеттик сатып алуулардын расмий порталында “жөрмөлөгүч экскаваторду” сатып алуу үчүн 210224265962354 конкурс жарыялаган, бир этаптуу тоорук ыкмасы (эки Пакеттик ыкма), пландаштырылган суммасы 55 358,6 миң сомду түзөт, жеткирүүчүнүн сунушунун гарантиялык камсыздоосу жеткирүүчүнүн сунушун кепилдик камсыз кылуунун өлчөмү: 2 %, ЖСГКсынын иштөө мөөнөтү: 21 күн.

2021-жылы 18-мартында система тарабынан түзүлгөн протоколго ылайык, бул конкурска “Дисем Ко. ЛТД” ЖЧКсы катышкан, жарыяланган наркы 55 112,0 миң сом.

Катышуучунун конкурстук табыштамасында бекитилген квалификациялык талаптарга документтерди изилдөөдө, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктун бузуу менен “Дисем Ко. ЛТД” ЖЧКсы квалификациялык талаптарга жооп бербеген, финансылык мүмкүнчүлүгүсүз (бирдиктүү салык декларациясында пайда/чыгым графасында көрсөтүлгөн чыгым - 12158,7 миң сом) “Дисем Ко. ЛТД” ЖЧКсынын конкурстук табыштамалары, четке кагылган эмес.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамында бекитилген тиешелүү нормалары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**:

2022-жылдын 31-декабрына катталган 35 автоунаалардын ичинен 1 даана КАТ үлгүсүндөгү экскаватор, 1 даана Белаз үлгүсүндөгү жана Субару Форестер автоунаасы жараксыз абалда.

Өздүк каражаттардын эсебинен 2021-жылы сатып алынган күйүүчү майлардын (дизелдик майы жана бензин) суммасы 135 529,7 миң сом, жыл ичинде 129 157,5 миң сомдук күйүүчү майлар чыгымдалган, запастык бөлүктөр 13 122,3 миң сомго сатып алынган, 6 419,2 миң сомго чыгымдалган.

Ал эми, 2022-жылы сатып алынган күйүчү майлардын (дизелдик майы жана бензин) суммасы 313 794,8 миң сом, жыл ичинде 305791,4 миң сомго чыгымдалган, запастык бөлүктөр 23630,7 миң сомго сатып алынган, жыл ичинде 14017,0 миң сомго чыгымдалган.

Автоунаага чыгымдарды эсептен чыгарууда жол баракчалары толтурулган эмес, өлчөөчү спидометри иштебегендиктен жүргөн километри (пробег), маршруттары тууралуу маалыматтар жок (же иштебегендиги тууралуу актылар түзүлбөгөн), же Кызматтык автоунааларга кеткен күйүүчү майга каражаттар туура же болбосо негиздүү жумшалганын аудит убактысында аныктоого мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

Мындан ары, “Кара-Кече” филиалынын жетекчилиги авто унаалардын иштебеген спидометрлеринин иштөөсүнө жана Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө” буйругунун сакталышына чаралар көрүлсүн.

Ишке жараксыз автоунааларды мыйзамдын чегинде чыгыштоо жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги №137 токтому менен бектилген 1-тиркемедеги “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо боюнча Иш-чаралар планынын негизинде Жумгал районунун аймагында жайгашкан айыл өкмөттөрүндө отун базалары уюштурулуп, **“Кыргыз Көмүр” мамлекеттик ишканасынын “Кара-Кече” филиалы** (мындан ары-“Кара-Кече” филиалы) жана отун базалары көмүр сатууну уюштуруу үчүн (көмүрдүн рыноктук баасын көрсөтүү менен), биргелешкен ишмердүүлүк келишимдери түзүлгөн.

Түзүлгөн келишимдерде 2.1.2 бөлүмүнө ылайык сатылбаган көмүрдүн калдыгын күз-кыш мезгилинин аягында “Кара-Кече” филиалына алып кетүү жана эсептешүү милдеттендирилген.

“Кара-Кече” филиалынын маалыматына ылайык, 18 келишим боюнча, 2022-жылдын 31-декабрына 3 728,6 миң сом “дебитордук карызы көрсөтүлгөн. Бирок, аудит учурунда инвентаризациялоонун жыйынтыгында (салыштыруу актылары түзүлгөн) Жумгал районундагы отун базаларда 3 669,2 миң сомдук көмүр калдыгынын жетишпестиктери аныкталган.

| Отун базанын аталышы | Өлчөмү, тонна | Сумма | Түшкөн суммасы | Карызы |
|---|---|---|---|---|
| Жумгал | 674400 | 1385892 | 1152247,46 | 233644,54 |
| Жаны-Арык | 775450 | 1575714,4 | 1197569,4 | 378145 |
| Куйручук | 544950 | 1064832,3 | 1049763 | 15069,3 |
| Куйручук | 719500 | 1405903 | 1277500 | 128403 |
| Таш-Добо | 345000 | 666195 | 665000 | 1195 |
| ТүгөлСай | 766650 | 1421369,1 | 717240 | 704129,1 |
| Чон-Добо | 434450 | 855866,5 | 592000 | 263866,5 |
| Байзак | 967900 | 1764481,7 | 1646646,3 | 117835,4 |
| Байзак | 1062050 | 1936117,15 | 1144416,1 | 791701,05 |
| Байзак | 940900 | 1715260,7 | 1486531,95 | 228728,75 |
| Чаек | 3027650 | 5658677,85 | 5578331,6 | 80346,25 |
| Чаек | 3548200 | 6631585,8 | 6089159,65 | 542426,15 |
| Кок-Ой | 576700 | 1144749,5 | 1049849,75 | 94899,75 |
| Кабак | 451800 | 1016098,2 | 927261,65 | 88836,55 |
| **Жыйынтыгы:** | 14 835 600 | 28 242 743,2 | 24 573 516,9 | **3 669 226,45** |

Азыркы учурда, “Кара-Кече” филиалынын 2226,7 миң сом көмүр калдыгынын жетишпестиктеринин ордуна накталай коюлгандыгы тууралуу 2024-жылдын 3-апрелинде 01-12/80 комерлүү кайрылуусу келип түшкөндүгүн маалымдайбыз.

**Сунуштама:**

Отун базаларда көмүрдүн калдыгы жок болгондугуна байланыштуу, жалпы суммасы 3 669,2 миң сом болгон жетишпестиктер боюнча “Кара-Кече” филиалы тарабынан өндүрүү чаралары көрүлсүн жана тиешелүү укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилсин.

**“Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коому боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду**:

“Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коомунун (мындан ары – “УЭХК” ААКсы) 2021-жылдагы кирешелери негизинен туунду компаниялар менен өз ара аракеттенүү жөнүндө 2016-жылдын 1-сентябрындагы түзүлгөн келишимдерге жана 2022-жылга чейин узартылган кошумча келишимдердин негизинде алынган кирешелерден, туунду компаниялардын дивиденддеринен алынуучу кирешелерден жана башка операциялык эмес кирешелерден түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 26-апрелиндеги №104-р буйругуна ылайык, “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсынын каржылык булагын Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги менен биргеликте туунду компаниялардын электр энергиясынын өздүк наркына кирбеген кирешелердин эсебинен

*(неоперационный доход)* аныктоо сунушталган. Ал боюнча аталган министрликтин 2021-жылдын 12-майындагы №09-7/24 токтому менен “УЭХК” ААКсынын жылдык бюджетине ылайык, туунду компаниялардын операциялык эмес кирешелеринин эсебинен келишимге ылайык каржылоо каралган. “УЭХК” ААКсынын 2021-жылга карата киреше планы өз ара келишимдерге ылайык 55 000,0 миң сомго бекитилип, иш жүзүндө келип түшкөнү 50 874,1 миң сомду түзгөн. Ал эми, 2022-жылга карата келишим боюнча киреше планы 60 000,1 миң сомго бекитилип, иш жүзүндө келип түшкөнү 53 244,8 миң сомду түзгөн.

Аудит мезгилинде аныкталгандай, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 2-августундагы №352-б буйругунун 5-пунктуна өзгөртүүлөр менен КР Өкмөтүнүн 26.04.2021-жылдагы №104-р буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өндүрүш министрлигинин 12.05.2021-жылдагы №09-7/24 токтомунун талаптарына шайкеш келбестен, “УЭХК” ААКсына негизсиз түрдө 58 862,4 миң сом киреше алынган, анын ичинен: 2021-жылда - 26 524,4 миң сом, 2022-жылда - 32 338,0 миң сом, себеби аталган токтомдун талаптары боюнча “УЭХК” ААКсына которулуучу каражаттар, коомдун туунду компанияларынын негизги ишмердүүлүгүнөн башка, электр энергиясынын өздүк наркына кирбеген кирешелеринин *(аренда, депозиттик эсебиндеги пайыз, ж.б. ар түрдүү кирешелер)* эсебинен түзүлсүн деп каралгандыгына карабастан, туунду компаниялардын негизги ишмердүүлүгүнөн, же электр энергиясын сатуудан келип түшкөн каражаттардан түзүлгөн.

Негизги ишмердүүлүктөн башка кирешелердин жана чыгашалардын эсептешүү эсеби Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартынын (ФОЭС) 9000 кошумча эсеби (суб.счету) боюнча жүргүзүлөт.

“УЭХК” ААКсынын туунду компанияларынан негизсиз которулган каражаттар, ошол компаниялардан алынуучу пайда салыгынын жана дивиденддердин аз эсептелишине таасирин тийгизет.

Белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Отун энергетика комплексин көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик Агенттиктин 23.11.2018-жылдагы №03/1964 катынын негизинде “УЭХК” ААКсын каржылоо боюнча укуктук-нормативдик актылардын жок болгондугуна байланыштуу, туунду компаниялардын электр энергиясынын өздүк наркы боюнча техникалык-экономикалык планына кошуп карабоо жагы белгиленип, 2019-жылдан “УЭХК” ААКсын келишим боюнча каржылоо токтотулган.

“УЭХК” ААКсынын 2016-жылдын 29.01.№36-п буйругунун негизинде бекитилген, Уставынын 3-беренеси боюнча коомдун ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болуп, Кыргыз Республикасынын энергетика комплексине кирген ишканалардын активдерин жана ресурустарын эффективдүү башкаруу жана пайда алуу болуп эсептелет. “УЭХК” ААКсына караган туунду компаниялардын каржылык ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө боюнча коомдун башкармалыгынын 06.12.2021-жылдагы №85 токтому менен, коомдун 4

кызматкерден турган “***Экономикалык анализ жана сатып алууларды пландоо башкармалыгы”*** түзүлүп, анын негизги функционалдык милдеттери болуп, туунду компаниялардын каржылык ишмердүүлүгү боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн тийиштүү маалыматтарды берүү, каржылык ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды алуу, бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына талдоо жүргүзүп, коомдун башкармалыгына корутунду берүү болуп эсептелет. Бирок, аталган башкармалыктын кызматкерлери тарабынан тийиштүү денгээлде көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгүнө жана маалымат берилбегендигине байланыштуу, туунду компаниялардан “УЭХК” ААКсына акча каражаттары негизсиз которулган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 2-августундагы №352-б буйругунун 5-пунктун өзгөртүүлөр менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 26-апрелиндеги №104-б буйругунун талаптары боюнча “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коомунун кирешеси туунду компаниялардын электр энергиясынын өздүк наркына кирбеген, башка кирешелеринин эсебинен алуу жагы көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсынын алдындагы туунду компанияларынын электр энергиясын пайдалануучуларга жеткирүүдө электр энергиясынын жоготуулары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №140 токтомунун негизинде 2021-жылга карата 11,9 %га чейин, ал эми 2022-жылга карата 11,7 %га чейин каралган.

Аталган токтом боюнча коюлган нормадан ашыкча электр энергиясынын жоготуусу жалпысы 60 445,0 миң сомду түзөт, анын ичинен 2021-жылда - 9 555,0 миң сом жана 2022-жылда - 50 890,0 миң сом.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги №137 жана 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 токтомдорунун негизинде электр энергиясынын жоготууларын азайтуу боюнча каралган нормаларга ылайык төмөндөгүдөй аткарылган, анын ичинен: 2021-жылда электр энергиясын таркатуучу компанияларга (мындан ары - ЭТК) келип түшкөн электр энергиясы жалпысы 13 025 820,4 миңкВт/саатты түзгөн, анын ичинен:

- “Чыгыш электр” ААКсы боюнча келип түшкөн электр энергиясы 1 833 397,1 миңкВт/саатты түзгөн, орто коюлган жоготуунун нормасы 13,0 % болсо, электр энергиясынын жоготуусу 259 390,7 миңкВт/саатты, же 14,1 %ды түзүп, айырмасы 21049,1 миңкВт/саатты, же 12160,0 миң сомду түзөт;
- “Ош электр” ААКсы боюнча келип түшкөн электр энергиясы 3 044 523,7 миңкВт/саатты түзгөн, орто коюлган жоготуунун нормасы 11,6 % болсо, электр энергиясынын жоготуусу 401928,3 миңкВт/саатты, же 13,2 %ды түзүп, айырмасы 48763,6 миңкВт/саатты, же 28170,0 миң сомду түзөт;
- “Жалалабат электр” ААКсы боюнча келип тушкөн электр энергиясы 1 849 963,1 миңкВт/саатты түзгөн, орто коюлган жоготуунун нормасы 11,7 %

болсо, электр энергиясынын жоготуусу 223610,2 миңкВт/саатты, же 12,1 %ды түзүп, айырмасы 7164,5 миңкВт/саатты, же 4139,0 миң сомду түзөт.

2021-жылда жалпы келип чыккан нормадан ашыкча электр энергиясынын жоготуусу 76 977,2 миңкВт/саатты, же 44 469,0 миң сомду түзгөн.

2022-жылда электр энергиясын таркатуучу компанияларга “КУЭТ” ААКсына келип түшкөн электр энергиясы жалпысы 12 884 843,1 миң кВт/саатты түзгөн, орточо коюлган жоготуунун нормасы 11,7 % болсо, электр энергиясынын жоготуусу 1562624,7 миң кВт/саатты, же 12,1 %ды түзүп, айырмасы 55098,0 миң кВт/саатты, же 28 111,0 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

“УЭХК” ААКсынын алдындагы туунду компаниялары тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги №137 жана 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022, 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндөгү” токтомдорунун негизинде электр энергиясынын жоготууларын азайтуу боюнча, коюлган нормаларды сактоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Энергетика системасындагы коомдордун эсебинен 2012-жылдан 2016-жылга чейин 5 жыл аралыгында республикалык бюджетке 432 980,8 миң сом дивиденд эсебинен киреше түшкөн, ал эми “УЭХК” ААКсы түзүлгөн күндөн тартып 2023-жылга чейин республикалык бюджетке 19 078,1 миң сом түшкөн, айырмасы 413 902,7 миң сомду түзөт.

Коом түзүлгөн күндөн тартып 31.12.2022-жылга чейин (2017-2022-жылдарда) туунду компаниялардан жалпысы 178271,7 миң сом дивиденд эсебинен киреше алынган, ал эми “УЭХК” ААКсы тарабынан коомдун өзүнүн ишмердүүлүгүнөн республикалык бюджетке болгону 19 078,1 миң сом дивиденд чегерилип, төлөнгөн, айырмасы 159 193,6 миң сомду түзөт.

Аудит учурунда, акыркы 3 жылга талдоо жүргүзүлүп, 2020-2022-жылдар аралыгында туунду компаниялардан дивиденд эсебинен 97 895,0 миң сом киреше алынып, бюджетке 1 338,5 миң сом которулган, айырмасы 95 556,5 миң сомду түзөт.

“УЭХК” ААКсынын 2016-жылдын 29-январындагы №36-п буйругунун негизинде бекитилген, Уставынын 3-беренесине ылайык, коомдун ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болуп, Кыргыз Республикасынын энергетика комплексине кирген ишканалардын активдерин жана ресурустарын эффективдүү башкаруу жана пайдага чыгаруу болуп эсептелет, бирок “УЭХК” ААКсынын алдындагы туунду компаниялардын ишмердүүлүгү боюнча акыркы 3 жыл аралыгында бириктирилген (консолидированный) баланс боюнча пайдага чыккан эмес, же 2020-жылда - 14 744 699,8 миң сомго, 2021-жылда - 6 224 591,75 миң сомго жана 2022-жылда - 12 469 367,0 миң сомго зыян менен чыккан.

Ошондой эле, Министрлик тарабынан 2022-жылга карата “УЭХК” ААКсынын ишмердүүлүгү боюнча тийиштүү денгээлде иш жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган, анын ичинен: электр энергиясынын лимитинин сакталбагандыгы, электр энергиясынын жоготууларынын нормадан ашыкча чыгымдалышы, дебитордук карыздардын көбөйүп кетиши, сатып алуулардын планынын аткарылбагандыгы, долбоорлорду иштеп чыгуунун графигинин сакталбашы (ж.б.). Ал боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрилиги жөнүндөгү” жобосуна ылайык, 2022-жылдын жыйынтыгы менен функционалдык милдеттердин жеткиликтүү аткарбагандыгына байланыштуу “УЭХК” ААКсынын жетекчилик курамына тартиптик жазалар берилген.

“УЭХК” ААКсы, энергетика системасындагы ачык акционердик коомдордун акцияларынын мамлекеттик пакетинин эсебинен түзүлүп, бүгүнкү күндө ошол туунду компаниялардын дивиденддеринин жана ошол компаниялардын иштеп тапкан каражатынан келишим боюнча алган акча каражаттарынын эсебинен каржыланат, бирок “УЭХК” ААКсынын өзүнүн Жобосунда көрсөтүлгөн ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болгон Кыргыз Республикасынын энергетика комплексине кирген ишканалардын активдерин жана ресурустарын эффективдүү башкаруу жана пайдага чыгаруу боюнча жеткиликтүү денгээлде иш алып барылбагандыгы көрүнөт.

**Сунуштама:**

“Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКысынын 2016-жылдын 29-январындагы №36-б буйругунун негизинде бекитилген, Уставынын 3-беренесинин талаптарына ылайык, коомдун ишмердүүлүгүнүн негизги максаты боюнча жеткиликтүү денгээлде иш алып баруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин 2015-жылдын 29-июнундагы №5408-V токтомунун 3-пунктунун 3-абзацына ылайык, 01.01.2017-жылга чейин, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 2-августундагы №352-б буйругунун 12-абзацы боюнча 2018-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө “УЭХК” ААКсынын активдерин инвентаризациялоо жана кайрадан баалоо белгиленген, бирок бүгүнкү күнгө чейин коомдун активдери инвентаризацияланып кайрадан бааланган эмес. Бүгүнкү күндө “Түндүк электр” ААКсынын 1 акциясы 0,47 сом, “Бишкекжылуулуктармагы” ААКсынын 1 акциясы 0,38 сом, “Ош электр” ААКсынын 1 акциясы 0,18 сом, “Жалалабат электр” ААКсынын 1 акциясы 0,22 сом жана “Чыгыш электр” ААКсынын 1 акциясы 0,19 сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин 2015-жылдын 29-июнундагы №5408-V токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 2-августундагы №352-б буйругунун талаптары боюнча “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик

коомунун активдерин инвентаризациялоо жана кайрадан баалоо боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 2-августундагы №352-б буйругунун 5-пунктун өзгөртүүлөр менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 26-апрелиндеги №104-р буйругунун жана Кыргыз Республикасынын энергетика жана өндүрүш министрлигинин 12.05.2021-жылдагы №09-7/24 токтомунун талаптарына шайкеш келбестен "УЭХК" ААКсы тарабынан 2022-жылга карата бюджетинин кирешеси 49 055,9 миң сомго негизсиз ашыкча бекитилген, себеби, Кыргыз Республикасынын энергетика жана өндүрүш министрлигинин 12.05.2021-жылдагы №09-7/24 токтому менен кабыл алынган чечими боюнча "УЭХК" ААКсынын туунду компанияларынан алынуучу кирешелерди коомдун чыгаша бюджетинин чегинде аныктоо жагы каралган, бирок ал талаптар аткарылбастан, 2022-жылга чыгашасы 70 300,0 миң сомго каралса, кирешеси 119 355,9 миң сомго каралган. "УЭХК" ААКсынын кирешеси 2022-жылга 49 055,9 миң сомго ашыкча бекитилип, негизсиз киреше алынган. Анык аткарылышы боюнча 2022-жылда чыгашасы 64 399,0 миң сомго аткарылса, кирешеси 117 759,0 миң сомго аткарылган, же негизсиз алынган кирешелердин эсебинен отчет боюнча жыл аягына 53 360,0 миң сомго пайда менен чыккандыгы көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын энергетика жана өндүрүш министрлигинин 12.05.2021-жылдагы №09-7/24 токтомунун талаптары боюнча "УЭХК" ААКсынын туунду компаниялардан алынуучу каражаттар, коомдун чыгашасына жараша бекитилген бюджеттин чегинде алынсын жана негизсиз ашыкча алынган каражаттар боюнча өз-ара эсептешүүлөр жүргүзүлүп *(пайыздык катыш боюнча)*, ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана Корутунду:**

"УЭХК" ААКсынын 2021-жылга карата кызматкерлерге эмгек акылардын сый акылардын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө, коомдун башкаруусунун 2016-жылдын 19-августундагы отурумунун №11-чечими менен бекитилген "УЭХК" ААКсынын "Эмгек акысын төлөө жөнүндө" Жобосунун 5-бөлүмүнүн 5.2-пункутунун талаптарын бузуу менен, "УЭХК" ААКсынын 2021-жылдын 25-октябрындагы №103-П-буйругунун негизинде эмгек акы төлөө фондунун эсебинен үнөмдөлгөн каражаттан кызматкерлерге кыш мезгилине карата даярдык көрүүгө 42 кызматкерге 2021-жылда 1033,7 миң сом материалдык жардам негизсиз түрдө төлөнүүгө жол берилген. Материалдык жардам төлөөдөн которулган Социалдык фонд төлөмү 17.25 % 178,3 миң сомду түзөт. Себеби, "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы" ААКсынын эмгек акысын төлөө жөнүндө" Жобосунун 5-бөлүмүнүн 5.2-пункутунун талаптары боюнча, материалдык жардам алууда, ААКсынын төрагасынын атына кызматкерлердин жеке жазылган арыздары,

материалдык жардамдын көлөмү жана атайын керектелүүчү документтердин негизинде материалдык жардамдар төлөнүүсү даана көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге материалдык жардамдарды төлөө, коомдун башкаруусунун 2016-жылдын 19-августундагы отурумунун №11-чечими менен бекитилген, “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коомунун “Эмгек акысын төлөө жөнүндө” Жобосунун 5-бөлүмүнүн 5.2-пункутунун талаптарына шайкеш келтирилип төлөнсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2021-жылга карата “УЭХК” ААКсынын “Эмгек акысын төлөө жөнүндө” Жобосунун 4.4-пункутунун негизинде кызматкерлерге жалпы иштин жыйынтыгы менен жылдын аягында эмгек акы төлөө фондунун эсебинен кызматкерлерди материалдык кызыктыруу максатында сый акылар төлөнгөн. Жогорудагы Жобонун 4.4-пункутунун талаптары боюнча сый акылардын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө, “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсынын 2021-жылдын 31-декабрындагы №136-П буйругунун негизинде кызматкерлерге жылдын жыйынтыгы менен жалпысынан 3 648,7 миң сом төлөнүп берилген.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 токтому менен бекитилген, “Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин” негизинде кызматкерлерге сый акынын туура төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө, 49 кызматкерге эсептелген сый акы 2 537,2 миң сомду түзүп, натыйжада 1111,5 миң сомго кызматкерлерге жалпы иштин жыйынтыгы менен жылдын аягында эмгек акы төлөө фондунун эсебинен ашыкча түрдө сый акылар негизсиз төлөөлөргө жол берилген.

Иштин жыйынтыгы менен жылдын аягында эмгек акы төлөө фондунун эсебинен негизсиз төлөнгөн сый акылардын Социалдык фонд төлөмү 17,25 % 191,7 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге иштин жыйынтыгы менен, жылдын аягында эмгек акы төлөө фондунун эсебинен төлөнгөн сый акылар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 токтому менен бекитилген, “Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин” талаптарына шайкеш келтирилип төлөнсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2021-жылга карата “УЭХК” ААКсынын “Эмгек акысын төлөө жөнүндө” Жобосунун 4.7-пункутунун негизинде кызматкерлерге “Энергетиктер күнүнө” карата 1 381,3 миң сом төлөнүп берилген, ал эми жогорудагы жобонун 4.7-пункутунун 2-абзацынын талаптарына шайкеш келбестен, кызматкерлерге сый акы төлөөдө орточо бир окладдан ашыкча 38 кызматкерге жалпысынан 46,7 миң сом сый акы ашыкча төлөөлөргө жол берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге “Энергетиктер күнүнө” карата сый акылар “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ачык акционердик коомунун “Эмгек акысын төлөө жөнүндө” Жобосунун 4.7-пункутунун 2-абзацынын талаптарына шайкеш келтирилип төлөнсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“УЭХК” ААКсынын башкармалыгынын төрагасынын 2022-жылдын 27-июлундагы №70-л буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 146, 147-беренелеринин бузгандыгы боюнча башкы эксперт Чамбаев Кайратка жана ААКсынын 2022-жылдын 5-октябрындагы №96-л буйругунун негизинде башкармалыктын начальниги Ачикеев Жолдошбекке сөгүш түрүндө тартиптик жаза колдонуу боюнча буйрук чыккан, бирок эмгек акыга карата кошумча төлөмдөр “УЭХК” ААКсынын “Эмгек акысын төлөө жөнүндө” Жобосунун 4,3-пункутунун 10-абзацынын талаптарына шайкеш келбестен, башкармалыктын төрагасы тарабынан кошумча төлөмдөрдү кыскартуу боюнча буйрук чыкпастан, сөгүш түрүндө тартиптик жазасы бар 2 кызматкерге 42,9 миң сомго эмгек акысына ай сайын эсептелүүчү сый акы жана Социалдык фонд төлөмү 7,4 миң сом жалпысы 50,3 миң сом негизсиз төлөнүп берилген, анын ичинен: Чамбаев Кайратка 21,0 миң сом, Ачикеев Жолдошбекке 29,3 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, тартиптик жазасы бар кызматкерлерге “УЭХК” ААКсынын “Эмгек акысын төлөө жөнүндө” Жобосунун 4,3-пункутунун 10-абзацынын талаптарынын негизинде, башкармалыктын төрагасы тарбынан кошумча төлөмдөрдү кыскартуу боюнча буйрук чыгарылып, эмгек акысына ай сайын эсептелүүчү сый акылар кыскартылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсынын 2021-жылга пайда зыян отчету боюнча негизги ишмердүүлүгү боюнча кирешеси 55 000,0 миң сомду түзгөн, ал эми административдик чыгымдардын жалпы суммасы 59 801,0 миң сом, 4 801,0 миң сомго чыгашасы көп аткарылган, ал эми операциялык эмес кирешелер 8 637,0 миң сомго аткарылып, 1518,0 миң сомго пайда салыгы менен, жыл аягына 5 354,0 миң сомго пайда менен чыгып, 25,0 % дивиденд эсептелген, аудит убагында 2021-жылдан эмгек акы төлөөдөн негизсиз чыгашалар 2 515,5 миң сом административдик чыгашаларга кошулуп эсептелгендигине байланыштуу, 2021-жылдан 628,9 миң сомго дивиденд аз эсептелинип калган.

**Сунуштама:**

“Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акыларды төлөө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жүргүзүү жана республикалык бюджетке которулуучу дивиденддерди убагында туура чегерүү жагы көзөмөлгө алынсын жана аудит убагында аныкталган республикалык бюджетке кошумча чегерилген 628,9 миң сомдук дивиденд төлөмү тиешелүү бюджетке которулуп берилсин.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Сапар чыгымдарына түзүлгөн аванстык отчетторуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» токтомунун негизинде тандап алуу жолу менен аудит жүргүзүүдө, 2021-2022-жылдарда "УЭХК" ААКсынын 5 кызматкерине командировкалык чыгымдарды төлөөдө жалпысынан 12,5 миң сомго ашыкча төлөөлөргө жол берилгендиги аныкталды.

Аудит учурунда, командировкалык чыгымдарына ашыкча төлөнгөн 12,5 миң сом акча каражаты тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп "УЭХК" ААКсынын кассасына 2023-жылдын 8-июнундагы №5, 6, 7, 8, 9-кассалык дүмүрчөктөр менен кассага кириштелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге командировкалык чыгымдарды төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун негизинде жүргүзүлсүн.

**"Кыргызстан улуттук электр тармагы" ачык акционердик коому боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылга "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКсынын 0,4-35 кВ тармактарындагы электр энергиясынын жоготуулары 1 562,7 млн кВт саатты же 12,13 %ды түздү, бекитилген 1532,5 млн кВт/саат же 12,01 %, **өсүү 30,2 млн** кВт/саатты (0,12 %) түздү. 2022–жылга "Кыргызстан УЭТ" ААКсынын 0,4-35 кВ тармактарындагы электр энергиясынын техникалык жоготуулары боюнча пландан ашыкча жоготуунун көлөмү 30,2 млн кВтсаатты түздү.

**Сунуштама:**

Ашыкча техникалык жоготууларга жол бербөө үчүн, 0,4-35 кВт (жогорку чыңалуудагы) тармактарында электр энергиясын жоготууларын азайтуу боюнча иш-чаралар планы иштелип чыксын.

Электр энергиясын жогтууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылы "Кыргызстан УЭС" ААКсы электр энергиясын **ири керектөөчүлөргө, электр энергиясын керектөөчүлөргө жана сатуучуларга** жана **электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканаларга** түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, электр энергиясын берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча иш-чараларды жүргүзгөн.

**01.01.2021-жылдан 14.10.2021-жылга чейин электр энергиясын өткөрүү тарифи 22,0 тыйын/кВт саатты түздү, 15.10.2021-жылдан 2021-жылдын 31-декабрына чейин – 23,0 тыйын/кВт.саат.**

Жалпысынан 2021-жылы электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмесине кирген **61 контрагентке** 578 057,9 миң кВт/саат электр энергиясын

берүү кызматтары көрсөтүлгөн. Көрсөтүлгөн кызматтардын жалпы суммасы салыктарды кошкондо 142 397,7 миң сомду түзүп, 141 948,4 миң сом төлөнгөн. Бул топтун керектөөчүлөрү тарабынан эсеп-фактураларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн чегерилген жана таанылган туумдар 327,5 миң сомду, туумдарды төлөө 160,7 миң сомду түздү. "Электр энергиясын ири керектөөчүлөр" тобундагы кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн дебитордук карызы 2021-жылдын 31-декабрына карата 17 416,6 миң сом.

2021-жылы электр энергиясын **керектөөчүлөрдүн-сатуучулардын тизмесине 16 контрагент киргизилип,** аларга 169 781,2 миң кВт/саат электр энергиясын өткөрүү боюнча жалпы суммасы 41 174,9 миң сомдук кызматтар көрсөтүлгөн. Төлөмдүн суммасы 38 472,9 миң сомду түздү. Бул топтун керектөөчүлөрү тарабынан эсеп-фактураларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген жана таанылган айыптык төлөмдөрдүн суммасы 3,0 миң сомду түзөт, айыптык төлөм 3,0 миң сомду түздү. 2021-жылдын 31-декабрына карата "Электр энергиясын керектөөчүлөр-сатуучулар" тобундагы кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн дебитордук карызы 7 185,8 миң сомду түздү.

Мындан тышкары, 2021-жылы **бөлүштүрүүчү ишканалар** тобуна кирген **27 контрагентке** 875 028,0 миң кВт/саат жалпы суммасы 217 899,7 миң сомдук кызматтар көрсөтүлгөн. Берилген эсеп-фактуралардын төлөмү 220545,0 миң сомду түздү. Ал эми чегерилген айыптардын суммасы 19,8 миң сомду, айыптык төлөм 42,7 миң сомду түздү. Бөлүштүрүүчү ишканалар тобундагы кызматтарды керектөөчүлөрдүн дебитордук карызы 31.12.2021-жылга карата 22289,4 миң сомду түздү.

Бардыгы болуп 2021-жылга 1 622 867,1 миң кВт/саат электр энергиясын өткөрүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн керектөөчүлөрдүн жогоруда аталган топтору боюнча 401 472,3 миң сом суммасында төлөмдөр (салыктарды эске алуу менен) чегерилген. 400 966,3 миң сом төлөндү, 2021-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 46891,9 миң сомду түздү.

2022-жылы Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан электр энергиясын керектөөчүлөрдүн жогоруда аталган топторунун сандык курамына өзгөртүүлөр киргизилген.

**01.01.2022-жылдан 31.12.2022-жылга чейин электр энергиясын өткөрүү тарифи – 23,0 тыйын/кВт саат.**

**88 электр энергиясын ири керектөөчүлөргө** 213 731,7 миң сом төлөнүп, аларга 842 033,9 миң кВт/саат электр энергиясын өткөрүү боюнча кызматтар көрсөтүлүп, жалпы суммасы 214 402,8 миң сомдук кызмат көрсөтүлгөн (салыктарды эске алуу менен). Бул топтун керектөөчүлөрү тарабынан эсеп-фактураларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн чегерилген жана таанылган туумдар 155,6 миң сомду, айыптык төлөмдөрдү төлөө 0,6 миң сомду түздү. "Электр энергиясын ири керектөөчүлөр тобундагы" кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн дебитордук карызы 2022-жылдын 31-декабрына карата 23 501,5 миң сомду түздү.

2021-жылы **электр энергиясын керектөөчүлөрдүн-сатуучулардын тизмесине 6 контрагент киргизилип,** аларга 77 857,4 миң кВт/саат электр энергиясын өткөрүү боюнча жалпы суммасы 20 056,1 миң сомдук кызматтар көрсөтүлгөн. Төлөмдүн суммасы 21 526,2 миң сомду түздү. 2021-жылдын 31-декабрына карата “Электр энергиясын керектөөчүлөр-сатуучулар” тобундагы кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн дебитордук карызы - 3 176,0 миң сомду түздү.

Мындан тышкары, 2022-жылы **бөлүштүрүүчү ишканалар** тобуна кирген **12 контрагентке** 753 134,5 миң кВт/саат жалпы суммасы 194 007,4 миң сомдук кызматтар көрсөтүлгөн. Берилген эсеп-фактуралардын төлөмү 187 512,6 миң сомду түздү. Ал эми чегерилген айыптардын суммасы 87,5 миң сомду, айыптык төлөм 67,3 миң сомду түздү. Бөлүштүрүүчү ишканалар тобундагы кызматтарды керектөөчүлөрдүн дебитордук карызы 31.12.2021-жылга карата 26085,4 миң сомду түздү.

Бардыгы болуп, 2022-жылга 1 673 025,8 миң кВт саат электр энергиясын өткөрүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн керектөөчүлөрдүн жогоруда көрсөтүлгөн топтору боюнча 428 466,3 миң сом суммасында төлөмдөр (салыктарды эске алуу менен) чегерилген. 422 770,5 миң сом төлөндү, 2021-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 52 762,9 миң сомду түздү.

**Корутунду:**

“Кыргызстан УЭТ” ААКсы электр энергиясын ири керектөөчүлөргө, электр энергиясын керектөөчүлөргө жана сатуучуларга жана электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканаларга түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, электр энергиясын берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча бухгалтердик эсеп боюнча 2021-жылдын 1-январына карыз 46 241,0 миң сом, 2021-жылдын 31-декабрына карыз 46 891,9 миң сом, туумдар - 350,3 миң сом. Анын ичинде: соттук чечимдердин негизинде – 4084,4 миң сом, карыздарды төлөө графиктеринин негизинде – 3234,4 миң сом жана кезектүүлүк тартибинде банкрот болгон ишканаларга карата - 2643,2 миң сом, калган карыз учурдагы болуп саналат (2021–жылдын декабрь айы).

2022-жылдын 31-декабрына карыз 52 762,9 миң сом, туумдар - 243,1 миң сом. Анын ичинде: соттук чечимдердин негизинде – 4 084,4 миң сом, карыздарды төлөө графиктеринин негизинде – 2 774,9 миң сом жана банкрот болгон ишканаларга карата кезектүүлүк тартибинде – 2 643,2 миң сом карыздын калган бөлүгү учурдагы болуп саналат (2022–жылдын декабры айы).

**Сунуштама:**

Электр энергиясын ири керектөөчүлөргө, сатуучуларга жана бөлүштүрүүчү ишканалар менен түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, берилген электр энергиясынын бардык көлөмү үчүн каражаттар өз убагында өндүрүлсүн жана каражаттарды өндүрүү үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**2021-жылы “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсынын 500-110 кВ тармактарында электр энергиясынын техникалык жоготуулары**

**Аныкталды жана корутунду**:

Техникалык жоготууларды “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы 110-500 кВ электр тармактары боюнча электр энергиясынын берүү технологиялык жоготууларынын ченемдерин эсептөө жана негиздөө боюнча нускама долбоору, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин Илимий-техникалык кеңеши тарабынан иштелип чыккан (бирок өздөрү тарабынан бекитилген эмес) 110-500 кВ электр тармактары боюнча электр энергиясын берүүдө технологиялык жоготуулардын ченемдерин эсептөө жана негиздөө боюнча нускама жогоруда көрсөтүлгөндөй азыркы кезге чейин “Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети” тарабынан расмий бекитилип, буйрук менен иш алып баруу милдеттендирилбеген.

2021-2022-жылдарга, “КУЭТ” ААКсы тарабынан пландык техникалык жоготуулар 2021-жылы 874,51 млн кВтсаат (5,75 пайыз) 147,8 млн сом (0,169 тыйын) жана 2022-жылы 894,84 млн кВтсаат (5,63 пайыз) 149,4 млн сом (0,167 тыйын), 05.01.2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети (КР ӨЭЖМК) илимий-техникалык кеңеши (ИТК) тарабынан гана жакталган нускаманы колдонуп, 110-500 кВ электр тармактары боюнча электр энергиясын берүүдө технологиялык жоготууларын эсептеп келген, эсептөөлөр 2018-жылдан тартып азыркы күнгө чейин жүргүзүлүүдө.

**Сунуштама:**

110-500 кВ электр тармактары боюнча электр энергиясын берүүдө, технологиялык жоготуулардын ченемдерин эсептөө жана негиздөө боюнча нускаманын бекитилиши боюнча иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылга “КУЭТ” ААКсынын бекитилген жылдык бюджетинин көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик жана акционерлер тарабынан бекитилген көрсөткүчтөргө туура келбейт, айырмасы 2 705 642,**0** миң сомду түзгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №518 “Кыргыз Республикасынын энергетикалык компанияларынын финансылык–экономикалык ишинин көрсөткүчтөрү боюнча отчеттуулук формаларын бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, тарифтерге киргизилген өзгөрүүлөргө байланыштуу, отчеттук жыл ичинде “КУЭТ” ААКсынын жылдык бюджетине жана техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө тиешелүү түзөтүүлөр киргизилген. Бирок, компетенцияларынын бири Коомдун жылдык бюджетин бекитүү болгон “КУЭТ” ААКсынын башкы акционерлери, 80,49 % үлүшү менен “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсы жана 13,16 % үлүшү менен

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна финансылык жыл ичинде бюджетке жана техникалык-экономикалык көрсөткүчтөргө киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө билдирилген эмес.

"КУЭТ" ААКсынын башкы дирекциясы тарабынан, "КУЭТ" ААКсынын жылдык бюджетине киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө акционерлердин кезексиз чогулушун чакыруу демилгеленген эмес, ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин атынан жөнгө салуу орган менен "КУЭТ" ААКсынын башкаруу органынын ортосунда макулдашылган иш жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

"Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКсынын жылдык бюджетине жана экономикалык-техникалык көрсөткүчтөрүнө киргизилген өзгөртүүлөр боюнча, акционерлердин кезексиз чогулушун өз учурунда өткөрүү маселелеринин үстүнөн контролдоо күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

"Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 1-пунктунун 15-пунктчасына ылайык, табигый монополиялар субъекттери ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылган баалар (тарифтер) боюнча товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатууга милдеттүү, бул монополиялык мүнөздөгү кызматтар, көмөкчордондордогу камераларды оперативдүү тейлөө боюнча кызматтар "КУЭТ" ААКсы тарабынан аудит мезгилинде акы төлөнүүчү кызматтардын наркы Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашылган эмес жана "КУЭТ" ААКсы тарабынан негизсиз акы төлөнүүчү кызматтар жалпысынан 15 369,7 миң сомго көрсөтүлгөн, анын ичинде: 2021-жылы - 7 296,9 миң сомго, 2022-жылы - 8 072,8 миң сомго.

**Аныкталды жана корутунду:**

"Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-пунктунун 4-пунктчасынын талаптарын бузуу менен, жөнгө салынуучу товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) баасына (тарифтерине) аларды өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган чыгымдарды киргизүү менен, жана Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 24-ноябрындагы № 4-буйругунун негизинде бекитилген, "Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү методикасынын" талаптарын бузуу менен жөнгө салуучу тарифтер (баалар) жогорулатылган, демек 2021–жылга электр энергиясынын өткөрүү боюнча өздүк наркын түзүүдө чыгымдардын беренелерин экономикалык негизсиз көбөйтүлгөн жана жогорулатуунун жалпы суммасы **14 058,2 миң сомду, 2022-жылга - 33 087,5 миң сомду** түздү. Ошентип, 2021–жылга электр энергиясынын өткөрүү боюнча өздүк наркын түзүүдө чыгымдардын беренелерин экономикалык негизсиз жогорулатуунун жалпы суммасы

**14 058,2 миң сомду, 2022-жылга - 33 087,5 миң сомду,** аудит мезгилинде **социалдык жардам көрсөтүүгө** кеткен чыгымдардын жалпы суммасы **47 145,7 миң сомду** “КУЭТ” ААКсы “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 2-пункутунун талаптарына ылайык, республикалык бюджетке которууга милдеттүү.

*Эскертүү:* “КУЭТ” ААКсынын 2024-жылдын 14-мартынын №20-7/и-631 катынын негизинде:

*2024-жылдын 7-февралындагы №542 Төлөө тапшырмасынын ненигизинде республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө 10 000,0 миң сом которулуп берилди.*

*2024-жылдын 27-февралындагы №870 Төлөө тапшырмасынын ненигизинде республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө 10 000,0 миң сом которулуп берилди.*

*2024-жылдын 6-мартындагы №1040 Төлөө тапшырмасынын ненигизинде республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө 10 000,0 миң сом которулуп берилди.*

*2024-жылдын 13-мартындагы №1204 төлөө тапшырмасынын ненигизинде республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө 11 160,3 миң сом которулуп берилди.*

*Ошондой эле, Кыргызстан Улуттук электр тармактары ачык акционердик коомунун берген маалыматы боюнча, Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2023-жылдын 15-декабрындагы №233 буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин депозиттик эсебине 21 355,1 миң сом, андан ары республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которуу үчүн, которулган.*

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит мезгилинде, Эсеп саясатынын 16.1-бөлүмүнүн талаптарын бузуу менен, “КУЭТ” ААКсынын жалпы жана административдик чыгымдардын беренесинен жетекчилердин, тийиштүү кызматкерлердин жеткиликтүү, туура иш алып барбагандыгына байланыштуу мамлекеттик бюджетке **төлөнгөн айыптардын, туумдардын** жалпы суммасы 137 512,0 миң сомду түзгөн: 2021-жылы - 74 327,0 миң сом, 2022-жылы - 63 185,0 миң сом жана “КУЭТ” ААКсын бюджеттик жоготууларга алып келген.

**Корутунду:**

Аудит мезгилинде, Эсеп саясатынын 16.1-бөлүмүнүн талаптарын бузуу менен, “КУЭТ” ААКсынын 2021-жылы жалпы жана административдик чыгымдардын беренесинен бюджеттин тартыштыгына байланыштуу айып пулдардын суммасы **137 512,0** миң сомду түзгөн, бул биригүүнүн натыйжасында энергиясын таркатуучу компаниялардан өткөн айып пулдар.

**Сунуштама:**

“Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун бюджетин сарамжалдуу колдонуу үчүн иш алып барылсын жана кетирилген кемчиликтер кайталанбасын.

**Иш сапар чыгымдардын ченемдеринин сакталышына аудит жүргүзүү**

**Аныкталды жана корутунду:**

“КУЭТ” ААКсынын кызматкерлери иш сапарына барып келгендиги боюнча, иш сапары боюнча кызматтык тапшырманын аткарылышы жөнүндө отчеттору айрым учурларда түзүлбөгөн.

“КУЭТ” ААКсынын кызматкерине 19,9 миң сом суткалык жана квартиралык чыгымдары бир күндөн ашык көрсөтүлүп, ашыкча чыгымдалган (2023-жылдын 1-августундагы № С0000000118 кириш кассалык ордери негизинде кассага кайтарылды).

**Сунуштама**:

Иш сапар боюнча кызматтык тапшырманын аткарылышы жөнүндө отчеттордун түзүлүшүнө жана ашыкча төлөмдөргө жол берилбесин.

**Негизги өндүрүштүк материалдарды жана негизги фонддорду сатып алуу үчүн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жана сарамжалдуулугуна аудит**

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит тарабынан, узак убакыт бою пайдаланылбаган, максаттуу колдонулбаган товарлар жана материалдар кампаларда сакталгандыгы аныкталды, бул каражаттардын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келүүдө. Демек, өндүрүш үчүн жараксыз запастардын фактылары керектөөлөрдү талдоосуз алуу жолу менен аныкталган, бул камсыздоо кызматы тарабынан мониторингдин жоктугун көрсөтүп турат жана натыйжада, ошондой эле Коомдун каражаттарын эффективдүү чыгымдоо камсыз кылынбайт.

2022-жылдын 31-декабрына өндүрүштүк процессте узак убакыт бою пайдаланылбаган, максаттуу колдонулбаган товарлардын жана материалдардын жалпы суммасы 30 739,3 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Өндүрүштүк процессте товарлардын жана материалдардын фондуларын пайдаланууда каражаттарды рационалдуу жана эффективдүү пайдалануу боюнча чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы бухгалтердик 7161.3 эсептешүү эсебинен 2021-2022-жылдары 8.5. “Запастарды чыгаруу” эсептик саясатынын беренелерин бузуу менен, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын бөлүмдөрүнө кампадан берилген жалпы суммасы 1 611,0 миң сомдук кеңсе товарлары, жазылган талаптардын негизинде, кампадан тастыктоочу документтери жок, түз эсептен чыгарылган. “Кыргызстан

улуттук электр тармагы" ААКсынын эсептик саясатында кеңсе товарлардын чыгышталышы, бөлүмдөргө таркатуу баракчасынын жана товарларды эсептен чыгаруу актысы аркылуу чыгышталышы көрсөтүлгөн.

Ошондуктан, 2021-2022-жылдары чыгышталган офистик товарлар "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКсынын бухгалтердик эсебинен негизсиз чыгышталып, жыйынтык чыгымдары негизсиз көбөйтүлүп, жалпы сумма 1 611,0 миң сомду түзгөн жана рационалдуу, эффективдүү пайдаланылган эмес.

**Сунуштама:**

Эсептик саясатынын 8.5. "Запастарды чыгаруу" бөлүгүнүн талаптары аткарылсын, кеңсе товарларды эсептен чыгаруу, бөлүмдөргө таркатуу баракчасынын негизинде акты түзүү менен чыгымдалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" (2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 редакциясы) Мыйзамынын 9-беренеси "Сатып алуучу уюм" 2-пунктунун 1,2,3 жана 4-бөлүктөрүн бузуу менен, сынак (тендер) өткөрүлбөй, юридикалык кызматтардын баасына мониторинг жасалбай жана "КУЭТ" ААКсынын штаттык бирдикте бекитилип каралган юридикалык бөлүмү (КУЭТтин келишимдерди даярдоочулар), анда иштеп жаткан кызматкерлерине карабай "КУЭТ" ААКсы ишеним каттын негизинде жана "Tax&Business Iam Consuitn" ЖЧКсы менен 15.09.2017-жылы ишеним келишими түзүлгөн. Бул келишимде аткаруучу "Tax&Business Iam Consuitn" ЖЧКсы "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКсы койгон сот иш чараларды аткаруусу каралган. Сот иш чараларын алып барууда, аткарылган иштер боюнча өткөрүп берүү актысы түзүлүп, эки тарап кол коюшкандан кийин 100,0 миң сом сыйлык төлөп берүү келишимде каралган. Ушундай эле мазмунда "КУЭТ" ААКсы ишеним каттын негизинде жана "Tax&Business Iam Consuitn" ЖЧКсы менен 25.01.2019-жылы ишеним келишими түзүлгөн. Сот иш чараларын алып барууда, аткарылган иштер боюнча өткөрүп берүү актысы түзүлүп, эки тарап кол коюшкандан кийин 200,0 миң сом сыйлык төлөп берүү келишимде каралган.

Аудит убагында, "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКсы тарабынан кайсы иш чаралардын ишин алып баруусу боюнча маалымат жана "Tax&Business Iam Consuitn" ЖЧКсы кайсы иштерди аткарганы боюнча так жана толук маалымат жок экенин аудит белгилейт.

"КУЭТ" ААКсы 14.07.2021-жылдагы № 1309 төлөм тапшырмасы аркылуу 150,0 миң сом "Tax&Business Iam Consuitn" ЖЧКсы тарабына жиберилген 05.07.2021-жылдагы №174 эсеп-фактурасынын негизинде, 15.09.2017-жылдагы тапшырма келишими боюнча юридикалык кызматтардын аткарылышына эсептешүү эсебине которулган.

Жогоруда көрсөтүлгөн, 15.09.2017-жылдагы түзүлгөн тапшырма келишимдин негизинде, "Tax&Business Iam Consuitn" ЖЧКсы тарабынан аткарган иштерине өткөрүп берүү актысы түзүлүп, эки тарап кол коюп, андан кийин 100,0 миң сом сыйлык төлөп берүү каралган. Бирок, аудит убагында

“Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан кайсы иштерди алып баруусу боюнча тапшырма бергени боюнча маалымат жок экенин аудит белгилейт. Ушундай эле мааниде, 50,0 миң сом келишими жок төлөнгөнүн аудит убагында аныкталган. Бирок, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын башкы эсепчиси тарабынан аудит аяктап калган учурда 50,0 миң сомго келишим алып келген.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй эле, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан кайсы иштерди алып баруусу боюнча тапшырма бергени боюнча маалыматы жок “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын 19.03.2021-жылдагы №461 төлө тапшырмасы аркылуу 200,0 миң сом “Tax&Business Iam Consuitn” ЖЧКсы тарабынан жиберилген 18.03.2021-жылдагы № 170 эсеп-фактурасынын негизинде, 25.01.2019-жылы түзүлгөн ишеним келишимдин негизинде “Tax&Business Iam Consuitn” ЖЧКсынын эсептешүү эсебине которулган.

Тактап кетчү жагдай, жогоруда көрсөтүлгөн “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы жана “Tax&Business Iam Consuitn” ЖЧКсы менен түзүлгөн үч ишеним келишимдери, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын документациялык жүгүртүү бөлүмүндө каттоодон өткөрүлбөгөндүгү аудитте аныкталды.

Бирок, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы 2022–жылдын 29-декабрында №415 буйругу менен “Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама”, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23-июлундагы № 517 (азыркы кезде бул токтом жокко чыгарылып, 2020-жылдын 3-мартында № 120 жаңы токтом чыккан) токтомун аткарууда, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы иш кагаздарын жүргүзүүнү уюштурууну өркүндөтүү максатында кабыл алган. Ушул нускамада 2-параграфынын “Документтерди каттоо” 35-пунктунда көрсөтүлгөн талаптар сакталбагандыгы аудит убагында аныкталды, же ишеним келишимдери катталган эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, жетекчилик жана тийиштүү кызматкерлер тарабынан, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына, каражаттардын сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланылышына чаралар көрүлсүн.

Түзүлгөн келишимдердин негиздүүлүгүн тастыктоо үчүн, жүргүзүлгөн каттоочу журналдарда келишимдердин каттоодон сөзсүз катталышы камсыздалсын.

**220/110/10 кВ кубаттуулуктагы 250 МВА автотрансформаторлорун сатып алуу**

**Аныкталды жана корутунду:**

“КУЭТ” ААКсы тарабынан бажы төлөмдөрү, брокер кызматына жана убактылуу сактоочу кампага **12 274,2** миң сом суммасындагы акча каражаттарын негизсиз, кошумча чыгым төлөгөн, бирок, көрсөтүлгөн сумма келишим шарттары боюнча товарлардын баасына кирген.

*Эскертүү:* “КУЭТ” ААКсынын 2024-жылдын 14-мартынын №20-7/и-631 катынын негизинде «China National Heavy Machinery Corporation» компаниясынын Бажы чыгымдары (бажы алымдары, бажы төлөмдөрү ж.б.) жеткирүүчүлөргө төлөнгөн суммадан кайтарылган.

**Аныкталды жана корутунду:**

Келишимдин 2.2-пунктуна ылайык, автотрансформаторду Кыргыз Республикасынын бажы аймагына алып келгенде, “КУЭТ” ААКсы тарабынан бажы төлөмдөрү, брокер кызматына жана убактылуу сактоочу кампага **9 641,9** миң сом суммасындагы акча каражаттарын негизсиз төлөгөн, бирок, көрсөтүлгөн сумма келишим шарттары боюнча товарлардын баасына кирген.

*Эскертүү:* КУЭТ” ААКсынын 2024-жылдын 14-мартынын №20-7/и-631 катынын негизинде “Pinggao Group Co.LTD” компаниясынын төлөм суммасынан Бажы чыгымдары (бажы алымдары, бажы төлөмдөрү ж.б.) жеткирүүчүлөргө төлөнгөн суммадан кайтарылган.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсынын 2023-жылы 22 018,6 миң сомго куруу иштери аткарылгандыгы тууралуу актысы Чакан ГЭС ААКсына өткөрүлүп берилген, бирок, кошумча нарк салыгынын (КНС) эсеп-фактурасы толтурулган эмес. “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсынын бухгалтердик эсепте тиешелүү бухгалтердик жазуу жүргүзүлбөгөндүгүн аудит белгилейт. Чакан ГЭС ААКсы тарабынан которулган каражат 19 723,4 миң сом “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсынын бухгалтердик эсепте 31.12.2022-жылдагы кредитордук карыз болуп катталган. Мындайча айтканда, Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 178-березенин 1 жана 6 аункутун бузуу менен 2022-жылы которулган каражаттан кошумча нарк салыгынын (КНС) 1 972,3 миң сом мамлекеттик бюджетке төлөнбөй калган.

**Аныкталды жана корутунду**:

2021-жылдын 12 айында “Кыргызстан УЭТ” ААКсында оңдоо иштери 206 130,2 миң сомго бүткөрүлүп, план 220 720,7 миң сом (93,4 %) аткарылган.

Жалпы капиталдык оңдоп-түзөө иштери 39 375,4 миң сомго аткарылган, ал эми план 46 801,3 миң сомду түзсө (84,1 %) жана 173 919,5 миң сомдук пландын ордуна (96 %) 166 754,9 миң сомго жалпы учурдагы оңдоо/эксплуатациялоо иштери аткарылган.

Селге каршы иш-чаралар 2 515,7 миң сомго каралса, 2 454,4 миң сомго аткарылган (97,6 %).

Сатып алуунун натыйжасында келип чыккан материалдардын, жабдуулардын жана подряддык уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн пландык жана иш жүзүндөгү наркынын ортосундагы айырмага байланыштуу үнөмдөө да бар.

2022-жылдын 12 айында “Кыргызстан УЭТ” ААКсында оңдоо иштери 0план боюнча 1 221 845,3 миң сом болсо, 886 473,6 миң сомго (73,4 %) аткарылган. Капиталдык оңдоо иштери план боюнча 333 469,7 миң сом болсо,

282 494,2 миң сомго (84,7 %) аткарылган. Учурдагы оңдоо/эксплуатациялоо иштери план боюнча 888 375,6 миң сом болсо, пландын ордуна 603 979,4 миң сомго (68,0 %) аткарылды.

2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы (2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 редакциясы) Мыйзамына жана жаңы мыйзамдын 2-берененин 5-пункутун талаптарына ылайык сынактар жокко чыгарылгандыгына байланыштуу, жабдууларды сатып алуу үчүн өткөрүлүүчү сынактарга жана капиталдык оңдоо иштеринин жүргүзүлүшүнө таасирин тийгизген.

**Аныкталды жана корутунду:**

ОМТСтин ченемдеринин негизинде жана электр энергиясын жеткирүү боюнча учурдагы келишимдин шарттарына ылайык, "КУЭТ" ААКсы тарабынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсына берилген электр энергиясынын бардык көлөмү үчүн тарифтин суммалык айырмасын төлөө үчүн 2021-жылдын 15-октябрынан 2022-жылдын 30-ноябрына чейин, 2022-жылдын декабрь айларына электр энергиясын берүү 5,04 сом/кВт/саат эсебинде эсеп-фактуралар берилген.

2022-жылдын 31-декабрына өз ара эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү актысы менен ырасталган жана электр энергиясынын алынган көлөмү 842 892,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен: 2023-жылдын 1-январына 111 388,5 миң сом төлөнгөн. Калган 731 504,1 миң сомду "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы тарабынан эсептелген карызы төлөнбөй келген, бул бюджеттик жоготууларга алып келген. Жогоруда көрсөтүлгөн, 2022-жылдын 31-декабрына карата макулдашуу актысы, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы **каршы пикир менен кол коюлуп,** түзүлгөн.

Аудит учурунда тышкы экономикалык ишмердик жана системалык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмүнүн маалыматына ылайык, жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 токтому менен бекитилген тарифтин негизинде, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы Кыргыз Республикасынын башкаруусуна өткөнгө чейин, 2021-жылдын 15-октябрынан тартып 2022-жылдын 2-августуна чейинки мезгил аралыгына кошумча эсептелген суммасы **481 148,3** миң сомду түзгөн. Ал эми "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы Кыргыз Республикасынын башкаруусуна өткөндөн баштап, 2022-жылдын 3-августунан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына кошумча эсептелген сумма **250 355,7** миң сомду түзгөн. Өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдун жалпы суммасы 148 598,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын башкаруусуна өткөндөн кийин, туумдун суммасы 49 151,2 миң сомду түзгөн.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн карыз 731 504,1 миң сомдун тууму 148 598,8 миң сом боюнча "КУЭТ" ААКсы менен "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы бир пикирге келише албагандыгына байланыштуу, аудит убагында, аудитке сунушталган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын

Жетекчисинде болгон Кеңештин 24.06.2022-жылдагы № 18/26-4 протоколунун 1.п. 5.абзацында көрсөтүлгөндөй:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 токтомунун 3-тиркемесинин 9-пунктуна ылайык, 2022-жылдын 1-июлунан тартып электр энергиясына тарифтердин өзгөрүүсү маселеси боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсына кат жөнөтүүсү каралган.

Ушул протоколдук тапшырмалар боюнча иш алып барылып, жыйынтык чыкпай, макулдашуу болгон эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинде "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсынын электр энергиясына белгиленген тариф маселеси жөнүндө" болуп өткөн кеңештин протоколунда, 1.п Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчисиннин 2022-жылдын 24-июнундагы №18/26-4 кеңешменин протоколунда 5-абзацында көрсөтүлгөн 2022-жылдын 1-июлундагы мөөнөтү 2023-жылдын 1-январына узартылган.

1995-жылдын 22-майында түзүлгөн келишимге кошумча келишим түзүлүшү, 2023-жылдын 1-январынан тартып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 токтомунун "Орто мөөнөттүү тарифтик саясатынын" негизинде жүргүзүлүшү көрсөтүлгөн жана бюджеттик жоготуулардын суммасы **250 355,7** миң сомду түзөт .

Жогоруда көрсөтүлгөн маалымат боюнча, 2023-жылдын 27-январында № 45-7/И-244 "Кыргызстан УЭТ" ААКсы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары - КР УКМКнын төрагасына тарифтеги коэффициентти көбөйтүүнүн натыйжасында пайда болгон айырманы төлөө маселесинде көмөк көрсөтүү боюнча кат түрүндө кайрылган.

Бирок, аудит убагында жогоруда аталган "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсынын өкүлдөрү тарабынан берилген түшүндүрмө боюнча, 2022-жылдын 4-апрелинде Кыргыз Республикасы, "Кыргызалтын" ААКсы, "Центерра Голд Инк" компаниясынын ортосундагы арбитраждык териштирүүлөрдү токтотуу максатында жабылуу күнүнө карата жана андан кийин – "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы ( мындан ары - КГК) жана "Кумтөр Оперейтинг Компани" (мындан ары – КОК) жөнгө салуу жөнүндө Глобалдык макулдашууга (мындан ары – "Глобалдык Макулдашуу") кол коюлган жана аны ишке ашыруу 2022-жылдын 2-августунда "Кыргызалтын" ачык акционердик коому КГКнын 100 % акциясын жана КОКтун 100 % акциясын менчикке алышына жана "Кумтөр" Долбоорунун тагдырын өз алдынча аныктоо укугу Кыргыз Республикасына өтүшүнө алып келген.

Ошол эле учурда, Глобалдык Макулдашуунун 4-беренесине ылайык, жабылган күндөн тартып жана андан кийин (Глобалдык Макулдашуунун 1-тиркемесинин (у) пунктуна ылайык аныкталгандай) "Центерра Голд Инк" компаниясы же андан мурунку мекемелери тарап болуп саналган "Кумтөр"

долбоору боюнча макулдашуулар (Глобалдык Макулдашуунун 1-тиркемесини 3-пункутуна ылайык аныкталгандай) өз күчүн токтотот жана “Центерра Голд Инк” компаниясына же андан мурунку мекемелерге карата мындан ары күчкө жана аракетке ээ болбойт, ал эми “Центерра Голд Инк” компаниясы же андан мурунку мекемелердин баары Долбоор боюнча макулдашуулардын тараптары болууну, ошондой эле аларга ылайык кандайдыр бир укуктарга ээ болууну токтотушат.

Ушуга байланыштуу, “Центерра Голд Инк”компаниясы “Кумтөр” Долбооруна катышуусун токтотуу менен менчик ээсинин артыкчылыктарын жоготту. Бирок, КГКга жана КОКко карата “Кумтөр” долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуу жана кайра каралган макулдашуулар күчүн жоготкон жок, “Центерра Голд Инк” компаниясы “Кумтөр” Долбоорунан чыккандан кийин жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуу түзүлгөн күнүнө карата (24-апрель 2009-жыл) мыйзамдарды турукташтыруу жөнүндө шарттарды күчүндө калтыруу менен жана “Кумтөр” долбоору боюнча бардык макулдашууларды, анын ичинде 1995-жылдын 22-майында артыкчылыктуу негизде электр энергиясын жеткирүү жөнүндө келишимди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан артыкчылыктуу күчтү калтыруу менен колдонула берет.

Жогоруда айтылганды эске алуу менен, “Кумтөр Голд Компани” ЖАКсынын электр энергиясына акы төлөө маселелери жөнүндө “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын кайрылуусунун жана “Кумтөр Голд Компани” ЖАКсынын “Кумтөр” кен ишканасы үчүн электр энергиясына кошумча төлөө боюнча 31.12.2022-жылга чейин берилген сунушун кароо боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде Төрагалык кылуучу кеңешме өткөрүп, кеңештин жыйынтыгында 2023-жылдын 14-ноябрында № 124 протоколу түзүлүп, эки тарап бир пикирге келишип, кошумча “Кумтөр Голд Компани” ЖАКсы Кыргызстан УЭТ” ААКсынын пайдасына жөнгө салуу жөнүндө макулдашууну түзүүнү оптималдуу максатка ылайыктуу деп табуу сунушуна макулдук берилсин деп, “Кыргызстан УЭТ” ААКсы менен “Кумтөр Голд Компани” ЖАКсы 2023-жылдын 14-декабрында № 45-14/0430 “Эсептешүү келишими” түзүлүп, “Кумтөр Голд Компани” ЖАКсы тарабынан банктык эсептин 2023-жылдын 20-декабрынан №1240020000821573 төлөм тапшырманын негизинде 246 886,2 миң сом “КУЭТ” ААКсынын эсебине которулуп берилген.

**Электр энергиясын сатып алуу боюнча электр бөлүштүрүүчү компаниялардын (мындан ары - ЭБК) келишим милдеттенмелери**

**Аныкталды жана корутунду:**

ЭБКлар менен түзүлгөн контракттардын 7.8-беренесин бузуу менен, “Кыргызстан УЭТ” ААКсы бүтүндөй мезгил аралыгына карата 3 644 369,8 миң сом суммасындагы туумдар 31.12.2022-жылга ЭБКлардан өндүргөн эмес, анын ичинен: “Түндүк электр” ААКсы - 1 768 951,5 миң сом, “Жалалабат электр” ААКсы - 530 080,9 миң сом, “Чыгыш электр” ААКсы - 524 171,8 миң

сом жана “Ош электр” ААКсы - 821 165,6 миң сом. ЭБКлар боюнча эсептелген туумдар компания тарабынан ФОЭСтин “Шарттуу активдер” деп аталган 37-стандартына ылайык жүргүзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын энергосистемасындагы реструктуризацияга жана бөлүштүрүүчү компаниялардын “Кыргызстан УЭТ” ААКсына кошулуусуна байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 374-беренесинин ченемдерине ылайык аларды элиминациялоо - *карызкор менен кредитор бир жак болуп чыкса, милдеттенме токтотулат,* жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, электр бөлүштүрүүчү компаниялар менен санкцияларды колдонуу жагында келишимдик шарттардын сакталышы камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын кредиттер боюнча милдеттенмелери**

**Аныкталды:**

“Кыргызстан УЭТ” ААКсынын чет өлкөлүк Азия өнүктүрүү банкы, Ислам өнүктүрүү банкы, Түндүк өнүктүрүү фонду, Араб экономикалык өнүгүүсүнүн Кувейт фонду, Швейцария Өкмөтүнөн, Туркэксимбанктан жана Кытай Элдик Республикасынан алынган карыз милдеттенмелери боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын ортосунда түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Каржы-насыялык фонду (КР КМ алдындагы КНФ) тарабынан көзөмөлгө алынат, мунун негизинде “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын түздөн-түз Эл аралык каржы институттары менен түзүлгөн насыя боюнча милдеттенмелери жок.

“Кыргызстан УЭТ” ААКсынын бардык насыялары жаңы аба чубалгыларды жана тиешелүү технологиялык жабдуулары бар көмөкчордондорду куруу максатында, ошондой эле электр энергиясын берүүдө уставдык функцияларды ишенимдүү сапаттуу камсыз кылуу үчүн компаниянын болгон инфраструктурасын реконструкциялоо жана модернизациялоо максатында алынган. “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын жалпы милдеттин структурасында “Кыргызэнерго” ААКсынан өткөн милдеттенмелер боюнча карызы бар.

“Кыргызстан УЭТ” ААКсынын милдеттенмелери донорлордун валютасында көрсөтүлгөн, алар ар бир отчеттук датада улуттук валютага конвертацияланат.

Энергетика тармагын кайра уюштуруунун алкагында 4 ЭБКлардын “Кыргызстан УЭТ” ААКсына биригүүсүнүн натыйжасында ЭБКлардын карыздык милдеттенмелери “Кыргызстан УЭТ” ААКсына өткөн.

Алсак, “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын тышкы насыялар боюнча карызы 01.01.2021-жылга карата 66 304 838,4 миң сомду түздү, анын ичинде:

- негизги сумма - 62 316 842,5 миң сомду;
- пайыздар - 3 850 055,5 миң сомду;
- айып пулдар - 137 940,3 миң сомду.

Анын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен карызы – 15 613,4 миң сомду түздү.

2021-жылга 1 813 763,0 миң сом төлөнүп, анын ичинен:

- негизги сумма - 1 307 240,9 миң сом,
- пайыздар боюнча - 506 522,1 миң сомду түздү.

01.01.2022-жылга карата тышкы насыялар боюнча төлөнгөн жалпы сумма 10 120 354,5 миң сом болсо, анын ичинде:

- негизги сумма - 5 381 447,9 миң сомду;
- пайыздар - 4 728 203,1 миң сомду;
- айып пулдар - 10 703,5 миң сомду түздү.

Тышкы насыялар боюнча карыздар 01.01.2022-жылга карата 70 946 684,2 миң сомду түзүп, анын ичинде:

- негизги сумма - 66 085 048,2 миң сом;
- пайыздар боюнча - 4 721 305,7 миң сом;
- айып пулдар боюнча - 140 330,3 миң сомду түздү.

Төлөнө элек карыздар жок.

2022-жылга 1 991 153, 0 миң сом төлөнүп, анын ичинен:

- негизги сумма - 1 441 241,7 миң сом;
- пайыздар - 549 911,3 миң сомду түздү.

01.01.2023-жылга карата тышкы насыялар боюнча төлөнгөн жалпы суммасы 12 111 507,5 миң сомду түзүп, анын ичинде:

- негизги сумма - 6 822 689,6 миң сом;
- пайыздар - 5 278 114,4 миң сом;
- айып пулдар - 10 703,5 миң сомду түзөт.

Тышкы насыялар боюнча карыз 01.01.2023-жылга карата 77 301 925,9 миң сомду түзөт, анын ичинде:

- негизги сумма - 71 652 844,0 миң сом;
- пайыздар - 5 532 380,2 миң сомду;
- айып пулдар - 116 701,7 миң сомду түзөт.

Анын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен карыз – 128 172,7 миң сом.

Бюджет жана техникалык экономикалык көрсөткүчтөр жыл сайын тартыштык менен бекитилгендигине байланыштуу, жыл сайын карыздар чогулган (карыздык милдеттенмелердин графиктери боюнча өз убагында төлөнбөгөн карыздар), буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан карыздык милдеттенмелер боюнча айыптык санкциялар мөөнөтү өткөн карыздар менен бирге узартылган.

**Корутунду:**

Тышкы насыялар боюнча карыздар 01.01.2022-жылга карата 70 946 684,2 миң сомду түзүп, анын ичинде:

- негизги сумма - 66 085 048,2 миң сом;
- пайыздар боюнча - 4 721 305,7 миң сом;
- айып пулдар боюнча - 140 330,3 миң сомду түздү.

Тышкы насыялар боюнча карыз 01.01.2023-жылга карата 77 301 925,9 миң сомду түзөт, анын ичинде:

- негизги сумма - 71 652 844,0 миң сом;

- пайыз - 5 532 380,2 миң сом;

- айып пулдар - 116 701,7 миң сом.

Анын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен карыз – 128 172,7 миң сом, (БЭКтердин карызы).

**Сунуштама:**

Мындан ары, насыялык келишимдердин негизинде бөлүнгөн каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу, өз убагында пайдалануу боюнча иш алып барылсын.

**“Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун электр тармактарынын филиалдарынын ишине жүргүзүлгөн аудит**

“Кыргызстан УЭТ” ААКсынын филиалдарында аудит жүргүзүлгөн. Алар: Чүй электр тармактарынын ишканасы, Ош электр тармактарынын ишканасы, Жалал-Абад электр тармактарынын ишканасы, Ысык-Көл электр тармактарынын ишканасы, Нарын электр тармактарынын ишканасы, Талас электр тармактарынын ишканасы, окуу борбору жана “Эл-Нуру” пансионаты.

Төмөндө филиалдар боюнча айрым кемчиликтер келтирилген:

**Баткен электр тармактар ишканасы (Баткен ЭТИ) боюнча:**
**Электр энергиясынын жоготуулары**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтомуна ылайык 2022-жыл үчүн “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан Баткен ЭТИнин жоготуулары 12,4 %га чейин белгиленген.

Аныгында, Баткен ЭТИнин жалпы жоготуулары 105 228,9 миң кВтс. **13,79 %ды** түзгөн же нормативден ашыкча жоготуулар **1 894,1** миң кВтс. **2060,5** миң сомду түзүп, **1,39 %** жоготууларга жол берилген, анын ичинен: Баткен райондук электр тармактар ишканасы (РЭТИ) 22220,6 кВтс 12,9 % ашыкча **0,8 %,** Кадамжай РЭТИ 41167,7 кВтс 14,8 % ашыкча **1,2 %,** Кызыл-Кыя РЭТИ 19 302,6 кВтс 14,3 % ашыкча **3,7 %.**

**Сунуштама:**

Мындан ары, Баткен электр тармактар ишканасынын жетекчилиги Район электр тармактар ишканаларынын жетекчилери жана кызматчылары менен биргеликте 2023-2024-жылдарга нормативден ашыкча жоготууларды белгиленген көрсөткүчтөн ашырбоо үчүн, иш чаралар иштелип чыгылсын жана ашыкча жоготууларга жол берген жетекчилерге тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына аудит**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамынын 8-беренесинин 3-пункутунун талаптары (Баштапкы эсепке алуу документтерин өз учурунда жана сапаттуу жол-жоболоштуруу, аларды бухгалтердик эсепте чагылдыруу үчүн билгиленген мөөнөттө берүү, ошондой эле алардагы маалыматтардын тууралыгы бул документтерди түзгөн жана ага кол койгон адамдар тарабынан камсыз кылынат) бузулуп, Баткен ЭТИнин директорунун буйруктарынын, мамлекеттик кабыл алуу актысынын негизинде реконструкциядан өткөн объектилердин алмаштырылган бөлүктөрү (демонтаж) көмөкчү чордондор, электр мамылары жана электр сымдар өз убагында жана толук көлөмдө тиешелүү жоопкер адамдардын эсебине кириштелген эмес жана бухгалтердик эсепте чагылдырылбаган.

Аудит убагында, Баткен ЭТИнин жооптуу кызматкерлери составында демонтаждалган көмөкчү чордондор, электр мамылары жана электр сымдар ФОЭСтин №6 "Материалдык эмес активдер" бөлүгүнүн 36,38-беренелерине ылайык кириштөө үчүн ар бир объект боюнча товардык материалдык баалуулуктар бааланып акт түзүлдү. 2023-жылдын 23-августундагы түзүлгөн актыга ылайык комиссия демонтаждалган көмөкчү чордондордун, электр мамыларынын жана электр сымдарынын анык баасын эсептеп чыкканда, алардын баасы **519,9 миң сомду** түзүп, Баткен ЭТИнин бухгалтериясы аркылуу ар бир жоопкер адамдарга кириштелди.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Баткен электр тармактар ишканасынын жетекчилиги тарабынан тиешелүү адистердин катышуусунда комиссия түзүлүп, Кыргыз Республикасынын курулуш, реконструкциялоо боюнча нормативдик укуктук актыларга негизденип демонтаждалган негизги каражаттардын, ошондой эле товардык материалдык баалуулуктардын анык абалын аныктап, кайрадан баалап, тиешелүү жоопкер адамдардын жоопкерчилигине жана бухгалтердик эсепке өз убагында кириштөө боюнча иш чаралары көрүлсүн.

### Электр энергиясын пайдалануучулар, товар берүүчүлөр жана кызмат көрсөтүүчүлөр боюнча дебитордук жана кредитордук карыздар

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **"**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**"** токтому менен 2022-жылдын төртүнчү кварталы үчүн бюджеттик керектөөчүлөрдүн карызын жана бийик тоолуу шарттарда жана республиканын бaруугa кыйын алыскы райондорунда жашаган адамдарга компенсацияларды төлөөнү эсепке албаганда дебитордук карызды 10 %га азайтуу каралган, бирок бул талаптар сакталбастан кээ бир электр тармактар ишканалары тарабынан дебитордук карыздары жыл башына карата көбөйүшүнө жол берилген. Тактап айтканда: Баткен райондук электр тармактар ишканасында 6 935,7 миң сом, анын ичинен: Баткен областык

администрациясында - 635,0 миң сом, Баткен токой чарбасында 406,0 миң сом, Кара-Булак айыл өкмөтүндө - 149,0 миң сом, Баткен райондук билим берүү бөлүмүндө - 1443,5 миң сом, Самаркандек айыл өкмөтүндө - 201,7 миң сом, Кыштуут айыл өкмөтүндө - 232,6 миң сом, Баткен райондук суу чарба башкармалыгында - 3464,8 мин сом, Баткен муниципалдык менчик башкармалыгында - 403,1 миң сом;

- Кадамжай райондук электр тармактар ишканасында 966,7 миң сом, анын ичинен: Уч-Коргон орто мектебинде - 153,9 миң сом, Алга айыл өкмөтүндө - 114,7 миң сом, Марказ кесиптик техникалык окуу жайында - 114,1 миң сом, Кадамжай райондук депутаттар Кеңешинде - 222,0 миң сом, аскердик бөлүгүндө - 229,3 миң сом, Уч-Коргон айыл өкмөтүндө - 132,7 миң сом;

- Кызыл-Кыя райондук электр тармактар ишканасында 10329,2 миң сом, анын ичинен: Кызыл-Кыя Суу каналында - 7275,8 миң сом, №8 Кызыл-Кыя Лицейинде - 311,3 миң сом, Кызыл-Кыя медициналык окуу жайында - 705,8 миң сом, №70 лицейинде -113,9 миң сом, Кызыл-Кыя муниципалдык менчик башкармалыгында - 1217,0 миң сом, Ынтымак айыл өкмөтүндө - 615,4 миң сом.

**Сунуштама:**

1). Мындан ары, Баткен электр тармактар ишканасынын, райондук электр тармактар ишканаларынын жетекчиликтери жана кызматчылары дебитордук карыздарды белгиленген көрсөткүчтөн ашырбоо үчүн иш чараларды иштеп чыгышсын жана ар бир дебитордук карызы бар ишканалар, жеке ишкерлер жана жеке тараптар менен иштөө күчөтүлсүн.

2). Баткен электр тармактар ишканасынын, райондук электр тармактар ишканаларынын юридикалык кызматтары дебитордук карыздарды өз убагында төлөбөгөндөр боюнча сот органдарына доо арыз менен кайрылуу иштерин жүргүзүп, дебитордук карыздарды кайтарууну камсыздашсын.

**Баткен областынын Лейлек районундагы “Арка” жана Баткен районундагы “Раззаков” көмөк чордондорундагы (подстанцияларындагы), “Кубай” ЖЧКсы тарабынан 2020-2021-жылдары аткарылган курулуш-монтаждоо иштерине жүргүзүлгөн аудит**

**Аныкталды:**

Объектилерди каржылоо “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун өз эсебинен жүргүзүлгөн жана 2020-жылдын 26-майындагы, Ош жогорку чыңалуудагы электр тармактары ишканасы (Заказчик) жана “Кубай” ЖЧКсы (Подрядчы) ортосунда түзүлгөн подряд келишимине ылайык, 2020-2021-жылдары жалпы **27 661,5** миң сомдук подряддык курулуш-монтаждоо иштери аткарылган жана бул объектилер 2022-жылдын 17-февралындагы түзүлгөн кабыл алуу актыларынын негизинде эксплуатацияга берилген.

Курулуш-монтаждоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен “Кубай” ЖЧКсы тарабынан жалпы **501,2** миң сомдук курулуш иштеринин баасын негизсиз көтөрүү фактылары аныкталды, анын ичинен:

- “Арка” подстанциясы боюнча 267,4 миң сомго;
- “Раззаков” подстанциясы боюнча 233,8 миң сомго.

**Корутунду**: Объектилердин курулуш иштери боюнча кабыл алуу актылары туура эмес түзүлгөндүгүнө байланыштуу, курулуш иштеринин баасы **501,2** миң сомго негизсиз көтөрүлгөн.

**Сунуштама:**

“Ош электр тармактары” ишканасынын жетекчилиги тарабынан, курулуш иштеринин баасы негизсиз көтөрүүлөргө жол берилбесин.

## Ош электр тармактар ишканасы (мындан ары - Ош ЭТИ) боюнча

**Электр энергиясынын жоготуулары**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтомуна ылайык 2022-жыл үчүн “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан Ош ЭТИнин жоготуулары 11,71 % га чейин белгиленген.

Аныгында, Ош ЭТИнин жалпы жоготуулары 308 794,7 миң кВтсаат же **13,79 %ды** түзгөн же нормативден ашыкча жоготуулар **2,12 %ды** түзүп, 57 700,0 миң кВтсаатты, ашыкча жоготуулардын жалпы суммасы орточо каралган тариф 1,373 тыйын менен эсептегенде **79 222,1** миң сомду түзөт, анын ичинен: Ош РЭТИ 22246,3 кВтс 13,5 % ашыкча **2,3 %,** Түндүк РЭТИ **3,9 %,** Түштүк РЭТИ **0,1 %,** Карасу РЭТИ 13441,4 кВтс 14,8 % ашыкча **3,3 %,** Өзгөн РЭТИ 5048,7 кВтс 14,2 % ашыкча **2,1 %,** Каракулжа РЭТИ 1129,7 кВтс 14,2 % ашыкча **1,83 %,** Чон-Алай РЭТИ 142,2 кВтс 15,7 % ашыкча **0,5 %,** Ноокат РЭТИ 13441,4 кВтс 14,8 % ашыкча **3,3 %.** Бул көрсөткүч өткөн 2021-жылы 300 200,0 миң кВтсаат же **13,21** пайызды түзгөн жана салыштырмалуу **0,58** пайызга көбөйгөн.

**Сунуштама:**

Бекитилген лимиттен ашыкча жоготууларга жол бербөө үчүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтомуна ылайык, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан Ош электр тармактар ишканасына белгиленген жогорку чеги сакталсын. Мындан ары, Ош электр тармактар ишканасынын жетекчилиги, райондук электр тармактар ишканалардын жетекчилери жана кызматчылары менен биргеликте 2023-2024-жылдарга нормативден ашыкча жоготууларды белгиленген көрсөткүчтөн ашырбоо үчүн иш чараларды иштеп чыгышсын жана ашыкча жоготууларга жол берген жетекчилерге тиешелүү чаралар көрүлсүн.

## Негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга так отчеттуулук бланктарына аудит

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесининин 3-пункутунун “*баштапкы эсепке алуу документтерин өз учурунда жана сапаттуу жол-жоболоштуруу, аларды бухгалтердик эсепте чагылдыруу үчүн белгиленген мөөнөттө берүү, ошондой эле алардагы маалыматтардын тууралыгы бул документтерди түзгөн жана ага кол койгон адамдар тарабынан камсыз кылынат”* деген талаптары “Ошэлектро” ААКсынын кызматкерлери тарабынан сакталбастан Ош РЭТИнде 3428 метр, Ноокат РЭТИнде 3170 метр, Кара-Кулжа РЭТИнде 970 метр, Кара-Суу РЭТИнде 650 метр, Өзгөн РЭТИнде жалпы узундугу 11140 метр А-35 маркасындагы, чубалгылардын салмагы 428,1 кг., аллюмин лому 629,9 кг. суммасы 81,3 миң сомдук электр чубалгылары, 56,7 миң сомдук аллюмин лому жалпы суммасы **138,0** миң сомдук товардык материалдык баалуулуктар, аудит убагында жоопкер адамдардын эсебинен кириштелди.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинин 3-пункутунун жана Финансылык Отчеттуулуктун Эл аралык Стандарттарынын №6 “Материалдык эмес активдер” бөлүгүнүн 36, 38-беренелерине ылайык, Ош электр тармактар ишканасынын жооптуу кызматкерлери тарабынан, комиссия составында, демонтаждалган баалуулуктарды өз убагында кириштөө колго алынсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош электр тармактар ишканасында, ишкананын кызматкерлеринен түзүлгөн комиссиянын катышуусундагы материалдык жоопкер С. Ахмедовдун жоопкерчилигиндеги товардык материалдык баалуулуктарды материалдык жоопкер Ч. Тумановго өткөрүп берүү боюнча директордун 2022-жылдын 30-ноябрындагы №431 буйругуна негиз, 2022-жылдын 1-декабрына карата инвентаризациялоодо жалпы суммасы 13 214,0 миң сом өлчөмүндө жетишпестиктер аныкталган. Материалдык жоопкер С.Ахмедовдун катышуусунда, анын жоопкерчилигиндеги товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери боюнча 2023-жылдын 27-февралында комиссия кайрадан тастыктап Акт түзүшкөн.

Темир бетон мамыларынын СВ-110 маркасындагы 241 даана, ошондой эле СВ-95 маркасындагы 546 даана, жалпы 787 даана жалпы суммасы 6518412 сом 23 тыйын өлчөмүндөгү жетишпеген фактысы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Башкы башкармалыгынын Ош шаары жана Ош областы боюнча тергөө группасынын жетекчиси юстициянын ага лейтенанты И.И. Мокеновтун №03-821-2023-000016 кылмыш иши козголгондугуна байланыштуу, Ош электр тармактар ишканасынын (мурдагы Ош электро ААКсы) кылмыш ишине тийешелүү материалдар алып коюу протоколуна негиз, сатып алуу жана камсыздоо бөлүмүндөгү жана бухгалтериядагы бухгалтердик документтер алынган.

Ош ЭТИнин директорунун 2022-жылдын 30-ноябрындагы №431 буйругуна негиз 2023-жылдын 27-февралында түзүлгөн материалдык

баалуулуктарды өткөрүп берүү актысындагы кампачы С. Ахмедовтон жаңы дайындалган кампачы Ч. Тумановко товардык материалдык баалуулуктардын **6 695,5 миң сом** өлчөмүндөгү аныкталган жетишпестиги Ош электр тармактар ишканасы тарабынан тиешелүү укук коргоо органдарына юридикалык баа берүү үчүн өткөрүлүп берилген эмес.

Аудит убагында материалдык жоопкер С. Ахмедовтун товардык материалдык баалуулуктардын 13 214,0 миң сом өлчөмүндө жетишпестиктери бухгалтердик жазуу жүргүзүлүп, 1524 Кызматкерлердин дебитордук карызы эсебине алып барылды.

**Сунуштама:**

1). Кыргыз Республикасынын 2002-жыл 29-апрель №76 “Бухгалтердик эсеп” жөнүндөгү мыйзамынын 9-беренесине негиз бухгалтердик эсептин, финансылык отчеттуулуктун тууралыгын жана аныктыгын активдерди жана милдеттенмелерди инвентаризациялоо жолу менен аныктоо колго алынсын.

2). Активдерди жана милдеттенмелерди инвентаризациялоону жүргүзүүнүн тартиби ишкананын Эсептик саясаты менен аныкталып, материалдык жоопкер адамдарга тааныштырылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Ош ЭТИнин директорунун 2023-жылдын 8-сентябрындагы №01-7-1098 буйругуна негиз Ош ЭТИнин материалдык жоопкер адамдарынын жоопкерчилигиндеги товардык-материалдык баалуулуктардын калдыктарын аныктоого инветаризация жүргүзүлгөн. Инвентаризациянын жыйынтыгында **31,9** миң сомдук жетишпестиктер аныкталып, аудит мезгилинде, жоопкер адамдардан толук өлчөмдө накталай төлөмгө берилген квитанциялар аркылуу калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү” мыйзамынын 9-беренесине негиз, бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун тууралыгын жана аныктыгын активтерди жана милдеттенмелерди инвентаризациялоо менен аныктоо колго алынсын. Инвентаризациялоону жүргүзүүнүн тартиби ишкананын Эсептик саясаты менен аныкталсын, ошондой эле материалдык жоопкер адамдарга тааныштырылсын.

**Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорунун сакталышы**

**Аныкталды:**

**1).** 2021-жылдын 23-июнунда №2106008282356107, “Ошэлектро ААКсынын Райондук электр тармактарына 4 лоттон турган курулуш материалдарын, металлпрокатын жана курулуш шаймандарын сатып алууга, жалпы суммасы 18161,5 миң сомдук, бир этаптуу методу менен өткөрүлүүчү конкурсу порталга жарыяланып, 2021-жылдын 30-июнунда өткөрүлгөн. Тендердин катышуучусу “Энергетик ТББ” ЖЧКсы 2 лотко 10676,0 миң сом сунуштап, жеңүүчү аталган. Бирок тендердин протоколуна “Энергетик ТББ” ЖЧКсы тарабынан стандарттык тендердик документациясынын талаптары

сакталбастан мамлекеттик каттодон өткөндүгү тууралуу күбөлүгү, уставтын тастыкталган көчүрмөсү тиркелген эмес. Мындан сырткары, протоколго тендердик комиссия мүчөлөрү А. Маражаповтун, сатып алуулар бөлүмүнүн башчысы К. Торобековтун жана адиси С. Жумабековтун колдору коюлбаган.

**2)**. 2021-жылдын 31-майында 3 лоттон турган өздүк каражаттардын эсебинен жеңилдетилген методу менен №210512278830389 тендери өткөрүлгөн. Сатып алууга 25 387,7 миң сом каралган. Протоколго ылайык 1-лотко "Вилемен" ЖЧКсы 11100,0 миң сом, "Мавтрейд" ЖЧКсы 11100,0 миң сом сунушташкан. "Байсар и Ко" ЖЧКсынын аз суммадагы сунушу товардын үлгүсү мамлекеттик стандартка (ГОСТ) туура келбегендигине байланыштуу четке кагылган. "Байсар и Ко" ЖЧКсынын сунушу 9480,0 миң сом, ал эми жеңүүчүлөрдүн сунушу 11100,0 миң сом, айырмасы 1520,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын 3-беренесин бузуу менен, Конкурстук комиссиянын төрагасы Н.Жороев лотту экиге бөлүп берүү тууралуу чечим чыгаргандыгын, аны тендердик комиссия түшүнүү менен кабыл алуусун өтүнүп "Вилеман" ЖЧКсына 2021-жылдын 31-майында кайрылган. 2021-жылдын 31-майындагы протоколго ылайык тендердин жеңүүчүлөрү болуп "Вилемен" ЖЧКсы 5550,0 миң сом, "Мавтрейд" ЖЧКсы 5550,0 миң сом, аныкталышкан. Мындан сырткары, тендердик документтерге мурдагы окшош келишимдердин, ЖЧКсынын уставдарынын тастыкталган нускасы тиркелген эмес. Тендердик комиссиянын курамында: Жороев Н., Пазылов К., Абдуллаев Б., Торобеков К., Исмаилов М. Сатып алуулар бөлүмүнүн башчысы К.Торобеков, адиси С.Жумабеков.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын 3-беренесинде: *лот - сатып алуулардын өзүнчө предмети катары чыгуучу сатып алуунун бөлүнбөгөн предмети, аны баалоо башка лотторго көз карандысыз түрдө жүргүзүлүүгө тийиш* деп белгиленген. Бирок конкурстук комиссиянын төрагасы Н. Жороев, жогорудагы мыйзамдын талаптарын одоно түрдө бузуп, тендердик комиссия тарабынан лотту экиге бөлүп берүү тууралуу чечим чыгарышкан жана тендердин жалпы суммасы 11100,0 миң сом, "Вилеман" ЖЧКсына 5550,0 миң сом, "Мавтрейд" ЖЧКсына 5550,0 миң сом тең өлчөмдө бөлүнүп берилген.

**Сунуштама:**

Ош электро ААКсынын жооптуу адамдарынын, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын талаптарын одоно түрдө бузулган фактысы боюнча, Кыргызстан Улуттук электр тармактары ААКсына жоопкерчилигин кароо жагы сунушталсын.

**3)**. 2021-жылдын 24-сентябрындагы 2 лоттон турган өздүк каражаттардын эсебинен, келишимди түздөн түз түзүү методу менен №210921299798308 тендери өткөрүлгөн. Сатып алууга 31 538,0 миң сом каралган. Протоколго ылайык, 1-лотко "Кентау трансформатор заводу" АКсы 30358,4 миң сом,

“БТЗ” ЖЧКсы 29025,0 миң сом сунушташкан. Тендерге 30358,4 миң сом сунуштаган, “Кентау трансформатор заводу” АКсы утуп чыккан. 1333,4 миң сомго, аз сунуштаган “БТЗ” ЖЧКсы салыктан карызы бардыгына байланыштуу четке кагылган.

“Кентау трансформатор заводу” АКсы 358000 АКШ долларын сунуштаган, бирок тендер өткөрүлгөн күнгө карата валютанын банктык курсу документтерге тиркелген эмес. Тендердик документацияга комиссия мүчөсү Т.Полотбековтун, сатып алуу бөлүмү К.Торобековтун, С.Жумабековтун колдору коюлбаган. Мындан сырткары, тендердик документтерге мурдагы окшош келишимдердин тастыкталган нускасы тиркелген эмес.

**4)**. 2021-жылдын 21-майындагы 4 лоттон турган өздүк каражаттардын эсебинен, бир этаптуу методу менен №210921299798308 тендери өткөрүлгөн. Сатып алууга 42 371,3 миң сом каралган. Протоколго ылайык 1-лотко “Кентау трансформатор заводу” АКсы 6416,9 миң сом, 2-лотко “Приоритет холдинг” ЖЧКсы 9518,9 миң сом, 4-лотко “БТЗ” ЖЧКсы 16650,0 миң сом, башка катышуучуларга салыштырмалуу төмөнкү баа сунушташкан. 3-лот каражатка байланыштуу токтотулган.

Конкурстук сунуштарды баалоо критерийлеринин талаптары боюнча конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу акча каражаттарын эсепке которуу, накталай төлөм жүргүзүү аркылуу, өткөрүлүп жаткан конкурстун номерин көрсөтүү аркылуу ишке ашырылышы керек. Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу банкалык гарантиянын түп нускасы конкурстук сунуштарды ачканга чейин же болбосо ачкандан кийин көрсөтүлүшү керек. Банкалык гарантиянын түп нускасынын жоктугу конкурстук сунуштарды кабыл албоого негиз болуп саналат. Бул талаптар сакталбастан “БТЗ” ЖЧКсы көчүрүлгөн нускасын тиркеген. Ош электро ААКсынын жооптуу кызматкерлери тарабынан конкурстук сунуштарды балоо критерийлеринин талаптары сакталбастан “Приоритет холдинг” ЖЧКсынын датасы коюлбаган каты менен 2019-жыл үчүн төгүлгөн конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу, суммасы көрсөтүлбөгөн, ошондой эле АСКУЭ маркасындагы электр эсептегичтердин 100,0 миң сомдук кредитордук карызын конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууга кабыл алуусун өтүнгөн катын негиз кылып алышкан. Бирок, аларды тастыктоочу эч кандай документтердин түп нускасы тиркелген эмес. “Кентау трансформатор заводу” АКсы да конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу боюнча накталай же которуу жолу менен ишке ашырылганы боюнча түп нуска документтерди камсыз кылышпаган.

Мындан сырткары, тендердик документтерге мурдагы окшош келишимдердин тастыкталган нускасы тиркелген эмес. Жогорудагы көрсөтүлгөн жетишпестиктерден жана конкурстук сунуштарды баалоо критерийлеринин талаптарына негиз бир этаптуу методу менен № 210921299798308 өткөрүлгөн тендери комиссиянын чечими менен жокко чыгарылышы керек болчу. Ошондой эле, тендердик документацияга комиссия

мүчөсү С.Эрмекбаевтин, сатып алуу бөлүмүнүн адиси С.Жумабековтун колдору коюлбаган.

**5).** 2022-жылдын 10-майындагы 3 лоттон турган өздүк каражаттардын эсебинен, бир этаптуу методу менен №220415326924098 тендери өткөрүлгөн. Сатып алууга 4310,8 миң сом каралган. Протоколго ылайык 1-лотко “Элемент про Групп” ЖЧКсы 1327,0 миң сом, 2-лотко “Шаркс” ЖЧКсы 705,0 миң сом, 3-лотко “Промэнергострой” ЖЧКсы 2009,1 миң сом сунушташып жеңүүчү аталышкан.

Сынактык сунуштарды баалоо критерийлеринин талаптары боюнча конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууга акча каражаттарын эсепке которуу, накталай төлөм жүргүзүү аркылуу, өткөрүлүп жаткан конкурстун номерин көрсөтүү аркылуу ишке ашырылышы керек. Сынактык табыштаманы кепилдик камсыз кылуу банкалык гарантиянын түп нускасы конкурстук сунуштарды ачканга чейин же болбосо ачкандан кийин көрсөтүлүшү керек. Банкалык гарантиянын түп нускасынын жоктугу конкурстук сунуштарды кабыл албоого негиз болуп саналат. Ош электро ААКсынын жооптуу кызматкерлери тарабынан конкурстук сунуштарды баалоо критерийлеринин талаптары сакталбастан “Элемент про групп” ЖЧКсынын 2022-жылдын 29-апрелиндеги №1-1-30 каты менен башка конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуусун өтүнгөн катын негиз кылып алышкан. Мындан сырткары, сынактык документтерге мурдагы окшош келишимдердин тастыкталган нускасы тиркелген эмес. Ошондой эле, тендердик документацияга комиссия мүчөсү С.Эрмекбаевтин, сатып алуу бөлүмүнүн адиси С.Жумабековтун, сатып алуу бөлүмүнүн башчысы К.Торобековтун колдору коюлбаган. Мындан сырткары, тендердик документтерге мурдагы окшош келишимдердин тастыкталган нускасы тиркелген эмес.

**6).** 2022-жылдын 3-июнундагы 2 лоттон турган өздүк каражаттардын эсебинен, бир этаптуу методу менен Ош шаарынын Түндүк райондук ЭТИсинин административдик имаратынын курулушуна жана техникалык көзөмөл кызматын сатып алууга тендер өткөрүлгөн. Сатып алууга 72 941,8 миң сом каралган. Протоколго ылайык 1-лотко “Кубай” ЖЧКсы, “Авангард Сити” ЖЧКсы, “Скай Лофт” ЖЧКсы, 2-лотко “АЭН” ЖЧКсы катышышкан. 1-лотко “Авангард Сити” ЖЧКсы 66659,7 миң сом, ал эми 2-лотко “АЭН” ЖЧКсы 250,0 миң сом сунушташып жеңүүчү аталышкан.

Ош электро ААКсы тарабынан тендер жарыяланганда сатып алуулар формасы чектелбеген, **эки пакеттүү ыкма методу** менен өткөрүү каралган. Бирок, анык сатып алуулар **бир этаптуу метод** менен өткөрүлгөн.

Конкурстук сунуштарды баалоо критерийлеринин талаптары боюнча конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууга акча каражаттарын эсепке которуу, накталай төлөм жүргүзүү аркылуу, өткөрүлүп жаткан конкурстун номерин көрсөтүү аркылуу ишке ашырылышы керек. Стандарттык сынактык конкурстук документтерде кепилдик 2 % белгиленген бирок 2-лоттун жеңүүчүсү “АЭН” ЖЧКсы декларация түрүндө берген.

Белгилей кетчү нерсе, 1-лоттүн жеңүүчүсү “Авангард Сити” ЖЧКсы сунуштаган 66659,7 мин сомго, 2022-жылдын 6-июнунда келишим түзүлүп, келишимдин шарты менен объект 2022-жылдын 20-августуна куруп бүтүшү керек болчу, бирок келишимдин шарттары аткарылбастан, Ош шаарынын Түндүк райондук ЭТИнин административдик имаратынын курулушу бүткөрүлгөн эмес, ошондуктан жыйынтыгында кошумча иштер үчүн 2023-жылы 13000,0 мин сомго тендер жарыяланып, “Авангард Сити” ЖЧКсы жеңүүчү болгон жана 2023-жылдын 3-августунда 12999,4 миң сомго келишим түзүлгөн.

**Корутунду:**

Сынактык документтердеги жетишпестиктер, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” мыйзамынын 10-беренесинин жана ар бир тендер боюнча иштелип чыккан Стандарттык тендердик документтердин талаптарын толук көлөмдө аткарбоо фактылары “Ош электро” ААКсынын тендердик комиссия мүчөлөрүнүн, ошондой эле, сатып алуу бөлүмүнүн башчысы К.Торобековтун жана адиси С.Жумабековтун өз кызматтык милдеттерине жоопкерчиликсиз мамилесинен улам жаралган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” мыйзамын аткаруудагы жетишпестиктерди жоюу, Ош электр тармактар ишканасынын сатып алуу бөлүмүнө жана тендердик комиссия мүчөлөрүнө тапшырылсын жана тендерлерди өткөрүүдө кемчиликтерге жол берген, жоопкер адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

## Ижара мамилелери

**Аныкталды жана Корутунду:**

2022-жыл ичинде Ош ЭТИнин тиешелүү жооптуу кызматкерлери тарабынан дебитордук карыздарды өндүрүү багытында жеткиликтүү иш алып барылбагандыктан, карыздарын дээрлик бардыгы коммерциялык ишканаларга тиешелүү экендигине карабастан, 2022-жылдын 31-декабрына карата “Азия ЮНИКОМ” ЖЧКсы карызы 6571,5 мин сомду же 296,5 миң сомго, “Альфателеком” ЖАКсы 641,4 миң сомду же 238,7 миң сомго, “Радиотех.центр РЦТ” ЖЧКсы 806,0 миң сомду же 157,3 миң сомго көбөйгөн. “Эл Кат” ЖЧКсынын жыл аягына карызы 4832,0 миң сомду түзөт. Төмөнкү мекемелерден жыл башындагы карыздары өндүрүлбөстөн калып кеткен: Ак Тел ЖЧКсы 3,2 миң сом, Басма ЖЧКсы 19,8 миң сом, Абател ЖЧКсы 24,2 миң сом, Акнет ЖЧКсы 23,4 миң сом. Жыйынтыгында дебитордук карыздар өсүп 12 921,5 миң сомду түзгөн жана ушул сумма Ош ЭТИнин киреше бөлүгүнүн жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Ош электр тармактар ишканасынын тиешелүү жооптуу кызматкерлери тарабынан, келишимдердин аткарылышын көзөмөлгө алуу күчөтүлүп, карыздарды өндүрүү иштери жолго коюлсун. Келишимдердин шарттарын өз убагында аткарбагандарга келишимге негиз айып санкциялар колдонулуп,

туумдар эсептелсин жана аларга карата доо арыз менен сот органдарына кайрылуу боюнча иштер күчөтүлсүн.

**Электр энергиясын пайдалануучулар, товар берүүчүлөр жана кызмат көрсөтүүчүлөр боюнча дебитордук жана кредитордук карыздар**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтому менен, 2022-жылдын төртүнчү кварталы үчүн бюджеттик керектөөчүлөрдүн карызын жана бийик тоолуу шарттарда жана республиканын барууга кыйын алыскы райондорунда жашаган адамдарга компенсацияларды төлөөнү эсепке албаганда, дебитордук карыздарды 10 %га азайтуу каралган, бирок бул талаптар сакталбастан, кээ бир электр тармактар ишканалары тарабынан дебитордук карыздары жыл башына карата көбөйүшүнө жол берилген, тактап айтканда, Ош РЭТИ – **61 022,1** миң сомго же 25 %га, Чыгыш РЭТИ **36 045,1** миң сомго же 40,0 %га, Түндүк РЭТИ - **24 977,0** миң сомго же 13,7 %га.

**Сунуштама:**

1). Мындан ары, “Ошэлектро” ААКсынын жетекчилиги жана кызматчылары дебитордук карыздарды белгиленген көрсөткүчтөн ашырбоо үчүн иш чараларды иштеп чыгышсын жана ар бир дебитордук карызы бар ишканалар, жеке ишкерлер жана жеке тараптар менен иштөөнү күчөтүшсүн.

2). “Ошэлектро” ААКсынын райондук электро бөлүштүргүчтөр юридикалык кызматы дебитордук карыздарды өз убагында төлөө жүргүзбөгөндөр боюнча сот органдарына доо арыз менен кайрылуу иштерин жүргүзүп, дебитордук карыздарды кайтарууну камсыздасын.

**Аныкталды:**

**“**Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын 2022-жылдын 26-августундагы №364 буйругунун негизинде түзүлгөн комиссиянын текшерүүсүнүн жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 2-сентябрындагы түзүлгөн актысында дебитордук жана кредитордук карыздардын бухгалтердик эсеп менен 1С базанын ортосундагы айырма аныкталган. Ош ЭТИнин 2022-жылдын 1-августуна карата бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карызы 421 807,8 миң сомду, ал эми 1С программасы боюнча 392 287,9 миң сомду түзгөн, айырма 29 519,9 миң сом. Ошондой эле, Ош ЭТИнин 2022-жылдын 1-августуна карата бухгалтердик эсеп боюнча кредитордук карызы 22 935,5 миң сомду, ал эми 1С программасы боюнча 36702,5 миң сомду түзгөн, айырма 13767,0 миң сом.

Баткен ЭТИнин 2022-жылдын 1-августуна карата бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карызы 54 787,9 миң сомду, ал эми 1С программасы боюнча 42 116,3 миң сомду түзгөн, айырма 12 671,6 миң сом. Ошондой эле, Баткен ЭТИнин 2022-жылдын 1-августуна карата бухгалтердик эсеп боюнча кредитордук карызы 14239,2 миң сомду, ал эми 1С программасы боюнча

17248,3 миң сомду түзгөн, айырма 3009,1 миң сом. Комиссиондук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча дебитордук жана кредитордук карыздардын бухгалтердик эсеп менен 1С базанын ортосундагы айырманын болгондугуна байланыштуу, Ош ЭТИнин жана Баткен ЭТИнин дебитордук жана кредитордук карыздарын өз алдынча бөлүп берүү мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Комиссиянын сунуш түрүндө жазылган актысына негизденип, Ош ЭТИнин бухгалтериясы тарабынан дебитордук карыздарга корректировка жасалган.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү" мыйзамынын 1.пункутунда. негиз, бухгалтердик эсепти каттоого жазуу үчүн операция жүргүзүү фактысы катталган, анын ичинен: электрондук колтамга менен кол коюлган электрондук документ формасындагы баштапкы эсепке алуу документтери негиз болуп саналат. Баштапкы эсепке алуу документтери операция жасалган учурда, эгерде бул мүмкүн болбосо, операция аяктаар замат түзүлүүгө тийиш. Бухгалтердик жазуулар кол менен кагазга жазуу аркылуу жана (же) эсепке алуунун компьютерлештирилген тутумунун жардамы менен жүргүзүлөт. Мыйзамдын 3 пункутунда баштапкы эсепке алуу документтерин өз учурунда жана сапаттуу жол-жоболоштуруу, аларды бухгалтердик эсепте чагылдыруу үчүн билгиленген мөөнөттө берүү, ошондой эле алардагы маалыматтардын тууралыгы бул документтерди түзгөн жана ага кол койгон адамдар тарабынан камсыз кылынат. Мыйзамдын мына ушул талаптары сакталбагандыктан, Ош ЭТИнин 2022-жылдын 1-августуна карата бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карызы 421 807,8 миң сомду, ал эми 1С программасы боюнча 392 287,9 миң сомду түзгөн, айырма 29 519,9 миң сом. Ошондой эле, Ош ЭТИнин 2022-жылдын 1-августуна карата бухгалтердик эсеп боюнча кредитордук карызы 22 935,5 миң сомду, ал эми 1С программасы боюнча 36 702,5 миң сомду түзгөн, айырма 1 3767,0 миң сом.

**Сунуштама:**

Ош Электр тармактар ишканасынын жетекчилиги тарабынан, пайда болгон дебитордук жана кредитордук карыздардын бухгалтердик эсеп жана 1С программасынын ортосундагы айырмачылыктарды талдап, айырма кайсы жакта экендигин аныктап, аны бухгалтердик эсептен чыгаруу же болбосо 1С программасына өзгөртүү киргизүү боюнча Кыргызстан Улуттук электр тармактар ачык акционердик коомуна сунуш берилсин.

**Аныкталды:**

Электр энергиясын пайдалануучулардын дебитордук жана кредитордук карыздарынын пайда болушунун негиздүүлүгүн талдоодо төмөнкүлөр аныкталды: Ош электро ААКсы менен Ош шаардык ооруканасынын (контракт №150) 2021-жылдын 1-январына карата ич ара эсептерин салыштыруу актысына негиз, Ош шаардык ооруканасынын карызы 131,4 миң сомду түзгөн, электр энергиясын пайдалангандыгы үчүн жыл ичинде эсептелгени 10 371,0 миң сомду, которулганы 2814,3 мин сомду, жыл аягына карызы 7688,1 миң сомду түзгөн. Ош электро ААКсы тарабынан электр энергиясынан

пайдалангандыгы үчүн 2021-жылдын январына 46,7 миң сомдук, февралына 76,2 миң сомдук, март айына 45,5 миң сомдук, апрель айына 159,1 миң сомдук, май айына 165,4 миң сомдук, июнь айына 177,8 миң сомдук, июль айына 141,8 миң сомдук, август айына 226,8 миң сомдук, сентябрь айына 206,3 миң сомдук, октябрь айына 358,4 миң сомдук, ноябрь айына 1127,3 миң сомдук жана декабрь айына 978,7 миң сомдук эсеп фактуралары жазылып берилген, жалпы суммасы **3710,0** миң сом.

Бирок, 2021-жылдын 1-январынан 2021-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн ич ара эсептерин салыштыруу актысында 2021-жылдын январына 46,7 миң сомдук, февралына 76,2 миң сомдук, март айына 45,5 миң сомдук, апрель айына 159,1 миң сомдук, май айына 165,4 миң сомдук, июнь айына 177,8 миң сомдук, июль айына 141,8 миң сомдук, август айына 226,8 миң сомдук, сентябрь айына 206,3 миң сомдук, октябрь айына 358,4 миң сомдук, ноябрь айына 1127,3 миң сомдук жана декабрь айына 7639,7 миң сомдук электрэнергиясы берилди деп көрсөтүлгөн, жалпы суммасы **103 710,0** миң сом же болбосо эсеп фактурасы менен ич ара эсептерин салыштыруу актысынын айырмасы **6661,0** миң сом. Ич ара эсептерин салыштыруу актысында, ушул 6661,0 миң сомдук суммага №037251 сандуу техникалык актка негиз, электр энергиясын пайдаланууда эрежелер бузулган фактысы боюнча кошумча эсептелген деп көрсөтүлгөн. Бирок, Ош электро ААКсы тарабынан Ош шаардык ооруканасына эсеп фактура жазып берүү аркалуу тастыкталбаган. Мындан сырткары, Ош электро ААКсы тарабынан Ош шаардык ооруканасына эсептегичтеги көрсөткүчтөргө карата ашыкча жазууларга жол берилгендиктен, 2022-жылдын 31-январына карата 509,7 миң сомго, 2022-жылдын 31-мартына карата 196,5 миң сомго Ош шаардык ооруканасынын пайдасына корректировка жасалган.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтомуна негиз бюджеттик жана башка мекемелерге электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун (мындан ары – АСКУЭ) алууну жана орнотууну ишке ашырылбагандыгынан улам Ош шаардык ооруканасына электр энергиясынан пайдалануунун эрежелерин бузду деген формулировкалар менен 2022-жылдын январь айында 65,2 миң сомдук, май айында 257,3 миң сомдук, июнь айында 254,0 миң сомдук, июль айында 295,0 миң сомдук, август айында 74,0 миң сомдук, сентябрь айында 81,9 мин сомдук, октябрь айында 49,0 миң сомдук, жалпы суммасы **1076,3** миң сомдук, кошумча электр энергиясы эсептелген.

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү” мыйзамынын 1.п. сакталбагандыктан, Ич ара эсептерин салыштыруу актысында 6 661,0 миң сомго №037251 сандуу техникалык актка негиз электр энергиясын пайдаланууда эрежелер бузулган фактысы боюнча кошумча эсептелген деп көрсөтүлгөн. Бирок, Ош электро ААКсы тарабынан **6661,0** миң

сомго, Ош шаардык ооруканасына эсеп фактура жазып берүү аркылуу тастыкталбаган. Эсеп фактурасы жана ич ара эсептерин салыштыруу актысы аркылуу тастыкталбагандыгына карабастан, Ош шаардык ооруканасы тарабынан жыл башына карата кредитордук карыздарды кошуп, 2022-жылдын 3-февралында Ош электро ААКсынын эсебине 7988,1 миң сом которулуп берилген.

**Сунуштама:**

Ош Электр тармактар ишканасынын жетекчилиги жана Ош шаарынын электр энергиясын сатуу мекемеси тарабынан, бюджеттик категориядагы электр энергиясын керектөөчүлөрдүн өз ара эсептешүү эсептеринде аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган дебитордук аласага негизсиз ашыкча жазылган суммалар, туумдарга көңүл буруу менен калыбына келтирилсин.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтому менен, “Түндүк электр”, “Чыгыш электр”, “Ош электр” жана ”Жалалабат электр” ААКсылары менен биргеликте, 2022-жылы 600,0 миң даана өлчөмүндө электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун (мындан ары – АСКУЭ) алууну жана орнотууну белгиленген тартипте камсыз кылсын деп чечим кабыл алынган. Бирок, Ош ЭТИнин кампасында 1 фазалуу АСКУЭ электр эсептегичтердин калдыгы 3713 дааналы жана 3 фазалуу АСКУЭ электр эсептегичтердин калдыгы 122 дааналы түзгөндүгүнө карабастан, бюджеттик мекемелер электр эсептегичтер менен толук камсыз болгон эмес.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтому менен, “Түндүк электр”, “Чыгыш электр”, “Ош электр” жана ”Жалалабат электр»”ААКсылары менен биргеликте, 2022-жылы 600,0 миң даана өлчөмүндө электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун (мындан ары – АСКУЭ) алууну жана орнотууну белгиленген тартипте камсыз кылсын деп чечим кабыл алынган.

**Сунуштама:**

Ош Электр тармактар ишканасынын жетекчилиги тарабынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 **“**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022**-**2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**”** токтомуна негизденип, электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун (мындан ары – АСКУЭ?) алуу жана орнотуу белгиленген тартипте бюджеттик жана башка тармактагы мекемелерге орнотуу камсыз кылынсын.

## “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун филиалы - Ош электр тармактары ишканасында 2021-2022-жылдары капиталдык курулуш объектилери боюнча жүргүзүлгөн аудит

**Аныкталды:**

“Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун филиалынын Ош электр тармактары ишканасында (мындан ары – “Ош электр тармактары”) 2021-2022-жылдары капиталдык курулуш объектилери боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары менен жалпысынан **8274,9** миң сомдук жумуш көлөмүн ашыкча кабыл алуу, курулуш материалдарын негизсиз чыгыштоо, негизги каражаттардын кириштелбеген жана сапатсыз аткарылган жумуштарды кабыл алуу фактылары аныкталып, **778,2** миң сому ордуна коюлду жана **7496,7** миң сому ордуна коюлууга тийиш, анын ичинен:

- “Ош шаарындагы Батыш РЭТИнин 2 кабаттуу административдик имаратынын курулушу” объектиси боюнча, курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн **182,1** миң сомго ашыкча кабыл алуу фактысы аныкталып жана бул сумма подрядчы “Авангард-Сити” ЖЧКсы тарабынан “Ош электр тармактары” ишканасынын пайдасына которулуп берилди;

- “Барсбек” подстанциясынын аймагында курулган кызматтык имарат боюнча, курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн **35,5** миң сомго ашыкча кабыл алуу фактысы аныкталып жана бул сумма подрядчы “Гигант Строй Компани” ЖЧКсы тарабынан ордуна коюлууга тийиш;

- “Ош шаарындагы “Ош-4” подстанциясынан “Ош-5” подстанциясына жана “Памирская” подстанциясынан “Центр” подстанциясына чейинки аралыктагы 35 кВ кабелдик электр линиясын реконструкциялоо” объектиси боюнча, курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн **293,9** миң сомго ашыкча кабыл алуу фактысы аныкталып жана бул сумма подрядчы “КСУ” ЖЧКсы тарабынан кайтарылып ордуна коюлду;

- “Барсбек” подстанциясынын курулушу боюнча (чарбалык ыкма), “Ош электр тармактары” ишканасынын Ремонт-курулуш бөлүмүнүн (РКБ) начальниги С. Турганбаевдин материалдык отчетунан **104,0** миң сомдук курулуш материалдары негизсиз чыгышталган фактылары аныкталып, толугу менен ордуна коюлду;

- “Барсбек” подстанциясынын курулушу боюнча (чарбалык ыкма), “Ош электр тармактары” ишканасынын Подстанция кызматынын Ош тобунун начальниги Б. Култаевдин материалдык отчетунан **98,2** миң сомдук курулуш материалы негизсиз чыгышталган фактысы аныкталып, толугу менен ордуна коюлду. Мындан сырткары, **2 508,3** миң сомдук негизги каражаттардын кириштелбеген жана **4 823,9** миң сомдук курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн жогорулатуу фактылары аныкталды жана ордуна коюлууга тийиш;

- “Узловая” подстанциясында АТ-2 125МВА трансформаторун АТ-2 250МВА трансформаторуна алмаштыруу” объектиси боюнча (чарбалык ыкма), Подстанция кызматынын Ош тобунун начальниги Б. Култаевдин

материалдык отчетунан **100,0** миң сомдук курулуш материалы негизсиз чыгышталган фактысы аныкталып, толугу менен ордуна коюлду;

- “Барсбек” подстанциясынан “Ош-3 Гульбаар” чейинки аралыктагы жогорку чыңалуудагы ВЛ35кВ линиясынын курулушу боюнча чарбалык ыкма менен аткарылган **129,0** миң сомдук сапатсыз курулуш иштерин кабыл алуу фактысы аныкталды жана бул иштер кайра жасалууга тийиш.

2021-2022-жылдары капиталдык курулуш объектилери боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен жалпысынан **8 274,9** миң сомдук жумуш көлөмүн ашыкча кабыл алуу, курулуш материалдарын негизсиз чыгыштоо, негизги каражаттардын кириштелбеген жана сапатсыз аткарылган жумуштарды кабыл алуу фактылары аныкталып, **778,2** миң сому ордуна коюлду жана **7 496,7** миң сому ордуна коюлууга тийиш, анын ичинен:

- **5 335,4** миң сомго жумуш көлөмүн ашыкча кабыл алуу фактылары, анын ичинен **476,0** мин сому ордуна коюлду;
- **302,2** миң сомго курулуш материалдарын негизсиз чыгыштоо фактылары аныкталып, толугу менен ордуна коюлду;
- ордуна коюлууга тийиш **2 508,3** миң сомдук негизги каражаттардын кириштелбеген фактылары;
- кайрадан жасалууга тийиш **129,0** миң сомдук сапатсыз курулуш иштерин кабыл алуу фактысы.

**Корутунду**: “Ош электр тармактары” ишканасы тарабынан аудит жүргүзүлгөн объектилер боюнча берилген курулуш-монтаждоо жана реконструкциялоо иштерине түзүлгөн документтер жана материалдар туура эмес экендиги аныкталып, жалпы **8274,9** миң сомдук жумуш көлөмүн ашыкча кабыл алуу, курулуш материалдарын негизсиз чыгыштоо жана негизги каражаттардын кириштелбеген фактыларына жол берилген.

**Сунуштама:**

“Ош электр тармактары” ишканасынын жетекчилиги тарабынан, жалпы суммасы 164,5 миң сомдук жумуш көлөмүн ашыкча кабыл алуу, негизги каражаттардын кириштелбеген жана сапатсыз аткарылган жумуштарды ордуна коюу боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн, анын ичинен:

- подрядчы “Гигант Строй Компани” ЖЧКсынан 35,5 миң өндүрүү;
- **129,0** миң сомдук сапатсыз курулуш иштерин кайра аткаруу.

Эскертүү: *2023-жылдын 19-декабрындагы № 178 жана 179 Төлөө тапшырмаларынын негизинде 233,8 миң сом жана 267,5 миң сом мекемеге которулган жана 6830,0 миң сомго бухгалтердик эсепте оңдоо жазуу жүргүзүлдү.*

**Ош электр реабилитациялоо долбоору боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

Ошэлектро электр чубалгыларды, өзүн-өзү колдоочу изолясыланган аба чубалгылары (СИП) жана ага керектүү материалдарды сатып алуу үчүн өткөрүлгөн сынактан кийин келишимди түзүү мөөнөтү ар кандай себептер менен узартылган, анын бир себеби COVID-19 илдети болгон жана

“Ошэлектр” ААКсы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосундагы кредиттик келишимдин гранттык бөлүгүнүн акысыз негизде берүү маселесин Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы тарабынан маселе көтөрүлгөндүгүнөн келишимди түзүп, аткаруу жагы 1-жылдан ашык убакытка созулуп кеткен.

Натыйжада негизги карызды төлөө боюнча жеңилдетилген мөөнөт өтүп кеткен. Ошондой эле, кредиттик акча каражаттарын өздөштүрбөгөндүгү үчүн 0,5 % өлчөмүндө комиссия “Ош электр” ААКсы, азыркы күндө Ош электр ААКсынын мураскери катары “КУЭТ” ААКсы кошумча чыгымга учурап, 110 855,76 евро акча каражатын төлөгөн:

- Кыргыз сомуна которгондо 92,9098 курсу менен орточо 10 307,4 миң сом болот;
- Евронун курсунун тынымсыз өзгөрүшү. Каржылоо келишимдерине кол коюлганда евронун курсу 82,46 сомду түзгөн. 2023-жылдын 31-августуна карата алмашуу курсу 95,9098 сомду түздү, бул кредиттин кайтарым төлөмдөрүн жогорулашына алып келет;
- АСКУЭ маркасындагы эсептегичтерин орнотуу өздүк изоляцияланган аба чубалгыларын монтаждоо боюнча иштер аткарылбай кечиктирилип жиберген. Аткарылган жумуштар ЭТИнин бухгалтериясы тарабынан жана ишкананын капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан өз убагында кабыл алынбай кечиктирилип жиберген учурлар катталды;
- Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн орнотулган шаймандардын оперативдик маалыматы, Ош ЭТИ бухгалтериясынын жана капиталдык курулуш бөлүмүнүн отчетторуна ылайык орнотулган жана кабыл алынган шаймандардын айырмасы табылды. Материалдык жооптуу жактардын колдорунда өз убагында тапшырылбаган жана кабыл алынбаган материалдык отчеттору аныкталды;
- Өзүн-өзү көтөргөн аба чубалгыларын орнотууда керектөөчүлөрдү кошуу жана аба чубалгыларын демонтаждоо жумуштары өз убагында жүрбөй жаткандыгы аныкталды;
- Долбоор алкагында керектөөчүлөргө орнотулган АСКУЭ эсептегичтерин жеринде барып кыдырып текшерүү учурунда, бир кожолукка коюлган 2 жана андан ашык орнотулуп коюлган АСКУЭ эсептегичтер аныкталды;
- Эгерде жогорудагы жумуштар өз убагында аткарылса, коомдун электр энергиясына болгон техникалык жана коммерциялык жоготуулары азаймак.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан, “Кыргызстан улуттук электр тармактар” ачык акционердик коомуна, анын ичинде Ош Электр тармактар ишканасынын филиалына, “Ош электр реабилитациялоо” долбоорун тез арада мыйзам талаптарга ылайык, аткаруу жана сапаттуу бүтүрүп аяктоо жагы каралсын.

Долбоордун мөөнөтүнүн созулуп кетишине талдоо жүргүзүп, мындан ары, долбоордун мөөнөтүн узартпоого жана өздөштүрбөгөндүгү үчүн 0,5 %

өлчөмүндө комиссиянын төлөнүп жаткандыгына байланыштуу, кредиттик насыяны толук кандуу жылдын аягына чейин өздөштүрүү каралсын.

Долбоордун өз убагында аткарылышын жооптуу жетекчилерден жана кызматкерлерден талап кылынсын жана аткарылган жумуштарды өз убагында балanска кабыл алуу жумуштарынын өз убагында аткарылышы камсыздалсын.

Бир кожолукка 2 жана андан ашык орнотулуп коюлган АСКУЭ маркасындагы эсептегичтер боюнча мыйзамдын талаптарына ылайык, иш алып барылсын жана тиешелүү электр сатуу боюнча жооптуу жетекчилердин жана кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Жалалабат электр тармактары” филиалы боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменти тарабынан жоготуулар 12,1 % өлчөмүндө бекитилип берилген, факт жүзүндө 12,7 %ды түзгөн, жогорудагы жоготуулар абоненттерге сатылган электр энергиясынын коммерциялык жоготууларды эсебинен келип чыккан, коммерциялык жоготуулар суммасы (8288,1*126,4) 10 476,2 миң сомду түздү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-апрелиндеги №228 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги №197 Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө токтомдорунда “Жалалабатэлектр” ААКсына электр энергиянын керектелген лимити 1 673 229,8 миң кВт/саат бекитилип берилген. Факт жүзүндө керектелген электр энергия 1 849 963,1 миң кВт/саат түзүп, натыйжада Кыргыз Республикасынын жогорку токтомдорунун талаптары аткарылбай 176 733,3 миң кВт/саат, же болжол менен Департамент тарабынан коюлган орточо тариф 1,264 сом (176733300*1,264) 223 390,9 миң сом ашыкча керектелди.

**Сунуштама:**

“Жалалабат электр тармактары” филиалы тарабынан техникалык жана коммерциялык жоготууларды азайтуу үчүн иш-чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен бекитилип берилген керектелүүчү электр энергиянын лимиттери так сакталсын. Бекитилип берилген керектелүүчү электр энергиянын лимиттеринин чендерин бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Жалалабатэлектро” ААКсы тарабынан материалдык стимулдаштырууда, сый акылар коллективдүү келишимге киргизилбестен, буйруктардын жана ички жоболордун негизинде кызматкерлерге эсептелип берилет.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 167-беренесин бузуу менен, “Жалалабатэлектро” ААКсынын генералдык директору жана орун басарларына директорлор кеңешинде мүчөлүк жумушун

айкалыштыргандыгына негизги окладдын 100 % өлчөмүндө кошумча акы төлөнүп берилген. Жогорудагы иш-аракеттин негизинде жалпы 515,7 миң сом төлөнүп берилген. "Жалалабатэлектро" ААКсы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 126, 129 жана 130-беренелерин бузуу менен кызматкерлерге эмгек өргүү өз убагында берилбей, кийинки жылдары акчалай компенсациялар төлөнүп келген. Мисалы, Д.А. Рахмановго 2021-жылдын февраль айында 2015-2016, 2016-2017 жылдар үчүн пайдаланылбай калган эмгек өргүүнүн эсебинен акчалай компенсация төлөнгөн.

Жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында эмгек өргүүнү акчалай компенсация катары негизсиз төлөнгөн сумма 715,1 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлердин жумушту айкалыштыргандыгына эмгек акы эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так сакталсын жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Кызматкерлерге эмгек өргүү берүүдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

"Жалалабат электр тармактары" филиалы 2,043 га жер тилкесине ээлик кылат, жана 20,56 га жер тилкелерине убактылуу пайдалануу укугуна ээ. Менчик укугуна ээлик кылган жер тилкелери "Жалалабат электр тармактары" филиалы жайгашкан имарат 0,855 га, Жалалабат электр энергия сатуу кеңсеси 0,098 га, Ноокен райондук электр тармагы (мындан ары - РЭТ) имараты жайгашкан имараттын жер тилкеси 1,09 га. Пайдалануу укугуна ээ болгон жер тилкелери Аксы РЭТ 1,065 га, Ала-Бука РЭТ 0,903 га, Базар-Коргон РЭТ 2,2 га, Жалалабат РЭТ 0,68 га, Кара-Көл РЭТ 1,7 га, Кок-Арт РЭТ 0,84 га, Майлуу-Суу РЭТ 1,203 га, Сузак РЭТ 1,6 га, Таш-Көмүр РЭТ 0,77 га, Токтогул РЭТ 1,02 га, Чаткал РЭТ 6,71 га, Жалалабад электр тармактары филиалынын кеңсеси 1,864 га. Жогорудагы жер тилкелери берилген маалыматка ылайык, жер тилкеси балансалык эсепте жок экендиги аныкталды.

**Сунуштама:**

"Жалалабат электр тармактары" филиалына таандык жеке менчик укугуна өткөн, аянты 2,043 га түзгөн, жер тилкелери көз карандысыз баалоочу тарабынан бааландырылып, балансалык эсепке коюлсун.

Пайдалануу укугуна ээлик кылган жер тилкелердин болжол менен пайдалануу укугунун мөөнөтүн 20 жыл деп алгандыктан активди колдонуу укугу жана ижара милдеттери катары (820,7*20/(1+0,13 (уч. Ставка КРУБ))^20) болжол менен 5 765,3 миң сом баланска коюлсун.

## "Чүй электр тармактары" филиалы боюнча:

**Аныкталды:**

Оңдоп түзөө жумуштары Электр тармактар ААКсынын жылдык планынын негизинде жүргүзүлүшү керек. Бирок аудит мезгилинде пландан тышкары аткарылган жумуштардын бар экени аныкталды.

Мисалы: Сокулук райондук электр тармагы ишканасы (мындан ары – РЭТИ) боюнча 2021-жылы пландан сырткары аткарылган курулуш жумуштары 4 465,7 миң сомго аткарылган. Ал эми 2022-жылы планда көрсөтүлбөгөн капиталдык курулуш жумуштарынын суммасы 33 263,5 миң сом болгон. Жалпы сумма капиталдык курулуш жумуштары **37 729,2** миң сомго аткарылган.

2021-жылы  Чүй областы боюнча пландан тышкары аткарылган оңдоп түзөө жумуштардын суммасы **17 736,8** миң сомго, 2022-жылга пландан тышкары аткарылган оңдоп түзөө жумуштарынын суммасы **20 424,1** миң сом болгон.

**Корутунду:**

Электр тармактар ААКсынын аткаруучу дирекциясы ондоп түзөө жана реконструкция, капиталдык курулуштарды акционерлердин жалпы чогулушунда бекитилген бизнес пландын алкагында жумуштарды жүргүзүүсү керек, ага карабастан иш жүзүндө планда көрсөтүлбөгөн жумуштар аткарылып, ишкананын чыгымдары көбөйгөн. Тандалып алынган учурларды эсепке алганда, аудит мезгилинде жалпы суммасы **75 890,1** миң сомдук пландан тышкары жумуштар аткарылган.

**Сунуштама:**

Өндүрүштүк жылдык планды түзүүдө, бардык жагдайларды эске алуу каралсын жана анын аткарылышы камсыздандырылсын. Мындан ары, бизнес планда каралбаган жумуштарды жүргүзүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Электр энергетикасы жөнүндөгү” мыйзамынын 15-1 беренесинин 3-пункутуна ылайык, электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (жеке жактардын) электр энергиясы үчүн акы төлөө мөөнөтүн үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Карыздардын мөөнөтү үч айдан ашып кетсе карыздын суммасын өндүрүү сот аркылуу жүргүзүлөт.

Жогорудагы аталган мыйзамдын 15-1 беренесинин 3-пункутунда көрсөтүлгөн электр жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (Жеке тараптардын) электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Бирок, коомдун электр энергиясын сатуу бөлүмү кызматтары жана анын жооптуу кызматкерлери тарабынан мыйзамдын талаптарын одоно бузууга жол берилип, карыздарды өндүрүү боюнча сот органдарына доо арыздар менен өз убагында кайрылбагандыктан, төлөө мөөнөттөрү үч айдан ашык убакытка узарып кеткен учурдагы карыздардын көлөмү 2021-жылдын 31-декабрына карата 105 020,1 миң сомго, ал эми 2022-жылдын 7 айлык аралыгына 106 004,9 миң сомго чейин жеткен. Маалымат боюнча 2021-жылы дебитордук карыздарды өндүрүү үчүн сот органдарына тиричиликке (бытовой) колдонуучу абоненттерге жэ болбосо калкка 345 доо арыз 14 321,8 миң сомго берилген, анын өндүрүлгөнү 6 352,9 миң сом жэ болбосо 44,0 %. Ал эми тиричиликке эмес колдонуучулар (не бытовой) дебитордук карыздарды өндүрүүгө 19 113,4 миң сомго доо арыз берилген. Анын төлөнгөнү 4186,6 миң

сом жэ болбосо 21,9 %. Жогорудагы сандар көрсөтүп тургандай, 2021-жылы 3 айдан ашкан дебиторлордун суммасы 105 020,1 миң сом болсо, иш жүзүндө доо арыз болгону 33 435,2 миң сомго берилген. Бул үч айдан ашкан карыздардын 31,0 %на доо арыз берилген, калган 69,0 % суммасы **71 584,9** миң сомдук дебитордук карызга доо арыз берилген эмес.

**2022-жылы:**

Тиричилик үчүн керектөөчүлөрдүн дебитордук карызын өндүрүүгө 10 330,1 миң сомго 248 доо арыз сот органдарына берилген. Анын ичинен 3 181,3 миң сому өндүрүлгөн же болбосо 30,0 %ы өндүрүлгөн. Ал эми тиричиликке эмес колдонуучуларга 26 доо арыз суммасы 6 065,2 миң сомго берилген. Анын ичинен өндүрүлгөнү 160 8 миң сомду же болбосо 2,65 %ды түзгөн.

2022-жылдын 7 ай аралыгында 3 айдан ашкан дебитордук карыздын суммасы 106 004,9 миң сомду түзгөн. Ал эми сотторго берилген доо арыздардын суммасы 9 246,5 миң сом. Аныгында 2022-жылы **96 758,4** миң сомго доо арыз сот органдарына берилген эмес. Мындай көрүнүш Чүй электр тармактары ишканасынын жооптуу кызматкерлеринин өздөрүнүн кызматтык милдеттерин кыянаттык менен толук аткарбагандыгынан кабар берет. Ошондой эле ишкананын электр энергиясына болгон дебитордук карызынын жогорулашына жана бул карыздардын мөөнөтүнүн узарышына, андан ары ал карыздардын үмүтсүз (безнадежные долги) болушуна таасир этет.

**Сунуштама:**

Тиричилик абоненттеринин жана тиричиликтен башка керектөөчүлөрдүн электр энергиясына болгон дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иш чаралар алып барылсын. Доо арыздарды берүүдө, Кыргыз Республикасынын “Электр энергетикасы жөнүндөгү” мыйзамынын 15-1 беренесинин 3-пункутунун талаптарына негиз, 3 айдан ашкан төлөнбөгөн карыздарга өз убагында доо арыздар сот органдарына берилиши камсыз кылынсын.

**Электр энергиясына коюлган чектөөлөргө аудит**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 9-апрелиндеги № 137 жана 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022 жана 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомдорунда чектөөлөр каралган. Токтомдун талаптарына негиз Түндүк электр ААКсына 2021-2022-жылдарга 5 292 642 миң кВтсаат электр энергиясына, ал эми 2022-2023-жылдарга 2 775 964 миң кВтсаат электр энергиясына чектөө киргизилген.

Ал эми, иш жүзүндө коомдун 2021-2022-жылдары 5 900 889 миң кВтсаат электр энергиясы келип түшкөн жана коюлган чектөөдөн 608 247 миң кВтсаат электр энергиясы ашыкча колдонулган. Ошондой эле, 2022-2023-жылдарга коюлган чектөө 2 775 964 миң кВтсаат, иш жүзүндө 2 932 635 миң кВтсаат колдонулуп чектөөдөн 156 671 миң кВтсаат электр энергиясы ашыкча

колдонулган. Ошентип, аудит мезгилинде каралган чектөөлөрдөн ашыкча колдонулган электр энергиянын жалпы көлөмү 764 918 миң кВтсаатты түзгөн. Эки жылдын керектөөчүлөргө сатылган орточо баа менен эсептегенде 1 кВтсаат 151,8 тыйындан туура келген. Натыйжада ашыкча колдонулган 764 918 миң кВтсаат электр энергиясынын орточо баасы 1161145,5 миң сомго барабар болгон.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунун 17-пункутунун 1-пункчасында төмөнкүлөргө жеке жоопкерчилик жүктөлгөн:

*1) электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулуктун белгиленген лимиттерин аткаруу үчүн – Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына, айыл өкмөттөрүнүн башчыларына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жетекчилерине, «Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы», «Электр станциялар», «Кыргызстан улуттук электр тармагы», «Түндүк электр», «Ош электр», «Чыгыш электр», «Жалалабат электр» жана «Кыргыз энергетикалык эсептешүү борбору» ААКсыларына.*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунун 14-пункутунун 2-пунктчасына ылайык, электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулугун лимиттерин аткарууда "Чүй электр тармактар" ишканасынын жетекчилигинин жеке жоопкерчилиги каралсын.

### Кызматкерлердин эмгек акысын эсептөө аудити

**Аныкталды:**

"Түндүк электр" ААКсынын 2021-жылга берилген бухгалтердик балансы жана маалыматтары боюнча эмгек акы беренеси боюнча баардыгы болуп 1 225 758,1 миң сом каралган, анын ичинен:

- өндүрүш чыгымдары 692 803,5 миң сом;
- сатуу чыгымдары 393 577,9 миң сом;
- административдик чыгымдар 139 376,7 миң сом.

Иш жүзүндө 1 233 469,3 миң сом жумшалган, анын ичинен:

- өндүрүш чыгымдары 743 589,5 миң сом;
- сатуу чыгымдары 362 122,8 миң сом;
- административдик чыгымдар 127 757,0 миң сом.

Анализ көрсөткөндөй бюджеттен ашыкча чыгымдоо өндүрүш чыгымдарынан 50 786,0 миң сомду, сатуу чыгымдарынан үнөмдөө 31 455,1 миң сомду жана административдик чыгымдар боюнча пландык көрсөткүчтөн бюджеттик үнөмдөө 11 619,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

Коомдун 2021-жылкы бюджетинде эмгек акы беренесине 1 225 758,1 миң сом каралган, иш жүзүндө 1 233 469,3 миң сом жумшалган, бюджеттен ашыкча чыгымдоо 7 711,2 миң сомду түзгөн, башкача айтканда, Коомдун бюджетине ылайык, чыгымдардын сметасынын чегинде эмгек акы төлөө фондунан жүргүзүлүшү керек, бирок иш жүзүндө 7 711,2 миң сомдук чектен чыгуулар болгон.

**Аныкталды:**

Социалдык муктаждыктарга чегерүү беренеси боюнча 2021-жылы 182 069,9 миң сом каралган, анын ичинен:

- өндүрүш чыгымдары 101 881,2 миң сом;
- сатуу чыгымдары 59 005,9 миң сом;
- административдик персонал 21 182,8 миң сом.

Иш жүзүндө 183 572,6 миң сом жумшалган, анын ичинен:

- өндүрүш чыгымдары 110 803,2 миң сом;
- сатуу чыгымдары 53 830,5 миң сом;
- административдик персонал 18 938,8 миң сом.

Анализ көрсөткөндөй бюджеттен ашыкча чыгымдоо өндүрүш чыгымдарынан 8 922,0 миң сомду, сатуу чыгымдарынан үнөмдөө 5 175,4 миң сомду жана административдик чыгымдар боюнча пландык көрсөткүчтөн бюджеттик үнөмдөө 2 244,0 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

Коомдун 2021-жылкы бюджетинде Социалдык муктаждыктарга чегерүү беренеси бюджеттен ашыкча чыгымдоо 1 502,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Чүй электр тармактар ишканасынын жетекчилиги тарабынан, эмгек акы төлөө фондунун чыгымдарын Коомдун бюджетине ылайык, чыгымдардын сметасынын чегинде жүргүзүлсүн.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана корутунду:**

“Түндүк электр” ААКсынын Башкы директору тарабынан 2022-жылдын 7-июлундагы №714 буйругу менен бекитилген, 2022-жылга карата товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын планы менен жарыяланган конкурстук тооруктардын ортосундагы бааларда төмөнкүдөй айырмачылыктар бар:

1. 2022-жылдын 25-июлундагы № 202207252 “Трансформаторлорду” сатып алуу конкурстук тооругу өткөрүлгөн. Жалпы бул тоорук боюнча айырма 2043,1 миң сомду түзгөн. Аталган тоорук негизинде №9-17 лоттор боюнча атаандаштардын жоктугуна байланыштуу тоорук өткөн эмес.

2. Ошондой эле, 2022-жылдын 16-сентябрындагы №202209161 “Трансформаторлорду” сатып алуу тооругу ушундай эле бузуу катары жарыяланган. Бул конкурстук тоорукта жалпы 5 953, 2 миң сом суммасындагы товарлардын баасына өзгөртүүлөр киргизилген эмес жана ишкананын

жетекчилиги тарабынан бекитилген эмес. Аталган тоорук негизинде №1 боюнча “ПромЭнергоТехСтрой” ЖЧКсы менен келишим түзүлгөн, ал эми калган №8-16 лоттор боюнча атаандаштардын жоктугуна байланыштуу тоорук өткөн эмес.

3. 2022-жылдын 27-июлундагы №202207021 “Сактандыргычтарды жана байланыштыргычтарды” сатып алууга тоорук жарыяланган. Комиссиянын, А.Т. Эсеналиевдин төрагалыгы алдында жүргүзгөн талдоосунун жыйынтыгы, 2022-жылдын 29-июлундагы протоколу боюнча: Тооруктун негизги талаптарынын бири “Техникалык баалоо: техникалык мүнөздөмө техникалык тапшырмага ылайык келиши керек”. Бирок, комиссия тарабынан бул талаптар аткарылбаган, себеби "ПромЭнергоТехСтрой" жана "Эр-Уст" ЖЧКсыларынын конкурска берилген материалдарынын техникалык мүнөздөмөсүнүн №08/3397 чечими “Түндүк электр” ААКсынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмү тарабынан 2022-жылдын 3-августунда гана берилген, башкача айтканда, 2022-жылдын 29-июлунда протоколдук чечим чыккандан кийин. Бул тоорукта “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамдын 10-беренесинин 2.5, 2.6 ,2.8-пункуту бузулган.

4. 2022-жылдын 1-мартындагы №22028319158394 “Автоматтык өчүргүчтөрдү” сатып алууга тоорук жарыяланган. Тооруктун негизги талаптарынын бири “Техникалык баалоо: техникалык мүнөздөмө техникалык тапшырмага ылайык келиши керек”. Бирок, “Түндүк электр” ААКсынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмү тарабынан “АП-50 автоматтык өчүргүчтүн техникалык спецификация” бекитилген эмес. Комиссия тарабынан бул талап аткарылбаган жана "Эр-Уст" ЖЧКсы тарабынан конкурска берилген материалдарынын техникалык мүнөздөмөсү берилген эмес. Комиссиянын жүргүзгөн талдоосунун жыйынтыгына, 2022-жылдын 4-апрелиндеги протоколунда сатып алуулар бөлүмүнүн кызматкерлери кол коюшкан эмес, ошондой эле, квалификациялык талаптар толук толтурулбаган. Бирок, Комиссиянын жүргүзгөн талдоосунун жыйынтыгы, 2022-жылдын 4-апрелиндеги протоколунун негизинде №5 лот боюнча жалпы суммасы 87,0 миң сомго “Эр-Уст” ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган, жана келишим түзүлгөн. Бул тоорукта “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамдын 10-беренесинин 2.5, 2.6, 2.8-пункуту бузулган.

**Сунуштама:**

Чүй электр тармактар ишканасынын жетекчилигине:

- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына же ички эрежелерге ылайык так жүргүзүлүшүн камсыз кылсын;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузууга жол бербөө боюнча, атап айтканда, сатып алынуучу товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө бааларга мониторинг жүргүзүүдө, тендердик документтерди түзүүдө, ошондой эле товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда белгиленген

талаптарды бузуулар менен сатып алууларга тиешелүү мыйзам чегинде чараларды көрүүнү камсыз кылсын;

- түзүлүүчү келишимдердин долбоорлорун өткөрүлгөн тендердин саны менен тактоону, ага техникалык талаптарды жана жалпы суммасын көрсөтүү менен сатып алынган товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин тиркөөнү камсыз кылсын.

**Чүй электр тармактары ишканасында 2021-2022-жылдары капиталдык курулуш объектилери боюнча жүргүзүлгөн аудит**

**Аныкталды:**

“Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун филиалы - Чүй электр тармактары ишканасында (мындан ары - “Чүй электр тармактары”) 2021-2022-жылдары капиталдык курулуш объектилери боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен жалпысынан **896,0** миң сомдук курулуш иштеринин көлөмүн жогорулатуу менен жана негизсиз кабыл алуу фактылары аныкталды, анын ичинен:

- “Бишкек шаарындагы “Пенько-Джутовая” подстанциясында, женил конструкциядан имарат жана 2 бастырма (навес) куруу” объектиси боюнча **744,0** миң сомго (подрядчы “СТРиМ ГРУП” ЖЧКсы);

- “Бишкек шаарындагы Батыш райондук электр тармактар ишканасынын аймагында Боксторду реконструкциялоо” объектиси боюнча **152,0** миң сомго (подрядчы “Кыргыз Строй Групп” ЖЧКсы).

**Корутунду:**

Объектилерде факт жүзүндө аткарылган кээ-бир жумуштар, кабыл алынган актылар менен дал келбегендигине байланыштуу, жалпы **896,0** миң сомдук жумуш негизсиз кабыл алынган.

**Сунуштама:**

“Чүй электр тармактары” ишканасынын жетекчилиги тарабынан, негизсиз кабыл алынган 896,0 миң сомдук курулуш иштерин, подрядчылар тарабынан ордуна коюу жана өндүрүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн, анын ичинен:

- “Бишкек шаарындагы “Пенько-Джутовая” подстанциясында, жеңил конструкциядан имарат жана 2 бастырма (навес) куруу” объектиси боюнча “СТРиМ ГРУП” ЖЧКсы тарабынан 744,0 миң сом;

- “Бишкек шаарындагы Батыш райондук электр тармактар ишканасынын аймагында Боксторду реконструкциялоо” объектиси боюнча “Кыргыз Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан 152,0 миң сом.

**“Түндүк электр” ААКсынын Талас филиалы (азыркы Талас Электр тармактар ишканасы) боюнча:**

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды**

Тендердик документтерди текшерүүдө төмөнкүдөй мыйзам бузуулар жана кемчиликтер аныкталган:

1. № 220315322149720 автомобиль тетиктерин сатып алуу боюнча тендер мамлекеттик сатып алуулардын расмий порталында бир этап ыкмасы менен 3 892 718 сом суммасында жарыяланган. Тендердик табыштамаларды ачуу жана баалоодон кийин эки катышуучу ЖИ М.С. Кудабаев - 1 651 120 сом жана ЖИ А.Э. Рысалиев - 1 638 850 сом жарыяланган сумма менен жеңүүчү деп тандалган.

Документтерди текшерүү учурунда ЖИ А.Э. Рысалиевдин документтери талаптарга жооп берген эмес. Тактап айтканда, жеткирүүчүнүн көрсөтүлгөн лоттон кем эмес, башкача айтканда 3 892 718 сомдон кем эмес суммага экиден кем эмес окшош контракттарды/кызматтарды аткаруу тажрыйбасы болушу керек эле. Келишимдерде каралган сумма ЖИ А.Э. Рысалиев - 4 230 820 сомду түздү. Бирок, ЖИ А.Э. Рысалиев көрсөтүлгөн сумма боюнча алынган кирешесин салык декларациясы менен тастыктаган эмес.

Экинчи катышуучу ЖИ М.С. Кудабаев талаптарга ылайык, ал 2020-2021-жылдар үчүн мекеменин мөөрү жана колтамгасы менен күбөлөндүрүлгөн бардык тиркемелери менен баланстын түп нускасынын сканерден өткөн көчүрмөлөрүн берүүгө же 2020-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Салык кызматы тарабынан кабыл алынган Бирдиктүү салык декларациясынын түп нускасынын сканерленген көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү. Бирок, ЖИ М.С. Кудабаев тарабынан 2020-жылга балансты берилген, 2021-жылга карата берилген эмес.

Жалпысынан эки катышуучунун документтери Ишкананын талаптарына жооп берген эмес. Документтердин дал келбегендигине карабастан, компания жеткирүүчүлөр менен келишим түзгөн.

2. Күйүүчү-майлоочу майларды сатып алууга №220316322204221 конкурс мамлекеттик сатып алуулардын расмий порталына 595 420,8 сом суммасында бир этаптуу ыкма менен сатып алуу жарыяланган.Тендердик табыштамаларды ачуу жана баалоодон кийин, катышуучу ЖИ М.С. Кудабаев жарыяланган суммасы 551 204 сом менен жеңүүчү деп тандалган.

ЖИ М.С. Кудабаев конкурстук тооруктун талаптарына ылайык, 2020-2021-жылдар үчүн мекеменин мөөрү жана колтамгасы менен күбөлөндүрүлгөн бардык тиркемелери менен баланстын түп нускасынын сканерден өткөн көчүрмөлөрүн берүүгө же 2020-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Салык кызматы тарабынан кабыл алынган, Бирдиктүү салык декларациясынын түп нускасынын сканерленген көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү. Бирок, ЖИ М.С. Кудабаев 2020-жылга балансты берген, 2021-жылга карата берилген эмес.

3. Электр тармактарынын участогунун административдик имаратына курулуш материалдарын сатып алууга №220430329094086 тендер мамлекеттик сатып алуулардын расмий порталында бир этаптуу ыкма менен 2 316 065 сом суммасында жарыяланган. Кийин конкурстук табыштамаларды

ачууда жана баалоодо конкурстук тооруктун катышуучусу ЖИ Курманалиева Нургүл Айдарбековна 2 103 831 сом менен жеңүүчү болуп тандалган.

ЖИ Н.А. Курманалиеванын конкурстук тооруктун талаптарына ылайык, 2020-2021-жылдар үчүн бухгалтердик баланстын түп нускасын бардык тиркемелери менен уюмдун мөөрү жана колтамгасы менен күбөлөндүрүлгөн сканерден өткөргөн көчүрмөсүн же кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Салык кызматы тарабынан кабыл алынган, Бирдиктүү салык декларациясынын түп нускасынын сканерленген көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү болчу. Бирок ЖИ Н.А. Курманалиева Бирдиктүү салык декларациясын нөлдүк отчеттуулукту берген, ошондой эле окшош контракттарды жеткирүүнүн суммасын тастыктаган эмес, 2020-2021-жылдар үчүн балансты да берген эмес.

**Талас жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасы боюнча:**
**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылы Ишкана келишимдин мөөнөтүн бузуу менен конкурстук тооруктун женүүчүсү “Элемент Про Групп” жоопкерчилиги чектелген ишканасы менен келишим түзгөн. Толук бөлүштүргүч сыртка орнотуу аппаратын (Комплектное распределительное устройство наружной установки) алмаштыруу үчүн материалдарды сатып алуу боюнча № 220221314640768 тендер 852 202,90 сом суммасында жарыяланган.

**Сунуштама:**

**Талас Электр тармактар ишканасына:**

Түзүлүүчү келишимдердин долбоорлорун өткөрүлгөн тендердин саны менен тактоону, ага техникалык талаптарды жана жалпы суммасын көрсөтүү менен сатып алынган товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин тиркөө камсыз кылынсын.

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына же ички эрежелерге ылайык, так жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

**Ысык-Көл электр тармактар ишканасы боюнча:**

**Аныкталды:**

“Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун Борбордук аппаратынын “Коомдун филиалдарынын жетекчилерине ай сайын шыктандыруучу төлөмдөрдү төлөө жөнүндө” буйругуна жана Ысык-Көл электр тармактар ишканасынын “Ай сайын шыктандыруучу төлөмдөрдү эсептөө, төлөө жөнүндө” буйругуна ылайык, ай сайын шыктандыруучу төлөмдөр боюнча пайыздык чендер, иштеген сааттары боюнча кызматтык маяна акысына эсептелиши керек, бирок бухгалтердик эсептерде кызматтык маянанын суммасына жана кызматтык маяналарга кошумча төлөмдөрдүн жана үстөктөрдүн бардык түрлөрүнө пайыздык ставкалар эсептелет.

Ал эми, “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун филиалдарынын жетекчилерине ай сайын шыктандыруучу төлөмдөрдү төлөө жөнүндө” Жобонун 5-пунктуна ылайык, “Ай сайын дем берүүчү төлөмдөр”, “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин баалоо боюнча төлөнөт.

**Сунуштама:**

“Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун Борбордук аппаратынын “Коомдун филиалдарынын жетекчилерине ай сайын шыктандыруучу төлөмдөрдү төлөө жөнүндө” жана Ысык-Көл электр тармактар ишканасынын “Ай сайын шыктандыруучу төлөмдөрдү эсептөө, төлөө жөнүндө” буйруктары менен, Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ачык акционердик коомунун филиалдарынын жетекчилерине ай сайын шыктандыруучу төлөмдөрдү төлөө жөнүндө” жободогу карама-каршылыктардын негизинде, төлөмдөрдүн мазмунундагы карама-каршылыктарды жоюу үчүн, аталган Жобо кайрадан иштелип чыгылсын.

## Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын аудити

**Аныкталды жана корутунду:**

Ысык-Көл электр тармактар ишканасынын негизги складындагы товардык-материалдык баалуулуктарга 2023-жылдын 19-июлунда жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгында, склад башчысынын жоопкерчилигиндеги 302,4 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктар кем чыкты. Товардык-материалдык баалуулуктар тапшыруучу ЖИ “Джакыпов Т.А.” тарабынан 14.03.2023-жылдагы №09-02/48 келишимдин негизинде толук тапшырылган эмес. Аудит учурунда, аталган 302,4 миң сом товардык-материалдык баалуулуктар натуралдык түрдө өндүрүлүп, складка коюлду.

**Сунуштама:**

- товардык-материалдык баалуулуктарды эсепке алууда Ишкананын Эсеп саясатынын талаптары эске алынсын;
- товардык-материалдык баалуулуктарга жооптуу адамдарга жоопкерчилик күчөтүлсүн жана күтүүсүздөн жүргүзүлгөн инвентаризациялоону уюштуруу камсыз кылынсын;
- товардык-материалдык баалуулуктардан кем чыгууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Сатып алуулар боюнча №210402271045398 конкурстук тооругу:**

2021-жылдын 2-апрелинде “Чыгыш электр” ААКсы тарабынан кабелдик продукция сатып алууга электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына конкурс жарыяланган. Конкурса 3 компания катышкан жана конкурстун жыйынтыгында “Кабелдик продукция” лоту боюнча 4 432 120 сомго жана “Изоляциаланган зым” лоту боюнча 22 090 857 сомго “Байсал Билд” ЖЧИсин конкурстук комиссия жеңүүчү деп тапкан. 2021-жылдын

6-майында “Чыгыш электр” ААКсы менен “Байсал Билд” ЖЧИсинин ортосунда 26 522 977,6 сомго №33 келишим түзүлгөн.

Бирок жеңүүчү тарабынан келишимдин шарттары аткарылбагандыгына байланыштуу “Чыгыш электр” ААКсы тарбынан 2021-жылдын 2-июнунда “Байсал Билд” ЖЧИсине келишимдин шарттарын аткаруу боюнча кат жөнөтүлгөн.

“Байсал Билд” ЖЧИси тарабынан 2021-жылдын 6-июнунда №39, 2021-жылдын 25-июнунда №10 жана 2021-жылдын 11-июлундагы номуру жок каттары менен товарды тапшыруунун мөөнөтүн узартууну суранган.

“Чыгыш электр” ААКсы тарабынан 2021-жылдын 21-июнунда “Байсал Билд” ЖЧИсине келишимди бузуу тууралуу жана Кыргыз Республиксынын Финансы миңистрлигинин Мамлекеттик сатып алуулар департаментине ишенимсиз тапшыруучулар тизмесине кийирүү жөнүндө каты менен кабарланган.

“Байсал Билд” ЖЧИси 2021-жылдын 14-июлунда №11 келишимдин шарттарын аткара албай тургандыгы тууралуу кат жөнөткөн.

Конкурстун шартына ылайык, “Чыгыш электр” ААКсы кийинки рейтингде турган “МАВ Трейд Плюс” ЖЧИси менен “Кабелдик продукция” лоту боюнча 4 647 500 сомго, 215 380 сомго жогору жана “Изоляцияланган зым” лоту боюнча 22 506 808 сомго, 415 951 сомго, жалпы суммасы 631 331 сомго жогору келишим түзүлгөн.

**№210415274387479 конкурстук тооругу:**

Конкурстун шартына ылайык “Чыгыш электр” ААКсы кийинки рейтингде турган ЖИ “Ибрагимов К.Х” менен “Боёк жана лак буюмдарын” сатып алуу боюнча 451 455 сомго 2021-жылдын 14-майында №39 келишим түзүлгөн. Келишимдин шарттары боюнча ЖИ “Ибрагимов К.Х” товарды 5 календарлык күндө тапшырууга милдеттүү болгон, бирок тапшыруучу товарды кечиктирип 90 күндө тапшырган. Келишимдин шарттарына ылайык, тапшыруу өз убагында аткарылбаса ар бир кечиктирилген күнгө 0,1 % өлчөмүндө жаза каралган. Бул сумма орточо эсеп менен 40 630 сомду түзгөн жана “Чыгыш электр” ААКсы тарабынан кармалган эмес.

**№210312268506775 конкурстук тооругу:**

“Изоляторлорду” сатып алуу боюнча 2021-жылдын 1-апрелинде түзүлгөн №9 келишимде тастыкталды. Келишимдин шарттары боюнча “Промэнерго Тех Строй” ЖЧИси товарды 5 календарлык күндө тапшырууга милдеттүү болгон, бирок тапшыруучу товарды кечиктирип 40 күндө тапшырган. Келишимдин шарттарына ылайык, тапшыруу өз убагында аткарылбаса ар бир кечиктирилген күнгө 0,1 % өлчөмүндө жаза каралган. Бул сумма орточо эсеп менен 24 021 сомду түзгөн жана “Чыгыш электр” ААКсы тарабынан кармалган эмес.

“Чыгыш электр” ААКсынын Ысык-Көл филиалы 2022-жылдын 8 айында товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларга 161 957,7 миң сомго 109 конкурстук тооруктар жүргүзүлгөн, анын ичинде 47 - бир этаптуу ыкма менен 100 240,0 миң сом суммасында,

29 - жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкма менен 12 078,1 миң сом суммасында жана 33 - түз келишим түзүү ыкмасы менен 46 810,0 миң сом суммасында.

Берилген маалыматтарына ылайык, “Чыгыш электр” ААКсы 2022-жылы 161 957,7 миң сомго товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларга келишимдер түзүлгөн, анын ичинде: бир этаптуу ыкма менен 100 239,9 миң сом суммасында, жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкма менен 12 078,2 миң сом суммасында жана түз келишим түзүү ыкмасы менен 46 810,0 миң сом суммасында.

**№220511330832484 конкурстук тооругу:**

“Кабелдик продукцияларды жана изоляцияланбаган зымдарды” сатып алуу конкурстук тооругуна 30 574 500 сом каралган, анын ичинен изоляцияланбаган зым маркасы АС-70 жалпы суммасы 817 500 сом, 1500 кг; изоляцияланбаган зым маркасы АС-50 жалпы суммасы 4 905 000 сом, 9000 кг; изоляцияланбаган зым маркасы АС-35 жалпы суммасы 11 445 000 сом, 21000 кг жана изоляцияланбаган зым маркасы АС-70 жалпы суммасы 13 407 000 сом, 24600 кг. Бул конкурстук тоорукту өтүүдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын төмөнкүдөй бузууларга жол берилген:

- изоляцияланбаган зым маркасы АС-70 жалпы суммасы 13 407 000 сом, 24600 кг жана дагы АС-50 жалпы суммасы 1 090 000 сом, 2000 кг 2022-жылдын сатыпалуулар Планында каралган эмес;

- 2022-жылдын 30-майындагы сатып алуулар Протоколунун негизинде жогоруда көрсөтүлгөн конкурстук тооруктун жеңүүчүсү болуп 29 164 500 сом сунуштаган “ЭЛТМ” ЖЧИси табылган, бирок ал 2022-жылдын 22-июнундагы №14 катынын негизинде, баалардын өсүшүнө байланыштуу тапшыруудан баш тарткан. Ушунун негизинде конкурстук тооруктун сунушталган баасы 30 398 400 сом менен 2-жеңүүчүсү “Бишкек трансформатордук заводу” ЖЧИси менен келишим түзүлгөн. Бирок келишим 21 074 900 сомго, конкурстук тооруктун 2 лоту боюнча, башкача айтканда изоляцияланбаган зым маркасы АС-35 жалпы салмагы 21000 кг жана изоляцияланбаган зым маркасы АС-50 жалпы салмагы 18100 кг. Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамыннын 3-статясында, *Лот сатып алуулардын бөлүнбөс предмети болуп саналат.* Мындан тышкары, келишим түзүү учурунда конкурстук документациянын шарттары өзгөрүлбөшү керек, тактап айтканда тапшырыла турган продукциянын көлөмү да.

**№220331323277950 конкурстук тооругу:**

“ТМ-6300/10/6 кВт түрүндөгү күч берүүчү трансформаторлорду” сатып алуу конкурстук тооругуна 3 500 000 сом каралган. Бул конкурстук тоорукту өтүүдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын төмөнкүдөй бузууларга жол берилген:

- 2022-жылдын 14-апрелиндеги конкурстук документтерди ачуу протоколунун негизинде, бул конкурстук тоорукка 2 катышуучу бирдей бааны сунуштаган. Бирок, 2022-жылдын 19-апрелиндеги протоколунун негизинде,

баштапкы сунушталган баанын өлчөмүнөн бааны төмөндөтүү (арзандатууну берүү) мүмкүнчүлүгү жөнүндө суроо-талап жөнөтпөстөн “Бишкек трансформатордук заводу” ЖЧИси жеңүүчү деп табылган. Бул жерде Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 29-беренесинин 6-бөлүгүнүн 9-пункутун бузууларга жол берилген - *Эгерде жүргүзүлгөн баа берүүнүн жыйынтыктары боюнча берүүчүлөр (подрядчылар) конкурстук документациянын талаптарына жооп берүүчү конкурстук табыштамаларды бирдей баалар жана шарттар менен сунуштаса, анда сатып алуучу уюм бирдей бааларды жана шарттарды сунуштаган берүүчүлөргө (подрядчыларга) мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына баштапкы сунушталган баанын өлчөмүнөн бааны төмөндөтүү (арзандатууну берүү) мүмкүнчүлүгү жөнүндө суроо-талап жөнөтөт. Негиздемеси менен эң төмөнкү бааны (эң көп арзандатууну) сунуш кылган берүүчүнүн (подрядчынын) табыштамасы жеңген конкурстук табыштама деп эсептелет.*

**Аныкталды жана корутунду:**

“Чыгыш электр” ААКсы тарабынан, 2022-жылы электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына бербестен, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар” Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, дезинфекциялык каражаттарды, маскаларды жана медициналык кол каптарды сатып алуу боюнча 2022-жылдын 14-январындагы №2 келишими **114,0 миң сомго** товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына же ички эрежелерге ылайык, так жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын бузууга жол бербөө боюнча, атап айтканда, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүүдө, тендердик документтерди түзүүдө, ошондой эле товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда белгиленген талаптардын аткарылышына тиешелүү мыйзам чегинде чараларды көрүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды:**

Ишкананын 2021-2022-жылдарга товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар планын түзүүдө, сатып алуу предметин, башкача айтканда товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскача баяндамасына көңүл бурулган эмес. Товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн толук аталышы, маркасы, техникалык мүнөздөмөсү толук көрсөтүлгөн эмес. Мисалы: Сатып алуулар планында Ишканага керектелүүчү автомобиль тетиктеринин аталышы, кайсы автомобиль техникасына тиешелүү экендигин, ошондой эле компьютердик

жана оргтехникалардын запастык бөлүктөрүнүн, курулуш материалдарынын, атайын материалдардын толук аталышы көрсөтүлбөгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды жүргүзүүдө, электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына жарыя берүү камсыз кылынсын.

**Нарын электр тармактар ишканасы боюнча:**

**Аныкталды:**

Электр энергиясынын жоготуулары боюнча 2021-жылы техникалык жоготуулар 0,8 %га, ал эми коммерциялык жоготуулар 0,3 %га көп болгон. Электр энергиянын кВтсаат менен эсептегенде 14 493,9 миң кВтсаат жоготуулар болгон, акчалай алганда 2021-жылдагы орто баа менен эсептегенде 18 407,3 миң сомго барабар болот.

Ал эми, 2022-жылы техникалык жоготуулар 0,7 %га, коммерциялык жоготуулар 4 %га көп болгон. КВтсаат менен эсептегенде 20 730,9 миң кВтсаат электр энергиясы планда көрсөтүлгөн ченемден көп жоготууга учураган. Пландан ашкан жоготуулардын акчалай өлчөмү 2022-жылдагы орточо баа менен 30 267,1 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги №137 жана 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022, 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндөгү" токтомдорунда белгиленген электр энергиясынын техникалык жоготууларына коюлган чектөөлөрдү сактабастан, Нарын электр тармактар ишканасында отчеттук мезгилде электр энергиясынын техникалык жоготуулары коюлган чектен ашып кеткен. Натыйжада, 2021-2022-жылдары жалпысы 35 224,8 миң кВтсаат электр энергия пландык көрсөткүчтөн ашып кеткен. Нормадан ашкан жоготуунун акчалай өлчөмү орточо баада **48 674,4** миң сомго барабар болгон.

**Сунуштама: Нарын электр тармактар ишканасына:**

Мындан ары, электр энергиясынын техникалык жоготууларына коюлган чектөөлөрдөн ашып кетүүсүнө жол берилбесин жана көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды:**

Иш жүзүндө коомдун 2021-2022-жылдары 659 279,3 миң кВтсаат керектөөчүлөргө электр энергиясы келип түшкөн жана коюлган чектөөдөн 45 415,5 миң кВтсаат электр энергиясы ашыкча колдонулган. Ошондой эле, 2022-2023-жылдарга коюлган чектөө 658 156,8 миң кВтсаат, иш жүзүндө 663 915,7 миң кВтсаат колдонулуп, 5 758,9 миң кВтсаат чектөөдөн ашкан. Ошентип, аудит мезгилинде каралган чектөөлөрдөн керектөөчүлөрдүн ашыкча колдонулган электр энергиянын жалпы көлөмү **51 174,4** миң кВтсаат түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын

жана калкын 2021/2022-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунун 17-пункутунун 1-пункчасында төмөнкүлөргө жеке жоопкерчилик жүктөлгөн:

*1) электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулуктун белгиленген лимиттерин аткаруу үчүн – Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына, айыл өкмөттөрүнүн башчыларына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин жетекчилерине, «Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы», «Электр станциялар», «Кыргызстан улуттук электр тармагы», «Түндүк электр», «Ош электр», «Чыгыш электр», «Жалалабат электр» жана «Кыргыз энергетикалык эсептешүү борбору» ААКсыларына.*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунун 14-пункутунун 2-пунктчасына ылайык, электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулугунун лимиттерин аткарууда ашыкча пайдаланууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Ишкананын бизнес планын түзгөн убакта, аткарыла турган жумуштарга акча каражаттарынын сметасын пландоодо, бааларды жогору койгон учурлар кездешет. Мисалы, 2021-жылы жогорку чыңалуудагы аба чубалгыларын 500 кВ учурдагы оңдоп түзөө жумуштардын физикалык көлөмү 205 км акчасы 288,9 миң сом. Ал эми, аткарылганы ошол эле көлөм 205,6 км, ал эми акчасы 187,0 миң сомго аткарылган, башкача айтканда 101,9 миң сомго пландык көрсөткүч жогору коюлган. Ошондой эле көрүнүш 220 кВ, 110 кВ жогорку чыңалуудагы аба чубалгыларын пландоодо жогору бааны койгондугу көрүнүп турат. Трансформаторлорду капиталдык оңдоо жумуштарына да бааларды планга жогору көрсөткөн. Мисалы, 2022-жылга 110 кВ көмөк чордон 8 даана оңдоп түзөөгө пландалган. Иш жүзүндө 8 даана оңдолгон. Баалары план боюнча 647,6 миң сом каралган, ал эми иш жүзүндө 404,4 миң сомго аткарылган. 243,2 миң сомго планга көп каралган.

**Сунуштама:**

Нарын электр тармактар ишканасы, өзүнүн ар жыл сайын аткарыла турган жумуштардын бизнес планын түзүүдө, ал планга кирген кызмат көрсөтүү чыгымдарынын, материалдык чыгымдарынын жана башка кызматтардын чыгымдарынын баалары туура жана так пландалсын.

## Дебитордук жана кредитордук карыздардын эсептөөлөрүнүн аудити

**Аныкталды:**

2022-жылдын 23-майында Нарын электр тармактар ишканасы менен “РСМ Строй” жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда “Атайын техникалык гаражды” куруу боюнча 2022-жылдын 16-майында №220429329793916 өткөрүлгөн конкурстук тооруктун негизинде 5 952 889,70 сомдук №012-20/24 Келишим түзүлгөн. Аталган келишимдин шарттарына ылайык “РСМ Строй” ЖЧКсы тарабынан 5 952 890 миң сомго курулуш иштерин бүтүргөн, өз кезегинде Нарын электр тармактар ишканасы келишимдин шарттарына ылайык жана аткарылган иштердин актысынын негизинде: биринчи төлөм 2022-жылдын 28-сентябрында №0791 төлөө тапшырмасы менен 3 224 487 сом, экинчи төлөм 2023-жылдын 19-июлунда №01346 төлөө тапшырмасы менен 697 434,70 сом, үчүнчү төлөм 2023-жылдын 19-июлунда №0537 төлөө тапшырмасы менен 1 733 226 сом жалпы суммасы 5 655 147,70 сом “РСМ Строй” ЖЧКсына которгон.

Негизги Келишимден тышкары курулуштун сметасына каралбай калган жумуштар учүн (бетон негиздерин бузуу 12,45 м2, шагыл катмарларын жайгаштыруу 67,6 м3) кошумча 297,5 миң сомго Келишим түзүлгөн жана аткарылган жумуштардын №3 актысынын негизинде кабыл алынган.

Жалпы Келишимдин суммасы 6 250,4 миң сомду түзгөн. Жалпы которулган акча каражатынын суммасы 5 655,1 миң сом. Калган 595,3 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты, кабыл алуу актысы кол коюлгандан кийин, кепилдик мөөнөтү аяктаганда 2023-жылдын 1-сентябрында төлөнөт.

Жогорудагы фактылардын негизинде, Нарын электр тармактар ишканасынын жетекчиси тарабынан Нарын областтык прокуратурасына 2023-жылдын 7-августунда “Атайын техникалык гаражды” куруу боюнча териштирүү иштерин уюштуруп, жооптуу адамдарга чара көрүү боюнча №11-3/751 каты жөнөтүлгөн. Ушул каттын негизинде, Нарын областтык прокуратурасы тарабынан “Атайын техникалык гаражды” куруу боюнча тиешелүү документтер алынган.

**Сунуштама: Нарын электр тармактар ишканасына:**

*Нарын областтык прокуратурасынын “Атайын техникалык гаражды” куруу боюнча териштирүү иштеринин* жыйынтыгы боюнча, “Атайын техникалык гаражды” балансқа алуу камсыз кылынсын.

## Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын аудити

**Аныкталды:**

Ишкананын борбодук складын жана райондук электр тармактар ишканаларынын складдарындагы товардык-материалдык баалуулуктарга тандалма негизинде күтүүсүздөн жүргүзүлгөн инвентаризациялоо учурунда 5 095,1 миң сомдук өтүмсүз товардык-материалдык баалуулуктар, башкача айтканда, эсептен чыгарылууга тийиш болгон электр эсептегичтери (1 жана 3 фазалуу) бар экендиги төмөнкү райондук электр тармактар ишканаларында аныкталды:

- Ак- Талаа РЭТИ боюнча 1097 штук 172,0 миң сомдук;

- Ат-Башы РЭТИ боюнча 931 штук 210,4 миң сомдук;
- Жумгал РЭТИ боюнча 1188 штук 88,2 миң сомдук;
- Кочкор РЭТИ боюнча 5 838 штук 1 445,1 миң сомдук;
- Тянь-Шань РЭТИ боюнча 4 759 штук 2 145,5 миң сомдук;
- Тогуз-Торо РЭТИ боюнча 591 штук 16,8 миң сомдук;
- Нарын РЭТИ боюнча 1 960 штук 276,1 миң сомдук;
- борбодук склады боюнча 1097 штук 741,0 миң сомдук.

**Сунуштама:**

Нарын электр тармактар ишканасынын жетекчилигине:

- товардык-материалдык баалуулуктарды эсепке алууда Ишкананын Эсеп саясатынын талаптары эске алынсын;
- өтүмсүз товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу боюнча жогорку жетекчилик менен биргеликте тиешелүү иш-чаралары көрүлсүн.

## “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына аудит

**Аныкталды:**

**№210406272618373 конкурстук тооругу боюнча**

2021-жылдын 6-апрелинде “Чыгыш электр” ААКсынын Нарын филиалы тарабынан Нарын райондук электр тармактары ишканасы үчүн электр буюмдарын жана тиричилик материалдарын сатып алууга электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына конкурс жарыяланган. Конкурска 1 жоопкерчилиги чектелген коом жана 3 жеке ишкер катышкан. Конкурстун жыйынтыгында “Электр буюмдары” №1-лоту боюнча 334 250 сомго жеке ишкер Абдандил уулу Акжолду жана “Тиричилик материалдары” №2, 3, 4-лоттору боюнча 74 100 сомго “Кут Ордо” ЖЧКсын конкурстук комиссия жеңүүчүлөр деп тапкан. 2021-жылдын 21-апрелинде “Чыгыш электр” ААКсы менен Абдандил уулу Акжол ЖИнин ортосунда 334 250 сомго №н/ж жана “Чыгыш электр” ААКсы менен “Кут Ордо” ЖЧКсынын ортосунда 74 100 сомго №н/ж келишимдер түзүлгөн.

Бирок жеңүүчүлөр тарабынан берилген конкурстук арыздарды кароодо жеңүүчүлөрдүн 2020-жылга тапшырылган бирдиктүү салык декларациясынын баардык көрсөткүчтөрү 0 (нөл) менен тапшырылган.

Демек, Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн “Катышуучулардын жарамдуулугунун жалпы абалы” - Конкурстун катышуучусу кудуретсиз, банкрот болбошу керек, ошондой эле кийинки милдеттенмелерин аткаруу үчүн жетиштүү каражаты болушу керек, анын мүлкү соттун көзөмөлүндө болбошу, алардын иштери сот же сот тарабынан дайындалган адам тарабынан тескөөгө алынбашы, алардын ишкердик иши убактылуу токтотулган жана алар мындай соттук териштирүүгө тийиш эмес болушу керек” деген талаптар аткарылган эмес.

**№210428276847791 конкурстук тооругу:**

Административдик чарбалык бөлүм үчүн курулуш жана тиричилик материалдарын сатып алууга жарыяланган №210428276847791 конкурстук тооругу боюнча Конкурстун жыйынтыгында “Кут Ордо” ЖЧКсы жеңүүчү болуп табылган жана 2021-жылдын 3-майында “Чыгыш электр” ААКсы менен “Кут Ордо” ЖЧКсынын ортосунда 319 445 сомго н/ж келишимдер түзүлгөн.

Бирок жеңүүчү тарабынан берилген конкурстук арыздарды кароодо жеңүүчүнүн 2020-жылга тапшырылган бирдиктүү салык декларациясынын баардык көрсөткүчтөрү 0 (нөл) менен тапшырылган.

Демек, Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн “Катышуучулардын жарамдуулугунун жалпы абалы” - Конкурстун катышуучусу кудуретсиз, банкрот болбошу керек, ошондой эле кийинки милдеттенмелерин аткаруу үчүн жетиштүү каражаты болушу керек, анын мүлкү соттун көзөмөлүндө болбошу, алардын иштери сот же сот тарабынан дайындалган адам тарабынан тескөөгө алынбашы, алардын ишкердик иши убактылуу токтотулган жана алар мындай соттук териштирүүгө тийиш эмес болушу керек” деген талаптар аткарылган эмес.

**№211222313074483 конкурстук тооругу:**

Механикалаштыруу жана автотранспорт кызматы учун автомобиль тетиктерин сатып алууга жарыяланган №211222313074483 конкурстук тооругу боюнча Конкурстун жыйынтыгында №1, 2, 4-лоттору боюнча 207 730 сомго жеке ишкер Абдандил уулу Акжол жана №4 лоту боюнча 101 560 сомго жеке ишкер Доолотбаев Тагай Болотович жеңүүчүлөр деп табылган. 2022-жылдын 19-январында “Чыгыш электр” ААКсы менен ЖИ Абдандил уулу Акжолдун ортосунда 207 730 сомго н/ж жана “Чыгыш электр” ААКсы менен жеке ишкер Доолотбаев Тагай Болотовичтин ортосунда 101 560 сомго н/ж келишимдер түзүлгөн.

Бирок жеңүүчүлөр тарабынан берилген конкурстук арыздарды кароодо жеңүүчүлөрдүн 2020-жылга тапшырылган бирдиктүү салык декларациясынын баардык көрсөткүчтөрү 0 (нөл) менен тапшырылган.

Демек, Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн “Катышуучулардын жарамдуулугунун жалпы абалы” - Конкурстун катышуучусу кудуретсиз, банкрот болбошу керек, ошондой эле кийинки милдеттенмелерин аткаруу үчүн жетиштүү каражаты болушу керек, анын мүлкү соттун көзөмөлүндө болбошу, алардын иштери сот же сот тарабынан дайындалган адам тарабынан тескөөгө алынбашы, алардын ишкердик иши убактылуу токтотулган жана алар мындай соттук териштирүүгө тийиш эмес болушу керек” деген талаптар аткарылган эмес.

**№211025304290688 конкурстук тооругу:**

Конкурстун шартына ылайык, “Чыгыш электр” ААКсынын Нарын филиалы “ЭсЭнДжи-групп” ЖЧКсы менен “Жумгал райондук электр тармактар ишканасына автомашина марка УАЗ сатып алуу” лоту боюнча 1 419 032 сомго 2021-жылдын 15-ноябрында №149 келишим түзүлгөн. Конкурска катышуу үчүн “Квалификациялык талаптардын - Келишимдин өзгөчө

шарттары” бөлүгүндө алдын ала төлөм каралган эмес жана баардык төлөмдөр товарды 100 % кабыл алынгандан кийин деп көрсөтүлгөн.

Бирок, Келишим түзүүдө конкурстун шарттары бузулган, башкача айтканда Келишимде көрсөтүлгөн сумманын 50 %ы алдын ала төлөм жана калан 50%ы товар кабыл алынгандан кийин деп көрсөтүлгөн. Демек, жогорудагы айтылгандардын негизинде, Конкурска катышуу үчүн “Квалификациялык талаптардын - Келишимдин өзгөчө шарттары” бөлүгү бузулган.

**Нарын жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасындагы сатып алуулар**

**Аныкталды:**

**№211216312327895 конкурстук тооругу:**

2021-жылдын 16-декабрында Нарын жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасы тарабынан Мерседец Бенц Спринтер автомобилин сатып алууга электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына конкурс жарыяланган. Конкурса 3 жоопкерчилиги чектелген коом жана 1 жеке ишкер катышкан. Конкурстун жыйынтыгында 1 245 500 сомго “Умар Курулуш” ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган. 2022-жылдын 12-январында Нарын жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасы менен “Умар Курулуш” ЖЧКсынын ортосунда 1 245 500 сомго №012-20/001 келишим түзүлгөн.

Бирок жеңүүчү тарабынан берилген конкурстук арызды кароодо конкурстук комиссия “Квалификациялык талаптардын” 4-пункутун бузуу менен жеңүүчүнү аныктаган. “Квалификациялык талаптардын” 4-пункутунда “Көрсөтүлгөн лоттон кем эмес суммага окшош контракттарды/кызматтарды аткаруу боюнча тажрыйбасы бар” деп көрсөтүлгөн, бирок иш жүзүндө женүүчү болгон “Умар Курулуш” ЖЧКсы жалпы суммасы 1 048,0 миң сомдук Келишимди тиркеген (“Умар Курулуш” ЖЧКсы менен 1 245 500 сомго №012-20/001 келишим түзүлгөн). Демек, конкурстук комиссия “Квалификациялык талаптардын” 4-пункутун бузуу менен, жеңүүчүнү аныктаган, коюлган талаптар аткарылган эмес.

**Нарын электр тармактар ишканасы (мындан ары - Ишкана)** Нарын жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасы менен “Чыгыш электр” ААКсына кошулгандан кийин.

**Аныкталды:**

**№220421328545334 конкурстук тооругу:**

2022-жылдын 6-апрелинде “Чыгыш электр” ААКсынын Нарын филиалы тарабынан “Достук” жана “Карабулун” электр тармактар участокторy үчүн материалдарын сатып алууга электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына конкурс жарыяланган. Конкурса 2 жеке ишкер катышкан. Конкурстун жыйынтыгында №1, 2-лоттору боюнча 659 015 сомго жеке ишкер Абдандил уулу Акжолду конкурстук комиссия жеңүүчү деп табышкан. 2022-жылдын 13-майында “Чыгыш электр” ААКсынын Нарын филиалы менен жеке ишкер Абдандил уулу Акжол ортосунда 659 015 сомго №50 келишим түзүлгөн.

Бирок, жеңүүчүлөр тарабынан берилген конкурстук арыздарды кароодо жеңүүчүлөрдүн 2021-жылга тапшырылган бирдиктүү салык декларациясынын баардык көрсөткүчтөрү 0 (нөл) менен тапшырылган.

Демек, Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн "Катышуучулардын жарамдуулугунун жалпы абалы" - Конкурстун катышуучусу кудуретсиз, банкрот болбошу керек, ошондой эле кийинки милдеттенмелерин аткаруу үчүн жетиштүү каражаты болушу керек, анын мүлкү соттун көзөмөлүндө болбошу, алардын иштери сот же сот тарабынан дайындалган адам тарабынан тескөөгө алынбашы, алардын ишкердик иши убактылуу токтотулган жана алар мындай соттук териштирүүгө тийиш эмес болушу керек" деген талаптар аткарылган эмес.

**№4232 конкурстук тооругу:**

А4 кагазын сатып алууга жарыяланган №4232 конкурстук тооругу боюнча Конкурстун жыйынтыгында жеке ишкер Ж.А. Мамбетказиева жеңүүчү болуп табылган жана 2022-жылдын 22-июлунда "Чыгыш электр" ААКсынын Нарын филиалы менен жеке ишкер Ж.А. Мамбетказиеванын ортосунда 825 600 сомго №69 келишим түзүлгөн. Бирок, жеңүүчү тарабынан берилген конкурстук арыздарды кароодо жеңүүчүнүн 2021-жылга тапшырылган бирдиктүү салык декларациясынын Ф-058 - салык салынуучу киреше көрсөткүчү 11 652 сомго ашыкча чыгым (пайдасыз) менен тапшырылган.

Демек, Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн "Катышуучулардын жарамдуулугунун жалпы абалы" - Конкурстун катышуучусу кудуретсиз, банкрот болбошу керек, ошондой эле кийинки милдеттенмелерин аткаруу үчүн жетиштүү каражаты болушу керек, анын мүлкү соттун көзөмөлүндө болбошу, алардын иштери сот же сот тарабынан дайындалган адам тарабынан тескөөгө алынбашы, алардын ишкердик иши убактылуу токтотулган жана алар мындай соттук териштирүүгө тийиш эмес болушу керек" деген талаптар аткарылган эмес.

**№6929 конкурстук тооругу:**

2022-жылдын 12-октябрында Нарын электр тармактар ишканасы тарабынан "Кабель" материалдарын сатып алууга Tenders.kg сайтына конкурс жарыяланган. Конкурса 2 жоопкерчилиги чектелген коом катышкан. Конкурстун жыйынтыгында №1 лот боюнча 520 000 сомго "ПромЭнергоТехСтрой" ЖЧКсын конкурстук комиссия жеңүүчү деп табышкан. 2022-жылдын 21-октябрында Нарын электр тармактар ишканасы менен "ПромЭнергоТехСтрой" ЖЧКсынын ортосунда 520 000 сомго №020-20/77 келишими түзүлгөн.

Бирок, жеңүүчү тарабынан берилген конкурстук арызды кароодо конкурстук комиссия "Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн стандарттуу тендердик документациянын - Мелдештин катышуучуларына көрсөтмө берүү үчүн өзгөчө шарттар" пункутун бузуу менен, жеңүүчүнү аныктаган. Бул пункутта "Көрсөтүлгөн лоттон кем эмес суммага окшош контракттарды/кызматтарды аткаруу боюнча тажрыйбасы бар" деп

көрсөтүлгөн, бирок иш жүзүндө жеңүүчү болгон “ПромЭнергоТехСтрой” ЖЧКсы Келишимдерди тиркеген эмес. “ПромЭнергоТехСтрой” ЖЧКсы менен 520 000 сомго №020-20/77 келишим түзүлгөн.

Демек, конкурстук комиссия “Конкурстук документацияда көрсөтүлгөн стандарттуу тендердик документациянын - Мелдештин катышуучуларына көрсөтмө берүү үчүн өзгөчө шарттар” пункутундагы “Көрсөтүлгөн лоттон кем эмес суммага окшош контракттарды/кызматтарды аткаруу боюнча тажрыйбасы бар” деген талаптарды аткарбастан жеңүүчүнү аныктаган.

**№8009 конкурстук тооругу:**

2022-жылдын 16-ноябрында Нарын электр тармактар ишканасы тарабынан, “Механикалаштыруу жана автотранспорт кызматы үчүн товарларды” сатып алууга Tenders.kg сайтына конкурс жарыяланган. Конкурса 2 жоопкерчилиги чектелген коом катышкан. Конкурстун жыйынтыгында №1, 2-лоттор боюнча 426 010 сомго “Салгар” ЖЧКсын конкурстук комиссия жеңүүчү деп табышкан. 2022-жылдын 3-декабрында Нарын электр тармактар ишканасы менен “Салгар” ЖЧКсынын ортосунда 426 010 сомго №020-20/93 келишими түзүлгөн.

Бирок, конкурска берилген арыздарды кароодо №3-лот “Антифриз, мотор майлары” боюнча талапкер “Центениал” ЖЧКсы конкурска 135 000 сом өлчөмүндө арыз берген, товар “Квалификациялык талаптарда” №3-лот “Антифриз, мотор майлары” боюнча талапка жооп берсе дагы, конкурстук комиссия Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 29-беренесинин 6-пунктунун 4-бөлүгүнө *“Тендердик табыштамада сунушталган техникалык параметрлер тендердик документациянын техникалык спецификациясына ылайык келбейт”* таянып, талапкердин арызын мыйзамсыз түрдө жокко чыгарган. Бул боюнча 2022-жылдын 28-ноябрындагы “Сатып алуу процедураларынын протоколунда” толук, конкреттүү маалымат берилген эмес. Конкурстун жыйынтыгында №1, 2-лоттор боюнча 426 010 сомго “Салгар” ЖЧКсын конкурстук комиссия тарабынан жеңүүчү деп табылган. Ал эми №3-лот техникалык параметрлерге ылайык келбегендигине байланыштуу четке кагылган.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына же ички эрежелерге ылайык так жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын бузууга жол бербөө боюнча, атап айтканда, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүүдө, тендердик документтерди түзүүдө, ошондой эле товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда белгиленген талаптардын аткарылышына тиешелүү мыйзам чегинде чараларды көрүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды:**

Нарын электр тармактары ишканасы, 2021-2022-жылдарга товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар планын түзүүдө, сатып алуу предметин, башкача айтканда товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскача баяндамасына көңүл бурулган эмес. Товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн толук аталышы, маркасы, техникалык мүнөздөмөсү толук көрсөтүлгөн эмес. Мисалы: Сатып алуулар планында Ишканага керектелүүчү автомобиль тетиктеринин аталышы, кайсы автомобиль техникасына тиешелүү экендигин, ошондой эле компьютердик жана оргтехникалардын запастык бөлүктөрүнүн, курулуш материалдарынын, атайын материалдардын толук аталышы көрсөтүлбөгөн.

**Сунуштама:**

Нарын электр тармактары ишканасынын жетекчилиги тарабынан, тийиштүү финансылык жылга мамлекеттик сатып алуулар планын түзүүдө, материалдардын толук аталышынын көрсөтүүсү эске алынсын.

**“Кыргыз улуттук электр тармактар” (мындан ары - “КУЭТ” ААКсы) ачык акционердик коомунун филиалы Окуу борбору боюнча:**

**Аныкталды:**

Окуу борборунда 2021-жылы “Материалдык чыгымдардын” ичинен: өнөр-жай мүнөздөгү кызматтарына – 335,8 миң сомго; жардамчы материалдарга – 73,1 миң сомго, “Башка чыгымдарга” – 1 665,8 миң сомго, баардыгы болуп 2 074,7 миң сомго ашыкча чыгымдалган.

2022-жылы “Башка чыгымдарга” – 1 665,8 миң сомго ашыкча чыгымдалган.

2021-2022-жылдары баардыгы болуп 3 740,5 миң сом ашыкча чыгымдалган.

Ошондой эле, пландык көрсөткүчтөр менен иш жүзүндөгү аткарууларга иликтөө жасалбаган, ошонун натыйжасында, 31.12.2022-жылга карата жалпы кредитордук карыз “Эмгек акы” беренеси боюнча 1 648,5 миң сомду жана “Социалдык фондко чегерүүлөр” беренеси боюнча кредитордук карыздар 277,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Окуу борборунун чыгымдары бекитилген чыгымдардын сметасынын чегинде жүргүзүлсүн.

**Эмгек акы фондуна жүргүзүлгөн аудит**

**Аныкталды жана корутунду:**

Окуу борборунун директору тарабынан 2022-жылдын 11-январында жалпы 44,5 штаттык бирдикте бекитилген Окуу борборунун уюштуруу түзүмү менен “КУЭТ” ААКсынын Генералдык директору тарабынан 45,5 штаттык бирдик менен бекитилген штаттык жүгүртмөнүн ортосунда 1,0 штаттык айырма болгон – төмөнкү чыңалуудагы тармактар боюнча методист штаттык

бирдиги. Бирок аталган бирдик 2022-жылдын аягына чейин вакантттык штаттык бирдик болгон.

**Сунуштама:**

Окуу борборунун жетекчилиги тарабынан, Окуу борборунун уюштуруу түзүмү менен "Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКсы тарабынан бекитилген штаттык тизимине дал келүүсү камсыз кылынсын.

**Отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити**

**Аныкталды жана корутунду:**

2021-жылдын 29-декабрында №122-кассалык чыгаша ордеринин негизинде 10,2 миң сом акча каражаты маданий иш-чараларды өткөрүүгө чыгымдалган. Бирок, иш жүзүндө аталган жооптуу адамдардын авансылык отчетторун көрүүгө мүмкүн болгон жок, аталган жооптуу адамдардын авансылык отчетторун тапшыргандыгын эч бир кызматкер иш-кагаздары менен тастыктап бере алган жок.

Ошондой эле, дээрлик баардык авансылык отчеттор Окуу борборунун башкы эсепчиси тарабынан тастыкталган эмес, аудит учурунда авансылык отчетторду тапшыруудагы кемчиликтер жоюлду.

**Сунуштама:**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда "Кыргыз улуттук электр тармактар" ААКсынын Эсеп саясатынын талаптарын сактоосун камсыз кылсын;

- 10,2 миң сом суммасындагы тиешелүү документтер менен тастыкталбаган чыгымдардын ордун толтурууну камсыз кылсын.

**"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө"**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына аудит**

**Аныкталды:**

**№210520279990642 конкурстук тооругу:**

2021-жылдын 20-майында электр жана чарбачылык товарларды сатып алууга электрондук мамлекеттик сатып алуу (ЭМСА) порталына конкурс жарыяланган. Конкурска 2 жоопкерчилиги чектелген коом катышкан. Конкурстун жыйынтыгында №1-4-лоттору боюнча 169 780 сомго "РЭБ-Сервис" ЖЧКсын конкурстук комиссия жеңүүчү деп тапкан. 2021-жылдын 11-июнунда Окуу борбору менен "РЭБ-Сервис" ЖЧКсынын ортосунда 169 780 сомго №097/0085 келишими түзүлгөн.

Бирок катышуучулар тарабынан берилген конкурстук арыздарды кароодо конкурстук комиссиянын төрагасы Окуу борборунун мастери В.Я.Шепель "Өзгөчө оюн" – (конкурска коюлган товарлардын баасы 2жана 3 эсеге кымбаттыгын жана мен жөнөкөй гана мастермин деп) кат жүзүндө айтып, конкурстун протоколдоруна кол коюуудан баш тарткан. Бирок, калган конкурстук комиссиянын мүчөлөрү кол коюшуп "РЭБ-Сервис" ЖЧКсын жеңүүчү деп чечим чыгарышкан.

**№6995 конкурстук тооругу:**

2022-жылдын 3-октябрында жана 21-октябрында канцелярдык товарларды 116 098 сомго сатып алууга tenders.kg порталына конкурс жарыяланган. Бирок, конкурс таршыруучулардын жоктугуна байланыштуу өтпөй калган. 2022-жылдын 24-октябрында кайрадан берилген конкурстун жыйынтыгында түз келишим түзүү ыкмасы менен жеке ишкер А.М. Самидинованы конкурстук комиссия жеңүүчү деп тапкан. 2021-жылдын 24-октябрында Окуу борбору менен жеке ишкер А.М. Самидинованын ортосунда 116 098 сомго №097/0166 келишими түзүлгөн. Бирок, Окуу борборунун 2022-жылга сатып алуулардын такталып бекитилген планында канцелярдык товарларды сатып алууга жалпы суммасы 95 098 сом каралган. Башкача айтканда, пландан ашыкча, чектен чыгуулар 21 000 сомду түзгөн.

Ошондой эле, 2022-жылдын 17-августундагы конкурстук комиссиянын протоколдук чечиминин негизинде, 2022-жылдын 29-августунда жумшак инвентарларды (төшөнчүлөрдү) 96 000 сомго түз келишим түзүү ыкмасы менен “БУПП-2 КОС и КОГ” ЖЧКсы менен Окуу борборунун ортосунда 96 000 сомго №097/0127 келишими түзүлгөн. Бирок, Окуу борборунун 2022-жылга сатып алуулардын такталып бекитилген планында инвентарларды сатып алууга акча каражаты каралган эмес. Башкача айтканда, пландан ашыкча, чектен чыгуулар 96 000 сомду түзгөн.

Эскерте кетчү жагдай, аталган сумма 2021-жылдын 12-ноябрында бекитилген биринчи жолку сатып алуулар планында, 2022-жылга түзүлгөн Бизнес планында, ошондой эле 2022-жылга болгон сметасында каралган.

Демек, жогоруда көрсөтүлгөн конкурстук тооруктарда Окуу борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин 7-пунктун бузууга жол берилген жана жалпы чектен чыгуулар 117,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Окуу борборунун жетекчилигине:

- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына жана ички эрежелерге ылайык так жүргүзүлүшү камсыз кылынсын;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын бузууга жол бербөө боюнча, атап айтканда, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүүдө, тендердик документтерди түзүүдө, ошондой эле товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда белгиленген талаптардын аткарылышына тиешелүү мыйзам чегинде чараларды көрүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

**“Теплые ключи” ден–соолукту чыңдоо комплекси** (мындан ары – Комплекс) толук иштебегендиктен, пландалган киреше боюнча 2021-жылга аткаруу 20,3 %ды түзгөн (планга 6 970,4 миң сом коюлган, бирок

болгону 1 416,6 миң сомдук киреше алынган), 2022-жылы аткаруу 0,8 %ды түзгөн (планга 6 512,09 миң сом коюлган, бирок болгону 53,1 миң сомдук киреше алынган). Мындай көрүнүш, 2019-жылдан бери орун алган, Жылуулук электр борборунун пландоо-экономикалык бөлүмү тарабынан даярдалган чыгаша-киреше сметасында белгиленген пландар реалдуулукка дал келбей, 2019-2020-жылдары болгону 10 % - 20 %га гана аткарылган.

Отчеттук маалыматтарга ылайык, "Тёплые ключи" ден-соолукту чыңдоо комплексинде чыгымдар 2021-жыл үчүн 6 263,1 миң сомду, 2022-жыл үчүн – 18658,1 миң сомду түзүп, 2021-жылга салыштырмалуу чыгымдар 12 395,0 миң сомго (1,97 эсе) көбөйгөн.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына:**

"Тёплые ключи" ден-соолукту чыңдоо комплексинин жылдык чыгаша-киреше сметасын бекитүүдө, талдоонун негизинде реалдуу көрсөткүчтөр кабыл алынсын.

**Комплексти оңдоо калыбына келтирүү иштери**

**Аныкталды жана корутунду:**

Келишимдердин шарттары боюнча 2022-жылдын аягына чейин коттедждер жана ашкана боюнча оңдоо-калыбына келтирүү иштери бүткөрүлүшү керек эле, бирок бүткөрүлгөн эмес.

2022-жылдын аягына аткарылган жумуштардын көлөмү төмөндөгүдөй болду:

- "Бийик КЖ" ЖЧКсы коттедждер боюнча иштерди 11 019,61 миң сомго аткарды;
- Ашкананын ("Олимп Групп" ЖЧКсы) оңдоо-калыбына келтирүү боюнча иштери 1 072,23 миң сомго аткарылды;
- "Азия–Проект-Сеймо" ЖЧКсы - административдик корпустарды, бассейн жана башка оңдоо иштерине келишим 25.11.2022-жылы түзүлгөнүнө карабастан, 2022-жылдын аягына чейин башталган эмес.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына:**

"Жылуу булак" ден–соолукту чыңдоо комплексинин коттедждеринин жана ашканасынын оңдоо-калыбына келтирүү иштери келишимде белгиленген мөөнөттөрдү сактоо менен сапаттуу бүткөрүлүшү камсыздалсын.

**Комплекстин коттедждерин оңдоо боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

Коттедждерди оңдоого 18 стандарт жана 12 люкс номерлери коюлган. Жылуулук электр борборунун сатып алуу жана логистика боюнча бөлүмүнө, Коттедждерди ондоо боюнча билдирүү, ал мезгилге "БишкекГлавСервис" ЖЧКсы тарабынан бир нече жумуштардын көлөмү аткарылып калгандыгы эске алынбастан, 26 734,28 миң сомдук сметасы менен 2022-жылдын 8-июлунда түшкөн жана сынак жарыяланган. Анда "БишкекГлавСервис" ЖЧКсы да катышууга арыз берип, Конкурстук табыштамалардын кепилдик камсыздоосун төлөп берген.

Бирок, 2022-жылдын 1-августунда комиссиянын чечими Коттедждерди оңдоо боюнча бир нече жумуштардын “БишкекГлавСервис” ЖЧКсы тарабынан аткарылып калгандыгын эске алуу менен, жумуштун көлөмү азайтылып, 13 101,6 миң сомду түздү. Сынак 16.08.2022-жылы өткөрүлүп, жеңүүчү болуп “Бийик Кей Джи” ЖЧКсы аныкталган. Келишим 30.08.2022-жылы түзүлгөн.

“БишкекГлавСервис” ЖЧКсы, тендер өткөрүлбөстөн ишке алынып, 2022-жылдын мартынан 2022-жылдын июлуна чейин “Жылуу булак” ден-соолукту чыңдоочу мекемеде оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзгөндүгүнүн себеби Энергетика министринин жана “Электр станциялары” ААКсынын жетекчилигинин оозеки тапшырмасы болгон.

Бул жерде, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамы одоно түрдө бузулуп, оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жасоодо сынак өткөрүлгөн эмес жана өз-ара келишим да түзүлгөн эмес. Ошондой эле, аткарылган жумуш боюнча кабыл алуу актылары жок.

2022-жылдын 30-августунда “БишкекГлавСервис” ЖЧКсы “Электр станциялары” ААКсына төлөм жүргүзүү зарылчылыгы тууралуу арыз менен кайрылган. Бирок, убада кылынган төлөмдү ала албай, 2022-жылдын 26-октябрында Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна 15 537 954 сом карызды жана 132 690 сом мамлекеттик алым өндүрүп берүү боюнча доо арыз менен кайрылган.

Бул маселе боюнча козголгон кылмыш иштин алкагында, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматы тарабынан курулуш-техникалык экспертиза жүргүзүлүп, 2022-жылдын 21-ноябрындагы №005931/16 корутундусу менен “Жылуу булак” ден соолукту чыңдоо комплексинин коттеджderинде аткарылган оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин иш жүзүндөгү баасы 16 676 379 сомду түзгөнү аныкталган.

Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 08.12.2022-жылдагы чечими менен “БишкекГлавСервис” ЖЧКсынын доо арызы толугу менен канааттандырылган. “Электр станциялары” ААКсынан “БишкекГлавСервис” ЖЧКсынын пайдасына 15 537 954 сом карыз, 132 690 сом мамлекеттик алым жана өкүлдүн кызматы үчүн 165 400 сом өндүрүлгөн, жалпысы – 15 836 044,0 сом.

Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын аныктамасы менен, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2022-жылдын 8-декабрындагы чечими өзгөртүүсүз калтырылган.

*Эскертүү: 2023-жылдын 1-мартындагы Свердлов райондук сотунун аткаруу барагына ылайык 15 836 044,0 сом “БишкекГлавСервис” ЖЧКсынын эсебине которулган.*

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына:**

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына:**

Комплексти оңдоо калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын аткарылышын камсыздоо, “Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн жол-жоболору бөлүгүндө.

**Аныкталды жана корутунду:**

Комплекстин ашканасын оңдоо-калыбына келтирүү үчүн сынак 16.08.2022-жылы өткөрүлүп, жеңүүчү болуп “Олимп Групп” ЖЧКсы аныкталган. Келишим 30.08.2022-жылы түзүлгөн, аткаруу мөөнөтү – 60 күн.

Бишкек шаарындагы Жылуулук электр борборунун кызматкерлери тарабынан, “Олимп Групп” ЖЧКсы жүргүзүлүп жаткан иштерде технологиялык ырааттуулуктун бузулуусу жана келишимдик милдеттенмелердин бузулуусу жөнүндө эскертүүлөр берилген.

Тапшырылган иштердин көлөмүнө түзөтүүлөр киргизилген жана келишимди аткаруу мөөнөтү 4 кошумча келишим түзүү жолу менен 274 календардык күнгө (башкача айтканда 30.05.2023-жылга чейин) узартылган.

*Эскертүү: аудит өткөрүлүп жаткан убакытка чейин аткарылган иштердин аяктагандыгы тууралуу актыга кол коюла элек.*

Комплекстин бассейнин, ванналарын жана административдик корпустарын оңдоо-калыбына келтирүү боюнча сынак 16.08.2022-жылы катышуучу болбогондугунан өткөрүлбөй калган. Кийинкиси 29.08.2022-жылы өткөрүлүп, эки катышуучудан “Олимп Групп” ЖЧКсы жеңүүчү болуп аныкталды. Бирок, “Олимп Групп” ЖЧКсы 14.09.2022-жылы Келишимге кол коюудан баш тарткан, анын жыйынтыгында Бишкек шаарындагы Жылуулук электр борборунун - 290,0 миң сом көлөмүндөгү Сынактык билдирүүнүн гарантиялык камсыздоосун кармап калган.

Андан кийин, Сынак кайрадан 30.09.2022-жылы өткөрүлүп, жалгыз катышуучу “Азия Проект Сейсмо” ЖЧКсы менен келишим 25.11.22-жылы түзүлгөн, бирок оңдоо-калыбына келтирүү иштери 2022-жылдын аягына чейин башталбай, созулуп жиберилгендигине байланыштуу, келишим бир тараптуу Бишкек шаарындагы Жылуулук электр борбору тарабынан жокко чыгарылган жана анын да 286,3 миң сом көлөмүндөгү Сынактык билдирүүнүн гарантиялык камсыздоосу кармалган.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына:**

Комплексти оңдоо калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн түзүлгөн Келишимдердин шарттарында каралган мөөнөттөрдө жана сапаттуу бүткөрүлүшүн камсыздоо жана аткарылган иштерди кабыл алуу.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Эл-Нуру” пансионатында каржы бузуулар жана кемчилдиктер аныкталган жок.**

Пансионаттын негизги киреше булагы – жолдомолорду сатуудан түшкөн каражат жана башка кирешелер.

2021-жылга “КУЭТ” ААКсынын генералдык дирекциясынын 03.06.2021-жылдын № 61 протоколу менен бекитилген, смета боюнча киреше бөлүгү 13 514,6 миң сом суммасында пландаштырылган, анын ичинен жолдомолорду сатуудан түшкөн кирешелер 13 376,8 миң сом, факт жүзүндө 13 733,3 миң сом, же планга салыштырмалуу 102,7 %га аткарылган. Башка кирешелер 137,8 миң сом, факт жүзүндө 133,6 миң сом, же планга салыштырмалуу 97,0 %га аткарылган.

Чыгаша бөлүгү 13 514,6 миң сом өлчөмүндө каралган, анын ичинен эмгек акы 4 685,3 миң сом, факт жүзүндө 4 705,6 миң сом, же планга салыштырмалуу 100,4 %га аткарылган. Соцфондго чегерүүлөр 808,2 миң сом, факт жүзүндө 811,7 миң сом, же планга салыштырмалуу 100,4 %га аткарылган.

2022-жылга смета боюнча киреше бөлүгү 17 270,3 миң сом суммасында пландаштырылган, анын ичинен жолдомолорду сатуудан түшкөн кирешелер 17 168,7 миң сом, факт жүзүндө 17 361,2 миң сом, же планга салыштырмалуу 101,1 %га аткарылган. Башка кирешелер 101,6 миң сом, факт жүзүндө 435,4 миң сом, же планга салыштырмалуу 428,5 %га аткарылган.

Чыгаша бөлүгү 17 270,3 миң сом өлчөмүндө каралган, анын ичинен эмгек акы 5 380,5 миң сом, факт жүзүндө 5 524,9 миң сом, же планга салыштырмалуу 102,7 %га аткарылган. Соцфондго чегерүүлөр 928,1 миң сом, факт жүзүндө 953,0 миң сом, же планга салыштырмалуу 102,7 %га аткарылган.

**“Чакан ГЭС” ачык акционердик коому боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылга “Чакан ГЭС” ААКсынын бюджетинин пландаштырылган көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу департаменти тарабынан бекитилген эмес, бирок Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунда бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө” Жобонун 4-бөлүмүнүн 13-пункутунун талаптарын бузуу менен, Отун-энергетикалык комплекси тарабынан техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн сакталышына, электр энергиясына бааларды (тарифтерди) түзүүнүн жана колдонуунун тууралыгына мониторинг жүргүзүлүп, бюджет бекитилген эмес.

Акционерлердин жалпы чогулушунун чечимине ылайык, 2022-жылга жылдык бюджет 237 785,5 миң сом көлөмүндө бекитилген, бюджеттин иш жүзүндө аткарылышы **233 855,5** миң сом суммасын түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген, “Кыргыз

Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө" Жобонун 4-бөлүмүнүн 13-пункутунун талаптарын бузууга жол берилбесин жана тиешелүү кызматкерлерге чара колдонулсун.

**Аныкталды:**

2021-жылга "Чакан ГЭС" ААКсынын бекитилген жылдык бюджетинин көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик жана акционерлер тарабынан бекитилген бюджетке туура келбейт, айырмасы **7 755,0 миң сомду** түзгөн.

**Корутунду:**

"Чакан ГЭС" ААКсынын башкы дирекциясы тарабынан, "Чакан ГЭС" ААКсынын жылдык бюджетине киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө акционерлердин кезексиз чогулушун чакыруу демилгеленген эмес, ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин атынан жөнгө салуу орган менен "Чакан ГЭС" ААКсынын башкаруу органынын ортосунда макулдашылган иш жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

"Чакан ГЭС" ААКсынын жылдык бюджетине жана экономикалык-техникалык көрсөткүчтөрүнө киргизилген өзгөртүүлөр боюнча, акционерлердин кезексиз чогулушун өз учурунда өткөрүү маселеси боюнча, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан "Чакан ГЭС" ААКсынын үстүнөн контролдоо күчөтүлсүн.

**Аныкталды:**

"Чакан ГЭС" ААКсынын Башкы директорунун 2019-жылдын 31-декабрындагы №397 буйругунун негизинде бекитилген, Эсеп саясатынын 17.1 бөлүмүндө аныкталгандай, "Башка чыгымдар" негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди чыгаруудан болгон жоготуулар, токтотулган ишмердүүлүккө байланыштуу чыгашалар, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин баанын түшүүсүнөн болгон чыгашалары кирет.

Демек, Эсеп саясатынын 17.1 бөлүмүнүн талаптарын бузуу менен **"Башка чыгымдар**" беренеси боюнча:

- 10 936,1 миң сом, анын ичинде: 2021-жылы 6 140,4 миң сом, 2022-жылы 4 795,7 миң сом кызматкерлерге негизсиз сый акылар жана материалдык жардам көрсөтүлгөн.

- Социалдык муктаждыктарга – 3 525,3 миң сом, анын ичинде: 2021- жылы 2 090,3 миң сом, 2022-жылы 1 435,0 миң сом;

- өкүлчүлүк чыгымдар – 855,7 миң сом, анын ичинде: 2021-жылы 721,0 миң сом, 2022-жылы 134,7 миң сом;

- айып пулдар, туумдар, демөөрчүлүк – 2 298,8 миң сом, анын ичинде: 2021-жылы 63,2 миң сом, 2022-жылы 2 235,6 миң сом чыгымдалган жана максатсыз колдонулган.

**Корутунду:**

“Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан Эсеп саясатынын талаптарын бузуу менен, **“Башка чыгымдар**” беренеси боюнча жалпысынан **17 615,9 миң сом** чыгымдалган, анын ичинде: 2021-жылы 9014,9 миң сом, 2022-жылы 8601,0 миң сом.

Аудит белгилегендей, кызматкерлерге сый акылар жана материалдык жардам, социалдык муктаждыктар, өкүлчүлүк чыгымдар, айып пулдар, туумдар жана демөөрчүлүк көрсөтүлүп, 17 615,9 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, “Чакан ГЭС” ААКсыын Башкы директорунун 2019-жылдын 31-декабрында №397 буйругунун негизинде бекитилген, Эсеп саясатынын 17.1 бөлүмүнүн талаптары бузулуп, кызматкерлерге сый акылар жана материалдык жардам көрсөтүү үчүн чыгымдарга жол берилбесин.

**2021-жыл ичинде “Чакан ГЭС” ААКсынын керектөөчүлөргө электр энергиясынын сатуу баасынын иш жүзүндөгү чыгымдарды талдоо жана чыгымдардын түзүмүнө киргизилген чыгымдардын негиздүүлүгү**

**Аныкталды:**

Аудит убагында чыгымдардын негиздүүлүгүнө талдоо жүргүзүп **электр энергиясынын сатуу баасынын** өздүк наркын аныктоодо **2021–2022-жылдарга электр энергиясынын сатуу баасынын** иш жүзүндөгү наркы боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:

2021-жылы “Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан Коллективдик келишимдин 6.2 пунктунун жана “Кызматкерлерге социалдык гарантиялар жана материалдык жардам көрсөтүү тууралуу” жобонун 2.1. пункутунун негизинде, кызматкерлердин күз-кыш мезгилинде колдонулган электр жана жылуулук энергиясын сатып алууга кеткен чыгымдарынын бир бөлүгүн компенсациялоого 1 293,2 миң сом чыгышталган. Бул чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралында кабыл алынган №83-токтому менен бекитилген, “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” жободо каралбагандыгына байланыштуу, мамлекеттик бюджеттин эсебине кайтарылышы керек.

**Корутунду:**

“Чакан ГЭС” ААКсынын кызматкерлерине күз-кыш мезгилинде колдонулган электр жана жылуулук энергиясын сатып алууга кеткен чыгымдарынын бир бөлүгүн компенсациялоого 1 293,2 миң сом чыгышталган. Бул чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралында кабыл алынган №83-токтому менен бекитилген, “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына

(жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” жободо караланбагандыгына байланыштуу **1 293,2 миң сом** мамлекеттик бюджеттин эсебине кайтарылуусу керек.

*Аудит мезгилинде, 2024-жылдын 29-январында № 2168 төлөм тапшырмасынын негизинде **1 293,2 миң сом** мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнө кайтарылып берилген.*

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген, “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъектердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” Жобонун 6-бөлүмүнүн 19.8-пункутунун *“товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) наркын түзүүдө чыгымдардын беренелерин экономикалык негизсиз көбөйтүү”*, талаптарын бузууга жол берилбесин.

## Эмгек акыны эсептөө жана төлөп берүүгө аудит

**Аныкталды жана корутунду:**

“Чакан ГЭС” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө фонду 2020-жылдын 1-декабрында “Чакан ГЭС” ААКсынын башкы директору бекиткен, “Эмгек акы төлөө жөнүндө жобо” менен жөнгө салынат, бирок штаттык бирдиктерди түзүүнүн укуктук ченемдик актысы жок.

**Сунуштама:**

Мындан ары, “Чакан ГЭС” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө үчүн штаттык бирдиктерди түзүүнүн укуктук ченемдик актысы иштелип чыгылып, бекитилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

**“**Чакан ГЭС” ААКсынын бухгалтердик эсеп боюнча иштеген кызматкерлерге жана жумушчуларына кошумча айлык акы төлөнгөн жалпы сумма **4 120,7** миң сомду түзгөн, анын ичинен: 2021-жылга 1902,9 миң сом жана 2022-жылга 2217,8 миң сом, 2004-жылдын 4-августундагы № 106 Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесинин талаптарын бузуу менен, жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашыкча төлөнгөнү аудитте аныкталды.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде көрсөтүлгөн жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө күнү бөлүгү боюнча талаптар так аткарылсын.

## Негизги өндүрүштүк материалдарды жана негизги фонддорду сатып алуу үчүн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жана сарамжалдуулугуна аудит

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит тарабынан, узак убакыт бою пайдаланылбаган, максаттуу колдонулбаган товарлар жана материалдар кампаларда сакталгандыгы аныкталды, бул каражаттардын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келүүдө. Демек, өндүрүш үчүн жараксыз запастардын фактылары керектөөлөрдү талдоосуз алуу жолу менен аныкталган, бул камсыздоо кызматы тарабынан мониторингдин жоктугун көрсөтүп турат жана натыйжада, ошондой эле Коомдун каражаттарын эффективдүү чыгымдоо камсыз кылынбайт.

2022-жылдын 31-декабрына өндүрүштүк процессте узак убакыт бою пайдаланылбаган, максаттуу колдонулбаган товарлардын жана материалдардын жалпы суммасы **3 795,5** **миң сомду** түзөт.

**Сунуштама:**

Өндүрүштүк процессте товарлардын жана материалдардын фондуларын пайдаланууда, каражаттарды рационалдуу жана эффективдүү пайдалануу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын жүрүшүнө жүргүзүлгөн аудит

**Аныкталды жана корутунду:**

2021-жылы декабрь айында бухгалтердик эсеп боюнча 4 күч трансформаторлордун балансалык баасы 31.10.2021-жылга 6 601,3 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- ТМ-3200\35\6 кВ 1953-жылы чыккан, иштөө мөөнөтү 25 жыл болгон;
- ТМ-6300\35\6 кВ 1988-жылы чыккан, иштөө мөөнөтү 25 жыл болгон;
- ТМ-5600\35\6 кВ 1959-жылы чыккан, иштөө мөөнөтү 25 жыл болгон;
- ТМ-5600\35\6 кВ 1948-жылы чыккан, иштөө мөөнөтү 25 жыл болгон.

Ушул көрсөтүлгөн күч трансформаторлору, Коомдун балансасынан чыгарылып, Коомдо түзүлгөн комиссиянын ишинин негизинде, 4 трасформатор демонтаждалып, керектүү нерселери кара темир жана түстүү темирлер складка өткөрүлгөн. Ал эми төгүлүп алынган трансформаторлордун майлары кайсы отчет берүүчүгө берилгени жана ишке жараксыздыгы, кандай жолу менен чыгышталганы боюнча бухгалтердик тастыктоочу документтери жок экендиги аудитте аныкталды, анын ичинде:

- ТМ-6300\35\6 кВ демонтаждоо убагында аныкталган трансформатордук майы 3500 кг бухгалтердик документтер менен кимге өткөрүлүп берилгени боюнча аудит убагында тастыктоочу документтери жок;
- ТМ-3200\35\6 кВ трансформатордук майы 4970 кг ишке жараксыз болгондугуна байланыштуу, 2013-жылы чыгышталган деп демонтаждоо актыда көрсөтүлгөн, бирок тастыктоочу документи жок, ошондой эле чыгыштоочу актысы, кайсы отчет берүүчүдөн ушул трансформатордук майы чыгышталганы бухгалтердик эсеби боюнча аудитте тактоого мүмкүн болгон жок;

- ТМ-5600\35\6 кВ 6150 кг күч трансформаторун демонтаждоо актысында көрсөтүлгөндөй, ушул төгүлүп алынган трансформаторунун майы башка күч трансформаторуна куюлган деп көрсөтүлгөн;

- ТМ-5600\35\6 кВ трансформаторунун майы 6270 кг регенерация үчүн идишке куюлган деп демонтаждоо актыда көрсөтүлгөн, бирок кайсы отчет берүүчүгө берилгени боюнча тастыктоочу бухгалтердик документтери жок.

Демонтаждоодо куюлуп алынган трансформатордук майлардын жалпы өлчөмү 20 890 кг түзгөн, анын ичинен: колдонууга жарактуу майы 9770 кг орточо баа менен алганда бир кг 45 сомдон болгондо, 439,7 миң сомду түзөт, ал эми 11 120 кг жараксыз болгондугуна байланыштуу баасы жок кириштелсин.

Аудит белгилегендей, күч трансформаторлордон демонтаждоодо алынган трансформатордук майлардын көлөмү 20 890 кг түзгөн, анын ичинен колдонууга жарактуу майы 9770 кг орточо баа менен алганда бир кг 45 сомдон болгондо 439,7 миң сомду түзгөн, 11120 кг колдонууга жараксыз майды баасы жок бухгалтердик эсепке аудит убагында кириштелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалуулуктардын рационалдуу жана эффективдүү пайдалануусуна көңүл бурулсун.

Негизги каражаттарды (жабдууларды, трансформаторлорду, автоунааларды ж.б.) эсептен чыгарууда, демонтаждоо жүргүзүлгөндөн кийин жарактуу бөлүктөрү комиссиянын актысы аркылуу бухгалтердик балланска кириштелсин.

## Дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушу менен байланышкан бүтүмдөрдүн ишенимдүүлүгүнө жана мыйзамдуулугуна аудит

**Аныкталды:**

Башка дебиторлор жана кредиторлор менен эсептешүүлөрдүн тандалма аудитте бузуулар аныкталган эмес. Дебиторлор жана кредиторлор менен эсептешүүлөр берилген эсептешүү эсептерине ылайык жүргүзүлөт.

Финансылык отчетко ылайык, 31.12.2021-жылга карата Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 41818,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен: 2014-жылдын май айынан бери келе жаткан дебитордук карыздар Займ түрүндө берилген Найман ГЭС-631,5 миң сом, 2017-жылдан бери өндүрүлбөй келе жаткан дебитордук карыздар А.А. Акматбековдон негизги каражат үчүн 81,6 миң сом жана Байсаловадан 12,2 миң сом ижара акысы үчүн, 2016-жылдын сентябрь айынан бери өндүрүлбөй келе жаткан дебитордук карыздар Кара-Көл ГЭСсинен товардык материалдык баалуулуктар үчүн 67806,9 миң сом (бухгалтердик эсепке резервге коюлган), 2010-жылдын апрель айынан бери өндүрүлбөй калган каражаттын калдыгы Азия Универсал Банк ААКсында 1255,6 миң сом жана 2010-жылдын январь айынан бери келе жаткан карыз акция Азия

Универсал Банк ААКсында 96321,5 миң сом (бухгалтердик эсепке резервге коюлган), алдын ала төлөнгөн каражат салыктар үчүн 4821,2 миң сомду түзгөн.

Финансылык отчетко ылайык, 31.12.2022-жылга карата Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 296 642,1миң сомду түзгөн, анын ичинен: жогоруда көрсөтүлгөндөй, өндүрүлбөй келе жаткан дебитордук карыздар А.А. Акматбековдон негизги каражат үчүн 81,6 миң сом жана Байсаловадан 12,2 миң сом ижара акысы үчүн. 2014-жылдын май айынан бери келе жаткан дебитордук карыздар Займ түрүндө берилген Найман ГЭС - 556,5 миң сом. 2010-жылдын апрель айынан бери өндүрүлбөй калган каражаттын калдыгы Азия Универсал Банк ААКсында 1255,6 миң сом жана 2010-жылдын январь айынан бери келе жаткан карыз акция Азия Универсал Банк ААКсында 96321,5 миң сом, TEBIAN ELECTRIC APPARATUS STOC - 68544,0 миң сом (бухгалтердик эсепке резервге коюлган), алдын ала төлөнгөн каражат салыктар үчүн 8784,6 миң сомду түзгөн. Берүүчүнүн (поставщик) дебитордук карызынын жыйынтыгы боюнча жалпы карыздын суммасы 47650,3 миң сомду түгөн, дебитордук карыздар товардык материалдык баалуулуктарга 283,8 миң сом, кызматтар үчүн төлөнгөн дебитордук карыздардын жалпы суммасы 237465,3 миң сомду түзгөн жана башкалар.

Аудит белгилегендей, 2022-жылдын 8-августунан тартып 30-декабрына чейин төлө тапшырманын негизинде “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсына которулган каражаттын жалпы суммасы 19723,4 миң сомду түзгөн, анын кошумча нарк салык (КНС) суммасы 1972,3 миң сомду түзгөн, каражат келишимдин негизинде которулуп берилген. Бирок, “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан кошумча нарк салыктын эсеп-фактурасы Чакан ГЭС ААКсына берилген эмес, ушунун себебинен, Чакан ГЭС ААКсы кошумча нарк салыгы Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 315-беренеси “Кошумча нарк салыгын эсепке алуу тартиби” бузулуп, кошумча нарк салыктын суммасы 1972,3 миң сом эсепке алынган эмес.

Белгилей кетүү керек, “Покровка-Бала-Саруу ГЭСи” ВЛ-110 КВ жана “Кара-Арча-Бала-Саруу ГЭСи” ВЛ-110 КВ куруу жөнүндө 28.07.2022-жылдагы № 82-ДР-22 келишиминин негизинде “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсы (подрядчы) “Покровка-Бала-Саруу ГЭСи” ВЛ-110 КВ жана “Кара-Арча-Бала-Саруу ГЭСи” ВЛ-110 КВ куруу милдеттенмесин алган. Куруу баасы 3-колдонмодо көрсөтүлгөндөй 37 559,4 миң сомду түзгөн. 2-колдонмодо куруу иштерди аткаруунун графиги көрсөтүлгөн, ал эми 1-колдонмодо иштердин көлөмүнүн билдирүүсү. Жогоруда көрсөтүлгөн, “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсына алдын ала (аванс) аткарылган актысы жана кошумча нарк салыгын эсепке алуу эсеп-фактурасы жок, которулуп берилген сумма 21 601,3 миң сомду түзгөн, түзүлгөн келишимде көрсөтүлгөн алдын ала төлө 30 %дан ашык которулуп берилген сумма 10 333,5 миң сомду түзгөн. Калган 70 % каражатты 120 күндөн кийин куруу иштери бүткөндөн кийин төлөөсү келишимде көрсөтүлгөн. Өз убагында

куруу иштери тапшырылбаса, 5.2.пункутунда 0,1 % өлчөмүндө айып каралган, бирок ушул келишимдин суммасынан 5 %дан ашпасы көрсөтүлгөн.

Ошондой эле, жогорудагы түзүлгөн келишим 28.07.2022-жылдагы № 82-ДР-22, эки жолу кошумча келишим менен 2-3-колдонмолору өзгөртүлгөн, биринчи кошумча келишим 18.10.2022-жылы жана экинчи келишим 15.11.2022-жылы өзгөртүлгөн. Бирок азыркы кезде Чакан ГЭС ААКсынын бухгалтердик эсебинде “Кыргызстан Улуттук электр тармагы” ААКсы тарабынан аткарылган куруу иштери боюнча бухгалтердик эсепте жүргүзүлгөн эмес, же куруу иштери толук бүткөрүлүп, бухгалтерияга аткарылган актылар өкөрүлүп берилген эмес жана максатына жеткен эмес.

Ал эми, 31.12.2022-жылга **кредитордук карыздардын** жалпы суммасы 1569865,2 миң сомду түзгөн. Анын ичинен 2009-жылдагы кредитордук карыздары 354,3 миң сом,

2015-2016-2017-жылдары түзүлгөн кредитордук карыздардын жалпы суммасы 294,0 миң сомду түзгөн.

2018-жылындагы кредитордук карыздар 306,9 миң сомду түзгөн.

2019-жылындагы кредитордук карыздар 391,7 миң сомду түзгөн.

2020-жылындагы кредитордук карыздар 112,3 миң сомду түзгөн.

2021-жылындагы кредитордук карыздар 535,3 миң сомду түзгөн.

2022-жылындагы кредитордук карыздар 1567870,2 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

31.12.2022-жылга 296 642,1 миң сомдук жалпы дебитордук карыздар, Коомдун пландаштырган иш чаралары максаттарына жетпей, алдын ала төлөнгөн жана бюджеттик жоготууларга алып келген.

**Сунуштама**:

Мындан ары:

- “Чакан ГЭС” ААКсынын жетекчиси жана тийиштүү кызматкерлер тарабынан алдын ала төлөнгөн же которулган каражаттарды товардык материалдык баалуулуктарга жана кызматтарга төлөнгөн 296 642,1 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча кыска мөөнөттө иш алып барылсын. Каражаттарды которууда кошумча нарк салыгы эсеп-фактурасы жок төлөөлөргө жол берилбесин.
- Коомдун каражаттарын сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланууда, алдын ала төлөмдөрдү реалдуу болгон учурда гана төлөмдөр жүргүзүлсүн жана түзүлгөн келишимдер өз убагында аткарылсын.

## Ижара мамилелери боюнча аудит

**Аныкталды жана корутунду:**

Берилген маалыматка ылайык, 01.01.2021-жылга карата ижара акысы боюнча дебитордук карыздардын суммасы 35,7 миң сом, ал эми дебитордук жүгүртүүсү 1418,0 миң сомду түзгөн, кредитордук карыздары 1419,1 миң сомду түзүп, 31.12.2021-жылга дебитордук карыздар же өндүрүлбөй калган ижара карыздары 35,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен: жеке ишкер Байсалова 12,2 миң сом, жеке ишкер Мауль 3,0 миң сом жана КЭМ ЖЧКсы 19,9 миң сом.

2022-жылдын дебитордук жүгүртүүсү 1493, 9 миң сомду, кредитордук жүгүртүүсү 1212,9 миң сомду түзгөн, жылдын аягына өндүрүлбөй калган ижара карыздардын суммасы 316,2 миң сомду түзгөн, булар, Визион ЖЧКсы 260,0 миң сом, жеке ишкер Байсалова 12,2 миң сом, жеке ишкер Мауль 3,0 миң сом жана КЭМ ЖЧКсы 40,0 миң сом болгон.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ижара акылар өз убагында көрсөтүлгөн келишимдеги убакытта өндүрүлбөй калган 316,2 миң сомдук ижара акы, ижарачылардан тез арада өндүрүлсүн.

**“Нарынспецгидроэнергомонтаж” ачык акционердик коому (мындан ары – НСГЭМ ААК же Коом) боюнча:**

**Бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалы**

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылдын 15-апрелинде кабыл алынган “Эсеп саясатынын” 2.18, 2.18.2 бөлүмүнө *(Бюджет менен эсептешүү)* шайкеш келбеши аныкталды, себеби ага ылайык “НСГЭМ” ААКсында салык жана башка төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын Салык кодексин сактоо менен эсептелиши жана төлөнүүшү керек болчу. Эмгек акыга эсептелген салыктар жана төлөмдөр өз убагында төлөнбөгөндүктөн, Салык органдары тарабынан штрафтар жана кошумча туундулар эсептелген. Аудит мезгилиндеги Өз ара эсептешүү актыларына негиз, салык жана социалдык төлөмдөр боюнча эсептелген штрафтар жана кошумча туундулардын жалпы суммасы 11658,5 миң сомду түзгөн, ал эми баланс боюнча 28062,7 миң сом салыктар жана социалдык төлөмдөргө эсептелген туундулар деп көрсөтүлгөн, айырмасы 16404,2 миң сомго “НСГЭМ” ААКсынын чыгымдарынын көбөйүшүнө жол берилип зыяндын өлчөмү жогорулатылган.

**Сунуштама:**

1). “Нарынспецгидроэнергомонтаж” ачык акционердик коомунун жетекчилиги тарабынан, 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча салыктар жана социалдык төлөмдөргө эсептелген туундулардын 16404,2 миң сомго көбөйтүлгөн чыгымдарынын айырмасын Коомдун 2022-жылдын зыяндар көлөмүнөн азайтып, тиешелүү бухгалтердик жазуу жүргүзүлсүн.

2). “Нарынспецгидроэнергиямонтаж” ачык акционердик коомунун жетекчилиги, директорлор Кеңеши менен биргеликте Коомдун кийинки жылдар үчүн спецификалык өндүрүштүк стратегиясын иштеп чыгып, Коомдун эмгек акыдан ашыкча чыгымдарын азайтуу үчүн, салыктардан жана социалдык төлөмдөрдөн кредитордук карыздарды жоюу боюнча ишти күчөтсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

НСГЭМ” ААКсынын “Эсеп саясатынын” 2.3.3 п-нун талаптары сакталбастан 2019-2022-жылдары Коомдун материалдык жоопту кызматкерлери товардык материалдык баалуулуктарды сатып алуу үчүн кассадан берилген накталай акча каражаттарынын авансылык отчетторун өз

убагында тапшырылбагандыгына карабастан, накталай акча каражаттары берилгендиктен жана жумшалбаган акча каражаттарын материалдык жоопкер кызматкерлер 3 күндөн кечиктирилбеген мөөнөттө кассага кайтарылбастан, 2022-жылдын 31-декабрына карата 252,7 миң сомдук дебитордук карыздар пайда болгон. НСГЭМ" ААКсынын жетекчилиги тарабынан дебитордук карызы бар кызматкерлерден өндүрүү же болбосо эмгек акысынан кармап калуу чаралары көрүлгөн эмес. Аудит убагында жогорудагы материалдык жоопкер адамдардын 215,6 миң сомдук дебитордук карыздары, эмгек акысынан кармап калуу жолу менен өз ордуна коюлду.

**Сунуштама:**

Мындан ары, материалдык жооптуу кызматкерлерге товардык материалдык баалуулуктарды сатып алууга кассадан накталай акча каражаттарды берүү, "Нарынспецгидромонтаж" ачык акционердик коомунда сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу жол жоболорунун (протокол №4 12.05.2023-жыл), ошондой эле, НСГЭМ" ААКсынын "Эсеп саясатынын" талаптарын сактоо менен, мурдагы алынган накталай акча каражаттары үчүн авансылык отчеттор тапшырылгандан кийин гана жүргүзүлсүн. Дебитордук карыздардын калдыгы 37,1 миң сомду өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

НСГЭМ" ААКсынын "Эсеп саясатынын" 2.3.3 пункутунун талаптары сакталбастан, 2022-жыл ичинде Коомдун материалдык жооптуу кызматкерлери тарабынан, иш сапар чыгымдары үчүн, кассадан берилген накталай акча каражаттарынын авансылык отчетторун өз убагында тапшырылбагандыгына карабастан, накталай акча каражаттары берилгендиктен жана жумшалбаган акча каражаттарын 3 күндөн кечиктирилбеген мөөнөттө кассага кайтарылбагандыктан, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карызы 22,9 миң сомду түзгөн. Аудит убагында 22,9 миң сомдук дебитордук карыздар, кызматкерлердин эмгек акысынан кармап калуу жолу менен өз ордуна коюлду.

**Сунуштама:**

Мындан ары, материалдык жооптуу кызматкерлерге иш сапарлары үчүн кассадан накталай акча каражаттарды берүү, "Нарынспецгидромонтаж" ачык акционердик коомунун "Эсеп саясатынын" талаптарын сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга жана так отчеттуулук бланктарына аудит**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесинин 3-пункутунун талаптары (Баштапкы эсепке алуу документтерин өз учурунда жана сапаттуу жол-жоболоштуруу, аларды бухгалтердик эсепте чагылдыруу үчүн билгиленген мөөнөттө берүү, ошондой эле, алардагы маалыматтардын тууралыгы бул документтерди түзгөн жана ага кол койгон адамдар тарабынан камсыз кылынат) бузулуп, кампачы З. Алибаевтин материалдык отчету менен, 2019-жылдын 1-январь айына

карата калдыктагы М200 маркасындагы 77,520 тонна, суммасы 330,4 миң сомдук бетон, тастыктоочу документтерсиз чыгышталган. Мына ушундай эле жол менен, К.Т. Масалбековтун материалдык отчету менен 2019-жылдын 1-январь айына карата калдыктагы 10 м3, суммасы 1,2 миң сомдук кислород, тастыктоочу документтерсиз чыгышталган, жалпы суммасы 331,6 миң сом. НСГЭМ” ААКсынын имаратында өрт болуп, бухгалтердик документтердин күйүп кеткендигине байланыштуу, чыгыштоонун түпкү документтерин тактоого мүмкүнчүлүк болгон жок.

**Сунуштама:**

Товардык-материалдык баалуулуктарды чыгыштоо, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, ошондой эле, “Нарынспецгидромонтаж” ачык акционердик коомунун “Эсеп саясатынын” талаптарын сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын негиздүүлүгүнө аудит**

**Аныкталды:**

2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыздар 34 534,5 миң сомду түзгөн. Анын ичинен, чоң өлчөмдөгү дебитордук карыздар төмөнкү ишканаларда: “Интегра Инжиринин Групп” ЖЧКсында 8799,7 миң сомду, “Курулуш материалдар заводу” ЖЧКсында 4354,4 миң сомду, “Ампир Групп” ЖЧКсында 3200,0 миң сомду, “Ростехторг” ЖЧКсында 1000,0 миң сомду, “Эмгек” ЖЧКсында 7500,0 миң сомду, “Мадияр Шах” ЖЧКсында 2212,2 миң сомду, “Милира” ЖЧКсында 1350,0 миң сомду, “Адикон Т” ЖЧКсында 1389,5 миң сомду, “МНЗстрой” ЖЧКсында 4488,9 миң сомду, “Орион Травел компани” ЖЧКсында 100,0 миң сомду, Чакан ГЭСинде 58,4 мин сомду, Электр станциялар ААКсында 81,4 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 31-декабрына карата кредитордук карыздар 2021-жылга салыштырмалуу **45 058,9** миң сомго өсүп, **193 113,3** миң сомду түзгөн же 30,4 %га көбөйгөн. Анын ичинен, чоң өлчөмдөгү дебитордук карыздар төмөнкү ишканаларда: “Одамас” ЖЧКсында 4084,5 миң сомду, “Нарынгидроэнергострой” ААКсында 1738,7 миң сомду, Кара-Көл мамлекеттик салык кызматында 70335,4 миң сомду, анын ичинен: киреше салыгы боюнча 17088,6 миң сомду, Социалдык төлөмдөрүнө, ар кандай санкциялар кошулганда 113 985,6 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамы, ошондой эле НСГЭМ” ААКсынын “Эсеп саясаты” сакталбастан дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча ар бир финансылык жылдын жыйынтыгында өз ара эсептешүү актылары түзүлбөгөндүктөн, дебитордук карыздар жылдан жылга өндүрүлбөгөндүктөн, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыздар 34 534,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

**“**Нарынспецгидроэнергиямонтаж” ачык акционердик коомунун жетекчилиги тарабынан, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, ошондой эле, НСГЭМ” ААКсынын “Эсеп

саясатынын” талаптарына ылайык, дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча инвентаризация жүргүзүлүп, өз ара эсептешүү актыларын түзүү чаралары көрүлсүн.

**“Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору” (мындан ары - КЭЭБ) ачык акционердик коому боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 234 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунда “КУЭТ” ААКсында техникалык жоготуулар 5,95 %га чейин, факт жүзүндө 4,946 %га же 782101,997 миң кВт/саат, “Северэлектро” ААКсында – 11,0 %га чейин, факт жүзүндө 10,322 %га же 627 314,357 миң кВт/саат, “Востокэлектро” ААКсында – 13,8 %га (249 596,747 миң кВт/саат) чейин, факт жүзүндө 15,523 %га же 280751,865 миң кВт/саат, “Ошэлектро” ААКсында – 11,9 %га (356774,086 миң кВт/саат) чейин, факт жүзүндө 13,785 %га же 413294,179 миң кВт/саат, “Жалалабадэлектро” ААКсында – 12,1 %га (232399,981 миң кВт/саат) чейин сунушталган, факт жүзүндө 12,707 %га же 244 063,731 миң кВт/саат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 234 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунда бекитилген электр энергияны жоготууларын сактоо боюнча кескин иш аракеттер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагв № 642 токтому менен бекитилген, эмгек акыга байланыштуу сый акылардын тизмесинде каралбаган сый акылар жана жөлөк пулдар эсепке алынып, төлөнүп келинген.

Мисалы, эмгек акыга байланыштуу сый акылардын тизмесинде көрсөтүлбөгөн профессионалдык майрамга карата жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө берилген сый акылар орточо эмгек акы эсептөөдө эсепке алынып, 2022-жылдын 1-кварталында “КЭЭБ” ААКсында жалпы 14 адамга убактылуу эмгекке жарамсыздык баракчалары боюнча 42,8 миң сом, жана эмгек өргүүгө чыккан 10 адамга (170,4+17,25%) 199,8 миң сом ашыкча эсептелинип берилген.

2021-жылдын 22-сентябрындагы “КЭЭБ” ААКсынын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун чечими менен бекитилген, “Жетекчиге жана жетекчинин орун басарларына сый акы төлөө тартиби жөнүндө” жобонун 10-пункутун бузуу менен, жетекчиге жана анын орун басарларына иштебеген күндөрүнө кызматкерлердин санына жараша жөнгө салуу коэффициенти жана мультипликатор коэффициенти төлөнүп берилген. Жалпы 2022-жылы ашыкча төлөнгөн кошумча акы (213,5+17,25%) 250,3 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акы, эмгек өргүү акысын жана убактылуу эмгекке жарамсыздыкка жөлөк пул эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы № 642 токтому менен бекитилген, "Жетекчиге жана жетекчинин орун басарларына сый акы төлөө тартиби жөнүндө" жобонун талаптары так аткарылсын.

Эмгек акыларды, сый акыларды төлөөдө бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**"Нарынгидроэнергокурулуш" ачык акционердик коому (мындан ары – НГЭК ААК же Коом) боюнча:**

**Аныкталды жана корутунду:**

"Нарынгидроэнергокурулуш" ачык акционердик коомунун 2018-2022-жылдар мезгилинде киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча тиешелүү талдоосуз бюджет түзүлгөн, тактап айтканда, ишмердиктин өткөн мезгилдеринин маалыматтарынын негизинде ретроспективдүү ыкмасы менен жүргүзүлгөн. Алсак, аудитке кирешелердин жана чыгашалардын болжолдонгон көлөмдөрүнүн беренелери боюнча талдоо, бекитилген бюджетке маалымкат-негиздеме берилген эмес.

**Сунуштама:**

"Нарынгидроэнергокурулуш" ачык акционердик коому тарабынан, бюджеттин долбоорун түзүү бюджеттин киреше жана чыгаша беренелери боюнча ырастоочу эсептөөлөрдүн негизинде жүргүзүлсүн. Тиешелүү жылга бюджетти бекитүүнү керектүү сумманын негиздүү эсептөөлөрү болгондо ишке ашырылсын.

**Аныкталды:**

"НГЭК" ААКсынын ишине талдоонун жүрүшүндө, "Электр станциялары" ААКсынын буйрутмачысы менен башкы подрядчы "НГЭК" ААКсынын ортосундагы келишимдин алкагында субподряддык уюмдар менен келишимдик мамилелер боюнча маалымат суралган, анда аудиттелген мезгилде, 2018-2022-жылдар аралыгында 34 субподряд келишими түзүлгөндүгү аныкталган. Субподрядга типтүү келишимдер менен "иштин наркы жана эсептешүү тартиби" деп аталган 2-бөлүктүн 2.7-пунктунда "субподрядчы курулуш-монтаждоо иштерин өз убагында аткарбагандыгы үчүн башкы подрядчыга ар бир мөөнөтү өткөн жума үчүн келишимдин баасынан 0,5 % өлчөмүндө туум төлөйт, максималдуу суммасы Келишим суммасынан 5 % чегерилет" деп белгиленген. Келишимдин колдонуу мөөнөтү субподрядчы тарабынан бекитилген жана башкы подрядчы менен макулдашылган "календардык график" тиркемесине ылайык каралган. Жогоруда аталган келишимдердин аткарылышын талдоонун жүрүшүндө 01.01.2018-жылдан тартып 31.12.2022-жылга чейинки мезгилде аудит тарабынан субподряддык уюмдар тарабынан календардык пландын аткарылбагандыгы 19 учурда аныкталган, анда аудитке берилген эсептөөлөргө ылайык туумдун суммасы 3 976,1 миң сомду түзгөн, аны келишимдин

2.7-пунктуна ылайык субподрядчы башкы подрядчыга төлөп берүүгө милдеттенет.

Келишимдин “башка шарттар” 9-бөлүмүндө мөөнөттөрдү өзгөртүү, иштин көлөмүн көбөйтүү шарттары каралгандыгын белгилейт, бирок келишимдин тараптары тарабынан бул шарттар колдонулган эмес, ошондой эле башкы подрядчы тарабынан келишимдин 2.7-пункутунун алкагында чаралар колдонулган эмес.

Мындан тышкары, бухгалтердик маалыматтарга ылайык, 01.01.2018-жылдан 31.12.2022-жылга чейинки мезгилде Камбарата ГЭС-2 ЭС ААКсы тарабынан 2017-2022-жылдарга келишимдер боюнча иштерди аткаруу графигин аткарбагандыгы үчүн 4 421,7 миң сом суммасында айып коюлган.

**Корутунду:**

Буйрутмачы “Электр станциялары” ААКсы менен башкы подрядчы “НГЭК” ААКсынын ортосундагы келишимдин алкагында субподряддык уюмдар менен келишимдик мамилелердин аткарылышын талдоонун жүрүшүндө 19 субподряддык уюмдар тарабынан календардык пландын аткарылбагандыгы аныкталган, анда 01.01.2018-жылдан тартып 31.12.2022-жылга чейинки мезгилде келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн субподряддык келишимдердин алкагында иштерди аткаруунун календардык графиги боюнча берилген эсептөөлөргө ылайык туумдар 3976,1 миң сомду түзгөн.

Бул Отчеттун долбоорун түзүүнүн жүрүшүндө, КРнын Эсептөө палатасынын дарегине “НГЭК” ААКсынын 21.11.2023-жылдагы №9-01-06/534 каты жөнөтүлгөн, ага ылайык, кол коюлган келишимдерге жана аткаруу графиктерине ылайык, туумдун жалпы суммасы 3976,2 миң сомду түзгөн Курулуш монтаждоо иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн туумду кайтарып берүү жөнүндө субподряддык уюмдарга чаралар көрүлгөн жана каттар жөнөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Иштерди аткаруунун календардык графигин аткарбагандыктары үчүн субподряддык уюмдардан жалпы суммасы 3976,2 миң сомдук туумдарды өндүрүү боюнча толук чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Буйрутмачы “Электр станциялары” ААКсы менен башкы подрядчы “НГЭК” ААКсынын ортосундагы келишимдин алкагында 2.4 жана 2.6-пункттарда, “иштин наркы жана эсептешүүлөрдүн тартиби” жөнүндө 2-бөлүмүндө, материалдын баасы аткарылган иштердин актысын түзүү учуруна карата аныкталаары, ал эми жумуштардын наркын эсептөө Кыргыз Республикасынын Мамкурулушунун 15.05.1995-жылдагы бекитилген, БН-15/3-219а методикалык көрсөтмөсүнө жана ага толуктоолорго ылайык жүргүзүлөөрү белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан “капиталдык

курулуштагы иштерди, оңдоо-курулуш жана долбоорлоо-изилдөө иштерин эсепке алуу боюнча баштапкы эсептик документтердин унификацияланган формаларын жана аларды колдонуу жана толтуруу боюнча Көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө” 16.04.2012-жылдагы №6 токтому менен “аткарылган иштерди кабыл алуу жөнүндө Акт” жана “аткарылган иштердин жана чыгымдардын наркы жөнүндө маалымкат” КС-2, КС-3-унификацияланган формалары бекитилген.

Бирок, 01.01.2018-жылдан тартып 31.12.2022-жылга чейинки мезгилде аткарылган иштердин актылары боюнча төлөөлөрдү талдоонун жүрүшүндө аудит тарабынан КС-2, КС-3 формаларынын дал келбегендиги же алардын жоктугу 34 учурда аныкталган жана алар боюнча бардыгы болуп 80565,8 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Аткарылган иштерди кабыл алуу актыларын же аткарылган жумуштардын жана чыгымдардын наркы жөнүндө маалымкаттарды тариздөөнү тийиштүү деңгээлде контролдоо камсыз кылынсын. Мындан ары Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин 16.04.2012-жылдагы №6-токтому менен бекитилген документтердин толук пакетин тиркебестен коюлган эсептер боюнча төлөөгө жол берилбесин.

**Аныкталды:**

16-Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын “негизги каражаттар” бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пункутун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 токтому менен бекитилген, “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди кошпогондо) финансылык-чарбалык ишин бухгалтердик эсепке алуунун эсеп планын колдонуу боюнча нускаманын” талаптарын бузуу менен, 31.12.2022-жылга баасы аз-тез эскирүүчү буюмдар курамында наркы 10,0 миң сомдон жогору жана мөөнөтү 1 жылдан ашык кызмат өтөй турган 11000,5 миң сом суммасында калдык калган, жана аталган материалдык активдердин наркынын толук суммасына амортизация чегерилген. Мындан тышкары, 2022-жылы наркы 10,0 миң сомдон жогору жана мөөнөтү 1 жылдан ашык кызмат өтөй турган 8625,4 миң сом суммасында баасы аз-тез эскирүүчү буюмдардын жана товардык материалдык запастардын эсебинен чыгышталган. “НГЭК” ААКсынын белгиленген материалдык активдери боюнча амортизацияны кошуп эсептөө толук суммага жүргүзүлгөн жана эксплуатацияга эсептен чыгарууда чыгымдарга киргизилген.

**Корутунду:**

Жыйынтыгында чыгашалар эсептик 19625,9 миң сомго (11000,5+8625,4) көбөйтүлгөн. “НГЭК” ААКсынын 2022-жылдагы ишинин жыйынтыгы боюнча жылдык отчетуна ылайык, чыгымдын өлчөмү 40596,0 миң сомду түздү. Ошентип, 19625,9 миң сомго чыгашалардын эсептик көбөйүшүн эске

алганда, коомдун финансылык натыйжасы эсеп менен 20970,1 миң сом чыгымды (40596,0-19625,9) түздү.

Бул Отчеттун долбоорун түзүүнүн жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине “НГЭК” ААКсынын 21.11.2023-жылдагы №9-01-06/534 каты жөнөтүлгөн, ага ылайык, узак убакыт өткөндүгүнө жана жылдык финансылык отчеттордун жабылышына байланыштуу, 2018, 2019, 2020, 2021-жылдар үчүн финансылык отчеттуулукка түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө Эсептөө палатасынын сунуштарын аткаруу мүмкүн эмес, анткени көрсөтүлгөн отчеттор акционерлердин чогулушу тарабынан бекитилип, тиешелүү инстанцияларга тапшырылган. Бирок, бул маселе боюнча 2022-жылдын отчеттуулугуна тиешелүү сунуштар 2023-жылы аткарылууга тийиш, анда 19625,9 миң сом суммасына чыгашаларды азайтуу бөлүгүндө финансылык отчеттуулукка тиешелүү түзөтүүлөр киргизилет. Ошондой эле, келечекте мындай мыйзам бузууларга жол бербөө боюнча тиешелүү чаралар көрүлөт. (2018, 2019, 2020, 2021-жылдарга аудит объектисинин далилдери кабыл алынды).

**Сунуштама:**

Финансылык отчеттуулукка 19625,9 миң сомго чыгымдарды азайтуунун эсептик суммасына тиешелүү түзөтүүлөр киргизилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө, “НГЭК” ААКсынын 02.06.2023-жылдын №83/1 буйругунун негизинде, 2023-жылдын 5-июнуна карата абал боюнча негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо жүргүзүлүп, 467,1 миң сом суммасындагы кем чыгуулар жана 538,4 миң сом суммасындагы ашыкчалар аныкталды, анын ичинде:

- негизги каражаттар боюнча ашыкча 48,2 миң сом;

- товардык-материалдык баалуулуктар: кем чыгуу 490,3 миң сом жана ашыкчалар 467,1 миң сом.

Мындан тышкары, Камбар-Ата кампасындагы №223644666 товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоонун жүрүшүндө, Т.Ш. Камчибековдун отчетторунда 514600 даана бланк продукциясы (ТТН) 154,4 миң сом суммасында бар экендиги аныкталган, алардын калдыктары бухгалтердик маалыматтарга туура келет, бирок башчынын түшүндүрмөсүнө ылайык, бул бланк продукциясы узак убакыт бою пайдаланылбайт. Кампада каражаттарды сарамжалсыз пайдалануунун натыйжасында 514600 даана көлөмүндө 154,4 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктар (бланк продукциясы) болгон.

Бул Отчеттун долбоорун түзүүнүн жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине “НГЭК” ААКсы тарабынан 21.11.2023-жылы №9-01-06/534 жана 02.02.2024-жылы №2-01-06/103 кат келип түшкөн, ага ылайык, бухгалтердик эсепти тартипке келтирүү максатында, материалдардын бир түрүн (ар кандай түрдөгү, өлчөмдөгү) кайра иреттөө жүргүзүлгөн. Материалдарды кайра сорттоонун жыйынтыгы боюнча 4832 кг. ашык 292000 сом, кем чыгуулар - 4911 кг. 337089,9 сом.

Материалдардын айырмасы 79 кг. 4503 сом. Битум боюнча 14 кг 1152 сом, МР3 электроддору 25 кг 9000 сом, УОНИ электроддору 6 кг 1590 сом. Кем чыгуулардын жалпы суммасы 16245 сомду түздү, ал отчет берүүчү адам Т.Камчибековдун эмгек акысынан кармалган. Ошондой эле, 389 кг (авто май) 82940 сом суммасындагы күйүүчү майдын жетишсиздиги жеткирүүчүнүн 12.09.2023-жылдагы катына ылайык, толугу менен калыбына келтирилген. Ошентип, аталган каттагы маалыматтын негизинде аудит объектисинин 292,0 миң сомго ашыктыкты жана 337,1 миң сомго кем чыгууну кайра иреттөөнүн жыйынтыгы менен калыбына келтирилгендиги боюнча далилдери аудит тарабынан кабыл алынды.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик кызмат негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын коопсуздугун камсыз кылсын. Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкчаларын эсепке алуу боюнча 246,4 миң сом суммасын кириштөө жүргүзүлсүн, кем чыгуулар калдыгы 130,0 миң сом суммасында калыбына келтирилсин. Товарларды сатып алуу өтүмсүз товардык-материалдык баалуулуктардын пайда болушуна жол бербөө максатында өндүрүштүк зарылдык боюнча гана жүргүзүлсүн. Негизги каражаттардын, товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча жана жетишсиз болушуна, ошондой эле кампада керексиз товардык-материалдык баалуулуктардын пайда болушуна жол берген адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө, жерди жана мүлктү инвентаризациялоодо Аксы райондук администрациясынын 30.11.1998-жылдагы №5340-Б буйругунун жана 21.04.2000-жылдагы №019992 мамлекеттик актынын негизинде Терс Жаны-Жол айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан мөөнөтсүз бөлүнүп берилген 280 га жер участогу (90 га кайрак жер, 190 га жайыт жер) аныкталды.

Аудит учурунда аталган жерлер "НГЭК" ААКсы тарабынан пайдаланылбагандыгы аныкталган, бул Жаңы-Жол айыл өкмөтүнүн 06.07.2023-жылдагы №01-3/169 маалымкаты менен тастыкталган, ошол эле учурда Жаңы-Жол айыл өкмөтүнүн 18.07.2022-жылдагы №01-3/177 катына ылайык, "НГЭК" ААКсы жер салыгы боюнча бюджетке 184,5 миң сом суммасында 1998-жылдан бери карыз болуп келген. Коңшу участоктордун ижарачыларын сурамжылоонун жүрүшүндө жер участогун пайдалануу үчүн ижара акысынын баасы, ижарага берүүчүнүн сугарууну уюштуруу шарты менен орточо 50,0 миң сомдун тегерегинде экени аныкталган.

Ошентип, “НГЭК” ААКсы тарабынан насостук станцияларды орнотуу аркылуу сугарууну уюштуруу боюнча өз убагында чаралар көрүлбөгөндүгүнө байланыштуу, 01.01.2018-жылдан 31.12.2022-жылга чейинки аудиттелген мезгилде гана жерлерди ижарага берүү бөлүгүндө кирешелердин жоготууларынын эсептик суммасы 70000,0 миң сомду түзгөн, ошондой эле жер салыгы боюнча бюджетке карызы 184,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Жалал-Абад областынын Аксы районунун Терс Жаңы-Жол айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан 280 га аянттагы жер участогунда сугарууну уюштуруу менен, ошондой эле “НГЭК” ААКсынын кирешелеринин мүмкүн болгон жоготууларын болтурбоо максатында, коммерциялык пайдалануу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Коомдун балансынын ликвиддүүлүк коэффициентин жогорулатуу максатында, мүлктү кайра баалоо жана активдердин наркын актуалдаштыруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:**

2021-жылга карата “НГЭК” ААКсында сатылган мүлккө жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө 183 тонна колдонулган КС-50-41 (КБГС-450) үлгүсүндө мунара крандын металл сыныктары жана 80 тонна металл сыныктарын көз карандысыз базар баалоонун жыйынтыгынын негизинде “Центр оценки Славянский Восток” ЖЧКсынын баалоочусу тарабынан металл сыныктарынын бир тоннасы үчүн 7700 сом суммасында 08.07.2020-жылга карата базар наркы аныкталган. “НГЭК” ААКсынын 08.12.2020-жылдагы №152 “материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу жөнүндө” буйругуна ылайык, 183 тонна колдонуудан өткөн (б/у) мунара кранында тоннасы 13,3 миң сом жана баасы жок күйүп кеткен жабдууларды эсептен чыгаруунун натыйжасында пайда болгон 80 тонна металл сыныктарын эсептен чыгаруу жана андан ары сатуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Андан ары, 2021-жылдын 25-мартында өткөрүлгөн ачык аукциондун жыйынтыгында №1 лоту боюнча 183 тонна көлөмүндө колдонулган КС-50-41 мунара краны (КБГС-450) металл сыныктарын 3529,8 миң сом суммасында сунушу менен баштапкы баасы кошумча нарк салыгын кошкондо 2719,8 миң сом (тоннасына 13,1 миң сомдон), №2 лоту боюнча 80 тонна металл сыныктарына 1505,9 миң сом сунушу менен, баштапкы баасы 689,9 миң сом, кошумча нарк салыгын кошкондо (тоннасына 7,7 миң сомдон). аукциондун жеңүүчүсү болуп катышуучу Ратбек уулу Шамил аныкталган.

Аудит белгилегендей, жогоруда аталган көз карандысыз баалоочу “Центр оценки Славянский Восток” ЖЧКсы 2020-жылдын 22-майындагы №14 келишимге ылайык, Шамалдысай ГЭСинин жана Камбар-Ата ГЭС-2 аймагында жайгашкан 125 тонна өлчөмүндөгү металл сыныктарын баалоодо, 2020-жылдын 25-ноябрына карата бир тонна металл сыныгынын баасы тоннасына 13,3 миң сомду түзгөн, же ушул эле баалоочу 2020-жыл ичинде аталган метал калдыктарына эки башка бааны аныктаган, алар 13,3 миң сом жана 7,7 миң сом өлчөмүндө.

**Корутунду:**

Кара металлдын базар баасынын наркын “Центр оценки Славянский Восток” ЖЧКсы көз карандысыз баалоочусу туура эмес баалагандыктан, “НГЭК” ААКсы 80 тонна кара металлды тоннасын 7,7 миң сомдон саткан, бул кошумча нарк салыгын эсепке алуу менен 689,9 миң сомду түзөт. flagma-kg.com сайтынын маалыматы боюнча кара металлдын баасы 2020-2021-жылдары бир тоннасы үчүн 10,0 миң сомдон 15,0 миң сомго чейин же орточо

13,0 миң сомду түзгөн. 80 тонна металлды эсептөөдө тоннасына 13,0 миң сомдон эсептик сумма кошумча нарк салыгын эсепке алуу менен 1164,8 миң сомду түзгөн., же сатуунун баштапкы баасы менен базар нарктын ортосундагы айырма эсептик түрдө 474,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Металл сыныктарын жана башка мүлктөрдү баалоодо жана андан кийин сатууда ашыкча баалоонун тобокелдиктерин жоюу максатында сатылып жаткан мүлктүн түрлөрүнө базар баага мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүлсүн. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы № 341 “Мамлекеттик мекемелер жана ишканалар тарабынан ажыратылган түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын кабыл алуу маселелери жөнүндө” токтомунда каралган нормалары эске алынсын.

**Аныкталды:**

“НГЭК” ААКсында күйүүчү-майлоочу майларды сарптоо нормалары 27.11.2008-жылдагы күйүүчү-майлоочу майлардын чыгымдарын контролдук өлчөө актысынын негизинде 2017, 2019 жана 2021-жылдарга бекитилген, бирок, автотранспорттун ар бир түрүнө отунду чыгымдоо нормалары иштелип чыгылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу материалдарды чыгымдоонун линиялык ченемдерин пайдалануу боюнча Эрежелердин “жалпы эрежелери” деген бөлүмүнүн 3-пунктунун, 13-абзацынын, ченемдерине ылайык, “базалык моделге (кыймылдаткычтын, берүү кутучасынын, башкы берүүнүн, шиналардын, дөңгөлөктүү формуланын бирдей техникалык мүнөздөмөлөрү менен) салыштырганда олуттуу конструкциялык өзгөрүүлөрү болбогон автомобилдердин маркалары жана модификациялары үчүн, базалык моделден айырмаланбаган жана өз салмагы менен күйүүчү майды чыгымдоонун базалык ченемин базалык модель үчүн белгиленген өлчөмдө белгилөө” деп белгиленген.

**Корутунду:**

“НГЭК” ААКсында күйүүчү майды чыгымдоонун линиялык нормаларын бекитүү, атап айтканда, эрежелерде каралган базалык моделге салыштырмалуу бирдей техникалык мүнөздөмөлөрү менен автомобилдердин маркалары жана модификациялары үчүн колдонулуучу коэффициенттерди колдонбостон, көрсөтүлгөн эрежелердин талаптарын эске албастан жүргүзүлгөн.

**Аныкталды:**

Отундун чыгымдалышынын негиздүүлүгүнө аудиттин жүрүшүндө, ошондой эле, Камбар-Ата ГЭС-2нин аймагында иштеген самосвалдардын (25 тонна) отун чыгымдалышынын ченемин так аныктоо максатында, отундун чыгымдалышынын ченемин эсептөөдө Механизация жана транспорт башкармалыгы тарабынан 27.11.2008-жылдагы күйүүчү-майлоочу майлардын

чыгымдалышын контролдук өлчөөнүн жыйынтыгында аныкталган 100 кмга 42,6 литр өлчөмүндө базалык чыгым, тоо шартында иштегендигине 10 %, 8 жылдан ашык пайдалануу боюнча 10 %, карьерде иштегендигине 30 % коэффициентин колдонуу менен эсептелингендиги аныкталган. Ошол эле учурда, https://www.drom.ru/catalog/howo/6x4/specs/fuel_consumption сайттын маалыматы боюнча 2007-2014-жылдар аралыгында чыккан 25 тонналык Howo Pai дизелдик отун боюнча базалык чыгымы 100 кмга 38 литрди түзөөрү аныкталган. Алсак, аудит тарабынаан 38 литр дизель отунун базалык чыгымдалышын, тоо шартында иштегендигине 10 %, 8 жылдан ашык пайдалануу боюнча 10 %, курьерде иштегендигине 30 % коэффициентин колдонуу менен эсептөө жүргүзүлгөн, мында, эсептөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2018-2022-жылдар аралыгында жалпысынан 9456,9 литр өлчөмүндө 462,2 миң сом суммасына дизель отунун ашыкча чыгымдоосу аныкталган (анын ичинде 2018-жылы 657,9 литр же 30,6 миң сом, дизелдик отундун баасы 2018-жылы http://www.stat.kg сайттын маалыматы боюнча 46,52 сомду түзгөн; 2019-жылы 336 литр же 15,1 миң. сом, дизелдик отундун 2019-жылдагы наркы http://www.stat.kg сайттын маалыматы боюнча 44,92 сомду түзгөн; 2020-жылы 2246,1 литр же 74,1 миң сом, https://www.akchabar.kg/ сайттын маалыматы боюнча дизелдик отундун наркы 33,0 сомду түзгөн; 2021-жылы 5226,5 литр же 276,0 миң сом, https://www.akchabar.kg/ сайттын маалыматы боюнча 2021-жылы дизелдик отундун наркы 52,8 сомду түзгөн; 2022-жылы 990,4 литр же 66,4 миң сом, https://www.akchabar.kg сайттын маалыматы боюнча 2022-жылы дизелдик отундун наркы 67,0 сомду түзгөн).

**Корутунду:**

Дизелдик отундун базалык сарпталышын 38 литр тоо шартында иштегендигине 10 %, 8 жылдан ашык пайдалануу боюнча 10 %, курьерде иштегендигине 30 % коэффициентин колдонуу менен эсептөө жүргүзүлгөн, жана айрым учурларда 2018-2022-жылдар аралыгында жалпы 9456,9 литр, 462,2 миң сом суммасында дизелдик отундун ашыкча чыгымдалышы аныкталган.

**Сунуштама:**

Отундун ашыкча чыгымдалуу тобокелдиктерин болтурбоо максатында, отундун чыгымдоо нормаларын Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы 366-буйругу менен бекитилген, “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын тиркелген эрежелеринде” белгиленген нормаларга ылайык келтирилсин.

**Аныкталды:**

“НГЭК” ААКсынын башкы энергетиги берген коомго тиешелүү көмөкчордондордун бар экендиги жөнүндө маалыматтарга ылайык, Таш-Көмүр шаарында Шамалдысай ГЭСинин жанында “Строительная” көмөкчордону бар, анын жабдуулары 110 кВ электр энергиясынын чыңалуусун 6 кВга (6,300 кВа) айландыруу жана бөлүштүрүү үчүн кызмат

кылат. 1985-жылы пайдаланууга берилген, 2002-жылдан тартып бош туруп жүктөмсүз иштеп келет. Функционалдык эскирүү 50 %дан ашык. Учурда "НГЭК" ААКсынын башкы энергетигинин түшүндүрмөсү боюнча электр энергиясы кайтаруучулар үчүн гана керектелет.

**Корутунду:**

Аудит мүлктү, тактап айтканда "Строительная" көмөкчордону натыйжасыз пайдалангандыгын белгилейт, анын натыйжасында көмөкчордону жүктөмсүз бош туруп иштөөсүнө жана аудиттелүүчү мезгил аралыгында көмөкчордонун кармоого жана аны кайтарууга кеткен чыгымдары 839,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Жүктөмсүз иштеген көмөкчордондорду кармоого коомдун чыгымдарын азайтуу максатында, Таш-Көмүр шаарындагы "Строительная" көмөкчордонун өткөрүп берүү же өчүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө, 2018-2022-жылдарга "НГЭК" ААКсында кассалык операцияларды жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы 281-токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" талаптарын бузуу менен накталай акча каражаттары менен кассалык операциялардын жүгүртүлүшү аныкталган, анын ичинен: 2018-жылы 8027,2 миң сомго; 2019-жылы 4754,9 миң сомго; 2020-жылга 2182,8 миң сомго; 2021-жылга 2493,2 миң сомго; 2022-жылга 1713,2 миң сомго.

**Сунуштама:**

Кассалык операцияларды жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы 281-токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" талаптарынын чегинде, жүзөгө ашырылсын.

**Аныкталды:**

Тандоо аудити боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 30.05.1997-жылдагы №15-01/2867 "отчеттуу адамдарга берилген акча каражаттарын эсепке алуу тартиби жөнүндө" катынын

талаптары толук көлөмдө аткарылбагандыгы аныкталган. Айрым аванстык отчеттор боюнча дефекттик актылар жана сатылып алынган запастык бөлүктөргө орнотуу актылары түзүлгөн эмес. Автотранспорт каражаты бекитилип берилген кызматкердин рапортунун негизинде адистештирилген автотранспортту (атайын техниканы) утурумдук ремонттоону ишке ашыруу үчүн аванстык отчет аркылуу кемтиктерди андан ары четтетүү үчүн запастык бөлүктөр жана комплектөөчүлөр сатылып алынган, ошондой эле патентке ылайык, вулканизация кызматын көрсөткөн жак тарабынан кыймылдаткычты оңдоо боюнча кызматтар аткарылган учурлар болгон. Запастык бөлүктөрүн орнотуу учурунда, май, чыпкалар, дөңгөлөк жана башка алмаштыруу менен бирге, жооптуу адамдар тарабынан тийиштүү көзөмөлдүн жоктугуна байланыштуу, материалдык жактан жооптуу адамдар сатып алынган жана орнотулган запастык бөлүктөргө, ошондой эле толтурулган майларга талаптарды жана кабыл алуу актыларын түзүү менен чектелген. Негизги каражаттардын карточкалары жок. Айрым учурларда шиналарды жана аккумуляторлорду алмаштыруу үчүн карточкалар түзүлөт, бирок көрсөтүлгөн карточкаларда майларды, шиналарды жана аккумуляторлорду мезгил-мезгили менен алмаштыруу үчүн негиз боло турган аларды алмаштыруу графиги жөнүндө баштапкы маалыматтар жок. Мындан тышкары, тамак-аш азыктарын сатып алууда тастыктоочу документтерге меню калькуляциясы же башка актануучу документтер, негиздемелер тиркелбегендиги орун алган. Калган учурларда акча каражаттарын алуу материалдык жооптуу адамдын рапортунун негизинде жүргүзүлгөн.

**Корутунду:**

“НГЭК” ААКсынын Механизация жана транспорт башкармалыгы сатып алынган запастык бөлүктөргө айрым аванстык отчеттор боюнча сатып алуу актыларын жана кабыл алуу актыларын тиркөө менен чектелген, кемчиликтүү актылар жана орнотуу актылары түзүлгөн эмес, мындан тышкары, тамак-аш азыктарын сатып алууда тастыктоочу документтерге меню калькуляциясы же башка актануучу документтер, негиздемелер тиркелбегендиги орун алган, анда бардыгы болуп 2018-2022-жылдар аралыгында жогоруда аталган фактылар боюнча дал келбестиктердин суммасы 11294,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде: 2018-жылы 5872,6 миң сомду; 2019-жылга 4748,8 миң сомду; 2020-жылга 202,5 миң сомду; 2021-жылга 188,8 миң сомду; 2022-жылга 282,1 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду:**

31.12.2022-жылга карата абал боюнча, 2008-2018-жылдар аралыгында түзүлгөн 6944,4 миң сом суммасындагы шектүү дебитордук карыздар катталган. “НГЭК” ААКсынын башкы директорунун орун басарынан (мурдагы юрист) алынган маалыматка ылайык, жеке контрагенттерге дооматтар түзүлүп, алуучуларга жөнөтүлгөн. Бирок бул жактарга карата тиешелүү доо арыздар сотко берилген эмес, төмөндөгү иш чаралардан тышкары:

- “Ала-Арча МКК” ЖАКсы 2419,7 миң сомго (КРЭПнин жазма буйругунун негизинде карызкорго кат жөнөтүлгөн, материалдар укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилген);

- “Юг Строй” ЖЧКсы 2440,9 миң сомго карызкорго кат жөнөтүлгөн, кайтарыла элек;

- “Ареон” ЖЧКсы 157,6 миң сом суммасында, (КРЭПнин жазма буйругунун негизинде карызкорго кат жөнөтүлгөн, материалдар укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилген);

- “Темир Лайн” ЖЧКсы 154,5 миң сомго, маалымат жок;

- “Нарынспецгидроэнергомонтаж” ААКсы 1738,7 миң сомго, маалымат жок;

- “Папан курулуш” ЖЧКсы 23,0 миң сомго, маалымат жок;

- “T&T” ЖЧКсы 10,0 миң сомго, маалымат жок.

Аталган карыздар боюнча көрүлгөн жана көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө (“Ала-Арча МКК” ЖАКсы жана “Ареон” ЖЧКсынан башкасы) юридикалык кызматтан толук маалымат, түшүндүрмөлөр аудитке берилген жок.

**Сунуштама:**

Шектүү дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча алгылыктуу чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

“НГЭК” ААКсынын Жамааттык келишимине жана кызматкерлерине эмгек акы төлөө жана сыйлоо жөнүндө жоболорго ылайык, 2018-2022-жылдар мезгил аралыгында ар бир айлык натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаргандыгы үчүн эмгек акынын 50 %дан 100 %га чейинки өлчөмүндө, бардыгы болуп 27209,4 миң сомго сый акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондко 4003,1 миң сом (курулуш монтаждоо иштерин иштеп чыгуу, айлык тапшырманы аткаруу, авариялуулук, иштин сапаты ж.б.). Аудит жогоруда көрсөтүлгөн Жобого ылайык, бир айлык жыйынтыктар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаруу үчүн дем берүү каралгандыгын белгилейт. Бирок, ай сайынкы натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөрдүн аткарылышын баалоону документ түрүндө тастыктоочу, анын ичинде: курулуш монтаждоо иштерин иштеп чыгуу, айлык тапшырманы аткаруу, авариялуулук, иштин сапаты ж.б. документтер аудитке көрсөтүлгөн жок.

Ошондой эле, “НГЭК” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жана сыйлоо жөнүндө жамааттык келишимге жана жоболорго ылайык, 01.01.2018-жылдан тартып 31.12.2022-жылга чейинки мезгилде өзгөчө маанилүү тапшырманы аткаргандыгы үчүн бардыгы болуп 1103,9 миң сом суммасында, анын ичинде Социалдык фондго 162,4 миң сом сый акы эсептелген. Аудит, дем берүү белгиленген өзгөчө тапшырманын көрсөтүлгөн мөөнөттө жана талап кылынган сапатта аткарылгандыгын ырастаган документтерди тиркөө шартында каралгандыгын белгилейт. Бирок, сый акы төлөнүшүнө негиз боло турган, дайындалган өзгөчө тапшырмалардын аткарылышын документалдык тастыктоо аудитке берилген жок.

**Сунуштама:**

Бир айлык натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаргандыгы үчүн, сыйлыктарды жана жамааттык келишимде жана “НГЭС” ААКсынын эмгек акы төлөө жана сыйлоо жөнүндө жоболорунда каралган көрсөткүчтөрдүн аткарылышын жана өзгөчө маанилүү тапшырманы аткаргандыгы үчүн документтик тастыктоосуз сый акы төлөө практикасы токтотулсун.

**Аныкталды:**

Пландоо-экономикалык жана мамлекеттик сатып алуулар бөлүмүнүн ишмердигин талдоо учурунда, кызматтык нускамаларга ылайык, жүктөлгөн негизги функциялар аткарылган эместиги аныкталган. Тактап айтканда, аудитке 2018-2022-жылдарга сатып алуулар планы берилген эмес, иш жүзүндө жүргүзүлгөн сатып алуулар боюнча мезгилдүү, жыйынтыкталган статистикалык отчеттор электрондук мамлекеттик сатып алуу порталы аркылуу өткөн сатып алуулар бөлүгүндө гана бар, ал эми сатып алуу жол-жоболорун колдонбостон жүргүзүлгөн сатып алуулар боюнча жыйынтыкталган статистикалык отчеттор жүргүзүлбөгөн.

2018-2022-жылдар мезгил аралыгында жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүүдө, жалпы суммасы 34836,0 миң сомго конкурстук табыштамаларды баалоо жол-жоболорун бузуу аныкталган. же конкурстук документациянын талаптарына негизинен жооп бербеген арыздарга сынактарда жеңишти ыйгаруу учурлары аныкталган. Мисалы, Лотто көрсөтүлгөн суммадан кем эмес суммага кеминде бир же эки окшош жеткирүү келишимдерин түзүү тажрыйбасы; сатып алуулардын предметине ылайык иштин түрүн тастыктаган документтерди берүү; кирешени тастыктоо ж.б. Бирок, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунда каралган конкурстук табыштамаларды баалоо жол-жоболорун бузуу менен, конкурстук комиссия конкурстук документациянын талаптарына олуттуу жооп бербеген конкурстун катышуучуларына жеңишти ыйгарган.

Мындан тышкары, түз келишим түзүү ыкмасы менен жалпы суммасы 32715,2 миң сомду түзгөн айрым сатып алууларда мониторинг жүргүзүлбөгөндүгү же Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 21-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Мыйзамынын талаптары аткарылбагандыгы аныкталган.

Ошондой эле, жүргүзүлгөн сатып алуулар боюнча аудиттин жүрүшүндө 2018-2022-жылдар аралыгында “НГЭК” ААКсы Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунда каралган сатып алуулардын жол-жоболорун колдонбостон, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алганы аныкталган. Алсак, 3100 “Төлөнө турган счеттор” эсеби боюнча бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча субподряддык келишим боюнча 176 540,0 миң сомго кызмат көрсөтүүлөр; механизмдерди жана жабдууларды ижарага берүү келишимдери боюнча 92711,3 миң сомго; товардык материалдык баалуулуктар үчүн 209053,7 миң сомго; ошондой эле башка сатып алууларга 86354,4 миң сомго карыз катталган. Мамлекеттик сатып алуулардын электрондук порталы аркылуу жүргүзүлгөн сатып алууларды жана өткөн мезгилдердеги кредитордук карыздарды жабууну эсепке албаганда, 2018-2022-жылдарга сатып алуу жол-жоболорун колдонбостон сатып алуулардын суммасы 359 345,4 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, 2018-2022-жылдар аралыгындагы отчет берүүчү адамдарга жүргүзүлгөн аудитинин алкагында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган сатып алуулардын жол-жоболорун колдонбостон, аванстык отчеттор аркылуу накталай акча менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү 28609,8 миң сом суммасына сатып алуулар аныкталган.

**Корутунду:**

Сатып алуу бөлүмүнүн ишин көзөмөлдөө боюнча жетишсиз иштердин натыйжасында 2018-2022-жылдарга сатып алуулар планы аудитке берилген жок. “НГЭК” ААКсы 34836,0 миң сомдук сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301“Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунда каралган жол-жоболорун бузуу менен, ошондой эле түз келишим түзүү ыкма менен сатып алууда базар бааларына мониторинг жүргүзбөстөн жалпы 32715,2 миң сомдук сатып

алууларды жүргүзгөн. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган сатып алуулардын жол-жоболорун колдонбостон, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү 387955,2 миң сом суммасына сатып алуулар аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларынын жана иштелип чыккан типтүү сынакдик документациянын талаптарына ылайык, так жүргүзүлүшү камсыз кылынсын. Базар бааларына мониторинг жүргүзүлсүн. Мыйзамда каралган арыздарды баалоонун бекитилген жол-жоболору сакталсын.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык, сатып алуу жол-жоболорун колдонбостон товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу практикасы токтотулсун.

**Аныкталды:**

“НГЭК” ААКсында бухгалтердик эсеп 1С “Ишкана” программасынын 2 өзүнчө маалымат базасында жүргүзүлөт:

1. Акча каражаттарын эсепке алуу, банктык жана материалдык отчеттуулук 8.0 версиясы;

2. Эмгек акы боюнча эсеп, 7.0 версиясында.

Эмгек акыны эсепке алуу жана отчеттуулук 1С “Ишкана” программасынын 7.0 версиясында жүргүзүлөт. Эсептөө китеби алгач Excel программасында эсептелет, андан кийин 1С программасына кол менен киргизилет.

**Корутунду:**

“НГЭК” ААКсында 1С “Ишкана” программасынын эки маалымат базасы бар: накталай, банктык жана материалдык отчеттуулуктун эсебин жүргүзүү жана эмгек акыны эсептөө жана эсепке алуу үчүн. Натыйжада, бухгалтердик эсептин маалыматтарын бурмалоо жана ишенимсиздик тобокелдиктери пайда болушу мүмкүн.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик эсептин маалыматтарынын бурмаланышынын жана ишенимсиздигинин тобокелдиктерин жоюу үчүн, бухгалтердик эсеп жазууларын 1-С “Ишкана” программасынын 8.0 же андан жогору версиясынын бирдиктүү маалымат базасына киргизүү мүмкүнчүлүгү каралып чыгылсын.

## Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Нарынгидроэнергокурулуш" Ачык акционердик коомунун 2021-2022-жылдарда аткарган капиталдык салымдарына жүргүзүлгөн шайкештик аудити

Шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен “НГЭК” ААКсы 2021-2022-жылдарда аткарган капиталдык салымдардан 2021-жылы 669,83 миң сомдук,

2022-жылы 615,57 миң сомдук, баардыгы 1 285,4 миң сомдук төмөндөгү объектилерден ашыкча көлөмдөгү бузуулар аныкталды:

Алардын ичинен: 2021-жылга:

- Төмөнкү бъефти, сол жана оң жактагы тирөөч дубалдарды коргоо (Ограждения нижнего бьефа (НБ), левобережная подпорная стенка (ЛПС), правобережная подпорная стенка (ППС)) объектисинде 359,07 миң сомдук ;

- Байланыш түйүнүн орноту (Монтаж линии связи) объектисинде 310,76 миң сомдук;

2022-жылга:

- Щитттер турган имаратынын, жергиликтүү тазалоочу жайдан Аскердик кароолкананын имаратына чейинки аймактарды жашылдандыруу (ЛОС Участок благоустройства в районе здание щитовой, ЛОС до здания ВОХР) объектисинде-58,41 миң сомдук;

- Нарын дарыясындагы жээктерди бекемдөө (Берегоукрепительные работы в районе моста на р.Камбар-Ата) объектисинде 99,83 миң сомдук;

- Тирөөч бетон дубал менен рельс 152 ДТ ортосундагы өтүүчү аймакты жакшыртуу (Обустройство площадки проезда между подпорной стенки и рельса 152 ДТ) объектисинде 53,66 миң сомдук;

- №Д-19-7/48 18.05.2022-жылдагы келишимде шартталган курулуш графиктерин бузгандыгы үчүн 403,67 миң сомдук болуп саналат.

**Корутунду:**

2021-жылы төмөнкү бъефти, сол жана оң жактагы тирөөч дубалдарды коргоо объектисинде 359,07 миң сомдук жана Байланыш түйүнүн орноту объектисинде 310,76 миң сомдук курулуш көлөмдөрү келишим баадан ашыкча алынган.

2022-жылы Щитовой имаратынын, жергиликтүү тазалоочу жайдан Аскердик кароолкананын имаратына чейинки аймактарды жашылдандыруу объектисиндеги-58,41 миң сомдук бетон тирөөчтөгү битум иштери аткарылбай, Камбар-Ата дарыясындагы жээктерди бекемдөө объектисинде 99,83 миң сомдук бетон иштери долбоордук көлөмдө аткарылбай, Тирөөч бетон дубал менен рельс 152 ДТ ортосундагы өтүүчү аймакты жакшыртуу объектисинде 53,66 миң сомдук курулуш көлөмдөрү сапатсыз аткарылып, буюртмачы тарабынан төлөнүп берилген. №Д-19-7/48 18.05.2022-жылдагы келишимде шартталган курулуш графиктеринин мөөнөттөрүнүн бузулгандыгы үчүн, 2023-жылдын 1-январына карата аткарылбай калган 13 455,69 миң сомдогу курулуш көлөмдөрүнө ар бир жумушчу күнгө 0,1 %дан башкы подрядчы НГЭС ААКсы буюртмачы “Электр станциялары” ААКсы Камбар-Ата ГЭС филиалына 403,67 миң сом айып пул төлөөсү керек.

**Сунуштама:**

Нарынгидроэнергокурулуш ачык акционердик коому подрядчылардан курулуш-монтаждоо жумуштарынын көлөмүн ашыкча көрсөтүлгөн суммасын өндүрүп алуу жана өз ара эсептешүүлөр үчүн салыштыруу актысы түзүлсүн:

2021-жылга “Электр станциялар” ААКсынын Камбар-Ата ГЭС филиалынан 669,83 миң сом;

2022-жылга Нарын дарыясындагы жээктерди бекемдөө объектисинде 99,83 миң сом долбоордук көлөмдөн ашыкча алынган каражат буюртмачы “Электр станциялар” ААКсынын Камбар-Ата ГЭС филиалына кайтарып берүүсү;

- Щитовой имаратынын, жергиликтүү тазалоочу жайдан Аскердик кароолкананын имаратына чейинки аймактарды жашылдандыруу объектисиндеги-58,41 миң сомдук бетон тирөөчтөгү аткарылбай калган битум иштерин объектинин курулушу бүткөнгө чейин аткаруусу;

- Тирөөч бетон дубал менен рельс 152 ДТ ортосундагы өтүүчү аймакты жакшыртуу объектисинде 53,66 миң сомдук сапатсыз аткарылган курулуш көлөмдөрүн кайрадан сапатына келтирүүсү;

- №Д-19-7/48 18.05.2022-жылдагы келишимде шартталган курулуш графиктеринин бузгандыгы үчүн 403,67 миң сом айып пулду буюртмачы “Электр станциялары” ААКсынын Камбар-Ата ГЭС филиалына төлөп берүүсү.

**Долбоорлорду ишке ашыруу**

**“Токтогул ГЭСин реабилитациялоо” (2-чи, 3-чү Фазалары) долбоорлорун ишке ашыруу үчүн насыялык жана гранттык каражаттарды пайдалануу**

**Аныкталды жана корутунду:** Долбоордун алкагында иштелип чыккан Башкы план сунуш мүнөзүндөгү документ болуу менен узак мөөнөттүү келечекте (2040-жылга чейин) энергетика чөйрөсүн комплекстүү өнүктүрүүнү аныктайт жана максаттарды/милдеттерди жана статистикалык маалыматтарды кийинчерээк актуалдаштыруу жана жаңылоо мүмкүнчүлүгүн түзүү, актуалдуу эмес болгон документтерге шилтеме кылуу тобокелдигинен арылуу менен байланышкан иш-чараларды карайт.

Кызыкдар мамлекеттик органдар, энергетика компаниялары жана профилдик ишканалар Кыргыз Республикасынын энергетика секторун өнүктүрүүнүн келечектүү стратегияларын жана программаларын иштеп чыгууда, ошол учурда актуалдаштырылбаган документке шилтеме берүү менен кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн Комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы планы (стратегиясы) ар кандай өзгөрүүлөрдү (финансалык, өндүрүштүк ж.б.) эске алынуу менен 4-5 жылда жаңыланып туруусу дүйнөлук практика тажырыйбаланат.

Андыктан, Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планы (стратегиясы) да 4-5 жылда жаңыланып туруусу керек жана жаңылоо мүмкүнчүлүгүн түзүү, актуалдуу эмес болгон документтерге шилтеме кылуу тобокелдигинен арылуу үчүн энергетика секторунун комплекстүү өнүгүүсүнө реалдуу Башкы Планы керек.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планын жаңылоо жана актуалдаштыруу механизмдери караштырылсын.

**Аныкталды:** 2040-жылга чейин иштелип чыккан “Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы планында” генерациялоочу кубаттуулуктарды көбөйтүүгө багытталган милдеттер камтылган, аларды ишке ашыруу гидроэлектростанцияларды, күн жана шамал станцияларын, буу газ орнотмолорун ж.б. куруу жолу менен жетишилет, бул жерлерди бөлүп берүүнү, экологиялык, суу, геологиялык ж.б. маселелерди чечүүнү билдирет, бул үчүн тийиштүү министрликтер менен ведомстволорду өз компетенцияларынын алкагында маселелерди чечүүгө тартуу зарыл.

2021-жылдын 26-ноябрындагы №5 “Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” чечиминин 8-пунктунда Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине аталган документти энергетикалык компаниялар тарабынан андан ары колдонуу маселесин иштеп чыгуу, ошондой эле белгиленген мөөнөттөрдүн алкагында аны ишке ашыруу тапшырылган.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2040-жылга чейин Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн башкы Планын жактыруу жөнүндө” тескемесинин долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна 19.07.22-ж. киргизилген.

“Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-беренесинде “Министрлер кабинети: жалпы мамлекеттик программаларды иштеп чыгат, бекитет жана алардын ишке ашырылышын камсыз кылат” деп белгиленген, бирок Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен энергетика секторун өнүктүрүүнүн Башкы Планын бекитүү боюнча ченем камтылган эмес деген таризде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Б.Э. Төрөбаевдин 2022-жылындагы 4-августундагы №18-31155 резолюциясы менен долбоор төмөнкү сунуштар жана эскертүүлөр менен кайтарылган:

“- Башкы план менен жыйынтыктоочу отчетту сунушталган форматта Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин деңгээлинде жактыруунун максатка ылайыктуулугу каралсын;

- бул маселе боюнча долбоорду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине кайрадан демилгеленсе, Кыргыз Республикасынын Мыйзам актыларын даярдоо боюнча талаптарын эске алынышын өтүнөбүз;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин буйругунун долбоорлорунун жана Башкы пландын 2021-жылдын 26-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин №5 чечиминде белгиленген милдеттерге дал келбегендигин белгилейбиз”.

Андан кийин Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планынын жыйынтыктоочу отчету тиркемелери менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2022-жылдын 27- сентябрындагы №01-13/165 буйругу менен жактырылган жана министрликтин сайтында жайгаштырылган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин буйругу министрликтин ички локалдык актысы болуп саналат жана башка министрликтер жана ведомстволор тарабынан аткарылышы милдеттүү эмес. Бул Башкы Планды ишке ашырууда кыйынчылыктарга алып келет.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, 2040-жылга чейин Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планынын негизинде Кыргыз Республикасынын энергетика секторун өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программасын толуктап иштеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-беренесин ылайык бекитүүсү зарыл.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

1. 2040-жылга чейинки мөөнөткө иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планынын негизинде Кыргыз Республикасынын энергетика секторун өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программасын түзүү маселеси каралсын.
2. Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планы бир катар министрликтер жана башка мамлекеттик органдар үчүн милдеттерди камтыган Программа экенин эске алып жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2021-жылдын 26-ноябрындагы энергетика секторун өнүктүрүү милдеттери боюнча №5-чечимине дал келтирүү менен бул документти толуктап иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен кабыл алууну демилгелөө жагын карап чыксын.

**Аныкталды жана корутунду:** Учурдагы жана жаңы генерациялоочу, ташып берүүчү жана бөлүштүрүүчү инфраструктураны реконструкциялоо жаатындагы экономикалык жактан максатка ылайыктуу жана пайдалуу инвестициялык жана артыкчылыктуу долбоорлор Башкы План тарабынан аныкталган, ошондой эле аларды ишке ашыруу үчүн жооптуу органдар аныкталган, бирок аны ишке ашыруу үчүн чоң инвестициялар талап кылынат.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

2040-жылга чейин Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планынын жол картасынын иш-чараларынын тиешелүү милдеттерин ишке ашыруу максатында жооптуу органдар менен бирдикте инвестицияларды, анын ичинде республикалык бюджеттен каражат тартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2018-жылдын ноябрь айында консультациялык компанияны тандоо үчүн тендер жарыяланган. 2019-жылдын 28-октябрында Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети менен CESI S.P.A. консорциумунун (Италия) жана CAIConsulting ЖАКсынын (Кыргыз Республикасы) ортосунда 573 700 АКШ доллары, 739 080 евро жана 20 849,3 миң сом суммасындагы контрактка кол коюлган (болжол менен 1,75 млн АКШ доллары). Аткарылган иштер боюнча маалымат 1-тиркемеде келтирилген.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №01-13/165 буйругу менен жактырылган Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн Башкы Планын иштеп чыгууга 95 493,9 миң сомдук чыгым кеткен, бирок жыйынтыктоочу отчет түзүлгөн эмес жана Башкы Пландын өзү Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан баланска кабыл алынбаган.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

Башкы пландын сакталышын камсыз кылуу жана аны максаттуу багыты боюнча иш жүзүндө колдонуу үчүн, Кыргыз Республикасынын энергетика секторун комплекстүү өнүктүрүүнүн 2040-жылга чейинки Башкы планын балансына алынсын жана материалдык жооптуу адамга 95 493,9 миң сом наркы менен бекитилип берилсин.

*Маалымдама: Ушул аудиттин жүрүшүндө (2023-жылдын 31-июлунда) өткөрүп берүү-кабыл алуу актысы боюнча CAIConsulting ЖАКсы (Кыргыз Республикасы) тарабынан 95 493,9 миң сом суммасындагы Башкы пландын материалдары Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине өткөрүлүп берилди.*

### “Энергетикалык компаниялардын мүлкүн инвентаризациялоо жана активдерин кайра баалоо” компоненти

***Ишке ашыруучу агенттик:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча Фонд (ММБФ), (кийин КР Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча Мамлекеттик агенттиги (ММБМА).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылындагы 2-августундагы №352 буйругу менен “Токтогул ГЭСин реабилитациялоо, Фаза-2” долбоорун ишке ашыруунун алкагында, “Улуттук Энергохолдинг” ААКнын активдерин инвентаризациялоону жана кайра баалоону жүргүзүү 01.06.2018-жылга чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондуна тапшырылган. (Конкурсттук тандоо боюнча маалымат 1-тиркемеде).

2018-жылдын март айынын башынан август айынын аягына чейин бардык 8 энергокомпанияда негизги өндүрүштүк-технологиялык активдерди,

ошондой эле энергокомпаниялардын балансында турган бардык социалдык маданий объекттерди инвентаризациялоо жүргүзүлдү.

**Аныкталды/корутунду:**

Толук масштабдуу инвентаризация 2018-жылдын 5-мартында башталып, 2018-жылдын июлуна чейин аяктаган.

Энергокомпанияларда инвентаризациялоонун жүрүшүндө көп сандаган дал келбестиктер табылган: инвентардык катары эсепке алынбаган активдер, инвентардык номерлердин кайталанышы, ошондой эле кем чыгуулар (жок активдер) жана инвентардык сыпаттамалардын 1-С программасынын формаларына дал келбестиги.

Эски жабдууларда (металл конструкциялары, жерге туташтыруу контуру ж.б.) маалыматтардын жоктугуна байланыштуу маселелер келип чыккан.

Ошондой эле, Грант Торнтон тарабынан Бирдиктүү жабдууларды (токтун, чыңалуунун трансформаторлорун, ашыкча чыңалууну чектегичтерди, разряжниктерди, ажыраткычтарды ж.б.) компоненттерге бөлүү боюнча талаптардан улам, ошондой эле бир нече операторлор тарабынан 10 компонентти гана камтыган бир формага киргизилген маалыматтарды бириктирүүдө пайда болду.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

Инвентаризациялоодо табылган энергокомпаниялардын активдерин эсепке алуу тартиби бузулган фактыларына кызматтык иликтөө жүргүзүлсүн жана тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:** Энергетикалык компаниялардын активдерин кайрадан баалоо 2019-жылдын мартында аяктап, жыйынтыгы боюнча акыркы отчеттор Фондго жана “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсына (мындан ары - УЭХК) берилди. Активдерди кайра баалоо “Грант Торнтон” ЖАК БИнин тарабынан иштелип чыккан методологияга ылайык ишке ашырылды.

“Грант Торнтон” ЖАКсынын финалдык отчетунда “кайра баалоо методологиясына буюртмачы тарабынан комментарийлер күтүлбөйт” деп белгиленген, бирок энергокомпаниялар тарабынан долбоордун реалдуулугуна өбөлгө түзө турган көптөгөн сын-пикирлер жана сунуштар жөнөтүлгөн. Бирок натыйжада алар “Грант Торнтон” ЖАКсы БИ тарабынан эсепке алынган эмес.

Баалоонун биринчи жыйынтыктары 2019-жылдын мартында даярдалган (тактоолорду жана жеткире иштеп чыгууларды талап кылган) жана 2019-жылдын 25-июлунда гана консультант (Грант Торнтон) тарабынан электрондук почта аркылуу энергокомпаниялардын активдерин кайра баалоо боюнча Отчет берилген.

Мында, берилген отчетторду иликтөөдө УЭХКнин туунду коомдорунда адилет нарк боюнча, ошондой эле айрым активдердин өз-өзүнчө бааланган наркы боюнча бир катар суроолор пайда болду.

Отчетту алдын-ала карап жатканда, негизги каражаттардын базар наркы менен акыйкат наркы ортосундагы айырма 76 млрд сомдон ашык экени көрүнөт, бул сумма өтө олуттуу жана кайра баалоонун жыйынтыгы таанылган

учурда компаниянын чыгымы катары эсепке алынууга тийиш, ал жыйынтыгында капиталдын терс көрсөткүчүнө алып келет.

Филиалдар боюнча маалыматтарды тандап салыштыруу учурунда, отчетто сунушталган ар кандай филиалдардагы окшош жабдуулардын наркынын олуттуу дал келбестиктери аныкталган. Мындан тышкары, 1984-жылы пайдаланууга берилген курулуштардын эскириши 60 %ды түзөт, ал эми 2013 жана 2015-жылдары курулуштардын эскириши 80 %ды түзөт.

Ушуга байланыштуу, 2019-жылдын 16-августунда УЭХК Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунун (ММБФ) дарегине кайра баалоонун жыйынтыктарын талкуулоо үчүн жумушчу кеңешме демилгелөө өтүнүчү менен кат жөнөткөн.

ММБФ тарабынан 2019-жылдын 28-августунда “Грант Торнтондун” өкүлдөрүнүн катышуусу менен жолугушууда Отчетту кайра изилдөө боюнча макулдашылды жана “Грант Торнтон” энергокомпаниялардын бардык сын-пикирлерин жана сунуштарын карап чыгып, 2019-жылдын 26-декабрында негизги каражаттарды кайра баалоо боюнча толуктап иштеп чыккан Отчетун берди.

Бирок, УЭХКнин адистери бул иштелип чыккан Отчетту кайра карап чыгып, төмөнкү карама-каршылыктарды белгилешти:

1. Бишкек шаардык ЖЭБдин 2018-жылдын 1 - февралына карата баланстык наркы 29 миллиард 566 миллион 420 миң 657 сомду түздү. Кайра баалоодон кийин консультанттын эсептөөлөрү боюнча наркы 5 миллиард 212 миллион 449 миң 086 сомду түздү. Айырма баланстык нарктан 24 млрд 353 млн 971 миң 571 сомго аз болгон. Бул жагдайды Консультант талкууда Бишкек шаарынын ЖЭБи пайда алып келбегендигин жана “Электр станциялары” ААКсынын чыгашалуу филиалы болуп саналары менен негиздеди.

2. Ош шаардык ЖЭБ 1 млрд 601 млн 235 миң 374 сомго бааланды, баланстык наркы 1 млрд 401 млн 396 миң 145 сомду түзөт.

3. Токтогул ГЭСинин каскады, анын баланстык наркы баалоо күнүнө карата 3 миллиард 129 миллион 258 миң 603 сомду түзүп, 35 миллиард 425 миллион 891 миң 686 сомго бааланды, бул баланстык нарктан 32 миллиард 296 миллион 633 миң 082 сомго көп.

4. Камбар-Ата ГЭС-2 адилет наркы боюнча 3 051 622 767 сомго бааланды, бул баланстык нарктан 5 399 616 062,43 сомго аз, ал баалоо күнүнө карата 8 451 238 829 сомду түздү.

Кайра баалоонун натыйжалары консультант тарабынан (“Грант Торнтон” ЖАК компаниясы) УЭХКде жана анын туунду коомдоруна расмий түрдө (кол коюлган түрдө) берилген, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча жана негизги каражаттарды кайра баалоонун натыйжалары энергокомпаниялардын бухгалтердик балансында чагылдырылган эмес.

**Корутунду:** Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө активдерди кайра баалоо боюнча УЭХКнын сын-пикирлерин “Грант Торнтон” компаниясы толук өлчөмдө эске алган эмес, бул активдерди кайра баалоонун натыйжалары

энергокомпаниялар тарабынан кабыл алынбагандыгына жана алардын бухгалтердик эсебинде колдонулбагандыгына таасирин тийгизген.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Өлкөнүн энергетика секторун андан ары өнүктүрүүдө, алардын жыйынтыктарын колдонуу максатында энергокомпаниялардын активдерин кайра баалоонун сапатын жакшыртуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:**

Көз карандысыз аудитор – “Бейкер Тилли” компаниясынын, 2020–жылдын 28-февралындагы корутундусунда “Грант Торнтон” компаниясы тарабынан ишке ашырылган энергетика объекттерин инвентаризациялоо жана кайра баалоодо колдонгон методологиясы боюнча төмөнкүлөрдү белгилеген:

- методология кесиптик адабияттын ар кандай булактарынан алынган теориялык материалдардын үзүндүлөрүн камтыйт;
- инвентаризация жүргүзүү боюнча өзүнчө бөлүм жок, анда инвентаризация жүргүзүү жол-жобосу жана негизги каражаттарды инвентаризациялоо боюнча нускама жазылууга тийиш;
- баалоо ишинин ченемдик базасында Методологияда кандай стандарттар колдонулгандыгы боюнча конкреттештирүү жок;
- эскирген аныктамалар жана терминдер келтирилген жана баалоонун колдонуудагы улуттук жана эл аралык стандарттары менен синхрондоштурулган эмес;
- баалоо жөнүндө отчеттун мыйзамдуулугун тастыктоо шарттары жана механизми чагылдырылган эмес;
- КРнын баалоо стандарттары менен шайкеш келтирилген эмес.

Ошентип:

1. Негизги каражаттарды кайра баалоонун сунушталган методологиясы боюнча жүргүзүлгөн Кыргыз Республикасынын электр энергетика системасынын кайра баалоонун жана калган пайдалуу кызмат мөөнөтүн аныктоонун жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгү аудитте күмөн жаратат.

2. Методологияны толуктап иштеп чыгуу, аны Баалоонун эл аралык стандарттарына (БЭС), финансы отчеттуулугунун эл аралык стандарттарына (ФОЭС), мыкты индустриалдык тажрыйбаларга ылайык келтирүү, ошондой эле кайра баалоонун натыйжаларын кайра карап чыгуу сунушталды.

**Корутунду:**

1. “Грант Торнтон” ЖАКсы БИ компаниясы тарабынан иштелип чыккан Активдерди кайра баалоо боюнча методологияны иштеп чыгуу стадиясында бир нече жолу сын-пикирлер жана сунуштар берилген, алар методологиянын жыйынтыктоочу вариантында чагылдырылган эмес.

2. “Бейкер Тилли” көз карандысыз аудитордун 2020-жылдын 28-февралындагы “Грант Торнтон” компаниясы колдонгон негизги каражаттарды кайра баалоо методологиясы боюнча тыянактары жана сунуштары боюнча эч кандай чара көрүлгөн жок.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Энергетика секторунун негизги каражаттарын кайра баалоонун реалдуу методологиясын колдонуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:** “УЭХК” ААКсынын карамагында турган акционердик коомдордун акцияларын жекече баалоо боюнча маалыматтар менен “УЭХК” ААКсына даярдалган жана берилген консультанттын жыйынды отчетунун ортосунда айырмачылыктар бар, б.а. жыйынтыкталган отчеттун маалыматтары жалпысынан 3 010,0 млн. сомго (50 004,5 млн. сом - 46 265,0 млн. сом) “УЭХК” ААКсынын компаниялары боюнча жүргүзүлгөн баалоо боюнча отчеттордун маалыматтарына караганда азыраак.

| **ААКнын аталышы** | **Устав-дык капитал** | **баштапкы нарки** | **Көбөй-түү** | **ААКлар-дын маа-лыматтары** | **"УЭХК" ААКсынын маалыматы** | **Базар баасы** | **"УЭХК" ААКнын үлүшү** | **Айыр-масы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| ААК “Бишкектелосеть” | 366,8 | 1 313, 2 | 1 407, 7 | 2 720, 8 | 2720, 8 | 2.81 | 2190, 0 | 0 |
| ААК “Востокэлектро” | 153,0 | (164,3) | 2 755,7 | 2 591,4 | 2 884,7 | 2.91 | 2 321,9 | +293,3 |
| ААК “Жалалабатэлектро | 212,6 | (6,0) | 2 518,4 | 2 512,4 | 2 173,4 | 2.25 | 1749,4 | -339,0 |
| ААК “НЭС Кыргызстана” | 1 597,4 | 2 789,4 | 5 740,2 | 8 529,6 | 8 529, 6 | 8.84 | 6 865,5 | 0 |
| ААК “Ошэлектро” | 169,8 | 2 569,2 | (565,2) | 2 004,0 | 2 580, 2 | 2.67 | 2 076, 8 | +576,2 |
| ААК “Северэлектро | 454,6 | 454,6 | 11 859,2 | 12 313,7 | 8 043, 7 | 8.33 | 6 474, 4 | -4 270,0 |
| ААК “Чакан ГЭС” | 274,7 | 930,9 | 232,9 | 697,9 | 697,9 | 254.1 | 697,9 | 0 |
| ААК “Электрические Станции” | 4 428,3 | 1 630,4 | 17 004,3 | 18 634,7 | 18 634,7 | 19.31 | 14 999,1 | 0 |
| **Жалпысы** | **7 657, 3** | | | **50 004,5** | **46 265, 0** | | **37 374, 9** | **-3 739,5** |

**Корутунду:**

“УЭХК” ААКсынын карамагында турган акционердик коомдордун акцияларын жекече баалоо боюнча Консультант тарабынан “УЭХК” ААКсына даярдап берген жыйынтыктары жана Консультанттын жыйынтыктоочу Отчетундагы маалыматтар ортосунда чоң айырмачылыктар бар, б.а. жыйынтыкталган отчеттун маалыматтары жалпысынан 3 739,5 млн. сомго (50 004,5 млн. сом - 46 265, 0 млн. сом) “УЭХК” ААКсынын компаниялары боюнча жүргүзүлгөн баалоодон азыраак.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

“УЭХК” ААКсынын карамагында турган 8 акционердик коомдун акцияларын баалоо боюнча 3 739,5 млн.сом суммасындагы отчеттордун жыйынды отчет менен дал келбестиги четтетилсин.

**Аныкталды/Корутунду:**

Келишимдин 45.1-пунктуна ылайык, жыйынтыктоочу төлөм Консультант тарабынан жыйынтыктоочу отчет жана жыйынтыктоочу эсеп берилгенден жана Буюртмачы канааттандыраарлык деп тапкандан кийин гана 90 (токсон) календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт, а эгерде Буюртмачы ошол токсон календардык күндүн ичинде Консультантка кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруудагы кемчиликтерди жыйынтыктоочу отчетто же жыйынтыктоочу эсепте толук көрсөтүү менен жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтсө, анда мындай билдирүүнү алганда Консультант бардык зарыл болгон оңдоолорду токтоосуз киргизиши керек.

Аудитке тапшыруу жана кабыл алуу жөнүндө келишимдин тараптары кол койгон жыйынтыктоочу отчет берилген эмес.

ММБФсы көз карандысыз аудитор жана УЭХКнын белгилеген кемчиликтерин четтетүү боюнча чараларды көрбөй туруп, 1612,7 миң АКШ доллары суммасында жыйынтыктоочу төлөмдү Грант Торнтонго билдирүү бербестен жүргүзгөн.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттике**

1. Энергетикалык компаниялар жана көз карандысыз аудитор белгилеген кемчиликтерди четтетүү боюнча Келишимдин 45.1 пунктуна ылайык, жазуу жүзүндө 90 күндүн ичинде кемчиликтерди четтетүү боюнча кабарлама бербестен, 1612,7 миң АКШ доллары, же 139 659,8 миң. сом, суммасындагы Консультанттын (Грант Торнтон) жыйынтыктоочу отчетун кабыл алууга жана төлөмүн өткөрүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**2.** Инвентаризация жана кайра баалоо боюнча материалдарды ишке пайдалануу үчүн, жыйынтыктоочу Отчетту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине өткөрүп берүү жагы камсыз кылынсын.

**3-Компонент: Активдерди башкаруу системасынын электрондук маалымат базасын киргизүү**

**Аныкталды/Корутунду**

Долбоордун жыйынтыктоочу этабы бардык 8 энергия компанияларында активдерди башкаруу системасынын электрондук маалымат базасын алардын жашоо циклинин бардык этаптарында (пландоо, натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн талдоо, активдердин учурдагы абалына мониторинг жүргүзүү ж.б.) натыйжалуу башкаруу үчүн киргизүү болуп саналат.

Долбоордун жыйынтыктоочу этабын ишке ашыруу үчүн “Грант Торнтон” ЖАК БИнин консультанты тарабынан “УЭХК” ААКсынын 8 энергокомпаниялары үчүн сервердик жабдууларды сатып алуу боюнча эл аралык конкурстук тоорук өткөрүлдү. (Конкурсттук тандоо жана алып барылган иштер боюнча маалымат 1-тиркемеде).

Сервердик жабдууларды жана программалык камсыздоону колдонууну талдоо көрсөткөндөй, азыркы учурда бардык энергетикалык компанияларда сервердин маалыматтары жана программалык камсыздоо иштебейт же максаттуу колдонулбайт.

**Сунуштама:** бардык 8 энергокомпаниянын активдерин натыйжалуу башкаруу үчүн активдерди башкаруу системасынын маалыматтар базасынын сервердик жабдууларын жана программалык камсыздоосун пайдаланышы камсыз кылынсын.

**“Токтогул ГЭСин жандандыруу долбоору - №2-Фаза”**

*Ишке ашыруучу агенттик:* “Электр станциялары” ААКсы.

Подряддык жумуштарга келишимдер боюнча товарларды жана жумуштарды сатып алуу “Эл аралык конкурстук соода” сатып алуу ыкмасынын негизинде, “Turnkey” келишимдерин (англис тилинен которгондо “Толук бүтүрүү” деп которулган) түзүү менен ишке ашырылган. Бир келишим боюнча долбоорлоо жана техникалык көзөмөл, жабдууларды жеткирүү жана монтаждоо жана бүткөрүлгөн конструкцияны же жумушту куруу каралган.

(Конкурсттук тандоо жана алып барылган иштер боюнча маалымат 1-тиркемеде).

**Аныкталды жана корутунду:**

2020-жылдын 1-августундагы коронавирустун (Ковид-19) жайылышына байланыштуу: чек аранын жабылышынан улам кечигүүлөр, жабдууларды жеткирүүгө чектөөлөр жана чет өлкөлүк эксперттердин Кирүүсүнө чектөөлөр Подрядчы (Консорциум Zhejiang Machinery & Equipment I/E Co., Ltd. и SM Powertech Co., Ltd) кошумча чыгымдар менен “Токтогул ГЭСинин жапкычтарын жана гидромеханикалык жабдууларды (мындан ары ГМЖ) калыбына келтирүү” биринчи пакети боюнча иштердин графигин кошумча чыгымдар менен өзгөртүүнүн эки вариантын даярдады:

1) 960 миң АКШ доллары өлчөмүндө кошумча сумма менен 3 жылдын ичинде бардык төрт гидроагрегаттын (ГА) ГМЖларын калыбына келтирүүнү аяктоо (кошумча оңдоочу жапкычтарды жана башка жабдууларды чыгаруу);

2) 760 миң АКШ доллары өлчөмүндө кошумча сумма менен 4 жылдын ичинде, башкача айтканда жылына бир ГМЖны, бардык төрт ГАны калыбына келтирүү боюнча иштерди бүтүрүү.

“Электр станциялары” ААКсынын техникалык кеңешинин 2020-жылдын 7-августундагы протоколуна ылайык, иш графигинин биринчи варианты тандалып алынган жана 960,0 миң АКШ долларын түзгөн, 2020-жылдын 30-декабрындагы №3 D15-27/487 Кошумча макулдашуу бекитилген. Ишти аяктоо мөөнөтү да 2023-жылдын 10-ноябрына өзгөртүлдү, мурда бекитилген мөөнөт 2022-жылдын 10-ноябрына чейин болгон.

№ 1-пакет боюнча 2020-жылдын 30-декабрындагы № 3 D15-27/487 Кошумча келишиминин шарттарынын өз убагында аткарылбагандыгына байланыштуу, № 2-пакет боюнча иштердин мөөнөттөрүн кечиктирүүдөн келип чыккан.

**Сунуштама: “Электр станциялары” ААКсына**

2020-жылдын 30-декабрындагы №3 D15-27/487 Кошумча келишимге ылайык подрядчылар тарабынан кабыл алынган милдеттенмелерди аткаруу же бардык төрт ГАнын ГМЖын калыбына келтирүүнү өз убагында аяктоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:**

2023-жылдын 11-январында Каскад ГЭСинин директору А.Тайчабаров №4 гидроагрегат боюнча иштердин бүткөрүлгөндүгү тууралуу актыга подрядчы тарабынан 180 мүчүлүштүктөрдү жана эскертүүлөрдү жоюу шарты менен кол койгон.

Аудит аяктаган учурда 157 мүчүлүштүктөр четтетилген, 23 мүчүлүштүктөр чечилбей калган.

Бүгүнкү күндө 4-гидроагрегат (ГА-4) кепилдик эксплуатациялык мезгилде турат. ГА-4 үчүн кепилдик мөөнөтү эксплуатацияга берилген учурдан тартып (2022-жылдын декабрь айы) келишимге ылайык 540 күндү түзөт. Кепилдик мөөнөтүнүн ичинде дагы 48 мүчүлүштүк аныкталган (кемчиликтердин тизмеси такталып жатат жана жаңыртылат).

***ГА-4 куруулушундагы эң олуттуу кемчиликтери болуп төмөнкүлөр саналат:***

- ГА-4 “SCADA” башкаруу тутумунун программалык камсыздоосу менен катуу дискинин (маалымат сактоочу) начар байланышы;
- ГА-4ти ишке киргизүү/токтоо учурунда мезгил-мезгили менен өчүрүүлөргө жана коргоону активдештирүүгө алып келген блоктун мониторинг системасы (титирөөнү башкаруу) аягына чыга элек;
- ГА-4 менен тармактын ортосундагы автоматтык синхронизатор аяктаган эмес, синхрондоштуруу мезгил-мезгили менен жоголуп кетет;
- 15,75 кВт тарабында 0,2 % тактык классындагы өлчөөчү ток трансформаторлорунун катасы 0,2 %дан жогору;
- башкаруу системасы менен коргоо тутумунун ортосундагы коммутациялык байланыш мезгил-мезгили менен үзүлүп кетет;
- электрдик токтоткуч (тормоз) системасы бузулуп, иштен чыккан.

**Сунуштама: “Электр станциялары” Ачык акционердик коомуна:**

Эксплуатацияга кабыл алынган №4 - гидроагрегаттын толук иштешине таасир этүүчү эскертүүлөрдү толугу менен Подрядчы жокко чыгарышын камсыз кылсын .

**Аныкталды/Корутунду:**

Подрядчы Кара-Балта шаарындагы “Спецэнергомонтаж” ЖЧКсынын лабораториясы жана “Кыргызэнергострой монтаж” ЖЧКсынын электр лабораториясы менен орнотулган энергетикалык жабдууларды лабораториялык сыноодон өткөрүү үчүн келишим түзгөн. “Кыргызэнергострой монтаж” ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча Мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 26-февралында берген курулуш-монтаждоо иштерин, анын ичинде кичи гидроэлектростанциялар жана чакан гидротехникалык курулуштарды жүргүзүү укугуна ээ болгон лицензиясы бар.

Кара-Балта шаарындагы “Спецэнергомонтаж” ЖЧКсынын лабораториясы 2015-жылдын 27-мартында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча Мамлекеттик агенттигинин лицензиясына ээ, ал трансформатордук подстанцияларды жана электр чубалгыларын орнотууга укук берет (110 кВт).

Ошол эле учурда, бул лабораториялар энергетикалык жабдууларга, анын үстүнө Токтогул ГЭСи сыяктуу татаал объекттерге лабораториялык

сыноолорду жүргүзүүгө укук берген Кыргыз Республикасында эл аралык аккредитацияга жана аккредитацияга ээ эмес. Бул алардын жетиштүү компетенттүүлүгүнө жана берилген корутундулар үчүн жоопкерчилигине шек туудурат.

Ошондой эле, аудитке Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Электр энергиясын өндүрүүнү, берүүнү, бөлүштүрүүнү жана керектөөнү контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу органдын 2022-жылдын 19-январындагы №04, 2022-жылдын 6-июнундагы №446 жана 13.10.2022-жылдын № 284- наряддары көрсөтүлдү.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-июнундагы №576 токтому менен бекитилген, Электр энергиясын пайдалануу эрежелеринин 27-пунктуна ылайык өндүрүштү контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу электр энергиясын берүү, бөлүштүрүү жана керектөө кызматкерлерин лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө гана уруксат берет.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Токтогул ГЭСинде орнотулган энергетикалык жабдыктарына компетенттүүлүктүн жетиштүү деңгээлине жана зарыл аккредитацияга ээ болгон электротехникалык лабораториялар изилдөөлөрүн жүргүзүүсүнө контролдоо камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

Тендердик документтердин техникалык талаптарына жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык (2-том, 2.5.2-пункт), Подрядчы жабдууларды монтаждап жаткан учурда электротехникалык лабораториянын текшерүү жана сыноо кызмат акысын төлөйт, бул, аудиттин пикири боюнча, кызыкчылыктардын кагылышуу коркунучун жаратат. Аудиттин пикири боюнча, Подрядчы орноткон электр жабдууларын текшерүү жана сыноодо электротехникалык лабораториясынын кызматтары Буюртмачы же Консультант тарабынан төлөнүүгө тийиш.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

Подрядчы тарабынан берилген жана орнотулган электр жабдууларын электротехникалык лабораториялар изилдөө, текшерүү жана сыноо кызматтарын көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында, Буюртмачы же Консультант төлөтүп, кызыкчылыктардын кагылышуусу тобокелдигин болтурбоо үчүн донорлор менен бул кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө маселеси боюнча иш алып барылсын.

**Аныкталды:**

Токтогул ГЭСи электр энергиясын үзгүлтүксүз камсыздоо үчүн авариялык дизелдик генератор менен жабдылган эмес.

2022-жылдын 25-январында Борбордук Азия шакекчесинин системалуу иштебей калышы Өзбекстанда, Казакстанда жана Кыргызстанда электр энергиянын авариялык өчүрүлүшүнө алып келген, ошондой эле Токтогул ГЭСинин насостук станцияларын жана жумушчу агрегаттарын суу каптоо коркунучун жараткан.

Күрпсай ГЭСинен жана Камбар-Ата ГЭСинен өз муктаждыктарын энергия менен камсыз кылуунун альтернативдик булактары да өчүрүлүп, Токтогул ГЭСиндеги суунун деңгээли насостук станцияларга чейин жеткен. Ошондуктан насостук станцияларды жана жумушчу агрегаттарды суу каптап кетүү коркунучу түздөн-түз жаралган.

Камбар-Ата ГЭСи тарабынан өз муктаждыктары үчүн 30 мүнөттөн кийин гана электр менен камсыздоону кошуу Насостук станцияларды жана жумушчу түйүндөрдү толугу менен суу каптоонун алдын алууга мүмкүндүк берди.

Ушундай эле кырсыктын мисалы катары 2009-жылы Саян-Шушенск ГЭСинде (РФ) болгон аварияны айтсак болот, анда электр жарыгы өчүп калгандыктан суу каптап, насостор иштебей, бир ири гидроагрегат жарылып, калган 9 гидроагрегатта суу каптаган.

Мындай аварияларды болтурбоо үчүн Токтогул ГЭСин жандандыруу долбоорунда 2 авариялык дизелдик генераторду (АДГ) орнотуу каралган (ар бири 2 гидроагрегатка), алар авариялык абалда ГЭСтин жабдууларын үзгүлтүксүз электр менен камсыздоого тийиш.

Бирок, “Токтогул ГЭСин жандандыруу 2-фаза” долбоорунда каралган жалпы баасы 660,0 миң АКШ долларын түзгөн, же 57 156,0 миң. сом кубаттуулугу 800 кВт болгон АДГны (авариялык дизелдик генераторду) даярдоо, жеткирүү жана орнотуу иштери эки гидроагрегаттын иштерин аяктаганына карабай, долбоордо бекитилген мөөнөттөн кечиктирилип, али да аткарыла элек (аудит аяктаган күнгө карата).

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, “Электр станциялары” ААКсына:**

“Токтогул ГЭСин жандандыруу 2-фаза” долбоорунун алкагында каралган жалпы баасы 660,0 миң АКШ долларын түзгөн, же 57 156,0 миң. сом кубаттуулугу 800 кВт авариялык дизелдик генераторду (АДГ) даярдоо, жеткирүү, орнотуу жана сыноо тездетилсин.

***Тараптардын талаш маселелер боюнча кеңешинин кароосуна киргизилген 2-фаза боюнча дооматтар***

№ 2 Пакет боюнча “Токтогул ГЭСинин агрегаттарын алмаштыруу” (1 жана 2-лот) боюнча Келишимдин Жалпы шарттарынын (мындан ары “КЖШ”) 45.2-пунктуна ылайык, тараптар Талаш маселелери боюнча талаштарды чечүүгө Кеңешти дайындашы керек.

Келишимдин шарттарына ылайык, Талаш маселелер боюнча (мындан ары “ТМК”) үч мүчөдөн турган кеңеш (контракттын ар бир тараптан жана төрагадан) 2021-жылдын 8-февралында түзүлдү.

Бардыгы болуп 2022-жылдын 31-декабрына чейин Талаш маселелер боюнча кеңештин кароосуна Подрядчы тарабынан 7 доомат, ал эми Буйуртмачы тарабынан 2 доомат жөнөтүлгөн.

| № | **Доомattын предмети** | **Күнү** | **Доомattын суммасы** | **ТМКтын чечими жана натыйжа** | **Төлөө суммасы** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жетишпеген Интегралдык жүк бөлүштүрүү плиталары боюнча | 17-июль 2021-жыл | 22 464 Евро + 35 948 АКШ доллары | Подрядчынын доомату четке кагылды жана табыштамачынын пайдасына чечилди | 0 |
| 2 | Бааларды түздөө | 22-январь 2022-жыл | Бааларды түздөө күнүн белгилөө | - | 0 |
| 3 | «Балтик СГЭМ» курулуш аянтчасындагы субподрядчы четке кагылды | 1-март 2022-жыл | ≈ 7,6 млн АКШ доллары + мөөнөтүн узартуу | Подрядчы Келишимдин мөөнөтүн жана баанын көбөйүшү тууралуу талаптарды коюууга укуктуу | 0 |
| 4 | Жүктөөгө долбоордун Жетекчисин аныктоо | 13-март 2022-жыл | Жөнөтүүгө долбоордун жетекчисинин макулдугу | Бажыда жүктөрдүн туруп калышын болтурбоого жөнөтүү (жүктөө) боюнча жөнөтүүгө долбоордун жетекчисинин макулдугу менен жиберилүүчү документтерди, Табыштамачы тыкыр иштеп чыгат | 0 |
| 5 | Статор шакек фланецин алмаштыруу | 27-июнь 2022-жыл | ≈2,6 млн АКШ доллары + ГАны ишке берүү мөөнөтүн 19 күнгө узартуу | 1300,0 миң АКШ доллары | Кийинкиге калтырылд ы |
| 6 | «Балтик СГЭМ» - четке кагылды | 17-август 2022-жыл | 7,12 млн. АКШ доллары | 3 209,14 миң АКШ долларына келишимдин баасы көбөйтүлдү | 0 |
| 7 | Форс мажордук | 22-ноябрь 2022-жыл | Covid-19 жана Форс-мажордук жагдайларга байланыштуу ГА-4 бүткөрүү мөөнөтүн 229 күнгө узартуу боюнча Подрядчы кайрылуу жөнөткөн. | 10.11.2020-ж. тартып 27.06.2021-ж. чейин ГА-4 бүткөрүү мөөнөтүн 229 күнгө узартууга Подрядчы укуктуу деп, ТМКкы эсептейт. | 0 |

**Аныкталды/Корутунду:** Подрядчы станциянын коопсуз иштешин камсыз кылуу үчүн бардык турбиналардын статор шакектин кайрыма кырын (фланец) оңдоонун ордуна алмаштырууну сунуштады, бирок муну күтүлбөгөн окуя катары баалап, келишимдин суммасын (2 миллион АКШ долларга жакын) көбөйтүүнү жана бүтүрүү мөөнөтүн узартууну суранган.

Буйуртмачы алмаштырууга макул болгон, бирок мөөнөтүн узартуудан жана келишимдин суммасын көбөйтүүдөн баш тарткан, анткени Подрядчы

тендер стадиясында бардык тобокелдиктерди эске алышы керек эле деп талашкан.

Талашуу маселелер боюнча кеңештин 2022-жылдын 27-июнундагы чечими менен Подрядчынын төрт статор шакекчесинин кайрыма кырын алмаштыруу боюнча 2 600,00 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү доомattары жарым-жартылай - 50 % га канааттандырылган (1 300,00 миң АКШ доллар өлчөмүндө).

Бирок, Подрядчы 2600,0 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү сарптоолоруна деталдуу эсептөөлөрдү берген эмес.

**Сунуштама: "Электр станциялары" Ачык акционердик коомуна**

- Токтогул ГЭСинин 4 гидротурбинасынын статор шакекчесинин фланецтерин алмаштыруу үчүн минималдуу төлөм маселесин чечүү камсыз кылынсын.

- 2 600,0 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү "General Electric" компаниясынын статор шакекчесинин кайрыма кырын ченөө жана алмаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынын негиздүүлүгүн карап чыгуу жана бул нарктын түзүлүшүнүн деталдуу эсебин талап кылуу керек. Ошондой эле, ченөө жана алмаштыруу кызматтарына төлөө келишимде каралбагандыктан, нарктын 1300,0 миң АКШ доллары же 112 580,0 миң. сом (алмашуу курсу – 86,6 сом/АКШ доллары) өлчөмүндө (2 600,0 миң АКШ доллардын 50 пайызы) төлөм булагы аныкталсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

Кол коюлган келишимдин алкагында, Буйуртмачы 2019-жылдын 9-апрелинде "Балтик-СГЭМ-Комплект" ЖАКсы субподрядчы катары жазуу жүзүндө макулдашты.

Бирок, кийин заказчынын жооптуу кызматкерлери тарабынан "Балтик-СГЭМ-Комплект" ЖАКсы субподрядчигине карата 11 соттук иштин бар экендиги боюнча фактыларды аныктоо менен, 2019 жылдын 5-декабрында "Балтик-СГЭМ-Комплект" жакты Контракттык макулдашуунун 5-тиркемесинин тизмесине киргизүүдөн расмий баш тартуу боюнча Подрядчыга билдирүү жөнөтүлгөн.

Кийинчерээк, Подрядчы жаңы тендердик процедураларды өткөрүү зарылдыгын жүйөө келтирип, иш жүзүндө ГА №4 боюнча курулуш-монтаждоо иштерин 2020-жылдын ноябрында гана баштаган, ал эми иштин башталышы 2020-жылдын мартында пландаштырылган, б.а. 8 айдан кийин.

Субподрядчы – "Балтик-СГЭМ-Комплект" ЖЧКсынын Буйуртмачы тарабынан четке кагылгандан кийин Подрядчы Талашуу маселелер боюнча кеңешке кайрылуу менен кайрылган.

2022-жылдын 17-августунда Талашуу маселелер боюнча кеңеши подрядчы (General Electric) 3 209 142,26 АКШ доллар өлчөмүндө кошумча төлөмгө жана мөөнөтү өтүп кеткен төлөм боюнча пайыздарды алууга укуктуу экенин аныктаган.

2022-жылдын 19-августундагы Кеңештин №6 чечиминин негизинде "Балтик САЭМ"ди четке кагуу - Контракттын баасын жогорулатуу" боюнча

Кеңештин №6 чечиминин негизинде Подрядчыга 3 209 142,26 АКШ долларды төлөөгө эсеп жөнөткөн.

Келишимге ылайык, Буйуртмачы 2022-жылдын 14-сентябрына чейин (чечим жарыялангандан кийин 28 күндөн кечиктирбестен) 3 209 142,26 доллар төлөп бериши керек болчу. Мөөнөтү кечиктирилген үчүн пайыздар (кечигип калган мезгилде айына 0,5 %) айына 16 045,71 (Он алты миң кырк беш) АКШ долларын түзөт.

Белгилей кетсек, Буйуртмачынын жооптуу кызматкерлери тарабынан “Электр станциялары” ААКсына 3 209 142,26 АКШ доллары өлчөмүндө айып салууга алып келген чечимди кабыл алуу фактысы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде жана “Электр станциялары” ААКсында каралган эмес, ошондой эле бул чечим Буйуртмачы тарабынан субподрядчы – “Балтик-СГЭМ-Комплект” ЖЧКсынын четке кагуу боюнча жүйөлөрүн негиздөө менен арбитраждык сотко кайрылуу менен өз убагында даттанылган эмес.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

3 209 142,26 АКШ доллары суммасында айып санкцияларын жана мөөнөтү өткөн төлөм боюнча пайыздарды айып салууга алып келген Субподряддык уюмду – “Балтик-СГЭМ-Комплект” ЖЧКсын четке кагуу боюнча буюрутмачынын жооптуу кызматкерлеринин чечим кабыл алуу фактысы боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана кортунду:**

Подрядчы COVlD-19 га байланыштуу чек аранын жабылышы жана жол кыймылынын кечендетүүлөрү жабдууларды ташууга терс таасирин тийгизген форс-мажордук жагдайлар экенин билдирди.

2022-жылдын 22-наябрында талаштуу маселелер боюнча Кеңеш Кытай Эл Республикасынын Хоргос чек ара постунда сактоо учурунда статордун айрым секцияларын кечиктиргендиги жана зыянга учурагандыгы үчүн подряддык уюмдан жоопкерчиликти алып салуу боюнча чечим чыгарган.

Кеңеш COVlD-19 жана аны менен байланышкан чек аранын жабылышы форс-мажордук жагдайды түзөт, Подрядчы ГА №4 үчүн аяктоо мөөнөтүн 229 күнгө узартууга укуктуу деген чечим кабыл алган.

Жыйынтыгында Талаш маселелер боюнча кеңеш бардык 4 гидрогенератордун статор шакекчелеринин кайрыма кырларын алмаштыруу иштерин бүтүрүү үчүн зарыл болгон кошумча убакытты кошо алганда, ишти бүтүрүү мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алат (баштапкы келишимге кирбеген):

- №4 гидроагрегат – 2023-жылдын 12-январына чейин (мурда – 2020-жылдын ноябрында);
- №2 гидроагрегат - 2023-жылдын ноябрына чейин (мурда - 2021-жылдын ноябрында);
- №3 гидроагрегат - 2024-жылдын ноябрына чейин (мурда - 2022-жылдын ноябры).

• №1 гидроагрегат - 2025-жылдын ноябрына чейин (мурда - 2023-жылдын ноябры).

**Сунуштама**: **Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, “Электр станциялары” Ачык акционердик коомуна:**

Токтогул ГЭСинин калган гидроагрегаттарын ишке киргизүү мөөнөттөрүн создуктурууга жол берилбесин.

**Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн (ДИАБ) эсебине каражатты кайтаруу**

**Аныкталды/ Корутунду:**

“Токтогул ГЭСин реабилитациялоо, 2-фаза” долбоорунун алкагында 2017-жылдын 1-августунда “Жапкычтарды жана гидромеханикалык жабдууларды калыбына келтирүү” 1-пакетине 12,0 млн АКШ доллары бюджети менен тендер жарыяланган. Тендердик сунуштарды ачып, АӨБ эрежелерине жана жол-жоболоруна ылайык баалоону жүргүзгөндөн кийин, 2017-жылдын 29-декабрында “Электр станциялары” ААКсы “Keumjeon Industrial Co.LTD” (Түштүк Корея) менен 11,78 миллион АКШ долларга жумуштарды аткарууга келишим түзгөн.

Бирок, келишимге кол койгондон кийин Подрядчы иштин көлөмүн аяктоодон баш тарткан, ал Буйуртмачыга келишимди аткарууга кепилдик берген эмес жана кол коюлган келишимдин күчүнө кириши үчүн аванс төлөгөн эмес.

АӨБ менен бир нече жолу консультациялардын жыйынтыгы боюнча Подрядчы менен бир нече сүйлөшүүлөрдөн кийин “Электр станциялары” ААКсы келишимди бир тараптуу бузууга аргасыз болгон. “Электр станциялары” ААКсы 2018-жылдын 30-мартындагы №15-21/И-634 каты менен түзүлгөн келишимди жокко чыгарган.

2018-жылдын 18-апрелинде WOORY BANK (Түштүк Корея) “Keumjeon Industrial Co.LTD” компаниясынын тендердик сунушу боюнча кепилдикти аткарып, “Электр станциялары” ААКсынын эсептешүү эсебине 240 000 АКШ долларын которгон.

“Электр станциялары” ААКсы ДИАБ үчүн коммерциялык банктан тендердик жана башка эсептерди ачпагандыктан, 2018-жылдын 18-апрелинде келип түшкөн 240 000 АКШ доллары өлчөмүндөгү акча каражаттары “Электр станциялары” ААКсынын учурдагы эсебине түшкөн.

“Электр станциялары” ААКсынын бухгалтердик эсепке алуу эсебинде 240 000 АКШ доллары (18.04.2018-ж. 68,8912 сом Улуттук банктын курсу боюнча 16 553,8 миң сом) суммасында тендердик сунушту кепилдик камсыздоонун суммасы компаниянын кирешесине алынган жана өз муктаждыктары үчүн колдонулган. Аудит, бул каражаттар “Токтогул ГЭСин жандандыруу, 2-фаза” долбоорунун алкагында алынган жана “Электр станциялары” ААКсынын финансылык-чарбалык ишине (эксплуатациялык ишмердигине) тиешеси жок деп эсептейт.

Бирок, “Токтогул ГЭСин жандандыруу 2-фаза” зарыл болгон долбоордук эсептерди ачуу үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине кайрылган эмес. Анын себебин ишти каржылоо түз төлөмдөрдүн эсебинен подрядчылардын жана консультанттардын эсебине жүргүзүлүп жатат деп түшүндүрушкөн.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын финансы министирлгине**

Подрядчы тарабынын «Электр станциялары» ААКсынын банктык эсебине өзүнүн тендердик сунушунун кепилдигин камсыздоо үчүн төлөнгөн 240 000 АКШ доллары өлчөмүндөгү акча каражатын «Электр станциялары» ААКсы киреше катары эсепке алып өздүк чыгымдарын жабууга жумшалышынын мыйзамдуулугун карап чыксын (Улуттук банктын 18.04.2018 жылдагы 68,8912 сом курсу боюнча 16 553,8 миң сом).

**Аныкталды/Корутунду:**

Токтогул ГЭСин жандандыруунун алкагында подрядчылар №2- жана №4- гидроагрегаттардын демонтаждалган жабдууларын Токтогул ГЭСтер каскадынын №3-кампасына ташууну камсыз кылуу менен “Электр станциялары” ААКсына Буйуртмачыга өткөрүп берүү боюнча милдеттенме алышкан.

Токтогул ГЭСинде демонтаждалган материалдар подрядчыдан алардын техникалык документтерине (чиймелерге, паспорттук маалыматтарга, салмакка, көлөмгө жана башка параметрлерге) ылайык келгендигине ырастабастан, кабыл алынган.

Токтогул ГЭСинин №3-кампасынын башчысы 5 тоннага чейинки демонтаждалган жабдууларды электрондук таразага тартып, ал эми салмагы 5 тоннадан ашкан жабдууларды таразага тартуучу таразанын жоктугунан салмагын аныктоосуз кампага кабыл алынган. Паспорттук маалыматтарга ылайык №4 Гидроагрегаттын статорунун салмагы 458,0 тонна, ротордуку - 738,5 тонна, крестовинаныкы - 52,4 тонна ж.б.

2020-жылдын 29-декабрындагы “Токтогул ГЭСин реконструкциялоо” “АӨБ/ЕАӨБ долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында негизги каражаттарды эсептен чыгаруунун жана жабдууларды демонтаждоонун тартиби жөнүндө” колдонуудагы Нускамада демонтаждалган материалдарды гидроагрегаттардан складка кабыл алып, кириштөө жана чыгыштоо тартиби каралган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө, өндүрүш чиймелери жана паспорттук маалыматтар боюнча демонтаждалган жабдуулардын санын жана салмагын аныктоо (ГА №4, ГА №2) максатында Токтогул ГЭС каскадынын директорунун комиссия түзүү боюнча буйругу чыгарылды.

**Сунуштама: “Электр станциялар” ААКсына:**

1. **Токтогул ГЭСине:** Подрядчыдан №2 жана №4 гидроагрегаттар боюнча демонтаждалган жабдууларды алардын техникалык документтерине ылайык саны жана салмагы боюнча кабыл алуу жана демонтаждалган жабдуулардын саны менен салмагын салыштыруу жагы каралсын.

2. Колдонуудагы 2020-жылдын 29-декабрындагы Нускамага материалдардын (тетиктердин) андан ары колдонууга жарамдуулугун аныктоо, ошондой эле металл сыныктары же түстүү металл сыныктары катары эсептен чыгарууда паспорттук маалыматтарга ылайык, салмагы боюнча эсепке алуу боюнча толуктоолор киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду:**

"Электр станциялары" ААКсында 2016-2022-жылдар аралыгында АӨБ тарабынан 194,3 млн.АКШ доллары суммасында жана ЕАӨБ тарабынан 100,0 млн. АКШ доллары суммасында бөлүнгөн кредиттик каражаттарды пайдалануунун натыйжасында валютаны кайра баалоо (курстук айырма) суммалары "Токтогул ГЭСин 1, 2 жана 3-фазаларды жандандыруу" долбоорун ишке ашыруу үчүн "Электр станциялары" ААКнын финансылык-чарбалык ишине, тактап айтканда - 1978,8 миң сом суммасында курстук оң айырма пайда катары жана - 2411,0 миң сом терс курстук айырма зыян катары. Ал эми эл аралык финансы отчеттуулук стандартар боюнча валютаны кайра баалоонун бул суммалары сатылып алынган жана түзүлгөн активдердин (капиталдаштырылган) наркына кошулушу керек болчу.

**Сунуштама: "Электр станциялары" ААКсына**

2016-2022-жылдар аралыгында ссудалык каражаттарды пайдалануунун натыйжасында пайда болгон 1978,8 миң сом суммасында пайдага жана 2411,0 миң сом чыгымга таандык болгон валютаны кайра баалоонун суммасы (курстук айырма) "Токтогул ГЭСин жандандыруу 1, 2 жана 3 фазалары" долбоорлору боюнча реконструкциялоо объектилеринин наркына (капиталдаштырууга) киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду:**

2019-2022-жылдар аралыгында "Токтогул ГЭСин реабилитациялоо 2-фазасы" долбоорун ишке ашыруунун алкагында долбоорду ишке ашыруу үчүн арналган жабдууларды заводдук сыноого катышуу үчүн "Электр станциялары" ААКсынын кызматкерлерине командировкалык чыгымдар (Францияга, Кытайга, Түркияга, Швейцарияга, Казак Республикасына баруу) 3 961,3 миң сом суммасында төлөнүп, алар коомдун киреше бөлүгүн азайтуу менен акционердик коомдун чыгымдарына киргизилген. Бул сарптоолор бухгалтердик №2120 "Бүткөрүлбөгөн курулуш" эсебинде чагылдырылышы керек болчу, ал эми долбоор аяктагандан кийин реконструкциялоо объектисинин наркын көбөйтүү керек болчу.

**Сунуштама: "Электр станциялары" ААКсына**

Бухгалтердик жана финансылык отчеттуулукта 3 961,3 миң сом суммасында чет өлкөлүк иш сапарларга жүргүзүлгөн чыгымдар боюнча тиешелүү түзөтүүлөр киргизилсин, анткени алар бүтпөгөн курулуш боюнча чыгымдар болуп саналат.

**"Токтогул ГЭСинин жандандыруу. №3-фазасы" долбоору**

Долбоордун алкагында №1 жана №3 гидроагрегаттарды алмаштыруу, дамбанын мониторинг системасын орнотуу, бизнес-процесстерди баалоо жана

менеджментти модернизациялоо, компаниялардын финансылык отчеттуулугуна корпоративдик аудит жүргүзүү, коомчулукка маалымат берүү программасы каралган.

“Токтогул ГЭСин жандандыруу 3-фаза” долбоору боюнча финансылык келишимдин шарттары донорлор боюнча төмөнкү таблицада келтирилген:

| **Донор** | **АӨБ** |
|---|---|
| Долбоордун суммасы | 150 млн АКШ доллар (ЕАӨБ жокко чыгарганын эсепке албаганда)<br>110 млн АКШ доллар (ЕАӨБ жокко чыгаргандан кийин) |
| АӨБ | 110 млн АКШ доллар |
| Грант | 50,0 млн АКШ доллар |
| Насыя | 60,0 млн АКШ доллар |
| Параметры кредита АБР | Мөөнөтү 25жыл, 7 жыл жеңилдетилген мезгилде % чени 1%, андан кийин 1,5% |
| ЕАӨБ* (жокко чыгарылган) | 40 млн АКШ доллар<br>ТГЭСтин гидроагрегаттарын алмашуу боюнча конкурстун жыйынтыгы жарыялангандан кийин ЕАӨБ каржылоону токтоткон. 31.07.2015-ж. ЕАӨБ менен №4 кошумча Макулдашуу түзүлгөн. 18.07.2019-ж. КР Мыйзамы менен ратификацияланган |
| КРдын Өкмөтү кошо каржылаган | Салыктан жана жыйымдан бошотуу түрүндө, Эквиваленти 25,0 млн АКШ доллар |

Бул сумма “Электр станциялары” Ачык акционердик коому (мындан ары - “ЭС” ААКсы) жана Энергетика, Өнөр-жай МамКомитети (КР Энергетика Министрлиги) ортосунда компоненттер боюнча төмөндөгүдөй бөлүнгөн:

| **1-Бөлүк - «ЭС» ААК** | **2-Бөлүк – ЭӨКМК КР** |
|---|---|
| Токтогул ГЭСин жандандыруу, үчүнчү фага | Бизнес процесстерин баалоо жана башкарууну модернизациялоо, компаниянын финансылык отчетунун аудити, коомдук маалымат программасы |
| **102,63 млн АКШ доллар** | **7,37 млн АКШ доллар** |
| * «ЭС» ААКты насыялоо шарты төмөндө берилди | 100% грант |
| «Электр станциялары» ААК 102,63 млн АКШ доллары суммасында каражат бөлүүнү пландаштырган, анын ичинен:<br>- АӨБ каражаты: 60 млн АКШ доллары 25 жылга, анын ичинде 7 жылдык жеңилдетилген мөөнөткө насыя катары берилген. Пайыздык чен негизги суммага жылына 1,5% түзөт.<br>АӨБ грантынын жалпы суммасы 42,63 миллион АКШ доллары:<br>25% - гранттын суммасынан капиталдык салым түрүндө берилет;<br>75% - гранттын суммасынан КР Финансы министрлиги тарабынан «ЭС» ААК үчүн жеңилдетилген мезгилди кошкондо 25 жылга насыя түрүндө берилди. Пайыздык чен негизги суммага жылына 1,5% түзөт. | |

Бул сумманы долбоорлордун компоненттери жана ишке ашыруучу агенттик боюнча пайдалануу боюнча көрсөткүчтөр төмөнкү таблицада келтирилген:

млн. АКШ долл.

| Категориянын аталышы | Техникалык отчётко ылайык сумма (ТЭН) | РАП ылайык баштапкы бюджет | Каржылык макулдашуул арга ылайык бюджет * | Түзүлгөн Келишимдин суммасы (кол коюлган күнү АКШ долл.) | Үнөм |
|---|---|---|---|---|---|
| «Токтогул ГЭСинин 1 жана 2 ГА алмаштыруу» | 97,19 | 97,19 | 64,54 | 45,7 | 18,84 |
| «Инженердик курулмаларды оңдоо» | 7,5 | 7,5 | 7,5 | жокко чыгарылып, күтүлбөгөн чыгымдарга бөлүштүрүлгөн | 7,5 |
| «Плотинанын абалына мониторинг системасы» | 1,7 | 1,7 | 1,7 | иштелип чыга элек | 1,7 |
| Консультациялык кызматтар | | | | | |
| КР ЭМ (ЭӨКМК) | | 7,6 | 7,37 | 5,9 | 1,47 |
| «ЭС» ААК | | 3,13 | 3,36 | 3,3 | 0,06 |
| Баардыгы | | | 84,47 | 54,9 | 29,57 |
| Салыктар жана жыйымдар (бошотуу түрүндө) | | 23,9 | | | |
| Күтүлбөгөн чыгымдар | | 31,54 | 24,2 | | |
| Иш жүрүп жатканда финансылык чыгымдар | | 2,44 | 1,35 | | |
| **Баардыгы** | **106,39** | **175,0** | **110,0** | **54,9** | **29,57** |

2020-жылдын 31-мартында “Бейкер Тилли Бишкек” 7 энергокомпаниянын: “УЭХК”, “КЭЭБ”, “ЭС”, “ЧГЭС”, “ОЭ”, “ЧЭ” жана “ЖЭ” ААКсылардын финансылык отчетторун, ошондой эле, 2019-жылдын 31-декабрына карата “УЭХК” ААКсынын консолидацияланган финансылык отчетун даярдаган. Бул отчеттор 2020-жылдын июнь айынан август айына чейин энергокомпаниялардын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунда кабыл алынган.

**Аныкталды/корутунду:** Эл аралык тажрыйбага жана квалификацияга ээ аудитордук компанияны тартуу максатында, 2019-2021-жылдарга энергетикалык компаниялардын финансылык отчеттуулугунун аудитине мурунку мезгилдеги аудитордук кызматтарга салыштырмалуу сатып алуулардын бюджети кыйла көп бөлүнгөн.

Бирок, ӨЭЖМКсы “УЭХК” ААКсы менен бирдикте иштелип чыккан техникалык тапшырмада, аудитордук уюмдардын жогорку квалификациясына карата талаптар камтылбаган, ошол эле учурда потенциалдуу катышуучулардын кеңири чөйрөсүнүн конкурска катышуусун чектеген талаптар киргизилген. Конкурстук тандоо боюнча маалыма 1-тиркемеде берилген.

Финансылык сунуштарды берүү этабына бир гана “Бейкер Тилли” ЖЧКсы компаниясына уруксат берилген. 2019-жылдын 10-декабрында “Бейкер Тилли” ЖЧКсынын финансылык сунушунун ачылышы болгон.

“Бейкер Тилли” ЖЧКсы менен 2020-жылдын 8-январында 881 450,00 АКШ доллардык келишимге кол коюлган.

“Бейкер Тилли” ЖЧКсы энергокомпанияларда аудит жүргүзүү үчүн (акыркы курстардын студенттерин, бүтүрүүчүлөрдү ж.б.) кызматкерлерди тез

арада кабыл алууну жарыялайт, аудит кыска мөөнөттө жана начар адистер тарабынан жүргүзүлөт да энергокомпаниялар тарабынан нааразычылыктар пайда болот.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги**

Мындан ары инвестициялык долбоорлордун алкагында конкурстарды өткөрүүдө, Кыргыз мамлекетинин кызыкчылыктарын сактоо менен эффектүүлүгү жана үнөмдүүлүгү камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

"Бейкер Тилли" ЖЧКсынын аудитордук кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу бюджети өткөн мезгилдеги аудитордук кызмат көрсөтүүлөргө салыштырмалуу көп сумманы түздү.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги**

2019-2021-жылдары үчүн "Бейкер Тилли" ЖЧКсы тарабынан өткөрүлгөн энергетикалык компаниялардын финансылык отчеттуулугунун ("Корпоративдик-финансылык аудит") аудиттеринин жыйынтыктарын эске алып жана аудиттин сапатына баалоо жүргүзүп, мындан ары акционердик коомдордо натыйжалуу жана эффективдүү аудит жүргүзүү максатында аудиторлорду тандоого, ошол эле учурда кызмат акысын үнөмдүү төлөөгө көңүл бурулсун.

**5) "Бизнес-процесстерди баалоо жана энергетикалык компаниялардын башкарууну модернизациялоо"** компоненти боюнча Сынактын жеңүүчүсү катары 2021-жылдын 30-июнунда "Terralink Technologies" ЖШСын тандалды. Консультант менен келишим 2021-жылдын 28-октябрында 4 695 928 АКШ доллары суммасында түзүлгөн, анын ичинен:

1. Консалтингдик кызмат көрсөтүүлөр – 2357,9 миң АКШ доллары;
2. Автоматташтырууну иштеп чыгуу жана киргизүү – 2099,9 миң АКШ доллары;
3. Күтүлбөгөн чыгашалар – 238,1 миң АКШ доллары.

Долбоордун аяктоо мөөнөтү 2024-жылдын октябры.

Бүгүнкү күндө 1 095 406 доллар төлөнгөн.

2022-жылдагы 1-этаптын алкагында Долбоордун консультанты бардык энергетикалык компанияларга тиешелүү изилдөөлөрдү жүргүзүп, корпоративдик башкарууну жакшыртуу боюнча сунуштарды берди.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдагы 8-февралындагы № 51-р буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын энергетика тармагын башкаруу системасын реструктуризациялоо концепциясын ишке ашыруунун алкагында сунушталган энергетикалык компаниялардын жаңы түзүмү түзүлдү. Концепцияга ылайык бөлүштүрүүчү энергетикалык компаниялар "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААК менен биригиши керек, "Бишкекжылуулуктармагы" ААКсы "Электр станциялары" ААКнын курамына кириши керек.

**Аныкталды:** Баштапкы Келишимге ылайык, D-1 этап үчүн жалпы эмгек чыгымдары 77,6 адам-ай болгон, анын ичинен 33,4 адам-ай "үй" жумушуна эмгек чыгымдары жана 44,2 адам-ай "талаа" эмгек чыгымдары.

Өзгөртүүдөн кийин Д-1 стадиясында эмгекке кеткен чыгымдардын жалпы суммасы 84,3 адам-айды түздү, анын ичинен "үйгө" 72,6 адам-айды, ал эми "талаага" 11,7 адам-айды түздү.

Натыйжада, "Үй" жана "Талаа" депозиттеринин ортосунда кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн кайра бөлүштүрүү менен, Консультанттардын командасынын курамынын өзгөрүшүнө жана "Үй" жана "Талаа" депозиттеринин айлык тарифтеринин айырмасына байланыштуу болот ар бир эксперт үчүн депозиттер, сый акынын жалпы наркы 1018 АКШ долларына кыскарган, мындан тышкары, Консультанттын кайтарылуучу чыгашаларынын көлөмү кыскарган.

(АКШ доллары)

| | | **Учурку Контракт** | | | **Өзгөрүүлөр** | | | **Өзгөрүлөрдү эсепке алган Контракт** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Статья | саны | чени | суммасы | саны | чени | суммасы | саны | чени | суммасы |
| 1 | Суткалык | 1567 | 13,07 | 20 480,69 | -715 | 0 | -9 345,05 | 852 | 13,07 | 11 135,64 |
| 2 | Эл аралык учуу | 225 | 441,86 | 99 418,5 | -102 | 0 | -45 069,72 | 123 | 441,86 | 54 348,78 |
| 3 | Аэропортко барган /келген транспорт | 225 | 50 | 11 250,0 | -102 | 0 | -5 100,0 | 123 | 50 | 6 150,0 |
| 4 | Жергиликтүү жүрүүлөр | 100 | 100 | 10 000,0 | 0 | 0 | 0,0 | 100 | 100 | 10 000,0 |
| 5 | Офис ижаралоо | 10 | 700 | 7 000,0 | 0 | 0 | 0,0 | 10 | 700 | 7 000,0 |
| 6 | Мейманкана чыгымдары | 1567 | 34,88 | 54 656,96 | -715 | 0 | -24 939,2 | 852 | 34,88 | 29 717,76 |
| | Баардыгы | | | 202 806,15 | | | -84 453,97 | | | 118 352,18 |

"Талаа" адам-айларынын 32,5 айга азайышынан улам компенсацияланууучу чыгымдар да кыскарды:

- 715 күндүк күнүмдүк чыгымдар же 9345,05 АКШ доллары
- 102 рейске эл аралык каттамдар же 45 069,72 АКШ доллары
- 102 сапар же 5100 АКШ доллары үчүн аэропортко/аэропорттон которуу
- мейманкана 715 күнгө же 24939,2 АКШ доллары

Бардыгы: 84 453,97 АКШ доллары.

Күтүүсүз каражат 2022-жылы колдонулган эмес, бирок жогорудагы кайра эсептөө менен 84 453,97 АКШ долларга көбөйтүлгөн.

**Корутунду:** "Талаа" адам-айларынын 32,5 айга азайышынан улам, ордун толтуруучу чыгашалар (возмещаемые затраты) кыскарган, алар "Күтүлбөгөн чыгашалар" статьясына которулган (238,1 + 84,45 = 322,55 миң АКШ доллары).

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:**

"Күтүлбөгөн чыгашалар" беренеси боюнча 322,55 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттардын пайдаланылышына көзөмөлдү камсыз кылсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Аудит “Бизнес-процесстерди баалоо жана энергетикалык компаниялардын менеджментин модернизациялоо” субкомпоненти боюнча долбоордук каражаттарды бөлүштүрүүдө консалтингдик кызмат көрсөтүүлөргө олуттуу сумма (2357,9 миң доллар) бөлүнгөндүгү белгиленген, компанияга эксперттер жумушка алынат, алардын иши үчүн жогорку акы төлөнөт.

“Terralink Technologies” ЖШС Консультантты, 15 эл аралык эксперттин “талаа” жана “үйдө” иштөөсү үчүн эмгек саатын төмөндөгүдөй өлчөмдө бөлүштүрдү:

• 7 эл аралык эксперт үчүн: “үй” тарифи – 8 960 АКШ доллары, “талаа” тарифи – 11 000 АКШ доллары/ай.

• 8 эл аралык эксперт үчүн “үй” тарифи айына 6860 АКШ долларды, “талаа” тарифи 8600 АКШ долларды түзөт.

4 жергиликтүү эксперттер үчүн “талаа” тарифи айына 6 450 АКШ долларды түзөт.

Эксперттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм тарифтери консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү тандоо жана келишим түзүү боюнча сынак өткөрүү стадиясында аныкталат. Ошол эле учурда мынчалык чоң суммадагы эксперттик кызматтардын баасын аныктаган критерийлер жок.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети гранттарды жана гранттарды тартууда эл аралык жана жергиликтүү эксперттердин консультациялык кызматтары үчүн төлөөнүн болжолдонгон суммаларынын негиздүүлүгү жөнүндө маселеге көңүл бурган эмес. Консультациялык кызматтарды тандоо боюнча сынакты даярдоо жана өткөрүү, Консалтингдик кызмат көрсөтүүлөргө каражаттарды сарамжалдуу бөлүштүрүү менен гранттын бир бөлүгү башка максаттарга пайдаланылышы мүмкүн.

**Сунуштама**. **Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине**

Гранттарды/ кредиттерди тартуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, макулдашууларды түзүүдө, консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү тандоо боюнча сынактарды өткөрүүдө, консультациялык кызматтардын көлөмүн негиздүүлүгүн кылдаттык менен карасын жана көрсөтүлгөн кызматтардын баасы улам жогорулатылганы, ага себеп - жогорку акыларды белгилеп эл аралык жана жергиликтүү эксперттер жалданганына жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду:** Насыялык каражаттардын эсебинен ишке ашырылып жаткан долбоорлордо да ушундай эле жагдай түзүлдү, алар кийинчерээк мамлекеттик карыз түрүндө мамлекетке оорчулук келтирет. Кыргызстанда консультациялык кызматтарды көрсөтүүчү ата мекендик институттарды өнүктүрүү жана аларды инвестициялык долбоорлорго консультант катары тартуу боюнча иштер жүргүзүлбөй жатат, бул ата мекендик жогорку сапаттагы адистерди даярдоого, ошондой эле каражаттарды

үнөмдөөгө жана тартылган инвестициялардын эсебинен, сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Анткени пайдаланылган насыялык каражаттар келечекте төлөнөт, Мамлекет мамлекеттик карызды пайыз менен кайтарып берет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги консалтингдик кызмат көрсөтүүчү ата мекендик институттарды өнүктүрүү жана аларды инвестициялык долбоорлорго консультант катары тартуу боюнча чараларды көрүүсү зарыл.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

Консультациялык кызмат көрсөтүүчү ата-мекендик институттарды өнүктүрүү жана аларды инвестициялык долбоорлорго Консультанттар катары тартуу боюнча чараларды көрүү зарыл. Бул тартылган инвестициялардын каражаттарын үнөмдөөнү жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу үчүн зарыл.

**"Коомчулукка маалымдоо программасы"** 2018-жылдын 19-ноябрында Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик Комитетинин менен "ISR Consult" ЖЧК (Бишкек) консалтинг компаниясынын ортосунда 330 730,81 АКШ доллары өлчөмүндө коомчулукту маалымдоо боюнча келишим түзүлгөн, иш жүзүндө 132 219,11 АКШ доллары жумшалган.

**Компоненттер боюнча үнөмдөөнү талдоо**

Төмөнкү таблицада долбоордун бул компоненттери үчүн үнөмдөөнүн анализи берилген.

АКШ Доллары

| № | Компонеттер | Бюджет боюнча компоненттин суммасы | Контракттар | Алып салуу фактысы 01.01.2024 | Келишимдер боюнча төлөнбөгөн суммасы | Бюджетти үнөмдөө |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Калкты маалымдоо программасы | 400 000,00 | 307 100,22 | 296 086,47 | 11 013,75 | 103913,53 |
| 2 | Корпоративдик аудит | 1 200 000,00 | 1 172 249,00 | 1 172 249,00 | 0,00 | 27 751,00 |
| 3 | Бизнес процесстерди баалоо | 5 000 000,00 | 4 965 928,15 | 798 005,67 | 4 167 922,48 | |
| 4 | Долбоордун консультанттары | 770 000,00 | 179 340,64 | 112 872,80 | 66 467,84 | |
| | Жалпы | 7 370 000,00 | 6 624 618,01 | 2 379 213,94 | 4 245 404,07 | 131 664,53 |

2022-жылдын 31-декабрына карата бюджетти үнөмдөө 131,7 миң АКШ долларын түздү.

**“CASA 1000” долбоорун ишке ашыруу үчүн кредиттик жана гранттык каражаттардын пайдаланылышы**

Борбордук Азия-Түштүк Азия электр энергиясын өткөрүү жана соодалоо “CASA-1000” долбоору - Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Афганистан Ислам Республикасынын жана Пакистан Ислам Республикасынын энергетикалык тутумдарын бириктирүүчү жогорку вольттогу электр өткөргүч линиясын куруу, эл аралык стандарттарга ылайык электр энергиясын сатуу механизмдерин иштеп чыгуу менен Борбордук Азия өлкөлөрүнөн электр энергиясын экспорттоо.

Кыргыз Республикасындагы долбоор төмөнкүлөрдү камтыйт: 500 кВт электр берүү чубалгысын (ЭБЧ) куруу Датка (Кыргызстан) - Сугд (Тажикстан), узундугу 456 км.

Техникалык-экономикалык негиздөө (ТЭН) 2011-жылы канадалык “SNC Lavalin” компаниясы тарабынан Дүйнөлүк банктын гранттык каражаттарынын эсебинен иштелип чыккан. ТЭНге ылайык, Кыргыз Республикасында “CASA-1000” объектилерин курууга бюджет 176 млн АКШ долларын түзөт, анын ичинде линияны курууга – 151 млн АКШ доллары, “Датка” көмөкчордонунун 500 кВт элементине – 9 миллион АКШ доллары жана күтүүсүз чыгымдар – 16 миллион АКШ доллары.

2016-жылы “CASA-1000” долбоорунун өзгөрмө агын объектилерин көзөмөлдөө боюнча өткөрүлгөн эл аралык тендердин жыйынтыгы боюнча (Кыргызстан жана Тажикстан үчүн) Моненко Иран тандалган.

Долбоор ишке ашырыла баштагандан бери 2022-жылдын 31-декабрына карата өздөштүрүү 130,76 млн АКШ долларын түздү.

Кыргыз Республикасынын аймагында жүргүзүлүп жаткан курулуш иштери эки пакеттен турат.

“Кыргызстан УЭТ ААКсы менен “Mitas Energy and Metal Construction Inc.” компаниясынын (мындан ары - Mitas ) (Түркия Республикасы) ортосунда, 47 141,0 миң АКШ доллары өлчөмүндө (келишимдин баасын андан кийин тактоо шарты менен) TW-05 пакети боюнча келишимге кол коюлган. Кыргыз Республикасы менен Таджикистан Республикасынын чек арасынан ЭБЧ 500 кВт чыңалуудагы электр берүү линиясынын узундугу 125 км. Курулуш иштери 2021-жылдын 1-февралында башталып, аяктоо 2024-жылдын аягына пландаштырылган.

2019-жылдын 21-февралында ошол эле компания менен 108 527,0 миң АКШ доллары суммасында TW-06 пакетине Контракттык келишимге кол коюлган. Узундугу 325 км, ошондой эле 60 Мвар реактору бар “Датка” көмөкчордонундагы 500 кВт уячасы куруу каралган. 2021-жылдын 15-сентябрында башталып жана аяктоо 2024-жылдын аягына пландаштырылган.

**Көп донордук тресттик CASA-1000 фонддун гранты (Дүйнөлүк банк)**

“CASA-1000” долбоорун ишке ашырууга даярдыктарды каржылоого техникалык жардам жана колдоо көрсөтүү максатында 2017-жылдын 2-августунда “CASA-1000” (Дүйнөлүк банк) көп донордук тресттик фондунан

гранттык жардам көрсөтүү боюнча бир миллион АКШ долларынан ашпаган Гранттык макулдашууга кол коюлган. Гранттын мөөнөтү 2017-жылдын 2-августунан 2020-жылдын 30-июнуна чейин белгиленген.

2019-жылдын 24-июлунда №1 Түзөтүү менен Гранттык макулдашууга көп донордук тасттык фонддун резервдик каражаттарынан эки миллион АКШ доллары өлчөмүндө кошумча траншты алуу менен өзгөртүүлөр киргизилген.

2020-жылдын 22-июнундагы Гранттык макулдашуунун 2-беренесине ылайык, Дүйнөлүк банк грантты жабуу мөөнөтүн 2022-жылдын 31-мартына чейин узартып жана 1 566 820,0 (бир миллион беш жүз алтымыш алты миң сегиз жүз жыйырма) АКШ доллары өлчөмүндө кошумча транш бөлдү. Ошентип, каржылоонун жалпы суммасы 4 566 820,0 (төрт миллион беш жүз алтымыш алты миң сегиз жүз жыйырма) АКШ долларын түздү.

2021-жылдын 28-декабрында “Кыргызстан УЭТ” ААКсы Дүйнөлүк банкка Гранттын мөөнөтүн 2022-жылдын 31-мартынан тартып 2024-жылдын 30-июнуна чейин узартуу жана үч миллион АКШ доллары өлчөмүндө кошумча каржылоо өтүнүчү менен кайрылган.

2022-жылдын 12-июлунда Дүйнөлүк банк Гранттык макулдашуунун аяктоо мөөнөтүн 2024-жылдын 30-июнуна чейин узартты жана кошумча каржылоо үчүн 3,0 миллион АКШ долларын бөлдү.

Гранттын алкагында Кыргыз Республикасы төмөнкү компоненттерден турган “Долбоорду ишке ашырууда техникалык жардам жана колдоо” Б компонентин ишке ашырууда:

1. Жогорку чыңалуудагы өзгөрмө агын токтун электр энергиясын берүү объектилери үчүн инженер-Буйуртмачылар;
2. Экологиялык жана социалдык маселелерди башкарууга көмөк көрсөтүү;
3. Аудит жана финансылык жана кирешелерди башкаруу;
4. Долбоорду башкарууну колдоо;
5. Координациялоо;
6. Долбоор боюнча маалыматтык өз ара аракеттенүү;
7. Потенциалдуулукту жогорулатуу.

Төмөндө АКШ долларында категориялар боюнча 2018-жылдан 2022-жылга чейин Гранттын алкагында тартылган чыгымдар келтирилген:

АКШ доллары

| Чыгым категориялары | 2018 | 201 9 | 20 20 | 20 21 | 2022 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Моненко — инженер-консультант | - | - | 130,686,0 | 554,937,0 | 668,714,0 | 1,354,337,0 |
| Экоөнөктөш – айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жана көчүрүү | 186,610,0 | 137 7 38,0 | 212 981 | 66 680- | - | 604,009,0 |
| Эконадзор - Чүй экологиялык лабораториясы | - | - | - | 8033.0 | 8033.0 | 16066.0 |
| Акчабар - байланыш колдоо | - | - | - | 57,756,0 | 57,756,0 | 115,512,0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| МСФО боюнча окутуу | - | - | - | 2,323,0 | - | 2,323,0 |
| Аудит Эрнс энд Янг | 68,320,0 | 66,080,0 | 67,200,0 | 67,200,0 | 67,200,0 | 336,000,0 |
| Иш сапарлардын чыгымдары | 50,727,0 | 19,341,0 | 21,139,0 | 18 65 9.0 | 19,041,0 | 128,907,0 |
| Жергиликтүү кеңешчилердин эмгек акысын төлөө | 28,164,0 | 35,699,0 | 43,951,0 | 47 04 6.0 | 61,391,0 | 216,251,0 |
| Билим берүү | 1,250,0 | - | - | - | - | 1250.0 |
| Банктын комиссиялары | 128,0 | 240,0 | 188,0 | 278,0 | 307.0 | 1,141,0 |
| Кеңсе жабдууларына эмерек сатып алуу | - | 20,981,0 | - | - | - | 20,981,0 |
| Грант боюнча башка операциялык чыгымдар | 5,188,0 | 4,562,0 | 1,917,0 | 5,268,0 | 847.0 | 17,782,0 |
| **Бардыгы:** | **340 387,0** | **284,641,0** | **478,062,0** | **828 18 0 ,0** | **883 28 9, 0** | **2 814 559,0** |

“CASA -1000” долбоорунун алкагында Чүй экологиядык лабораториясы 2022-жылдын январь айында (жылдын суук мезгили), 2022-жылдын март айында (жылдын суук убакыт мезгили) жана 2022-жылдын декабрь айында (жылдын суук мезгили) электр чубалгыларын курууда экологиялык көзөмөл жана мониторинг иштерин жүргүзүп, (жылдын суук мезгили) (климаттык мезгилге жана абанын температурасына ылайык), ал боюнча тиешелүү отчетторду берген.

Эконадзор - Чүй экологиялык лабораториясы, Экоөнөктөш – айлана-чөйрөгө тийгизген таасири, Акчабар - байланыш колдоо, аудит жана жергиликтүү кеңешчилердин айлык акысы боюнча маалымат 2-тиркемеде келтирилет.

***Моненко Ирандын Консалтинг кызматтары***

Долбоор боюнча компаниянын консультациялык кызматтары үчүн финансылык ресурстар Мульти донордук тресттык фонд (Дүйнөлүк банк) тарабынан каржыланган гранттык каражаттардын эсебинен төлөнөт.

2016 жылдын 11-августундагы “Кыргызстан УЭТ” ААКсы “Monenco Iran” менен №23-23/0092 консультациялык кызматтарды көрсөтүү келишимине эмгек акысын убакыттык төлөө менен (адам/ай) кол коюлган.

Ал эми 1-, 2- жана 3-түзөтүүлөр менен “CASA -1000” долбоорунун объектилерин курууга подрядчыларды тандоо боюнча тендерлерди өткөрүү кечеңдегенине байланыштуу, Кыргызстан, Тажикстан, Ооганстан жана Пакистанда (18.08.2017-ж., 08.05.2018 жана 05.11.2018-ж.) келишимдин күчүнө кирүү убакыттары жылдырылган.

“Monenco Iran” консультанттарынын кароосу Подрядчы Mitas тарабынан иштелип чыккан Ирандын долбоордук документтери 2019-жылдын 4-мартында башталган.

Келишимдин өзгөчө шарттарынын 14.1-пунктуна ылайык, келишимдин мөөнөтү 27 айды түзгөн, б.а. 2021-жылдын 4-июнуна чейин.

**Аныкталды:** Мамлекеттик органдар тарабынан жерди ажыратуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан “CASA-1000” долбоорун ишке ашыруу бир кыйла кечиктирилген. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын

пайдалануу мамлекеттик комитети 2019-жылдын 26-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Кыргыз Республикасынын “CASA-1000” долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” токтомунун долбоорун киргизген жана жер бөлүп берүү маселесин тез арада чечип берүү өтүнүчүн берген.

2020-жылдын 20-февралында мамлекеттик органдар менен 10 айлык макулдашуудан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “CASA-1000” долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” №105 токтому кабыл алынып, ал 2020-жылдын 5-мартында күчүнө кирген. Документтерди даярдоо жана тирөөчтөр үчүн жер бөлүп берүү иштери башталды.

“CASA-1000” долбоорун 6,5 ай карагандан кийин (2021-жылдын 28-январында), Баткен облусу боюнча мамлекеттик экспертизанын оң корутундусу алынган.

2021-жылдын 30-мартындагы №119 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун аймагында жайгашкан жерлерди “Айыл чарба багытындагы жерлер”, “Суу фондунун жерлери” жана “Токой фондунун жерлери” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө” токтому чыккан.

2,5 ай кароодон кийин 2021-жылдын 13-сентябрында Ош жана Жалал-Абад облустары боюнча мамлекеттик экспертизасынын оң корутундусу алынган.

2022-жылдын 4-мартында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №112 “Кыргыз Республикасынын Ош жана Жалал-Абад облустарынын жана Ош шаарынын аймагында жайгашкан жерлерди “Айыл чарба багытындагы жерлер” жана “Суу фондусунун жерлери” категорияларынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө” токтому чыккан.

COVID-19 пандемиясы жана Кыргыз Республикасында киргизилген өзгөчө кырдаал да колдоо үчүн жерлерди каттоо иштеринин кечеңдешине алып келди.

Участокто курулуш иштери башталгандан бери, ошого жараша кызматтар “Monenco Iran” 2021-жылдын 29-июлундагы 7-түзөтүү менен кошумча 28 айга б.а. 04.10.2023 чейин узартылган.

Баткен облусунда курулуш иштери 2021-жылдын 1-февралында башталып, Ош жана Жалал-Абад облустарында курулуш иштери 2021-жылдын 15-сентябры деп жарыяланган.

Буга байланыштуу бүгүнкү күндө Mitas компаниясынын Подрядчысы “Кыргызстан УЭТ” ААКсына карата жалпы суммасы 16 057,01 миң АКШ долларга каржылык дооматы бар.

- 12 121,91 миң АКШ доллары өлчөмүндө иштин кечиктирилиши жана күтүлбөгөн чыгымдардын жогорулашы боюнча дооматтар;

- 259,45 миң АКШ доллары өлчөмүндө берилген жабдуулар жана аткарылган иштер үчүн өз убагында төлөнбөгөн доомattар;
- 3 042,25 миң АКШ доллар өлчөмүндө каржылоонун жетишсиздигинен улам жумушту токтотуу боюнча доомattар;
- Кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдөн улам ВЛ каттамынын өзгөрүшүнө байланыштуу чыгымдар үчүн 150,0 миң АКШ доллары суммасындагы доомattар;
- 483,4 миң АКШ доллары өлчөмүндө Кытайдан зымды жеткирүү баасын оңдоо боюнча доомат.

- ***Ишти баштоонун кечиктирилишинен жана нарктын күтүүсүз жогорулашынан улам келип чыккан доомattар:*** жерди алуу маселесинин чечилиши узакка созулганынан, пандемиядан жана анын кесепеттеринен улам, подрядчы өз талаптарын билдирген жана оңдоолорду киргизип өзгөртүүнү, түзөтүүлөрдүн көлөмүн көбөйтүүнү, ошондой эле материалдарды жана жабдууларды ташуу үчүн келишимдерде каралган суммаларды көбөйтүүнү сунуштаган.

Бирок, “Кыргызстан УЭТ” ААКсы подрядчы тарабынан өз милдеттенмелерин кол коюлган келишимдердин шарттарына ылайык так аткарышы керек деген жүйө менен оңдоо формулаларына жана транспорттук чыгымдардын наркынын жогорулашына подрядчы тарабынан сунушталган өзгөртүүлөрдү кабыл албаган.

***Берилген жабдуулар жана аткарылган иштер үчүн өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн доомattар:*** Подрядчы берилген эсеп-фактураларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн келишимдин шарттарына ылайык айыптарды салат. Бирок, “Кыргызстан УЭТ” ААКсы келишимдин негизинде бул доомattарды кабыл албайт жана подрядчыга берилген эсеп-фактуралар бардык эрежелерге ылайык түзүлүшү жана зарыл болгон документтер менен тиркелиши керек деп жооп кайтарган.

-***Каржылоонун жетишсиздигинен улам иштин токтотулушуна байланыштуу доомattар:*** “Кыргызстан УЭТ” ААКсы доомattарды таанибайт, анткени 2022-жылдын 28-декабрындагы сүйлөшүүлөрдүн протоколуна ылайык иштин токтотулушуна байланыштуу бардык доомattар жокко чыгарылган.

- ***Кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдөн улам аба линияларынын багытын өзгөртүүгө байланыштуу чыгашалар боюнча доомattар:*** Подрядчы Кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдү жок кылбоо үчүн курулуш иштерин жүргүзүү үчүн өзүнүн персоналын жана жабдууларын кайра мобилизациялоо үчүн кошумча 150,0 миң АКШ доллар сурап жатат. Ошол эле учурда “Кыргызстан УЭТ” ААКсы Кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдү өстүрүү мүмкүнчүлүгү “Айлана-чөйрөгө жана социалдык чөйрөгө тийгизген таасирин баалоо” документинде баяндалган деген позицияны карманат.

Бул документ подрядчы тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш, ушуга байланыштуу бул доомattар “Кыргызстан УЭТ” ААКсы тарабынан кабыл алынбайт жана подрядчынын жоопкерчилиги болуп саналат.

***Кытайдан зым жеткирүү баасын түзөтүү дооматы:*** Кытайдан зымды жеткирүү 2022-жылдын январында пландалган, бирок Кытай Жаңы жылын майрамдоого байланыштуу, андан кийин Кытайдагы коронавирустук пандемияга байланыштуу чектөөлөр менен жеткирүү 2022-жылдын май айында гана ишке ашырылган. Ушуга байланыштуу подрядчы түзөтүүнү эсептөө үчүн 2022-жылдын май айына карата индекстерди колдонгон. Бирок, Консультант Monenco жана "Кыргызстан УЭТ" ААКсы подрядчынын түшүндүрмөлөрүн ынандырарлык деп эсептешкен жок, анткени подрядчы зымды жеткирүүнүн альтернативдүү варианттарын иштеп чыгышы мүмкүн болчу (индекстер 2022-жылдын январь айына кабыл алынган).

Түзөтүүнүн жалпы суммасынын айырмасы "Кыргызстан УЭТ" ААКнын пайдасына 483,4 миң АКШ долларын түздү. Бирок подрядчы буга макул болбой, көрсөтүлгөн сумманы талашууда.

Подрядчы менен дооматтарды жокко чыгаруу боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Подрядчы Mitas ошондой эле келишимге ылайык талаш-тартыштарды жөнгө салуу боюнча Кеңеш түзүүнү талап кылат. "КУЭТ" ААКсы Талаштарды чечүү боюнча Кеңештин ишин төлөөгө каражаттын жоктугунан улам бул талаштуу маселелер боюнча бул Кеңешти түзбөстөн өз ара макулдашууга жетүү үстүндө иштеп жатат.

**Корутунду:** Подрядчы Mitas тарабынан ишти баштоо датасынын кечиктирилишине жана берилген жабдуулардын акысын төлөөгө, ошондой эле долбоорлоонун жана долбоорду ыңгайлаштыруунун кечеңдешине байланыштуу коюлган дооматтар боюнча маселелер чечилбеген бойдон калууда.

**Сунуштама: "КУЭТ" ААКсына**

Подрядчы "Mitas" менен бирдикте көз карандысыз консультанттын катышуусунда Подрядчынын дооматтар боюнча бардык талаптарын иштеп чыгып, көтөрүлгөн маселелер боюнча макулдашылган чечимге келсин.

**Аныкталды:** 2021-жылдын 30-мартындагы 6-түзөтүүгө кол коюлган, анда адам-айлардагы жумуш убактысы өзгөртүлдү, ошондой эле иштөөгө пландаштырылган консультанттар "Monenco Iran" консультанттарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн иштеши кечирээк убакытка жылдырылганына байланыштуу башка планга которулуп, иш убактысы кошумча киргизилген. (долбоордук документацияны "Monenco Iran" карап чыгууну уланткан). Демек, контракттын жалпы наркы 1 909 945,9 АКШ долларынан 1 294 189,0 АКШ долларына чейин кыскарган (615 756,9 АКШ долларына кыскарган).

Бирок, контракттын мөөнөтү узартылгандыктан, "Monenco Iranдын" консалтингдик кызматтарынын көлөмү өзгөртүлүп, 2021-жылдын 27-августунда Дүйнөлүк банк мөөнөттү кошумча 28 айга көбөйтүүнү жана келишимдин жалпы наркын 1 294 189 АКШ долларынан 3 873 291,85 АКШ долларга чейин көбөйтүлгөнүн жактырган.

Келишимдин жалпы шарттарына ылайык ("Кошумча негизги эксперттерди бекитүү" 31-пункту) жеринде иштердин чоң көлөмүнө байланыштуу 18 айга кошумча эки инженер кошулду.

***“Monenco Iran” менен келишимдин суммасы жөнүндө маалымат***

| **Аталышы** | **Келишимдин суммасы, АКШ доллары** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **келишим боюнча** | **өзгөртүлгөн (Ондоо-6) 27 айга** | **28 айга өзгөртүлгөн (Ондоо-8)** | **Жалпысынан 55 ай** |
| Эмгек акы, жалпы өзгөртүү (+, -) | 1 246 950 | 838 550 | 1 727 410 | 2 565 960 |
| Орнотулган иш сапарынын чыгымдары кеңсенин ижарасы жана башкалар. | 161 970 | 161,970 | 216 600 | 378 570 |
| Кыргыз Республикасынын салыктары | 501 025.89 | 293 669 | 635,092,85 | 928,761,85 |
| Бардыгы | 1,909,945,89 | 1 294 189 | 2,579,102,85 | 3,873,291,85 |

**Корутунду:** Долбоорду ишке ашырууда мөөнөттөрдү узартуу Консультант менен түзүлгөн келишимдин наркынын баштапкы суммага салыштырмалуу 1 963,3 миң АКШ долларына (3 873,29 – 1 909,95 = 1 963,3) же 170 021, 7 миң сомго өсүшүнө алып келди (2022-жылдын 31-декабрына карата - 86,6 сом/АКШ доллары алмашуу курсу боюнча), бул Подрядчынын, “КУЭТ” ААКсынын жана Консультанттын маршруттарды, шарттарды жана долбоорду ишке ашыруу мөөнөттөрүн даярдоодо орун алган кемчиликтерин көрсөтөт. Мындан тышкары, Консультанттын кызматтарын төлөө үчүн жетишпей жаткан каражаттардын суммасын берүү маселеси чечиле элек.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, “КУЭТ” ААКсына**

Долбоорлорду даярдоодо жана ыңгайлаштырууда, ишке ашырууда четтөөлөрдү болтурбоо үчүн долбоордук документтерди бекитүү боюнча чечимдер өз убагында кабыл алынышы керек. Долбоорду аяктоо үчүн консультанттын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө үчүн каржылоонун жетишсиз көлөмүн камсыз кылуу боюнча маселенни чечүү колго алынсын.

**Аныкталды:** Ош жана Жалал-Абад облустарында долбоордун аяктоо мөөнөтү 2023-жылдын 15-сентябры. Бирок 2022-жылдын аягына карата тирөөчтөрдү орнотуунун 78%ы гана бүткөрүлгөн, бирок аудит учурунда, б.а. 2023-жылдын 15-сентябрына карата тирөөчтөрдү орнотуу толук көлөмдө бүткөрүлгөн, долбоорду каржылоо маселелери өз убагында чечилбегендиктен, калган иштер (тирөөчтөрдү орнотуудан башкасы) 47% гана аткарылган.

**Корутунду:** Долбоорду кошумча каржылоо маселелери өз убагында чечилбегендиктен “CASA -1000” келишимде каралган Ош жана Жалал-Абад облустарында долбоорду аяктоо мөөнөтүндө (2023 - жылдын 15 - сентябрына чейин) бүткөрүлгөн эмес.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

CASA-1000 долбоорун кошумча каржылоо маселелерин чечүү жана Ош жана Жалал-Абад облустарында долбоордук иштерин аяктоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**“Mitas Energy and Metal Constructions Inc” компаниясынын**

**келишимдик иши**

"Кыргызстан УЭТ" ААК тарабынан бекитилген акыркы каттамына ылайык, компания "Mitas" TW-05 (IsDB), TW-06 (IDA жана EIB) келишимдеринин деталдуу долбоордук документтерин иштеп чыккан.

Линиянын жалпы узундугу 455,99 чакырымды түзгөн. Тирөөчтөрдүн жалпы саны 1243 даана. TW-05 боюнча (126,43 км) тирөөчтөрдүн саны 346, анын ичинен 5 ортолук жана 341 даана анкердик (келишим боюнча 360 даана, анын ичинен 48 даана орто жана 312 даана якордук), ал эми TW-06 боюнча - тирөөчтөрдүн саны 897 даана, анын ичинен 156 даана ортолук жана 741 даана анкердик (келишим боюнча 930 даана, анын ичинен 93 орто жана 837 анкер).

Линиянын маршрутунун баштапкы долбоордон 5,99 км узарышы, көйгөйлүү жерлерди жана калктуу пункттарды айланып өтүүдөн улам болгон:

Жалал -Абад шаарында - 0,15 км., Кампыр - Рават айыл чарба айылына жакын - 0,7 км (50 га жерге жаңы курулуш) , Шагым айылы Өзгөн району - 3,5 км , Борбаш айылы, Ноокат району - 0,3 км, айыл, Чек-Абад айылы, Араван району - 0,6 км, Кадамжай районунун Жийделик айылы - 0,15 км жана Сүлүктү шаары - 0,27 км, ошондой эле Кара-Суу районунун Төлөйкөн айылына жакын жердеги линиянын каттамы 0,35 км жана Он эки бел айылы Ноокат районунан 0,1 км. Өзгөртүүлөр "Кыргызстан УЭТ" ААКнын техникалык кеңеши тарабынан каралып, бекитилген ( 2020-жылдын 14-январындагы №2 протоколу, 2020-жылдын 3-мартындагы №5, 2020-жылдын 19- мартындагы №5, 2020-жылдын 15-майындагы № 6 протоколу, №9).

Тирөөчтөрдү орнотуунун наркынын негизги өсүшү - тирөөчтөрдүн пайдубалынын топурак түрлөрүнүн айырмасынан (90% кургак тектер жана тоолуу рельеф болуп чыкты). Тирөөчтөрдүн негизин жана буттарын узартуу, ошондой эле тирөөчтөрдүн аралыгын 400 метрдин ордуна 600 метрге чейин узартуу колдонулуп анкердик-бурчтук таянычтарды орнотуу менен адырлуу рельефтин кээ бир райондорунда таянычтардын жалпы саны азайтылган.

Долбоордук документация бекитилгенден кийин подрядчы "Mitas", ошондой эле TW-05 жана TW-06 L-2 контракттары боюнча иштердин көлөмү менен баа таблицасын кайра карап чыккан, келишимдердин баасын 18 658,0 миң АКШ долларына жогорулатуу менен 2020-жылдын 16-ноябрында "Monenco Iran" консалтинг компаниясы (Иран Ислам Республикасы) тарабынан каралып, жактырылган. Демек, 2 келишимдин жалпы суммасы 155 668,0 миң АКШ долларынан 174 326,1 миң АКШ долларына чейин көбөйгөн, б.а. 12,0% көбүрөөк.

"Кыргызстан УЭТ" ААКсы 2022-жылдын 5-апрелинде контракттардын наркын 18 543,94 миң АКШ долларына жогорулатууну жактырган.

2022-жылдын 31-декабрына карата Подрядчы төмөнкү иштерди бүтүргөн:

| **Жумуш түрү** | **Жалпы саны, даана /км** | **Аткарылды, даана/км** | **Прогресс** |
|---|---|---|---|
| | | **Бардыгы** | **%** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| TW05 | | | |
| Тирөөчтөрдү орнотуу | 34 6 | 320 | 92.48 % |
| Изоляторлорду жана чынжырлуу арматураларды орнотуу | 346 | 0 | 0 % |
| Зым асмалары | 126.43 | 0 | 0 % |
| Чагылгандан коргоо кабелин орнотуу | 126.43 | 0 | 0 % |
| Була-оптикалык байланыш линияларын орнотуу | 126.43 | 0 | 0% |
| TW06L2 | | | |
| Тирөөчтөрдү орнотуу | 897 | 649 | 72.35 % |
| Изоляторлорду жана илиштирүүчү арматуларын орнотуу | 897 | 235 | 26,2% |
| Зым асмалары | 329.56 | 83.96 | 25.47 % |
| Чагылгандан коргоо кабелин орнотуу | 329.56 | 121.88 | 37% |
| Була-оптикалык байланыш линияларын орнотуу | 329.56 | 126.61 | 38,41% |
| TW05 + TW06L2 | | | |
| Тирөөчтөрдү орнотуу | 1243 | 969 | 77,9% |
| изоляторлорду жана илиштирүүчү орнотуу | 1243 | 235 | 18,9% |
| Зым суспензиясы | 455.99 | 83.96 | 18.41 % |
| Чагылгандан коргоо кабелин орнотуу | 455.99 | 121.88 | 26,72% |
| Була-оптикалык байланыш линияларын орнотуу | 455.99 | 126.61 | 27,76% |

2022-жылы 452 км тирөөчтөргө жетүү үчүн салган жолдор курулуп, 520 фундаменталдык чуңкурлар казылып, 575 фундамент куюлуп, 541 тирөөч орнотулуп, 84 км зымдар тартылган.

**Аныкталды/Корутунду:** Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө өзгөртүүлөр киргизилди, алардын айрымдары иштин наркынын жогорулашына алып келди:

- *160 кН ордуна 210 кН изоляторлорду колдонуу;*
- *Реакторду муздатуу түрүн ONAN тибинен ONAF түрүнө өзгөртүлдү;*
- *Иштин көлөмүндөгү жана сандык көрсөткүчтөрдөгү өзгөрүүлөр (KHS M тибиндеги тирөөчтүн базасын кеңейтүү жана болот топурактама лентасын колдонуу).*

"Кыргызстан УЭТ" ААКсы бекиткен линиянын маршрутуна ылайык подрядчы TW-05 и TW-06 Lot 2 келишимдер боюнча деталдуу долбоордук документтерди иштеп чыккан, линиянын жалпы узундугу 455,9 км түздү же болбосо 5,9 км оскөн жана тирөөчтөрдүн жалпы саны эки келишим боюнча 1243 түздү. Ошол эле учурда подрядчы TW-05 жана TW-06 лот 2 келишимдердин иш көлөмү менен баа таблицаларын кайра карап чыккан.

Бул кайра карап чыгууга ылайык, TW-05 үчүн келишимдин баасы 4 503,37 миң АКШ долларына көбөйүү менен 47 141,04 миң АКШ долларынан 51 644,41 миң АКШ долларына чейин өзгөргөн, ал эми TW- 06-Лот2 келишими

боюнча 108 527,023 миң АКШ долларынан 122 681,74 миң АКШ долларына өзгөргөн, б.а. жалпы 14 041,03 миң АКШ долларына көбөйгөн.

Контракттык макулдашуу боюнча жалпы өсүш 18 544,4 миң АКШ долларын түзгөн.

“Кыргызстан УЭТ” ААКнын Башкы дирекциясы 2022-жылдын 5-апрелинде иштин көлөмүн өзгөртүүнү бекиткен.

Долбоордун жүрүшүндөгү өзгөрүүлөр, анын ичинде жумуштун көлөмүнүн өзгөрүлүшү (155,67 млн АКШ доллардан 174,33 млн АКШ долларына өзгөрүп, 18,66 млн АКШ долларга көбөйгөн), инфляция (Дүйнөлүк бааларга байланыштуу баанын өзгөрүлүшү 26,17 млн АКШ долларын түздү) жана алмашуу валюталарынын (ислам динарынын, евронун, СПЗнын) АКШ долларына курсу түшкөндүгүнүн таасиринен каржылоо суммасы 180 млн АКШ доллары болсо, аныгы 163,48 млн долларына чейин азайды.

Аталган себептерден улам CASA – 1000 долбоордун наркы 37 000,0 миң АКШ долларга чейин же 3 204 200,0 миң сомго өсүшүнө алып келди (31.12.22-ж. курсу боюнча - 86,6 сом/АКШ доллары), бул 2011-жылы даярдалган долбоордун техникалык-экономикалык негиздемесинин түзүлгөн шарттарга начар байланышы бар экенин көрсөтүп турат.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

Инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда ишке ашыруунун мөөнөттөрүнүн ТЭНде каралгандан ири четтөөлөргө жол берилбесин, бул ишке ашыруу учурунда каржылоонун көбөйүшүнө алып келет.

**Аныкталды/Корутунду:** Долбоордун жүрүшүндө өзгөртүүлөр подрядчы тарабынан киргизилген Mitas (CASA - 1000 долбоорунун кыргыз бөлүгүнүн автору), “Моненко” (Иран Ислам Республикасы) консалтингдик компаниясы менен макулдашылган жана жактырылган.

Ошол эле учурда, 2018-жылдын 26-сентябрындагы №23-15/0158 (ИБР) жана 2019-жылдын 21-февралындагы №23-15/0035 (ЭӨА жана ЕИБ) келишимдерине ылайык, подрядчы Mitas-ка CASA-1000 долбоорун долбоорлоо, өндүрүү, сыноо, жеткирүү, ташуу, монтаждоо, куруу жана ишке киргизүү жүктөлгөн. Аудиттин оюу боюнча жыйынтыгы долбоорду иштеп чыгууда жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, сыноодон өткөрүүдө жана кабыл алууда кызыкчылыктардын кагылышуусу коркунучун жаратат.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, “Кыргызстан УЭТ” ААКс**ына

Инвестициялык долбоорлор боюнча Макулдашууну түзүүдө кызыкчылыктардын кагылышуусу тобокелдигинин мындай учурларын четтетүү жана толук көзөмөлдү камсыз кылуу максатында Долбоорлоочу менен Подрядчынын функцияларын бөлүү маселесинин үстүндө иштелип чыксын.

Monenco Iran Consulting Engineers Co. компаниясы тарабынан ордун толтуруучу Консультанттын чыгымдары жана Подрядчынын жабдуулары жана аткарылган иштердин төлөмү боюнча маалымат 2-тиркемеде келтирилет.

**CASA-1000 долбоорун аяктоо үчүн зарыл болгон кошумча насыя каражаттары**

***Аныкталды:*** Материалдарга баанын олуттуу өсүшүнө жана инфляциялык процесске байланыштуу долбоордун донорлору тарабынан бөлүнгөн каржылоонун жалпы көлөмү CASA -1000 долбоору боюнча Контракттык макулдашуулар боюнча “Кыргызстан УЭТ” ААКнын финансылык милдеттенмелерин жабуу үчүн жетишсиз болуп калган.

Кошумча каржылоо маселеси чечилгенге чейин “Mitas” подрядчиги жана “Monenco Iran” Буюртмачынын инженерлеринин ишин токтоткон. (2023-жылдын 21-мартында баштап подрядчы өз эсебинен курулуш иштерин улантканга чейин).

Жалпысынан CASA-1000 долбоорунун алкагында контракттык макулдашуулар боюнча “Кыргызстан УЭТ” ААКсы милдеттенмелерин жабуу үчүн жана долбоорду колдоо жана ишке ашыруу үчүн кошумча 37 млн АКШ доллары өлчөмүндө каржылоо жана техникалык жардам үчүн 3 млн АКШ доллары талап кылынаары белгиленген (техникалык көзөмөл, экологиялык көзөмөл боюнча консультанттардын кызматына акы төлөө, ж.б.).

Белгилей кетсек, TW -05 (ISDB) келишими боюнча подрядчы Mitas 2023-жылдын 15-августуна чейин бардык курулуш иштерин бүтүргөн.

TW-06 (IDA (MAP) жана EIB) келишими боюнча Жалал-Абад жана Ош облустарында жерге зымдарды, оптикалык була-оптиканы жана зымдарды монтаждоо боюнча контракттын аракети токтотулгандыгы жарыяланды, б.а. бул иш 2023-жылдын жай айларында башталышы керек болчу, бирок бюджеттин тартыштыгынан жана кошумча каражаттын жетишсиздигинен улам бул жерде мындан аркы курулуш иштери токтотулган.

CASA -1000 долбоорун ишке ашырууну өз убагында жана натыйжалуу аяктоо максатында “Кыргызстан УЭТ” ААКнын Башкы дирекциясы Ислам өнүктүрүү банкынан 13 млн АКШ доллары өлчөмүндө, Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынан 14 млн АКШ доллары өлчөмүндө жана Европа инвестициялык фондунун банкынан 10 млн АКШ доллары өлчөмүндө кошумча каржылык ресурстарды суроо чечимин кабыл алды.

2022-жылдын 6-декабрындагы № 6 протоколу менен “Кыргызстан УЭТ” ААКнын Директорлор кеңеши CASA-1000 долбоорун ишке ашырууну аяктоо үчүн долбоордун донорлорунан 37 000,0 миң АКШ доллары өлчөмүндө кошумча кредиттик каражаттарды алууга макулдашты.

2022-жылдын 30-декабрында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ЭӨА ( Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы) долбоорунун донорлоруна (27 млн. АКШ доллары, анын ичинен 3 млн. АКШ доллары долбоорду техникалык колдоо үчүн) жана ИӨБнан (13 млн АКШ доллары) кошумча каражат берүүсүн суранып кат жазган.

2023-жылдын 20-апрелинде ИӨБнын Директорлор кеңеши CASA-1000 долбоору үчүн 13 миллион АКШ доллары өлчөмүндө кошумча каржылоону

бекитти, бул 10 миллион ислам динарына туура келет, бирок жеңилдетилген мезгилди берилбегендиктен кыргыз тарап муга макул эмес болгон.

Мунун негизинде 2023-жылдын 17-июнунда Финансы министрлиги ИӨБна кошумча 13 миллион АКШ доллары өлчөмүндө жеңилдетилген мөөнөттө кошумча каржылоо бөлүү жөнүндө кат жөнөттү. 2023-жылдын 21-июлунда ИӨБдан ИӨБ жаңы шарттарда кошумча каржылоого макул экендиги тууралуу жоопалынды.

2023-жылдын 21сентябрында Дүйнөлүк банк 18,3 миллион АКШ доллары өлчөмүндө кошумча финансылык ресурстарды бөлүү маселесин караган.

Дүйнөлүк банктан дагы 8,7 миллион АКШ доллар өлчөмүндөгү кошумча каржылоонун жетишпеген суммасын суроо чечими кабыл алынды (жалпы 27 млн. АКШ доллары).

**Корутунду:** Финансылык ресурстардын жетишсиздигинен улам, кошумча каржылоо маселелери чечилмейинче, подрядчы “Mitas” жана консультант “Monenco Iran” тарабынан долбоор боюнча активдүү иш токтотулган.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, “Кыргызстан УЭТ” ААКсы**

Эл аралык милдеттенмелерди өз убагында аткаруу максатында донорлордон кошумча каражаттарды каржылоону тездетүү жана келишимдик милдеттенмелерге ылайык CASA-1000 долбоорун ишке киргизүүнү аяктоону тездетүү камсыз кылынсын.

**Электр берүү линияларын куруда бузулган жерлерди рекультивациялоо**

**Аныкталды:** 2018-жылдын 26-сентябрындагы №23-15/0158 жана 2019-жылдын 21-февралындагы №23-15/0035 келишимдерине ылайык тирөөчтөргөө жетүү үчүн жолдорду (мындан ары – кирүүчү жолдор) курууда айыл чарба жоготууларын жана алынбай калган пайдасын төлөө Подрядчыга жүктөлөт.

Техникалык долбоордун шарттарына ылайык курулуш иштери жүрүп жаткан жерге кирүүчү жолдор убактылуу болуп саналат жана аларга болгон муктаждык өткөндөн кийин жер участогунун максаттуу арналышына карабастан, кирүүчү жол катары пайдаланылган аянт рекультивацияланат - баштапкы абалына келтирилет.

Курулуш аянтчасына жаңыдан курулуп жаткан кирүүчү жолдордун жалпы узундугу 436,16 км. Негизги олуттуу таасири бар кирүүчү жолдун узундугу болжол менен 99 км калктуу пункттарга чектеш жолдордо болот.

“Кен-Тоо” ПИЦ компаниясы “Mitas” ААКсынын заказы боюнча “CASA-1000” электр өткөргүч линиясын куруунун алкагында электр линияларын курууда бузулган жерлерди рекультивациялоо” жасоо үчүн

Техникалык долбоорун иштеп чыккан жана 2022-жылдын 30-сентябрындагы мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусун алган.

Рекультивациялоонун жалпы аянты 453,19 га жана рекультивацияланууга тийиш болгон кыртыштын жана өсүмдүк катмарынын жалпы көлөмү 347 531,52 м3 түзгөн.

Рекультивациялоо иштеринин жалпы сметалык баасы баанын базалык деңгээлине жараша 36 531,123 миң сомду түзөт жана 2022-жылдын апрелине карата учурдагы баага жакын өскөн индекстерди эске алуу менен КНС 12%ды эсепке алганда 60 311,431 миң сомду түзөт. Бул жумуш подрядчынын өздүк эсебинен буткөрүлүшү керек.

**Корутунду:** 2023-жылдын 15-августундагы TW-05 долбоору боюнча бардык курулуш -монтаждоо иштери (Тажикстан Республикасынын чек арасынан 126 км аралыкка чейин 500-кВт Электр өткөрүүчү линиясын куруу жана монтаждоо) аяктады. Буга байланыштуу, келишимге ылайык, подрядчы “Mitas” жалпы аянты 82,56 га (анын ичинен 63,35 га техникалык жана 19,21 га - биологиялык), рекультивация иштерин жүргүзүүсү керек болчу, ал эми рекультивацияланууга тийиш болгон кыртыштын жана өсүмдүк катмарынын жалпы көлөмү 64 546,3 м3, мында мелиоративдик иштердин жалпы баасы (КНС менен) 60 311,431 миң сомду түзөт.

Бирок, аудит учурунда курулуштун бүткөн бөлүгүндө рекультивация иштери баштала элек.

**Сунуштама: : “Кыргызстан УЭТ” ААКсы**

Подрядчы “Mitas” TW-05 долбоору боюнча “CASA-1000” электр берүү линиясын куруунун алкагында жана TW-06 долбоору боюнча электр линияларын курууда Кыргыз Республикасынын мыйзамынын алкагында бузулган жерлерди рекультивациялоо боюнча 60 311,431 миң сомдук иштерди жүргүзүүгө милдеттендирилсин.

**Насыялык каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгү боюнча пайыздарды төлөө**

**Аныкталды/Корутунду:** Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (Дүйнөлүк банк) каржылаган 45 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнө, Дүйнөлүк банктын тартибине ылайык, жыл сайын жылдык ставкасы 0,5% пайызды төлөө милдеттенмеси “Кыргызстан УЭТ” ААКсы менен КРнын Финансы министрлигинин карыздык милдеттенмесинин 2.3-пунктуна бекитилген.

Бирок, 2018-жылдын 6-мартында Дүйнөлүк банк 2018-финансылык жылга (2017-жылдын июнь – 2018-жылдын июнь айлары) бардык Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын кредиттери боюнча кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнө комиссиялык төлөм нөлгө барабар экендигин билдирген.

Дүйнөлүк банк 2018-жылдын 19-сентябрында насыялык каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн комиссиялык төлөм 2018-2019-

финансы жылына карата да колдонулбай турганын жана тиешелүүлүгүнө жараша нөлгө барабар экенин жарыялаган.

Ушуга байланыштуу, 2018-жылдын май айынан бери “Кыргызстан УЭТ” ААКсы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине насыялык каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгү боюнча пайыздарды төлөө боюнча карыздарды эсептебөө өтүнүчү менен бир нече жолу кайрылган.

Ошол эле учурда “Кыргызстан УЭТ” ААК тарабынан ссудалык каражаттардын өз убагында берилбей жатышынын негизги себептеринин бири тирөөчтөрдү жана кирүүчү жолдорду куруу үчүн жер тилкелеринин өз убагында берилбегендиги болду.

“CASA-1000” долбоорун ишке ашыруу жана мамлекеттик экспертизанын корутундуларын алуу үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан жер бөлүү боюнча чечимдерди кабыл алуу процесси 2019-жылдын апрелинен 2022-жылдын мартына чейин созулган.

Дүйнөлүк банк кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөй калган бөлүгү үчүн комиссиялык жыйымды алып салганына карабастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2022-жылдын 31-декабрынан тартып 2018-2021-жылдарга кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын кредити боюнча 692,39 миң АКШ доллары же 53 421,6 миң сом суммасындагы комиссиялык жыйымдарды эсептеген.

Анын ичинен “Кыргызстан УЭТ” ААКсы 2019-жылдын 7-августуна чейин 24 285,5 миң сом же 347,85 миң АКШ долларын төлөгөн.

Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети 2018-жылдын 26-октябрындагы каты менен макулдашуу үчүн Кыргыз Республикасыныны министерстволоруна жана ведомстволоруна Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2016-жылдын 25 ноябрындагы №514 буйругун долбоорун жөнөткөн.

Тактап айтканда, жогорудагы буйрукту төмөнкүдөй ченем менен толуктоо сунушталган: “Эгер кредиттик милдеттенмелер боюнча комиссия үстүбүздөгү жылы колдонулбаса, “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому пайыздарды төлөөдөн бошотулат”.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин бул долбоорлордун макулдашуусунда бир нече жолу четке кагуу себебинен, кабыл алынгыс узак мөөнөттөн кийин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майында №119-р буйругу кабыл алынган.

2021-жылдын 23-июнуна карата милдеттенме боюнча 344,54 миң АКШ доллар жана айыптар 0,28 миң АКШ доллар өлчөмүндө комиссиялык төлөмдөр чегерилген, бирок төлөнбөгөн.

КРнын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №119-р буйругунда белгиленгендей карыздык милдеттенме боюнча чегерилген, бирок кайтарылбаган комиссия төлөмдөрү 2036-жылдын 15-августунда төлөнүүгө тийиш.

Бирок бул маселе өз убагында (2019-жылдын февраль айына чейин) чечилгенде - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу кабыл алынганда, “Кыргызстан УЭТ” ААК 2019-жылдын февраль айынан тарта кредиттик каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнө пайыздарды (жалпы суммасы 53421,5 миң сом) төлөөдөн бошотулмак.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Ссудалык каражаттардын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнүн калдыктарына чегерилген резервдик жыйымдарды төлөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун бекитүү жөнүндө маселени чечүүнү создуктурган кызмат адамдарына чара көрүлсүн.

**“Mitas” подрядчыдан келишимди аткаруу үчүн банк гарантиясын алуу**

**Аныкталды:** Подрядчы менен түзүлгөн келишимдин 13.3 жана 4.2 пунктуна талабына ылайык, 2018-жылдын 26-сентябрындагы № 23-15/0158 жана 2019-жылдын 21-февралындагы № 23-15/0035, Подрядчы Mitasт 15 566,6 миң АКШ доллары суммасында келишимдин баасынын 10% өлчөмүндө банктык кепилдик берген.

Долбоорлоо иштери аяктагандан жана деталдык долбоорду иштеп чыккандан кийин иштин көлөмү өзгөргөн, бул подряддык келишимдердин суммасынын дагы 18 626,9 миң АКШ долларына көбөйүшүнө алып келген жана келишимдин жалпы суммасы 174 294,9 миң АКШ долларын түзгөн. Бирок, келишимдин 13.3 жана 4.2-пункттары боюнча, 1 862,7 миң АКШ доллары же 161 309,8 миң сом өлчөмүндө (22.12.22 курсу боюнча - 86,6 сом/АКШ доллары) көбөйтүлгөн контрактын суммасынан Подрядчы банктык кепилдик берген.

**Корутунду:** Келишимдин 13.3 жана 4.2-пункттардын талабына ылайык, “Кыргызстан УЭТ” ААК подрядчы Mitasт тан 1 862,7 миң АКШ доллары же 161 309,8 миң сом жогорулатылган контракттын суммасынан келишимди аткаруу үчүн банктык кепилдик алган эмес.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

Подрядчы Mitasттан жогорулатылган контрактын суммасынан 10% пайыз өлчөмүндө, келишимди аткаруу үчүн, кошумча дагы 1 862,7 миң АКШ долларык каражат же 161 309,8 миң сом өлчөмүндө банктык кепилдик алынсын.

**“CASA-1000” долбоорунун курулушунун жүрүшүнө мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду ишке ашыруу**

***Аныкталды*:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-февралындагы №105 токтомунун 6-пункту менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына (азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция департаменти) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-

коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – “Мамкурулуш”) белгиленген тартипте “CASA-1000” ишке ашыруунун жүрүшүндө курулуш объектилерине мамлекеттик көзөмөлдү, контролду жана пайдаланууга кабыл алууну жүзөгө ашыруусу милдеттендирилген.

Аудиттин жүрүшүндө подрядчы Mitasтын атына 2022 –жылдын 4 августунда №187, 2023-жылдын 7- июлунда №25 жана №44 мыйзам бузууларды четтетүү боюнча үч эскертүү берилген, бирок ал учурга подрядчы 2 033 030,6 миң сомдук курулуш иштерин бүткөрүп койгон эле, б.а. 2021-жылдын 1-февралынан 2022 –жылдын июль-августуна чейинки курулуш жумуштарына мамлекеттик көзөмөлдөө жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-февралындагы №105 токтомунун 6-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба департаменти “CASA-1000” долбоорун ишке ашырууда объектилердин курулушуна 2021-жылдын 1-февралынан 2022 – жылдын июль-августуна чейинки курулуш жумуштарына мамлекеттик көзөмөл жана контроль жургүзүлбөгөн.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак- жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-февралындагы №105 токтомун ишке ашыруу жөнүндө “CASA-1000” долбоорунун объектилеринин курулушуна мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду өз убагында жүргүзүүнү уюштурбаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана мындан ары “CASA-1000” долбоорунун объектилеринин курулушуна мамлекеттик көзөмөлдү ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Түстүү металл сыныктарынын калдыктары

**Аныкталды:** Электр линияларын орнотууда белгилүү өлчөмдө зымдын бир бөлүгү кесилет жана таштанды катары каралат. Мындан тышкары кээ бир материалдар ташуу жана курулуш-монтаждоо жумуштарында иштен чыгып, бузулуп калат.

Долбоордук эсептөөлөр боюнча зым калдыктары зымдын жалпы көлөмүнүн 3% ашпоого тийиш. Келишимге ылайык, бул калдыктар Буюртмачыга таандык, келечекте Буюртмачы аларды сатуу же мүмкүн болгон пайдалануу боюнча чечим кабыл алышы керек.

**Корутунду:** Эксперттердин маалыматы боюнча (долбоордун кызматкерлеринин) 2022-жылдын аягында болот өзөктүү алюминий зымдарынын калдыктары болгону 17,55 тонна, анын ичинен алюминий – 12,94 тонна жана болот – 4,6 тонна. Бул түстүү металлдарды сынык катары сатууда (текшерүү күнүнө карата болгон металл сыныктарына бааларды эсепке алуу менен) алдын алуу эсеп менен, килограммы 19 сомдон болот жана килограммы 139 сомдон алюминий, жалпы суммасы 1 886,06 миң сомду түзөт.

Ушул сыяктуу эле, аудит учурунда 70,55 тонна болоттон жасалган өзөктүү алюминий зымдарынын, 52,03 тонна алюминийдин жана 18,51 тонна болоттун калдыктары болгон, алдын алуу эсеп менен болжолдуу түрдө 7583,86 миң сомду түзөт.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

“CASA-1000” долбоорунун аяктаган бөлүктөрү үчүн инвентаризация жүргүзүү жана калдыктардын көлөмүн аныктоо (ACSR маркасындагы электр зымы, чагылгандан коргоочу кабель), ошондой эле таштанды зымдарынын сактоону жана сатууну болжолдуу түрдө 7583,86 миң сом суммасында камсыз кылынсын.

**500 кВт Датка-Сугд электр берүү линиясынын** (ЭБЧ) **тетиктерин сатып алуу**

**Аныкталды/Корутунду:**

Келишимдин алкагында CASA-1000 долбоорун ишке ашырууда жалпы суммасы 2 600, 2 миң АКШ долларлык запастык бөлүктөр коюлууга тийиш эле.

Бирок, “Кыргызстан УЭТ” ААКнын 2022-жылдын 17-февралындагы №4 техникалык кеңешинде, CASA-1000 долбооруна запастык бөлүктөрдү алуунун жалпы суммасын 657,7 миң АКШ доллар деп бекитилген, же 1942,5 миң АКШ долларына чейин кыскартылган.

CASA-1000 долбооруна ылайык каралгандыктан, жабдуулар жана материалдар жеке мүнөзгө ээ, бул Долбоорду ишке ашыруу үчүн гана арналган жана эксплуатация учурунда өзгөчө кырдаалдарда колдонулушу керек.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

1. Запастык тетиктердин саны жана өлчөмү боюнча талдоо жүргүзүүсү зарыл жана мындан ары “жабдыктардын, запастык тетиктердин жана материалдардын авариялык запасы” беренеси боюнча долбоордук суммалардын негизсиз көбөйүшүнө жол берилбесин.
2. 2015-жылдын 09-сентябрындагы “Кыргызстан УЭТ” ААКнын колдонуудагы стандарттарына электр чубалгыларын курууда өзгөргөн реалдуулуктардын негизинде “жабдыктардын, запастык бөлүктөрдүн жана материалдардын авариялык запасына” тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** “Кыргызстан УЭТ” ААКсына Дүйнөлүк банк тарабынан 4 566,8 миң АКШ доллары өлчөмүндө гранттык жардам бөлүнгөн. Алардын ичинен 2018-жылдын июнь айынан 2023-жылдын 1-июлунда 3 690,3 миң АКШ доллары каржыланган жана сарпталган (консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн, калкты көчүрүү Планына, Инженер-Буюртмачы, Экологиялык көзөмөл, коммуникациялык колдоо, кызматкерлерди окутуу, аудитордук кызматтар ж.б.у.с.). 2023-жылдын 1-июлуна карата Дүйнөлүк банктын эсебинде турган пайдаланыла элек гранттык каражаттардын калдыгы 876,5 миң АКШ долларын түзгөн.

“Кыргызстан УЭТ” ААКнын 2022-жылдын 17-февралындагы №4 техникалык кеңешинин CASA-1000 долбоорунун авариялык запасын, автокранды, атайын жабдууларды жана башка инструменттер менен шаймандарды камсыз кылуу зарылчылыгы бар деп берген сунуштарына карабастан, 465,5 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражат өздөштүрүлгөн эмес, б.а. керек техника, жабдуулар жана шаймандар сатып алынбаган.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

2022-жылдын 17-февралындагы “Кыргызстан УЭТ” ААКнын техникалык кеңешинин №4 чечими менен “CASA-1000” долбоорунун 465,5 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү гранттык каражатары авариялык запасы катары - автокран, атайын жабдуулар жана шаймандар камсыз болууга тийиш деп берген сунуштары аткарылсын.

**“CASA-1000” долбоорунун учурдагы абалы**

**Аныкталды:** Курулуш Долбоордун бардык төрт өлкөсүндө 2021-жылдын апрелинен бери уланып жатат жана 2022-жылдын 31-декабрына карата жалпы керектүү сандагы тирөөчтөрдүн 55%ы орнотулду жана конвертердик көмөкчордондордун курулушу жүрүп жатат жана уланууда

CASA-1000 долбоорунун объектилеринин курулушу Кыргыз Республикасында (КР) 90%, Тажикстан Республикасында (РТ) 93%, Пакистан Ислам Республикасында (IRP) 80%, Афганистан Ислам Республикасында 20%га жетти. Долбоорду аяктоо Афганистан Ислам Республикасынын аймагында курулуш кайра башталгандан кийин болжол менен 24 айга созулат.

CASA-1000 өлкөлөрү тарабынан түзүлгөн CASA-1000дун башкаруучу органы болуп Долбоордун бардык төрт катышуучу-өлкөсүнүн Энергетика министрлеринен (же эквиваленттүү) турган Өкмөттөр аралык Кеңеш (ӨКК) саналат.

CASA-1000 долбооруна катышуучу өлкөлөрдүн министрлеринин орун басарларынын деңгээлиндеги өкүлдөрү болуп саналган Биргелешкен Жумушчу Топ (СРГ) МПС боюнча чечимдерди координациялоочу жана даярдоо боюнча орган болуп саналат.

Келечекте CASA-1000 долбоорунун алкагындагы өлкөлөрдүн электр энергиясын сатып алуу келишимине ылайык, коммерциялык эксплуатация башталгандан кийин 15 жылдын ичинде төмөнкүдөй киреше алуу пландаштырылууда:

- “Электр станциялар” ААКсына 1 199,6 млн. АКШ доллары (жылына 80 млн. АКШ доллары) 23293 млн. кВт/саат электр энергиясын экспорттоого;
- “Кыргызстан УЭТ” ААКсы 322,6 млн АКШ доллары суммасында бардык инвестициялык салыктарды актайт, 1 жылда кирешеси 21,5 млн АКШ долларын түзөт.

Мындан тышкары 500 кВт Датка-Сугд аба чубалгыларын тейлөөгө жана эксплуатациялоого, анын ичинде “Кыргызстан УЭТ” ААКсы үчүн 65 млн. АКШ доллары (жылына 4,3 млн. АКШ доллары) каражат бөлүү каралган.

“CASA-1000” долбоору 2024-жылдын аягына чейин бүткөрүлөт, бирок долбоордун максатына Тажикстан менен Афганистандын ортосундагы байланыш линиясын билдирген Афганистан бөлүгүн (120 миллион АКШ доллары талап кылынат) бүтүрмөйүнчө ишке ашыруу мүмкүн эмес (курулуш 2021-жылдын сентябрында ал өлкөдөгү саясий окуяларга байланыштуу токтотулган).

Бир катар варианттарды баалагандан кийин, учурда Ооганстандагы линияны бүтүрүү маселесин чечүүнүн эки негизги варианты каралууда. Биринчи вариант өлкөлөр үчүн артыкчылыктуу вариант бойдон калууда – бул учурдагы келишимдердин алкагында Дүйнөлүк банк аркылуу ишке ашыруу. Экинчи вариант - линияны андан ары эксплуатациялоо жана тейлөө менен жеке инвестор аркылуу ишке ашыруу үчүн жеке каржылоо.

**Корутунду:** Афганистан Ислам Республикасында курулушту улантуу маселеси чечилбестен, CASAнын бардык өлкөлөрүндө бир миллиард АКШ долларынан ашык суммага бүтүндөй долбоорду ишке ашыруу коркунучта болот.

Кыргыз Республикасынын аймагында CASA-1000 долбоорунун алкагында бүткөрүлгөн объектилердин коопсуздугун камсыздоо зарылчылыгы пайда болот (пайдаланууга кабыл алуу, Тажикстан Республикасы менен болгон маселелерди чечүү менен коопсуздук чыңалуусун камсыздоо ж.б.).

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, “Кыргызстан УЭТ” ААКге**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, “Кыргызстан УЭТ” ААК Афганистанда долбоорду ишке ашырууну кайра жандандыруу боюнча Өкмөттөр аралык кеңештин жана CASA-1000 биргелешкен жумушчу тобунун ишине жигердүү катышууга, ошондой эле бүткөрүлгөн объектилердин коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды көрүүлсүн (CASA-1000 долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын аймагында эксплуатацияга кабыл алуу, Тажикстан Республикасы менен маселелерди чечүү менен коопсуздук чыңалуусун камсыздоо ж.б.).

## “Баткен облусунун Лейлек районундагы Арка массивинин электр менен камсыздоону жакшыртуу” долбоору

2014-жылдын 25-июнундагы Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын (ИӨБ) ортосунда түзүлгөн Насыялык макулдашуунун алкагында “Баткен облусуна караштуу Лейлек районунун Арка массивинин электр менен камсыздоону жакшыртуу” долбоору ишке ашырылган (насыялык №KYR-0047). Макулдашуу Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 28-майындагы №120 Мыйзамы менен ратификацияланган.

Долбоордун негизги максаты “Айгүлташ-Самат” ЭБЧнан “Арка” көмөкчордонуна чейин 51 км 110 кВт аба чубалгысын куруу, жаңы “Раззаков” 110/35/10 кВт көмөкчордонун куруу жана Лейлек районундагы иштеп жаткан 110/35/6 кВт “Арка” көмөкчордонун реконструкциялоо болуп саналат.

| | |
|---|---|
| Донор: | Ислам Өнүктүрүү Банкы |
| Долбоордун суммасы: | 18 млн. АКШ доллары |
| Насыянын суммасы: | 16,25 млн. АКШ доллары |
| Каржылоо шарттары: | Гранттын мөөнөтү 30 жыл, анын ичинде 10 жыл кийинкиге жылдыруу (отсрочка). Пайыздык чен жылдык кредиттин суммасынан 0,75% ашпайт. Жеңилдетилген мезгил – 10 жыл |
| КРӨ салымы: | 1,75 млн. АКШ доллары “Кыргызстан УЭТ” ААКнын салымы |
| Кол коюу күнү: | 25-июнь 2014-жылы |
| КР мыйзамы (ратификациянын күнү): | 28-май 2015-жылы №120 |
| Күчүнө кирген күнү: | Кол коюлган күндөн тартып 180 күн, 1-январь 2015-жылы |
| Аткаруучу агентство: | Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети |
| Ишке ашыруучу агентствосу: | “Кыргызстан УЭТ” ААКсы |
| Долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтү: | Келишим күчүнө кирген күндөн тартып 3 жыл |
| Долбоорду жабуунун жана каржылоонун күнү: | Август 2021-жылы |

ИӨБ тарабынан берилген насыянын суммасы 16 250,00 миң АКШ долларын түздү, бул Долбоордун чыгашаларын каржылоонун суммасынын 90%ын түздү жана 10% Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кошо каржылоо болуп, болжолдуу суммасы 1 750,00 миң АКШ долларга бааланды. Аларга “Кыргызстан УЭТ” ААКсынын айрым курулуш иштерин жүргүзүүсү, жер участогун ээликтен ажыратуунун компенсациясын, долбоорду башкаруу тобунун чыгымдарын төлөөсү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан салыктардан, бажы төлөмдөрүнөн жана башкалардан бошотуусу кирет.

Насыялык макулдашууга жана иштелип чыккан техникалык-экономикалык негиздемеге ылайык каржылоо Долбоордун компоненттерине төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

(миң АКШ доллары)

| № | Компоненттин аталышы | Бюджет | | Жалпы | Факт | | Жалпы | ЧЕТТӨӨ | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ИӨБ | КУЭТ | | ИӨБ | КУЭТ | | ИӨБ | КУЭТ |
| 1 | АЧ 110 кВт (51 км) | 6 600,0 | | 6 600,0 | 5 299,0 | | 5 299,0 | -1301,0 | |
| 2 | КЧ «Раззаков», анын ичинде | 7 000,0 | 1 200,0 | 8 200,0 | 2 791,5 | 334,3 | 3 125,8 | - 4208,5 | -865,7 |
| | -Жабдуулар | 7 000,0 | | 7 000,0 | 2 791,5 | | 2791,5 | | |
| | - Курулуш иштери | | 1 200,0 | 1 200,0 | | 334,3 | 334,3 | | |
| 3 | «Арка» КЧ (реконструкциялоо), анын ичинде. | 270,0 | 40,0 | 310,0 | 1 200,0 | 127,6 | 1 327,6 | +930,0 | +87,6 |
| | - Жабдуулар | 270,0 | | 270,0 | 1 200,0 | | 1 200,0 | | |
| | - Курулуш иштери | | 40,0 | 40,0 | | 127,6 | 127,6 | | |
| 4 | Жерди ээликтен ажыратуу үчүн компенсация | | 250,0 | 250,0 | | 18,6 | 18,6 | | -231,4 |
| 5 | Кеңеш берүү кызматтары | 750,0 | | 750,0 | 743,6 | | 743,6 | -6,4 | |
| 6 | Долбоорду башкаруу тобу | | 100,0 | 100,0 | | 121,7 | 121,7 | | +21,7 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Башталыш жана таанышуу сапары | 100,0 | | 100,0 | 16,6 | | 16,6 | -83,4 | |
| 8 | Каржы аудити | 50,0 | | 50,0 | 20,0 | | 19,9 | -30,0 | |
| | Жалпы | 14 770,0 | 1 590,0 | 16 360,0 | 10 070,7 | 602,2 | 10 672,0 | | |
| 9 | Күтүлбөгөн чыгымдар | 1 480,0 | 160,0 | 1 640,0 | | | | -1480,0 | -160,0 |
| | **Бардыгы** | **16 250,0** | **1 750,0** | **18 000,0** | **10070,7** | **602,2** | **10 672,0** | **-6179,3** | **-1 147,8** |

**Аныкталды/Корутунду:** Долбоордун жалпы суммасы 18 000,0 миң АКШ долларын түзсө, иш жүзүндө пайдаланылган каражаттардын суммасы 10 672,9 миң АКШ долларын (59%) түзүдү. Керектүү жабдуулар орнотулуп, курулуш иштери аяктады. Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 29-июлундагы № 97 Мыйзамы менен ратификацияланган Кыргыз Республикасы менен Ислам Өнүктүрүү банкынын ортосундагы COVID-19 (1441H-2020G) менен байланыштуу айрым каржылоо келишимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө макулдашууга ылайык, үнөмдөлгөн ИӨБнын каражаттары ИӨБ бекитүүсү жана макулдугу менен COVID менен күрөшүү боюнча иш-чараларга бөлүнгөн.

Келишим боюнча үнөмдөлгөн каражат жеке коргонуу каражаттарын, ПЦР анализдерин, тез жардам унааларын, медициналык жабдууларды жана лабораторияларга керектелүүчү материалдарды сатып алууга жумшоо каралган.

Кошо каржылоо жолу менен каралган 1750,0 миң АКШ долларынан 602,2 миң АКШ доллары пайдаланылган же 1147,8 миң АКШ долларына азыраак.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

Инвестициялык долбоорлордун наркын аныктоодо алардын көлөмүн ашыкча баалоо жана негизсиз чыгымдарды кошуу тобокелдиктерин болтурбоо үчүн ашыкча заемдук каражаттарды пландаштырууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:** Пайдаланууга берилип курулуп бүткөн 110/35/10 кВт "Раззаков" атындагы көмөкчордонун куруу, 110 кВт АЧны куруу жана долбоорлоо, 110/35/6 кВт "Арка" көмөкчордонун кеңейтүү объектилеринин шайкештигин баалоо актыларын толтурууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан берилген бланктарда аткарылган иштердин түрлөрү жана көлөмү көрсөтүлбөйт. Бул актылар жогоруда аталган энергетикалык объектилерди кабыл алуу актылары катары аудитке сунушталды, ошол эле учурда энергетикалык жабдууларды жана монтаждоо иштерин мамлекеттик кабыл алуу жана шайкештикке баа берүү актылары жок экендиги аныкталды.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине**

Энергетикалык компаниялардын бүткөрүлгөн курулуш объектилерин пайдаланууга кабыл алууда тиешелүү формаларды иштеп чыгышсын жана энергетикалык жабдуулардын шайкештигин баалоо менен аткарылган курулуш,

куроо жана электрдик жумуштардын түрлөрүн көрсөтүү менен шайкештикти баалоо боюнча отчетторду даярдоону камсыз кылынсын.

**Аныкталды:** “Кыргызстан УЭТ” ААКнын филиалы – Ош электр тармактар ишканасы (заказчы) менен “Кубай” ЖЧКсы (подрядчы) 110 кВт “Раззакова” көмөкчордонду жана 110 кВт “Арка” көмөкчордонду курууга 2020-жылдын 26-майында №36/23-20 келишим түзүшкөн (курулуш иштери, жалпы курулуш, топурак жана бетон иштери).

Келишимдин жалпы суммасы 26 775,9 миң сомду түзөт, анын ичинен КНС 12%:

– 110/35/6 кВт “Арка” көмөкчордону курууга – 6 350,9 миң сом;

– 110/35/10 кВт “Раззаков” көмөкчордону курууга – 20 425,0 миң сом.

Эгерде Подрядчы жогоруда көрсөтүлгөн келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай аткарбаса (жумуштарды өз убагында аткарбагандыгы үчүн) буюртмачы подрядчыдан кечиктирилген ар бир күн үчүн аткарылбаган иштердин наркынын 0,1% өлчөмүндө, бирок келишимдин жалпы суммасынан 5% ашпоого тийиш, айып төлөп берүүнү талап кылууга укуктуу.

“Кубай” ЖЧКсы тиркелген иш графигинде көрсөтүлгөн мөөнөттө ишти бүтүрүшү керек болчу. Бирок форс-мажордук кырдаалга байланыштуу (Covid-19 пандемиясы) Иркештам порт-паркынын (КЭР) Административдик комитети аталган паркта товарлардын импортун жана экспортун чектөө чечимин кабыл алды. Натыйжада запастык бөлүктөрдү жана материалдарды берүүчүдөн (Ak-Ay Pinggao) үзгүлтүккө учураган.

Буга байланыштуу “Кубай” ЖЧКсы белгиленген мөөнөттө ишти бүтүрө алган эмес. Запастык тетиктерди жана материалдарды жеткирүү 2020-жылдын 22-декабрында №14 кабыл алуу актына ылайык жүргүзүлгөн.

110 кВт “Арка” көмөкчордонунда курулуш иштери 2021-жылдын февраль айынын башында улантылып, 2021-жылдын март айынын аягында аяктаган.

110 кВт Раззакова көмөкчордонунда курулуш иштери 2021-жылдын апрель айынын аягында улантылып, 2021-жылдын августунда аяктаган.

**Корутунду:** Подрядчынын 2020-жылдын 26-майындагы № 36/23-20 келишими боюнча өз милдеттенмелерин өз убагында аткарбагандыгы Covid -19 пандемиясына байланыштуу болгон, буга байланыштуу Иркештам порт-паркынын (КЭР) Административдик комитети тарабынан аталган паркка жүктөрдү ташып кирүүнү жана ташып чыгууну чектөө жөнүндө чечим кабыл алынган.

Бул жабдуучудан (Ak-Ay Pinggao) запастык тетиктерди жана материалдарды жеткирүүнүн кечеңдешине алып келген.

Белгилей кетсек, Covid-19 пандемиясынын чыгышы 2019-жылдын декабрында Кытайда катталган, ошондуктан “Кыргызстан УЭТ” ААКсы “Кубай” ЖЧКнын курулуш иштеринде колдонулуучу кытай жабдууларынын жана запастык бөлүктөрдүн камсыздоодо, жетишсиз жеткирүүдөн келип чыгышы мүмкүн болгон бардык тобокелдиктерди эске алуусу тийиш болчу.

**Сунуштама: “Кыргызстан УЭТ” ААКсына**

Мамлекеттик инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда курулуш-монтаждоо иштеринин кечиктирилишин жана мөөнөтүн узартууну болтурбоо максатында ишке ашырылып жаткан долбоорлордун алкагында кандайдыр бир келишимдерди түзүүдө мүмкүн болушунча бардык болгон жана мүмкүн болгон тобокелдиктерди карап чыгылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызстан УЭТ” ААКсы менен “Ak-Ay Elektrik-Pinggao Group Consortium”дун ортосунда 110/35/10 кВт “Раззаков” жана 110/35/6 кВт “Арка” көмөкчордонулар үчүн жабдууларды жеткирүүгө 2018-жылдын 2-октябрындагы №22-12/0170 контракт түзүлгөн. Мында VII “Келишимдин жалпы шарттары” (Текшерүү жана сыноо) бөлүмүндө Жабдуучу ал тарабынан берилген энергетикалык жабдууларды, аларды монтаждоону жана ДӨШта (долбоорлордун өзгөчө шарттары) көрсөтүлгөн башка тиешелүү кызматтарды, бардык сыноолор/текшерүүлөр үчүн өз эсебинен жана акысыз төлөп берүүгө тийиш деп жазылган.

Аудит бул учурда кызыкчылыктардын кагылышуу коркунучу бар деп эсептейт.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине**

Инвестициялык долбоорлордун каражаттарына контракттарды түзүүдө көз карандысыздыгын жана калыстыгын камсыз кылуу үчүн Жабдуучу тарабынан берилген энергетикалык жабдууларга сыноолорду/текшерүүлөрдү төлөө бөлүгүндө кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болуу тобокелдиктерин жокко чыгарылсын.

### “Кыргыз улуттук электр тармактар (КУЭТ) ААКнын филиалы Ысык-Көл электр тармактар ишканасынын “Чыгыш электро” ачык акционердик коомун реаблитациялоо” долбоору (Ысык-Көл областы боюнча)

**Аныкталды:** Электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган системасын сатып алуу жана орнотуу долбоордун иш жүзүндө аткарылышы: 2022-жылдын 31-декабрына карай акылдуу эсептегичтерди орнотуу боюнча 53,1% аткарылган. Башкача айтканда 36073 даана эсептегичти кайра орнотуу каралган болсо отчеттук мезгил аралыгында 19167 даана эсептегич алмаштырылып коюлган.

(өлчөө бирдиги даана)

| **№** | **Аталышы** | **План АСКУЭ** | | | **Анык коюлганы** | | | **калдык** | **%** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1-фаза** | **3-фаза** | **баардыгы** | **1-фаза** | **3-фаз** | **баардыгы** | | |
| **1** | **Каракол** | 14979 | 5490 | 20469 | 9486 | 4 250 | 13736 | 6733 | **67,1** |
| **2** | **Чолпон-Ата** | 10179 | 5425 | 15604 | 3885 | 1546 | 5431 | 10173 | **34,8** |
| | **Баардыгы** | **25158** | **10915** | **36073** | **13371** | **5796** | **19167** | **16906** | **53,1** |

Алардын ичинен 1-фазалуу эсептегичтер план боюнча 25158 даана коюлушу керек болсо иш жүзүндө 13371 даана орнотулган. Ал эми 3-фазалуу эсептегичтер 10915 даана орнотулушу керек болсо иш жүзүндө 5796 даана орнотулган.

**Корутунду:** 2022-жылы коюлган пландык көрсөткүч 46,9%-га аткарыган эмес.

**Сунуштама: "КУЭТ" ААКнун жетекчилигине:**

Пландык көрсөткүчтүн аткарылбагандыгын карап чыгып, жогорудагы кетирилген кемчиликтерге жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** өзүн-өзү көтөрүүчү изоляцияланган аба чубалгыларын (СИП) монтаждоо жумуштары дагы өтө акырындык менен аткарылган. 2022-жылдын 31-декабрына аткарылган жумуштар СИП зымдарын монтаждоо Ысык-Көл электр тармактар ишканасынын Каракол, Чолпон-Ата шаарларында 62,4% жана 43,6% гана аткарылган. Же болбосо 113600 метр зым тартылыш керек болсо иш жүзүндө 60620 метр кабель зым тартылган жана эски зымдар алмаштырылган.

**Корутунду:** 2022-жылы коюлган пландык көрсөткүч 46,7%-га аткарылган эмес.

**Сунуштама: "КУЭТ" ААКнын жетекчилигине:**

Пландык көрсөткүчтүн аткарылбагандыгын карап чыгып, жогорудагы кетирилген кемчиликтерге жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Долбоордун алкагында сатылып алынган товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына жана колдонулушуна аудит**

**Аныкталды:**

**1. Каракол РЭТи боюнча** - райондук электр тармактар ишканасынын складдарындагы товардык-материалдык баалуулуктарга тандалма негизинде жүргүзүлгөн инвентаризациялоо учурунда 864,1 миң сомдук кем чыгуулар аныкталды. Анын ичинен:

- 277 даана бир фазалуу ST 12 PLC үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 618,1 миң сомго;
- 14 даана бир фазалуу GPRS үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 38,4 миң сомго;
- 24 даана үч фазалуу ST34 5(100)А үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 101,7 миң сомго;
- 1 даана ST34 5(10)А үлгүсүндөгү электрондук эсептегич жалпы суммасы 3,1 миң сомго. Жалпы 316 бир жана үч фазалуу АСКУЭ электрондук эсептегичтери;
- 4 даана концентратор (DJGZ 23) жалпы суммасы 48,9 миң сомго;
- 36 даана концентратор үчүн щит жалпы суммасы 53,9 миң сомго.

Мындан тышкары 38 даана үч фазалуу жалпы суммасы 118,6 миң сомго жана 89 даана бир фазалуу жалпы суммасы 186,3 миң сомдук АСКУЭ электрондук эсептегичтери иштетүүгө жараксыз деп табылганы аныкталды.

Материалдык жактан жооптуу ишкананын башкы инженери К.Т.Мукалаев жана кампа башчысы У.Т.Чакиров.

**2. Чолпон-Ата РЭТи боюнча** - райондук электр тармактар ишканасынын складдарындагы товардык-материалдык баалуулуктарга тандалма негизинде жүргүзүлгөн инвентаризациялоо учурунда 1 174,4 миң сомдук кем чыгуулар аныкталды. Анын ичинен:

- 192 даана бир фазалуу ST 12 PLC үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 401,9 миң сомго;

- 6 даана бир фазалуу GPRS үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 16,5 миң сомго;

- 83 даана үч фазалуу ST34 5(100)A үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 336,8 миң сомго;

- 47 даана үч фазалуу ST34 5(10)A үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жалпы суммасы 146,7 миң сомго. Жалпы 328 бир жана үч фазалуу АСКУЭ электрондук эсептегичтери;

- 4 даана концентратор (DJGZ 23) жалпы суммасы 48,9 миң сомго;

- 237 даана ар кандай щиттер жалпы суммасы 223,6 миң сомго.

Мындан тышкары 35 даана үч фазалуу жалпы суммасы 142,0 миң сомго жана 60 даана бир фазалуу жалпы суммасы 125,6 миң сомдук АСКУЭ электрондук эсептегичтери иштетүүгө жараксыз деп табылды.

Материалдык жактан жооптуу ишкананын башкы инженери А.Ж. Мамбетказиев.

**Корутунду:** ЕӨБ тарабынан каржыланган “Чыгыш электр” ААКны реабилитациялоо долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн товардык-материалдык баалуулуктарга тандалма негизинде күтүүсүздөн жүргүзүлгөн инвентаризациялоо учурунда жалпы суммасы 2 038,5 миң сомдук кем чыгуулар аныкталды. Аудит учурунда кем чыгууларды анализ жасаган убакта, ошондой эле жооптуу кызматкерлердин түшүндүрүүсү боюнча кем чыгуулардын негизги себеби болуп төмөнкүлөр аныкталды:

- биринчиден, аталган Долбоор бугунку кундө толук ишке аша элек, Долбоордун аяктоо мөөнөтү 2024-жылдын 1-апрели болуп саналат;

- экинчиден, жооптуу адамдардын ишке болгон кайдыгер мамилесинен улам орнотулган АСКУЭ электрондук эсептегичтерине орнотуу актысы же ишти аткаруу актысы өз убагында жасалган эмес, ошондуктан орнотулган АСКУЭ электрондук эсептегичтери бухгалтердик эсептен чыгарылган эмес;

- үчүнчүдөн электр эсептегичтери кардарларга коюулуп бирок техникалык документтери толук болбогондугуна жана кардарлардын убактылуу үйлөрүндө жашабагандыгына байланыштуу IBS маалымат базасына катталбай калган.

Белгилей кетүүчү жагдай Долбоорду толук кандуу ишке ашыруу максатында, азыркы күндө Каракол, Чолпон-Ата РЭТтеринин жооптуу адамдары тарабынан (жаңы дайындалган) орнотулган бирок бухгалтердик эсептен чыга элек АСКУЭ электрондук эсептегичтерине орнотуу актылары түзүлүп IBS маалымат базасына киргизүү иштери улануда.

Мындан тышкары жалпысынан 73 даана үч фазалуу жалпы суммасы 260,6 миң сомго жана 149 даана бир фазалуу жалпы суммасы 311,9 миң сомдук АСКУЭ электрондук эсептегичтери иштетүүгө жараксыз деп табылган.

Белгилей кетчү маалымат, бүгүнкү күнгө "Ысык-Көл электр тармактар" ишканасынын 2024-жылдын 30-январында чыгыш №02/41 берилген катынын негизинде "Чыгыш электр" ААКны реабилитациялоо долбоорундагы жогоруда көрсөтүлгөн кем чыгууларды ордуна коюуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп:

- Чолпон-Ата райондук электр тармактар ишканасынын материалдык жактан жооптуу-ишкананын башкы инженери А.Ж. Мамбетказиев тарабынан 1 174,4 миң сомдук товардык баалуулуктар толугу менен ордуна коюлгандыгын;

- Каракол райондук электр тармактар ишканасынын материалдык жактан жооптуу-ишкананын башкы инженери К.Т.Мукалаев жана кладовщик У.Т.Чакиров тарабынан 618,6 миң сомдук товардык баалуулуктар ордуна коюлгандыгын билдиришкен жана 44 даана бир фазалуу жана 66 даана үч фазалуу ST 12 PLC үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жетпей жаткандыгын, ошондой эле бул жаатында издөө иш чаралары көрүлүп жаткандыгын маалымдашкан.

2024-жылдын 30-январына карата жалпы "Ысык-Көл электр тармактар" ишканасынын Каракол райондук электр тармактар бөлүмүндө жалпы суммасы 245,5 миң сомдук 110 даана бир фазалуу жана үч фазалуу ST 12 PLC үлгүсүндөгү электрондук эсептегичтери жетпейт.

**"Бишкекжылуулуктармагы" ААКда (мынданн ары – "БЖТ") жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу" долбоору**

**Аныкталды/Корутунду:** МАР №6146-KG кредитинин жана МАР №240-KG грантынын финансылык макулдашуусу 2018-жылдын 26-январында Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (мындан ары –"ЭӨА") ортосунда түзүлгөн, ага ылайык ЭӨА Кыргыз Республикасына тиешелүү түрдө 16,300,000 карыз алуунун атайын укуктары (СПЗ) жана 16,300,000 СПЗ өлчөмүндө каржылоо берген. Анын ичинен 2019-жылдын 17-апрелиндеги №19-04-01/16 кредиттик келишимине ылайык Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн каражаттардын ичинен "БЖТ" ААКге 23,0 млн. АКШ долларын кредит катары (16,3 млн. СПЗ) жана 8,0 млн. АКШ долларын грант катары (5,7 млн. СПЗ) бюджеттик насыя түрүндө 1% жылдык ставкасы менен, кайтаруу мөөнөтү 38 жылга насыя берген, жеңилдетилген мезгили 6 жыл, ал 2024-жылдын апрель айында аяктайт.

МАР №6146-KG кредитинин жана МАР №240-KG грантынын каржылоону жабуу датасы 2023-жылдын 31-декабры (долбоорду ишке ашыруу боюнча иштердин аякташы) болуп саналат. Жабуу күнүнө чейин келип чыккан чыгымдарды алуу боюнча арыздарды берүү үчүн жеңилдетилген мезгил жабылган күндөн кийин төрт ай же 2024-жылдын 30-апрели болуп эсептелинет. Иш жүзүндө берилген маалыматтарга ылайык,

2023-жылдын 17-июлундагы ЭӨАнын (МАР) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дарегине жазган катына ылайык, Донор тарабынан жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу долбоорун 6,9 млн. АКШ долларына кошумча каржылоого макулдугун берген жана долбоорду ишке ашырууну аяктоо мөөнөтү 2024-жылдын 31-декабрына пландаштырылган. (31.05.2023-ж. кошумча каржылоо келишими). Долборду ишке ашыруу "Долборду башкаруу боюнча операциялык колдонмонун" негизинде жүргүзүлөт.

"Amarc DHS Srl" (Amarc DHS Srl контракт суммасы, жалпы контракттардын 97,5% түзөт) 2021-жылдын 5-октябрындагы №IDA-HSIP-ICB-HIS/1-2020 "жылуулук пункттарын жеткирүүгө жана бар жылуулук пунктарын капиталдык оңдоо үчүн керектелүүчү запастык бөлүктөрдү жана комплектөөчүлөрдү жеткирүүгө" 6 358 408,2 Евро суммасында контрактка жана 5 727 544,78 евро суммасында №IDA-HSIP-ICB-HHMU/1-2020 "маалыматты алыстан алуу жана иштетүү менен жылуулук жана жылуулук агрегаттарын долбоорлоо, жеткирүү жана орнотуу" контрактарына кол коюлгандан кийин келишимдерде каралган аккредитивди ачууда кыйынчылыктар пайда болгон, ал Banco "BPM" банкынын (жеткирүүчүнү тейлөөчү банк) "Айыл банк" (долбоорду тейлөөчү банк) банкы менен өнөктөштүк мамилеси жок болгонуна байланыштуу болгон.

Долбоордун адистеринин түшүндүрмөлөрүнө ылайык, аталган пикир келишпестиктер кийин донор жана жеткирүүчү менен макулдашып, №IDA-HSIP-ICB-HIS/1-2020 контрактына төлөө жана товарларды жеткирүү жаатында өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен чечилип, камсыздоочу келишимди 2021-жылдын аягында аткарууну баштаган. Ошол эле учурда, №IDA-HSIP-ICB-HHMU/1-2020 контрактында каралган аккредитив ачуу боюнча сүйлөшүүлөр 2022-жылдын март айында гана чечилген, бул өз кезегинде, долбоорду ишке ашыруу графиктерин сактоо боюнча келишимдин мөөнөттөрүнө жана каражаттарын колдонууга таасирин тийгизди. Ошондой эле, түшүндүрмөлөргө ылайык, долбоордун өз убагында ишке ашыруу, Россия жана Украинанын ортосундагы куралдуу кагылышуу таасирин тийгизген, анткени жогоруда аталган контракттар боюнча жеткирүүчү италиялык "Amarc DHS Srl" компаниясы болгондуктан, жаңжал башталганга чейинки жеткирүүчү тарабынан курулган логистика маршруттарын колдону мүмкүн эмес болгон.

Маалымдама: №IDA-HSIP-ICB-HIS/1-2020 келишимди аткаруу мөөнөтү 180 күн же 2022-жылдын апрелине чейин каралган, жогорудагы себептер боюнча 542 күнгө же 31.03.2023-ж. чейин өзгөртүлгөн. №IDA-HSIP-ICB-HHMU/1-2020 контракт боюнча контракттын аткаруу мөөнөтү 2023-жылдын 31-декабрына чейин каралган, аткаруу мөөнөтү боюнча эч кандай өзгөртүү киргизилген эмес.

Дүйнөлүк банк тарабынан келишимге кол коюлган күнгө карата 2018-жылдын 11-январында АКШ долларына карата КААУнун алмашуу курсу 1,41 түзгөн. Ал эми 31.12.2022-жылга карата 1,33 же долбоордун бюджетинин

көлөмү 2022-жылдын аягына карата 1,8 млн. АКШ долларын азайган. Ошентип, АКШ долларына карата КААУнун алмашуу курсунун төмөндөшүнүн эсебинен 2022-жылдын 31-декабрына долбоордун жалпы бюджетинин көлөмү 31,0 млн.АКШ долларынан 29,2 млн. АКШ долларына чейин кыскарган.

**Сунуштама: Долборду ишке ашыруу тобуна**

Туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:** Долбоордун финансылык отчеттуулугу Коомдук сектор үчүн финансылык отчеттуулуктун эларалык стандартарына ылайык, эсептин кассалык ыкмасы боюнча жүргүзүлөт. Аудиттелген мезгил үчүн бардыгы болуп долбоордун кызматкерлерине 9601,7 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнгөн, анын ичинде соц. фонд 2058,6 миң сом. Долбоордун штаты боюнча 5 кызматкер каралган, анын ичинде: долбоордун начальниги 1 бирдик; финансист 1 бирдик; сатып алуулар боюнча адис 1 бирдик; котормочу 1 бирдик; инженер 1 бирдик. Долбоордун каражаттарынын эсебинен финансист, сатып алуулар боюнча адис жана котормочу каржыланат. ДИАбөлүмүнүн начальниги жана инженер “БЖТ” ААКнын бюджетинин эсебинен каржыланат.

Долбоорду аяктоо мөөнөттөрүн 2023-жылдын 31-декабрынан 2024-жылдын 31-декабрына чейин же бир жылга узартуу, долбоордо иштеген кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө түрүндө кредиттик каражаттар жана операциялык чыгымдар боюнча чыгашаларды пропорционалдуу көбөйтүлүшүнө алып келишин белгилей кетүү зарыл.

Долбоорлорду ишке ашыруу менен алектенген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдагы 5-августундагы №562 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр каржылаган долбоорлорду (насыялар жана гранттар) даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдагы 12-июлунундагы №371 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдорунда каралган.

Аудит аталган ченемдик актыларда бир нече долбоорлорду айкалыштыргандыгы жана жүргүзгөндүгү үчүн кызматкерлерге төмөнкүдөй долбоорлорду айкалыштыргандыгы үчүн кызматтык маянасына үстөк акы түрүндө дем берүү каралгандыгын белгилейт: эки долбоор - 15 пайыз өлчөмүндө; үч долбоор - 20 пайыз өлчөмүндө; төрт жана андан ашык долбоор - 25 пайыз өлчөмүндө. Бирок, долбоорду өз убагында бүткөрүү үчүн кандайдыр бир түрткү берүүчү механизмдер жана жоопкерчиликтер жок. Ушуга байланыштуу, аудит долбоордун өз убагында бүтпөй калуу тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

**Сунуштама: (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине) Долборду ишке ашыруу тобуна**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдагы 12-июлунундагы №371 "Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна, долбоорлорду өз убагында ишке ашырбагандыгы жана аяктабагандыгы үчүн жоопкерчилик чараларынын тартиптик жана материалдык түрлөрүн колдонуу бөлүгүндө тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

**"Үч-Коргон" гидроэлектростанциясын модернизациялоо" долбоору**

**Аныкталды/Корутунду :**

№3778-KGZ (COL) насыясынын, №0643-KGZ (SF) грантынын каржылоону жабуунун баштапкы датасы 2024-жылдын 31-декабрына белгиленген (Долбоорду ишке ашыруу боюнча иштерди аяктоо). Иш жүзүндө 2021-жылдын 6-декабрындагы АӨБнын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине дареектелген катына ылайык, Донор тарабынан Долбоорду ишке ашырууну аяктоо мөөнөтүн 2027-жылдын 30-июнунда өзгөртүү жактырылган.

Долбоордун аяктоо мөөнөтү үч жолу өзгөртүлүүгө дуушар болгон, алардын ичинен "Электр станциялары" ААКнын демилгеси боюнча 2025-жылдын 16-ноябрына чейин, тендер өткөрүү учурунда подрядчыны тандоонун узакка созулган процессине байланыштуу; подрядчынын демилгеси боюнча 2026-жылдын 16-ноябрына чейин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин катына ылайык 2027-жылдын 16-ноябрына чейин.

Мындан тышкары, долбоорду башкаруу боюнча колдонмонун 3-бөлүмүнүн "С" пунктунун "долбоордун уюштуруу түзүмү" талаптарына ылайык, долбоорду ишке ашыруу боюнча консультант катары эл аралык консалтингдик фирманы долбоорду ишке ашыруунун бардык маселелеринин бардык аспектилери боюнча ДИАТ колдоо көрсөтүү үчүн тартуу каралган, анын ичинде: тендердик документтерди даярдоодо жана болот гидротехникалык курулмаларды жана курулуш конструкцияларын оңдоо менен бирге электромеханикалык генерациялоочу жабдуулар үчүн долбоорлоо пакеттерин сатып алууда, сатып алууда жана курууда, жана плотиналарды мониторингдөө системасы менен камсыз кылуу; Үч-Коргон ГЭСинде тийиштүү реабилитациялык иштердин аткарылышын көзөмөлдөө жана контролдоо.

China National Electric Engineering жана Dongfang Electric Machinery консорциуму менен 78 954 500 АКШ долларлык келишимге кол коюлгандан кийин (контракт суммасы, жалпы контракттардын ичинен 95,8% түзөт). Аудитке берилген маалыматтарга ылайык 2021-жылдын 14-июнундагы №L3778/G0643-KGZ Пакет-2 "Үч - Коргон ГЭСин реабилитациялоо үчүн гидроэлектромеханикалык (ГЭМ) жабдууларды жана гидротехникалык курулмаларды (ГТС) алмаштыруу боюнча иштерди жана кызматтарды

аткарууга-долбоорлоо, жеткирүү, монтаждоо, жана ишке киргизүү (анын ичинде: көпүрө кранын реабилитациялоо, 4, 3, 2, 1 гидроагрегаттарды оңдоо)" боюнча иштерди аткарууда жабдуучуда контрактта каралган иштерди долбоорлоодо кыйынчылыктар пайда болгон, алардын ичинен биринчи көпүрө кранын калыбына келтирүү боюнча долбоорлоо (373 432,13 АКШ доллар суммасында иштер).

Подрядчы тарабынан көпүрө кранын реабилитациялоо боюнча иштерди аткаруу бекитилген долбоорсуз эле башталган. Көпүрө кранын калыбына келтирүү боюнча иштердин долбоору подрядчы тарабынан кранды оңдоо боюнча иштерди аяктаган мезгилде 2023-жылдын 28-июлундагы берилген (келишим боюнча мөөнөт 2022-жылдын 30-декабрь), бул өз кезегинде келишимде каралган башка иш-чаралар боюнча иштерди аткаруу мөөнөттөрүнө, ошондой эле ишке ашыруу графиктеринин сакталышына жана долбоордун каражаттарын өздөштүрүүгө таасирин тийгизген. Мындан тышкары, 2021-жылдын 14-июнундагы №L3778/G0643-KGZ келишимдин 4-тиркемесинде "убакыт графиги", курулмалар боюнча иштерди аяктоо мөөнөтү белгиленген, бирок көрсөтүлгөн иштерге долбоорлоону аяктоо мөөнөтү каралган эмес. Ошондой эле, 2019-жылдын 28- майындагы №195 "Үч-Коргон ГЭСин реабилитациялоо" долбоорунун 2-пакети боюнча подрядчыны тандоо боюнча тендердик комиссияны түзүү жөнүндө" буйругуна ылайык бекитилген, тендердик комиссиянын курамында көпчүлүк техникалык курамдагы адамдар жана бир долбоордун өкүлү-экономист катышкандыгы аныкталган, же тендерде сатып аулуулар боюнча адис катышкан эмес.

Ошентип, сатып алуулар боюнча адистин жоктугунан, ошондой эле келишимди түзүү боюнча сапатсыз иштерден, контракттын мазмунуна тиешелүү контролдун жоктугунан көпүрө кранын реабилитациялоо боюнча каралган иш-чаралар 210 күнгө кечигүү менен аткарылган, ал боюнча контрактынын 26-пунктунун "Аяктоо мөөнөтүн кепилдөө" талаптарына ылайык ишти өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн жеткирүүчүгө 37 343,21 АКШ доллары же 3 326,5 миң сом суммасындагы туум эсептелген (аудит учурунда КР УБнын 2023-жылдын 15-декабрына карата курсу боюнча 1 АКШ доллары 89,0790 сомду түзөт). Мындан тышкары график боюнча кийинки иш-чара №4-гидроагрегаты боюнча оңдоо иштерин 2023-жылдын 16-ноябрында аяктоо мөөнөтү менен аткаруу болуп саналат, бирок аудит учурунда көрсөтүлгөн иштер баштала элек. ДИАТ адистеринин түшүндүрмөлөрүнө ылайык, кечигүү оңдоо иштерине бекитилген долбоорлордун жоктугунан, ошондой эле зарыл инфраструктуранын (кампалар, мобилизацияланган персонал, жаңы жабдуулардын тетиктерин жеткирүү ж.б.) жоктугунан келип чыккан.

Долбоорду башкаруу боюнча колдонмонун 3-бөлүмүнүн "С" пунктунун "долбоордун уюштуруу түзүмү" талаптарына ылайык, долбоорду ишке ашыруунун бардык маселелеринин бардык аспектилери боюнча ДИАТге колдоо көрсөтүү үчүн долбоорду ишке ашыруу боюнча консультант катары эл аралык консалтингдик фирманы тартуу каралган, бул талап EDF SA, Egis Eau жана Egis International (Франция) менен 3 354 614,7 АКШ долларына контракт

түзүү менен аткарылган, бирок бул жагдай долбоордун этаптарын өз убагында аяктоого эч кандай таасирин тийгизген эмес.

**Сунуштама: Долборду ишке ашыруу тобуна**

Жеткирүүчү China National Electric Engineering жана Dongfang Electric Machinery Консорциумунун эсебинен контрактынын 26-пунктунун "Аяктоо мөөнөтүн кепилдөө" талаптарына ылайык ишти өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн эсептелинген 37 343,21 АКШ доллары же **3 326,5 миң сом** суммасындагы туум өндүрүлсүн. ДИАТ тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды:** долбоордун финансылык отчеттуулугу Коомдук сектор үчүн ФОЭСке ылайык, эсептин кассалык ыкмасы боюнча жүргүзүлөт. Долбоордун каражаттарынын эсебинен 1 бирдик финансист, сатып алуулар боюнча адис 1 бирдик жана эколог 1 бирдик кармоо каралган. Аудиттелген мезгил үчүн долбоордун эсебинен кызматкерлерге бардыгы болуп 2512,1 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнгөн, анын ичинде 161,7 миң сом салык жана социалдык чегерүүлөр. Мындан тышкары, аудит учуруна карата "Электр станциялары" ААКнын бюджетинин каражаттарынын эсебинен 4 бирдикти кармоо каралган, анын ичинде: ДИАТ начальниги 1 бирдик; ДИАТ начальнигинин орун басары 1 бирдик, 1 бирдик экономист жана 1 бирдик инженер.

Ошол эле мезгилде, "Электр станциялары" ААКнын 2021-жылдын 5-июлундагы №450 "Үч-Коргон ГЭСинин жабдууларын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча кызматты түзүү жөнүндө" буйругуна ылайык, долбоор аяктаганга чейинки мөөнөткө 8 бирдиктен турган кызмат түзүлгөн, анын ичинде: реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча директордун орун басары 1 бирдик; кызматтын начальниги 1 бирдик; ЭТО боюнча инженер 1 бирдик; ГМО боюнча жетектөөчү инженер 1 бирдик; ГТС боюнча инженер 1 бирдик; РЗиА боюнча жетектөөчү инженер 1 бирдик; техникалык документтер боюнча инженер 1 бирдик жана котормочу 1 бирдик. Аудиттин жүрүшүндө берилген маалыматтарга ылайык, иш жүзүндө кызмат 75% га комплекттелген, реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча директордун орун басары жана котормочу кызмат орундары бош.

**Корутунду:** долбоорлорду ишке ашыруу менен алектенген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-августундагы №562 "эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр (кредиттер жана гранттар) каржылаган долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары" жөнүндө жана КР министрлер кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №371 "Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомдорунда каралган.

Аудит аталган ченемдик актыларда бир нече долбоорлорду айкалыштыргандыгы жана жүргүзгөндүгү үчүн кызматкерлерге төмөнкүдөй

долбоорлорду айкалыштыргандыгы үчүн кызматтык маянасына үстөк акы түрүндө дем берүү каралгандыгын белгилейт: эки долбоор - 15 пайыз өлчөмүндө; үч долбоор - 20 пайыз өлчөмүндө; төрт жана андан ашык долбоор - 25 пайыз өлчөмүндө. Бирок, долбоорду өз убагында бүткөрүү үчүн кандайдыр бир түрткү берүүчү механизмдер жана жоопкерчиликтер жок. Ушуга байланыштуу, аудит долбоордун өз убагында бүтпөй калуу тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

Мындан сырткары, “Электр станциялары” ААКнын бюджетинин каражаттарынын эсебинен Долбоордо 4 бирдикти кармоо каралган жана “Электр станциялары” ААКнын 2021-жылдын 5-июлундагы №450 буйругуна ылайык, ГЭСти реконструкциялоонун жана модернизациялоонун жүрүшүн контролдоо жана коштоо үчүн долбоор аяктаганга чейинки мөөнөткө 8 бирдиктен турган кызмат иштейт, жана ал дагы “Электр станциялары” ААКнын бюджетинин каражаттарынын эсебинен каржыланат.

Долбоорду аяктоо мөөнөттөрүн 2024-жылдын 31-декабрынан 2027-жылдын 30-июнунга чейин узартуу, долбоордо иштеген кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө түрүндө операциялык чыгымдар боюнча чыгашаларды пропорционалдуу көбөйтүлүшүнө алып келишин белгилей кетүү зарыл

Ошентип, аудит долбоордун өз убагында аяктабагандыгынан улам долбоордун каражаттарынын эсебинен да, бюджеттик каражаттардын эсебинен да эмгек акы бөлүгүндө операциялык чыгымдардын көбөйүү тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

**Сунуштама: “Электр станциялары” ААКсына**

1.Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлунундагы №371 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна, долбоорлорду өз убагында ишке ашырбагандыгы жана аяктабагандыгы үчүн жоопкерчилик чараларынын тартиптик жана материалдык түрлөрүн колдонуу бөлүгүндө тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

2.2021-жылдын 14-июнундагы №L3778/G0643-KGZ келишимди ишке ашыруу этаптары боюнча иштерди аяктоо жана баштоо ортосундагы мезгилде Үч-Коргон ГЭСинин жабдууларын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча кызматты кармоого чыгымдарды кыскартуу жана оптималдаштыруу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**: долбоордун финансылык отчеттуулугу Коомдук сектор үчүн финансылык отчеттуулуктун эларалык стандартарына ылайык, эсептин кассалык ыкмасы боюнча жүргүзүлөт, бухгалтердик эсеп автоматташтырылган эмес жана Excel программанын негизинде кол менен жүргүзүлөт. Анын натыйжасында бухгалтердик эсептин маалыматтарынын бурмаланышы жана анык эместик тобокелдиги жаралат.

**Сунуштама: Долборду ишке ашыруу тобуна**

Эсепти бирдейлештирүү максатында бухгалтердик эсепти финансылык отчеттуулуктун эларалык стандартынын негизинде, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамына ылайык, 1С автоматташтырылган программасынын негизинде жүргүзүү сунушталат.

## 3.31.12.2022-жылга карата "Үч-Коргон" гидроэлектростанциясын модернизациялоо долбоорун ишке ашырылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити боюнча отчет

***Аныкталды:*** №3778-KGZ (COL) насыясынын, №0643-KGZ (SF) грантынын каржылоону жабуунун баштапкы датасы 2024-жылдын 31-декабрына белгиленген (Долбоорду ишке ашыруу боюнча иштерди аяктоо). Иш жүзүндө 06.12.2021-жылындагы АӨБнын КР финансы министрлигине дареектелген катына ылайык, Донор тарабынан Долбоорду ишке ашырууну аяктоо мөөнөтүн 30.06.2027-жылга өзгөртүү жактырылган.

Долбоордун аяктоо мөөнөтү үч жолу өзгөртүлүүгө дуушар болгон, алардын ичинен "Электр станциялары" ААКнын демилгеси боюнча 16.11.2025-жылга чейин, тендер өткөрүү учурунда подрядчыны тандоонун узакка созулган процессине байланыштуу; подрядчынын демилгеси боюнча 16.11.2026-жылга чейин жана КРФМ катына ылайык 16.11.2027-жылга чейин.

Мындан тышкары, долбоорду башкаруу боюнча колдонмонун 3-бөлүмүнүн "С" пунктунун “долбоордун уюштуруу түзүмү” талаптарына ылайык, долбоорду ишке ашыруу боюнча консультант катары эл аралык консалтингдик фирманы долбоорду ишке ашыруунун бардык маселелеринин бардык аспектилери боюнча ДИАТ колдоо көрсөтүү үчүн тартуу каралган, анын ичинде: тендердик документтерди даярдоодо жана болот гидротехникалык курулмаларды жана курулуш конструкцияларын оңдоо менен бирге электромеханикалык генерациялоочу жабдуулар үчүн долбоорлоо пакеттерин сатып алууда, сатып алууда жана куруда, жана плотиналарды мониторингдөө системасы менен камсыз кылуу; Үч-Коргон ГЭСинде тийиштүү реабилитациялык иштердин аткарылышын көзөмөлдөө жана контролдоо.

***Корутунду :*** China National Electric Engineering жана Dongfang Electric Machinery консорциуму менен 78954500 АКШ долларлык келишимге кол коюлгандан кийин (контракт суммасы, жалпы контракттардын ичинен 95,8% түзөт). Аудитке берилген маалыматтарга ылайык 14.06.2021-жылындагы №L3778/G0643-KGZ Пакет-2 "Үч - Коргон ГЭСин реабилитациялоо үчүн гидроэлектромеханикалык (ГЭМ) жабдууларды жана гидротехникалык курулмаларды (ГТС) алмаштыруу боюнча иштерди жана кызматтарды аткарууга-долбоорлоо, жеткирүү, монтаждоо, жана ишке киргизүү (анын ичинде: көпүрө кранын реабилитациялоо, 4, 3, 2, 1 гидроагрегаттарды оңдоо)

боюнча иштерди аткарууда жабдуучуда контрактта каралган иштерди долбоорлоодо кыйынчылыктар пайда болгон, алардын ичинен биринчи көпүрө кранын калыбына келтирүү боюнча долбоорлоо (373432,13 АКШ доллар суммасында иштер).

Долбоордун адистеринин түшүндүрмөсүнө ылайык, подрядчы тарабынан көпүрө кранын реабилитациялоо боюнча иштерди аткаруу бекитилген долбоорсуз эле башталган. Көпүрө кранын калыбына келтирүү боюнча иштердин долбоору подрядчы тарабынан кранды оңдоо боюнча иштерди аяктаган мезгилде 28.07.2023-жылы берилген (келишим боюнча мөөнөт 30.12.2022-ж.), бул өз кезегинде келишимде каралган башка иш-чаралар боюнча иштерди аткаруу мөөнөттөрүнө, ошондой эле ишке ашыруу графиктеринин сакталышына жана долбоордун каражаттарын өздөштүрүүгө таасирин тийгизген. Мындан тышкары, 14.06.2021-жылдагы №L3778/G0643-KGZ келишимдин 4-тиркемесинде "убакыт графиги", курулмалар боюнча иштерди аяктоо мөөнөтү белгиленген, бирок көрсөтүлгөн иштерге долбоорлоону аяктоо мөөнөтү каралган эмес. Ошондой эле, 28.05.2019-жылдын №195 "Үч-Коргон ГЭСин реабилитациялоо "долбоорунун 2-пакети боюнча подрядчыны тандоо боюнча тендердик комиссияны түзүү жөнүндө" буйругуна ылайык бекитилген, тендердик комиссиянын курамында көпчүлүк техникалык курамдагы адамдар жана бир долбоордун өкүлү-экономист катышкандыгы аныкталган.

Ошентип, сатып алуулар боюнча адистин жоктугунан, ошондой эле келишимди түзүү боюнча сапатсыз иштерден, контракттын мазмунуна тиешелүү контролдун жоктугунан көпүрө кранын реабилитациялоо боюнча каралган иш-чаралар 210 күнгө артта калуу менен аткарылган, ал боюнча контрактынын 26-пунктунун "аяктоо мөөнөтүн кепилдөө" талаптарына ылайык ишти өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн жеткирүүчүгө 37343,21 АКШ доллары же 3326,5 миң сом суммасындагы туум эсептелген. (КРУБнын 15.12.2023-ж. карата курсу боюнча 1 АКШ доллары 89,0790 сомду түзөт). Мындан тышкары график боюнча кийинки иш-чара №4- гидроагрегаты боюнча оңдоо иштерин аткаруу болуп саналат, аяктоо мөөнөтү 16.11.2023-жыл, бирок аудит учурунда көрсөтүлгөн иштер баштала элек.

ДИАТ адистеринин түшүндүрмөлөрүнө ылайык, кечигүү оңдоо иштерине бекитилген долбоорлордун жоктугунан, ошондой эле зарыл инфраструктуранын (кампалар, мобилизацияланган персонал, жаңы жабдуулардын тетиктерин жеткирүү ж.б.) жоктугунан келип чыккан.

Долбоорду башкаруу боюнча колдонмонун 3-бөлүмүнүн "С" пунктунун “долбоордун уюштуруу түзүмү” талаптарына ылайык, долбоорду ишке ашыруунун бардык маселелеринин бардык аспектилери боюнча ДИАТге колдоо көрсөтүү үчүн долбоорду ишке ашыруу боюнча консультант катары эл

аралык консалтингдик фирманы тартуу каралган, бул талап EDF SA, Egis Eau жана Egis International (Франция) менен 3 354614,7 АКШ долларына контракт түзүү менен аткарылган, бирок бул жагдай долбоордун этаптарын өз убагында аяктоого эч кандай таасирин тийгизген эмес.

***Сунуштама:*** “Электр станциялары” ААКсына.

Жеткирүүчү China National Electric Engineering жана Dongfang Electric Machinery Консорциумунун эсебинен контрактынын 26-пунктунун "аяктоо мөөнөтүн кепилдөө" талаптарына ылайык ишти өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн эсептелинген 37343,21 АКШ доллары же 3326,5 миң сом суммасындагы туум өндүрүлсүн. ДИАТ тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча чаралар көрүлсүн.

***Аныкталды:*** Долбоордун финансылык отчеттуулугу Коомдук сектор үчүн ФОЭСке ылайык, эсептин кассалык ыкмасы боюнча жүргүзүлөт. Долбоордун каражаттарынын эсебинен 1 бирдик финансист, сатып алуулар боюнча адис 1 бирдик жана эколог 1 бирдик кармоо каралган. Аудиттелген мезгил үчүн долбоордун эсебинен кызматкерлерге бардыгы болуп 2512,1 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнгөн, анын ичинде 161,7 миң сом салык жана социалдык чегерүүлөр. Мындан тышкары, аудит учуруна карата "Электр станциялары" ААКнын бюджетинин каражаттарынын эсебинен 4 бирдикти кармоо каралган, анын ичинде: ДИАТ начальниги 1 бирдик; ДИАТ начальнигинин орун басары 1 бирдик, 1 бирдик экономист жана 1 бирдик инженер.

Ошол эле мезгилде, "Электр станциялары" ААКнын 05.07.2021-ж. №450 "Үч-Коргон ГЭСинин жабдууларын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча кызматты түзүү жөнүндө" буйругуна ылайык, долбоор аяктаганга чейинки мөөнөткө 8 бирдиктен турган кызмат түзүлгөн, анын ичинде: реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча директордун орун басары 1 бирдик; кызматтын начальниги 1 бирдик; ЭТО боюнча инженер 1 бирдик; ГМО боюнча жетектөөчү инженер 1 бирдик; ГТС боюнча инженер 1 бирдик; РЗиА боюнча жетектөөчү инженер 1 бирдик; техникалык документтер боюнча инженер 1 бирдик жана котормочу 1 бирдик. Аудиттин жүрүшүндө берилген маалыматтарга ылайык, иш жүзүндө кызмат 75% га комплекттелген, реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча директордун орун басары жана котормочу кызмат орундары бош.

***Корутунду:*** Долбоорлорду ишке ашыруу менен алектенген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары КР Өкмөтүнүн 05.08.2015-ж. №562 "эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр (кредиттер жана гранттар) каржылаган долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө жана КР министрлер

кабинетинин 12.07.2022-ж. №371 "эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр каржылаган долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомдорунда каралган.

Аудит аталган ченемдик актыларда бир нече долбоорлорду айкалыштыргандыгы жана жүргүзгөндүгү үчүн кызматкерлерге төмөнкүдөй долбоорлорду айкалыштыргандыгы үчүн кызматтык маянасына үстөк акы түрүндө дем берүү каралгандыгын белгилейт: эки долбоор - 15 пайыз өлчөмүндө; үч долбоор - 20 пайыз өлчөмүндө; төрт жана андан ашык долбоор - 25 пайыз өлчөмүндө. Бирок, долбоорду өз убагында бүткөрүү үчүн кандайдыр бир түрткү берүүчү механизмдер жана жоопкерчиликтер жок. Ушуга байланыштуу, аудит долбоордун өз убагында бүтпөй калуу тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

Мындан сырткары, "Электр станциялары" ААКнын бюджетинин каражаттарынын эсебинен Долбоордо 4 бирдикти кармоо каралган жана "Электр станциялары" ААКнын 05.07.2021-ж. №450 буйругуна ылайык, ГЭСти реконструкциялоонун жана модернизациялоонун жүрүшүн контролдоо жана коштоо үчүн долбоор аяктаганга чейинки мөөнөткө 8 бирдиктен турган кызмат иштейт, жана ал дагы "Электр станциялары" ААКнын бюджетинин каражаттарынын эсебинен каржыланат.

Долбоорду аяктоо мөөнөттөрүн 31.12.2024-жылдан 30.06.2027-жалга чейин узартуу, долбоордо иштеген кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө түрүндө операциялык чыгымдар боюнча чыгашаларды пропорционалдуу көбөйтүлүшүнө алып келишин белгилей кетүү зарыл

Ошентип, аудит долбоордун өз убагында аяктабагандыгынан улам долбоордун каражаттарынын эсебинен да, бюджеттик каражаттардын эсебинен да эмгек акы бөлүгүндө операциялык чыгымдардын көбөйүү тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

**Сунуштама.**“Электр станциялары” ААКсына.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.07.2022-ж. №371 "эл аралык уюмдар жана донор өлкөлөр каржылаган долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна, долбоорлорду өз убагында ишке ашырбагандыгы жана аяктабагандыгы үчүн жоопкерчилик чараларынын тартиптик жана материалдык түрлөрүн колдонуу бөлүгүндө тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын. 14.06.2021-жылындагы №L3778/G0643-KGZ келишимди ишке ашыруу этаптары боюнча иштерди аяктоо жана баштоо ортосундагы мезгилде Үч-Коргон ГЭСинин жабдууларын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча кызматты кармоого чыгымдарды кыскартуу жана оптималдаштыруу мүмкүнчүлүгү каралсын.

***Аныкталды жана Корутунду***: Долбоордун финансылык отчеттуулугу Коомдук сектор үчүн ФОЭСке ылайык, эсептин кассалык ыкмасы боюнча жүргүзүлөт, бухгалтердик эсеп автоматташтырылган эмес жана Excel программанын негизинде кол менен жүргүзүлөт. Анын натыйжасында бухгалтердик эсептин маалыматтарынын бурмаланышы жана анык эместик тобокелдиги жаралат.

***Сунуштама:***“Электр станциялары” ААКсына.

Эсепти бирдейлештирүү максатында бухгалтердик эсепти ФОЭСтин негизинде, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамына ылайык,1С автоматташтырылган программасынын негизинде жүргүзүү сунушталат.

**“Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү” долбоору**

2017-жылдын 28-февралында Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы “Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү” долбоорун каржылоо үчүн Келишимдин негизги финансылык шарттары төмөнкүчө болгон:

| | |
|---|---|
| *Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан инвестициялык насыя* | *110 млн. АКШ долл.* |
| *Салыктардан бошотуу катары Кыргыз Республикасынын салымы* | *28 млн. АКШ долл.* |
| *Долбоордун жалпы наркы* | *138 млн. АКШ долл.* |
| *Төлөө мезгили* | *20 жыл* |
| *Жеңилдетилген мезгил* | *5 жыл* |
| *Кыргыз Республикасы үчүн пайыздык чен* | *1%* |
| *“Электр станциялары” ААК үчүн пайыздык чен* | *1,5%* |

“Электр станциялары” ААКсы тарабынан 2021-жылдын 1-мартынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилге карата “Камбар-Ата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү” долбоорунун алкагында:

• алынган кредиттик каражаттар – 612,1 миң АКШ доллары,

• алынган кредитке эсептелинген пайыздар (жылына 1,5%) – 12,0 миң АКШ доллары,

• Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 51,8 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү кредиттик милдеттенмелер төлөнгөн, анын ичинде:

- негизги суммага - 42,2 миң АКШ доллары,
- пайыздар боюнча - 9,6 миң АКШ доллары.

2022-жылдын 31-декабрына карата “Электр станциялары” ААКнын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине кредиттик

милдеттенмелери боюнча карызы 572,3 миң АКШ долларын түзөт, анын ичинде:

- негизги сумма боюнча- 569,9 миң АКШ доллары,
- пайыздар боюнча - 2,4 миң АКШ доллары.

**Корутунду:** 2017-жылдын 28-февралында Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы “Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү” долбоорун каржылоо үчүн Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан Евразия өнүктүрүү банкы тарабынан инвестициялык кредит берүү жөнүндө келишимге (мындан ары-Келишим) кол коюлган.

2017-жылдын 28-февралындагы түзүлгөн Келишим 2019-жылдын 17-апрелинде күчүнө кирген. Башкача айтканда Келишимдин күчүнө кириши 2-жыл 2-айга созулган. Келишим күчүнө киргенден кийин консултациялык компанияны тандап алуу процесси 2019-жылдын июн айынан башталып 2020-жылдын декабрь айына чейин созулган. Башкача айтканда 1,5 жыл убакыт кеткен.

Консультациялык компания менен Келишим 2021-жылдын 22-январында күчүнө кирип алар 2022-жылдын 7-ноябрында электромеханикалык жабдууларды жеткирүү жана курулуш-монтаждоо иштери үчүн башкы подрядчикти тандоо үчүн конкурстук документтердин иштелип чыккан долбоорун Евразия өнүктүрүү банкы менен макулдашуу жол-жобосунан өтүп жана Евразия өнүктүрүү банкы тарабынан расмий түрдө бекитилген. Бул жерде конкурстук документтерди иштеп чыгууда 1 жыл 9 ай убакыт кеткен.

2022-жылдын 18-ноябрында сатып алуулар боюнча Эл аралык кайра куруу жана өнүктүрүү банкынын Колдонмосуна ылайык электромеханикалык жабдууларды жеткирүүгө жана курулуш-монтаждоо иштерине башкы подрядчыны тандоо боюнча эл аралык конкурс жарыяланган.

Азыркы учурда Башкы подрядчыны тандоо боюнча жол-жоболор улантылууда жана эл аралык кайра куруу жана өнүктүрүү банкы тарабынан түзүлгөн сатып алуулар боюнча колдонмонун 2.47-пунктуна ылайык сунуштарды баалоого тиешелүү маалыматтар келишимди ыйгаруу жөнүндө маалымат жарыялангaнга чейин ачыкка чыгарылбашын белгилеп кетүү зарыл.

Кыргыз Өкмөтү менен Евразия өнүктүрүү банктын ортосундагы 2017-жылдын 28-февралындагы негизги келишимде кредитти кайтарууда 5-жылдык женилдик каралган. Ал келишим 2020-жылдын 4-июнунда жана 2022-жылдын 15-апрелинде 2-жолу кошумча келишимдерге кол коюлуп кредиттин мөөнөтү узартылган. Ал эми Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине төлөнгөн кредиттик төлөмдөр жана ага эсептелген пайыздар алар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети менен “Электр станциялар” ААКсы ортосунда түзүлгөн инвестициялык кредиттин талаптарына негиз төлөнгөн. Бул инвестициялык келишимдин мөөнөттөрү узартылган эмес.

Жогорудагы келишимдин аткарылышын талдоодо, убакыттын созулуп кеткени аныкталган. Келишим түзүлгөн күндөн бери 5-жыл 6 ай убакыт өтүп кеткен. Ал эми келишимдин негизги бөлүгү болгон бардык жумушту аткаруучу подряддык ишкананы азыркы күнгө чейин аныктала элек. Же болбосо долбоор толугу менен өз ишин баштай элек.

Эгерде долбоор өз убагында ишке киргизилгенде Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегаты жылына орто эсеп менен 800 милиондон 1 миллиардга жакын электр энергиясын өндүрмөк.

**Сунуштама: Кыргыз республикасынын энергетика министрлигине, “Электр станциялар” Ачык Акционердик коомуна**

1. “Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү” долбоорун тез арада толук ишке киргизилишин камсыз кылуу жагы каралсын.

**2.** Долбоордун мөөнөтүнүн кечиктирилишине талдоо жүргүзүп, жоопту болгон кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Ош электро реабилитациялоо” долбоору**

**Аныкталды:** долбоордун техникалык экономикалык көрсөткүчтөрүн изилдөө жумуштары 2015-жылы, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (мындан ары ЕРӨБ) техникалык жардамынын акча каражаттарынын эсебинен “Lahmeyer” (Германия) эл аралык консультациялык компаниясы тарабынан, “Ошэлектр” ААКунун жабдууларынын техникалык абалына баа берүү жөнүндө алдын-ала отчет даярдалган.

Долбоордун консультанттары ЕРӨБ техникалык жардам аркылуу акча каражаттарынын эсебинен 2018-жылдын 4-майында долбоорду ишке ашырууга колдоо программасынын алкагында (тендердик жол-жоболорун түзүү, долбоорду колдоо) 693 882 Евро өлчөмүндө CESIs.p.a (Италия) менен келишимге кол коюлган. 2018-жылдын 29-май айында корпоративдик өнүктүрүү программасы алкагында 300 000 Евро өлчөмүндө SEURECA (Франция) менен келишимге кол коюлган.

“Ошэлектро” ачык ААКун реабилитациялоо долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Инвестициялык саясат жана макроэкономикалык кеңеш тарабынан 2015-жылдын 13-мартындагы №16-40 протоколу менен макулдашылган. Андан кийин ЕРӨБ менен сүйлөшүүлөр жүргөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен ЕРӨБ ортосундагы кредиттик жана гранттык келишимге 2016-жылдын 5-октябрында кол коюлган. Бул келишимди ратификациялоо мыйзамы 2017-жылдын 10-июлунда Кыргыз республикасынын Президенти тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Ал эми 2017-жылдын 15-августа Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен “Ошэлектро” ААКу карыз милдеттенмелери боюнча келишимге кол коюшкан. Келишимдин жалпы суммасы 5 000 000 евро, анын 4 000 000 евросу кредиттик насыя катарында, ал эми 1 000 000 евро грант катарында бөлүнгөн. Насыянын мөөнөтү 15-жыл. Анын ичинен жеңилдетилген мезгил келишимге кол коюлган күндөн тартып 3-жыл.

Кредиттик каражаттарды пайдалануу үчүн пайыздык чен 1%+EURIBOR (иш жүзүндө өздөштүрүлөн жана төлөнбөгөн суммасына чегерилет). Гранттык каражаттарды пайдалануу үчүн пайызы жок берилген. Кредиттик насыя берүү үчүн бир жолку комиссия - 1%. Каражаттарды резервдөө үчүн комиссия 0,5%. Кредитти кайтаруу негизги төлөмүнүн мөөнөтү 2019-жылдын 21-ноябрынан, 2031-жылдын 21-ноябрына чейин каралган.

Долбоордун максаты Ош шаарынын Батыш тарабынын жана ага жакын жайгашкан Кара-Суу районунун айылдарынын керектөөчүлөрүн электр энергиясы менен камсыздоонун сапатын жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу, электр энергиясынын техникалык жана коммерциялык жоготууларын кескин азайтуу ж.б.у.с.

Долбоордун алкагында “Ошэлектр” ААКнун заманбап АСКУЭ системасын жана акылдуу эсептегичтерди орнотуу, ошондой эле электр менен камсыздоо системасындагы 0,4 киловольттук электрэнергиясын бөлүштүрүү тармактарын модернизациялоого жана күчөтүүгө жана аларды СИПке (өзүн-өзү көтөргөн аба чубалгылары) алмаштыруу.

Долбоор төмөнкү компоненттерден турат:

1-Компонент. Заманбап АСКУЭ системасын жана акылдуу эсептегичтерди орнотуу (болжол менен 36 миң. даана (анын ичинде программалык камыздоо жана аппараттык – сервердик жабдуулар,) жалпы суммасы 3,28 млн. евро.

2-Компонент 0,4 киловольттук электрэнергиясын бөлүштүрүү тармактарын узундугу 250 км ашык аба чубалгыларын модернизациялоого жана күчөтүүгө жана аларды СИПке (өзүн-өзү көтөргөн аба кабелдер) алмаштыруу жалпы суммасы 1,68 млн. евро.

3-Компонент Атайын техниканы сатып алуу.

Географиялык камтуу аймактары болуп Ош шаарынын түштүк–батыш тарабы жана ага жакын Кара-Суу районунун калктуу пунктары.

Долбоор 2018-жылдын 26-октябрында күчүнө кирген. 2022-жылдын 31-декабрына кредиттин өздөштүрүлүшү төмөнкүчө болгон:

Кредиттен 2 335 585 евро, ал эми гранттык каражаттардын 740 000 евро бардыгы болуп 3 075 585 евро өздөштүрүлгөн. Алардын ичинен 1 155 400 еврого СИП кабель электр чубалгылары жана ага тиешелүү аксессуарлар жана инструменттер алынган. 1 880 185 еврого АСКУЭ акылдуу эсептегичтер алынган, жана 40 000 евро 1% комиссия төлөнгөн.

**Корутунду:** конкурстан кийин келишимди түзүү мөөнөтү ар кандай себептер менен узартылган, анын бир себеби COVID-19 илдети болгон жана “Ошэлектр” ААКсы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосундагы кредиттик келишимдин гранттык бөлүгүнүн акысыз негизде берүү маселесин ЕРӨБ тарабынан көтөргөнүнөн келишимди түзүп аткаруу жагы 1-жылдан ашык убакытка созулуп кеткен.

Натыйжада негизги карызды төлөө боюнча жеңилдетилген мөөнөт өтүп кеткен. Ошондой эле кредиттик акча каражаттарын өздөштүрбөгөндүгү үчүн 0,5% өлчөмүндө комиссия “Ошэлектр” ААК, азыркы күндө “Ош электр”

ААКсы мураскери катары “КУЭТ” ААКсы кошумча чыгымга учурап, 110 855,76 евро акча каражаты төлөгөн.

- Евронун курсунун тынымсыз өзгөрүшү. Каржылоо келишимдерине кол коюлганда евронун курсу 82,46 сомду түзгөн. 2023-жылдын 31-августуна карата алмашуу курсу 95,9098 сомду түздү. Кредиттин кайтарым төлөмдөрүнүн жогорулатат.

- АСКУЭ эсептегичтерин орнотуу. өздүк изоляцияланган аба чубалгыларын монтаждоо боюнча иштерди аткарылбай кечиктирилип жиберген. Аткарылган жумуштар ЭТИ бухгалтериясы тарабынан жана ишкананын капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан өз убагында кабыл алынбай кечиктирилип жиберген учурлар катталды.

- Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн орнотулган шаймандардын оперативдик маалыматы, Ош ЭТИ бухгалтериясынын жана капиталдык курулуш бөлүмүнүн отчетторуна ылайык орнотулган жана кабыл алынган шаймандардын айырмасы табылды. Материалдык жооптуу жактардын колдорунда өз убагында тапшырылбаган жана кабыл алынбаган материалдык отчеттору аныкталды.

- Өзүн-өзү көтөргөн аба чубалгыларын орнотууда (СИП) керектөөчүлөрдү кошуу жана аба чубалгыларын демонтаждоо жумуштары өз убагында жүрбөй жаткандыгы аныкталды.

- Долбоор алкагында керектөөчүлөргө орнотулган АСКУЭ эсептегичтерин жеринде барып кыдырып текшерүү учурунда, бир абонентге коюлган 2 жана андан ашык орнотулуп коюлган АСКУЭ эсептегичтер аныкталды.

- Эгерде жогорудагы жумуштар өз убагында аткарылса коомдун электр энергиясына болгон техникалык жана коммерциялык жоготуулары азаймак.

**Сунуштама: Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигине, “Кыргызстан улуттук электр тармактар” Ачык Акционердик коомуна**

1. “Ош электр реабилитациялоо” долбоорун тез арада мыйзам талаптарга ылайык аткаруу жана сапаттуу бүтүрүп аяктоо жагы каралсын.
2. Долбоорду өз убагында аткарылышын жооптуу жетекчилерден жана кызматкерлерден талап кылынсын жана аткарылган жумуштарды өз убагында балanska кабыл алуу жумуштарын аткарылышы камсыздалсын.
3. Бир абонентге 2 жана андан ашык орнотулуп коюлган АСКУЭ эсептегичтерди мыйзам чегинде кайра чыгарып жол жоболоштурсун жана тиешелүү электр сатуу боюнча жооптуу жетекчилердин жана кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Ат-Башы гидроэлектростанциясын реконструкциялоо” долбоору**

2013-жылдын 21-майындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Швейцария Конфедерациясынын Өкмөтү жана “Электр станциялары” ААКнын ортосундагы “Ат-Башы ГЭСин реконструкциялоо” долбооруна финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууга үч тараптуу кол

коюлган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-декабрындагы №676 - токтому менен финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу бекитилип, 2013-жылдын 27-декабрында макулдашуу күчүнө кирген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан КР Финансы министри О.Лаврова, Швейцария Конфедерациясынын Өкмөтү тарабынан Мари-Габриель Инайхен Флайш, "Электр станциялары" ААКнун атынан генералдык директору С.Авазов кол коюшкан.

Долбоордун жалпы суммасы 24 740 000 швейцариялык франк, анын ичинен: Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик секретариатынан (SEKO) 19 820 000 швейцариялык франкын (салым 80%) жана "Электр станциялары" ААКнан 4 920 000 швейцариялык франкын (салым 20%) түзгөн.

"Ат-Башы ГЭСин реконструкциялоо" долбоорунун максаты калкты жана бизнес коомчулугун электр энергиясын ишенимдүү жана үзгүлтүксүз өндүрүү жана электрэнергиясы менен камсыз кылуу аркылуу Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуу болуп саналат.

"Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоору энергетикалык коопсуздукту азайтууга, тармактын жана агрегаттардын долбоордук туруктуулугун жогорулатуу, ошондой эле станциянын кийинки эксплуатациялоо жана тейлөө иш-аракеттерин кыскартуу ошондой эле Нарын облусунун электр энергиясына болгон муктаждыгынын 30%ын камсыздап, кыш мезгилинде тармактын чыңалуусун жана жүгүн жөнгө салууга өтө маанилүү долбоор болуп аныкталган.

"Электр станциялары" ААКнын 2014-жылдын 10-январындагы №8 буйругунун негизинде "Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоорун ишке ашыруу боюнча 3 штаттык бирдик менен топ (ГРП) түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр-жай министрлигинин 2014-жылдын 30-апрелиндеги №32-буйругунун негизинде финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуунун талаптарына ылайык "Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоорунун байкоочу комитети түзүлгөн.

"Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоорунун башталышы 2013-жылдан башталып 2022-жылга чейин аяктаган эмес же 9 жылдан бери реконструкция жумуштары уланып келген. 2013-жылдан 2022-жылга чейин жалпы кеткен каражат 22 048,2 миң швейцария франкы жумшалган, анын ичинен: Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик секретариаты (SEKO) грантынын эсебинен 18 602,3 миң швейцария франкы, "Электр станциялары" ААКнын эсебинен 3 445,9 миң швейцариялык франк иштетилген.

**Долбоордун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит**

"Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоорунун Техникалык экономикалык негиздери (ТЭН) Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик секретариаты тарабынан 2011-жылдын 16-ноябрында түзүлгөн, 2013-жылдын 21-майындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Швейцария Конфедерациясынын Өкмөтүнүн макулдашуусунун негизинде жалпы бюджети 24 740,0 миң швейцарский франкка бекитилген. Бекитилген бюджеттин долбооруна 2013-жылдан 2022-жылга чейин "Ат-Башы ГЭСтин

реконструкциялоо" долбоорунун байкоочу комитетинин, Швейцария экономика боюнча мамлекеттик секретариаты жана "Электр станциялары" ААКнын тарабынан 2-жолу өзгөртүүлөр киргизилип долбоордун чыгымдары төмөндөгүдөй аткарылган:

| Чыгаша статьясы | Долбоордун алгачкы сметасы Баасы (миң.CHF) | Долбоордун Сметасынын Өзгөртүлгөн Планы (миң.CHF) | Долбоордук 2013-жылдан 2022-жылга чейинки анык аткарылышы | айырмасы | % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Гидромеханикалык жабдуулар | 850,0 | 650,0 | | -650,0 | 0 |
| Электромеханикалык жабдуулар (трубина,генератор,трансформатор) | 18780,0 | 19585,1 | 19585,1 | - | - |
| Курулуш иштерине | 730,0 | 730,0 | 159,8 | -570,3 | 22,0 |
| Окууга жана билимин көтөрүүгө | 160,0 | 160,0 | 0 | -160,0 | 0 |
| Проектинин консультанты | 2300,0 | 2798,0 | 2303,5 | -494,5 | 82,3 |
| Долбоорду ишке ашыруу тобу | 150,0 | 150,0 | 0 | -150,0 | 0 |
| Тышкы аудит | 150,0 | 0 | 0 | | 0 |
| Күтүлбөгөн чыгымдар (7%) | 1620,0 | 666,9 | | -666,9 | 41,1 |
| **Жалпы проектинин суммасы** | **24740,0** | **24740,0** | **22048,3** | **2691,7** | **89,1** |
| Швейцариянын салымы (SEKO) | 19820,0 | 19820,0 | 18602,4 | 1217,6 | 93,9 |
| ОАО "ЭС" өз салымы | 4920,0 | 4920,0 | 3445,9 | 1474,1 | 70,04 |

"Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоорунун өздөштүрүүнүн бюджети боюнча жалпысынан 24 740,0 миң швейцария франкы каралган, анын ичинен: Швейцариянын салымы (SEKO) 19 820,0 миң швейцария франкы каралган, ал эми "Электр станциялары" ААКнун салымы 4 920,0 миң швейцария франкы каралган. Жалпы долбоордун өздөштүрүлүшүнө 2013-жылдан 2022-жылга чейин жалпысынан 22 048,3 миң швейцария франкы чыгымдалган же бекитилген бюджеттин долбооруна салыштырмалуу 2 691,7 мин швейцария франкына аз же 89,1%га аткарылган. Анын ичинен: Швейцариянын (SEKO) эсебинен 18 602,4 миң швейцария франкы каржыланган же бекитилген долбоорго салыштырмалуу 1 217,6 миң швейцария франкына аз же 93,9%га каржылаган.

Ал эми "Электр станциялары" ААКнын болжолдонгон 4 миллион 920 миң швейцариялык франктан 3 445,9 миң швейцария франкы каржыланган, же бекитилген долбоорго салыштырмалуу 1 474,1 миң швейцария франкына аз (70,4%).

Жогорудагы чыгымдардын талдоонун негизинде төмөндөгүлөр аныкталды:

**Аныкталды/Кортунду:** 2013-жылдын 21-майындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Швейцария Конфедерациясынын Өкмөтү жана "Электр станциялары" ААКнын (мындан ары "ЭС") ортосундагы "Ат-Башы ГЭСин реконструкциялоо" долбооруна финансылык жардам көрсөтүү жөнүндөгү макулдашуунун талаптары аткарылбастан "Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо" долбоорунун өздөштүрүүнүн бюджети боюнча Швейцариянын салымы (SEKO) 19 820,0 миң CHF каралган болсо,

долбоордун өздөштүрүлүшүнө 9-жылда жалпысынан Швейцариянын (SEKO)грантынын эсебинен 18 602,4 миң CHF долбоор өздөштүрүлүп, натыйжада “Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо” долбоорун ишке ашырууда Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик секретариаты менен болгон макулдашуудагы долбоордун бюджетинде каралган акча каражатынан 1 217,6 миң CHF өздөштүрүлбөй реконструкция долбоору аягына чыкпай келе жаткандыгы аныкталды (2022-жылдын 31-декабрына карата алынган КР УБнын курсу сом боюнча алганда 1 CHF =92,68 сомду түзөт же 1 217,6 миң CHF *92,68= 112 847,2 мин сомду түзөт).

Негизинен “Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо” долбооруна финансылык жардам көрсөтүү жөнүндөгү макулдашууда каралган бюджетти, “ЭС” ААКнын жеткечилери тарабынан жана “Ат-Башы ГЭСти реконструкциялоо” долбоорунун ишке ашыруу тобунун кызматкерлери (ГРП) тарабынан алгылыктуу иштер алып барылганда, макулдашууда каралган акча каражатты толук өздөштүрүү мүмкүн эле.

**Сунуш: “ЭС” ААКсына**

“Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо” долбооруна финансылык жардам көрсөтүү жөнүндөгү макулдашууда каралган бюджетти толук өздөштүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Кортунду:** “Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо” долбоорунун макулдашуунун 3-беренесинин 3.3-пунктчасына ылайык, “ЭС” ААКнын салымынын суммасын кыргыз сому менен төлөгөнгө милдеттенген, швейцариялык франктарды кыргыз сомго конвертациялоо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жылы 21-майындагы макулдашууга кол коюлган күндөгү колдонуудагы КР УБнын курсу боюнча жүзөгө ашырылаары белгиленген. Макулдашуу учурундагы, же 2013-жылдын 21-майындагы 1 CHF курсу - 49,9485 сомду түзгөн.

Макулдашуунун 4.4-пунктчага ылайык, жабдууларды жана кызматтарды сатып алуу үчүн “ЭС” ААКнын салымы биринчи кезекте ал толугу менен пайдаланылганга чейин колдонулат. Ошондой эле долбоорду ишке ашыруу тобун каржылоочу бюджет, бул кошумча сумманын 3% түзгөн жана ушул сумма (150 000 швейцар франкы) эсепке которулбайт жана “ЭС” ААКы тарабынан Долбоорду өздөштүрүү тобун каржылоого (ДӨТ) өз алдынча колдонушу белгиленген. Эгерде 150,0 миң швейцариялык франкы 4 920,0 миң CHFдан кемитилсе, “ЭС” ААКнын салымынын калганы 4 770,0 миң CHF түзөт.

“ЭС” ААКнын салымы 238 261,5 мин сом суммасын 49,9485 сом алмашуу курсу боюнча швейцариялык франкка конвертация кылганда 4 770 143,2 швейцариялык франкты түзөт.

Консорциум GE Renewable, Швейцария жана AlstomHydro, Франция подрядчы менен “Ат-Башы ГЭСин реконструкциялоо” долбооруна 2017-жылдын 13-мартындагы №Д-34-32/76 келишимине ылайык, “ЭС” ААКнын салымы 238 261 500 сомду түзүп, 2017-жылдын 23-февралына карата КР УБнын курсу боюнча 1CHF=69,1434 сом курсу боюнча конвертацияланган

жана 3 445,9 миң CHF төлөнгөн. “ЭС” ААКнын салымын долбоорго төлөө учурунда курстук айырмадан улам 1 474,1 миң CHF, же 73 629,0 миң сомго аз төгүлүп, натыйжада макулдашууда каралган реконструкция иштери толук аткарылбай калган.

**Сунуш: “ЭС” ААКсына**

Мындан ары долбоорлор боюнча Эл аралык келишимдердин негизинде алынган гранттар кандай валютада алынса, өздүк салымдарды грант боюнча алынган валютанын курсу менен келишим түзүү жагы эске алынсын жана валютанын курстук жоготууларына жол берилбесин.

***Долбоор боюнча чыгымдардын аткарылышы төмөндөгүй аткарылган:***

**Гидромеханикалык жабдууларды сатып алууга** (трубина, генератор, трансформатор) макулдашуунун бюджети боюнча 850,0 миң CHF каралган, байкоочу кеңештин чечиминин өзгөртүүлөр боюнча чыгым 650,0 миң CHF түзгөн, ал эми бул чыгым боюнча каржылоо болгон эмес, же бекитилген бюджетке салыштырмалуу бул чыгым аткарылган эмес.

**Электромеханикалык жабдуулар сатып алууга** 18780,0 миң CHF каралган, байкоочу кеңештин чечиминин өзгөртүүлөру боюнча план 19585,1 миң CHF түзгөн, анык кеткен чыгымы 19585,1 миң CHF чыгымдалган, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 100%га аткарылган.

**Курулуш иштерине** 730,0 миң CHF каралса, анык кеткен чыгымы 159,8 миң CHF чыгымдалган, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 570,3 миң CHF аз же 22%га аткарылган.

**Окууга жана билимин көтөрүү чыгымына** 160,0 миң CHF каралса, бул чыгым түрү аткарылган эмес.

**Проектинин консультанты чыгымына** 2300,0 миң CHF каралган, байкоочу кеңештин чечиминин өзгөртүүлөру боюнча план 2798,0 миң CHF түзгөн, анык кеткен чыгымы 2303,5 миң CHF чыгымдалган, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 494,5 мин CHF аз же 82,3%га аткарылган.

**Долбоорду ишке ашыруу тобу** 150,0 миң CHF каралса, бул чыгым боюнча каржылоо болгон эмес. Себеби бул чыгым боюнча ЭС ААКму ГРП нун кызматкерлеринин эмгек акы боюнча 3%дык төлөмдөрүн өз милдетине алгандыгына байланыштуу бул чыгымдар “ЭС” ААКму тарабынан төлөнүп берилген.

**Тышкы аудит чыгымына** 150,0 миң CHF каралса, бул чыгым боюнча каржылоо болгон эмес, бирок тышкы аудит тарабынан реконструкция иштеринин техникалык бөлүмү боюнча аудит жүргүзүлгөн, байкоочу кеңештин чечиминин өзгөртүүлөрү боюнча бул каражат консультациялык чыгымдарга жылдырылган.

**Күтүлбөгөн чыгымдар (7%)** 1620,0 миң CHF каралган, байкоочу кеңештин чечиминин өзгөртүүлөрү боюнча план 666,9 миң CHF түзгөн, бул чыгым боюнча каржылоо болгон эмес. Бирок ушул чыгымдардын эсебинен 953,1 миң CHF Электромеханикалык жабдуулар сатып алуу чыгымдарына которулуп чыгымдалган.

**Эл аралык компаниялар менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышына аудит**

Консультантты тандап алууда Stucky Switzerland Ltd компаниясы 1940,1 миң CHF жеңүүчү деп табылып 2015-жылдын 22-октябрында №Д-34-19/446 келишими түзүлгөн. Келишимдин мөөнөтү 54 айга пландаштырылган, долбоорго 6 жолу өзгөртүүлөр киргизилип, жалпысынан келишим 94 айга же 7 жыл 8 айга чейин узартылган 2023-жылдын июль айында келишим аягына чыккан.

Подкомпонет А1 боюнча электрмеханикалык жабдууларды сатып алуу, монтаждоо,орнотууга Консорциум GE Renewable, Швейцария жана AlstomHydro, Franse компаниясы женүүчү деп табылып 19000,0 миң CHF 2017-жылдын 13-мартында №Д-34-32/76 келишими түзүлгөн.

**Аныкталды: ГА-3** агрегаты келишим боюнча реконструкция мөөнөтү 2017-жылдын 13-мартынан 2019-жылдын 4-октябрына чейин 2 жыл 7 айга пландаштырылып, бирок аталган мөөнөтө реконструкция иштери бүтпөстөн 2020-жылдын 29-декабрында бүткөрүлгөн же 14 айга (442 кунгө) кечигүү менен аягына чыккан. Реконструкция иштери COVID-19 илдетине туш келгендигине байланыштуу өз убагында бүткөн эместигин жана тиешелүү себептерди эске алуу менен 2021-жылдын 28-апрелинде “ЭС” ААКсынын жана Консорциум GE Renewable компаниясынын ортосундагы түзулгөн келишимге ылайык Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик секретариаты (SECO) макулдашуусу менен жумушту аяктоо мөөнөтү 18 айга (565 күнгө) же 2021-жылдын 30-апрелине чейин узартылган.

**ГА-4** агрегаты келишим боюнча реконструкция мөөнөтү 2017-жылдын 13-мартынан 2020-жылдын 7-апрелине чейин 3 жыл 1 айга пландаштырылып, бирок аталган мөөнөтө реконструкция иштери бүтпөстөн 2021-жылдын 6-августунда бүткөрүлгөн же 16 айга (485 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан, 2021-жылдын 28-апрелинде эки тараптуу келишимдин негизинде жумушту аяктоо мөөнөтү 16 айга (503 күнгө) же 2021-жылдын 31-августуна чейин узартылган.

**ГА-2** агрегаты келишим боюнча реконструкция мөөнөтү 2017-жылдын 13-мартынан 2020-жылдын 9-октябрына чейин 3 жыл 7 айга пландаштырылып, бирок аталган мөөнөтө реконструкция иштери бүтпөстөн 2021-жылдын 13-декабрында бүткөрүлгөн же 14 айга (427 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан, 2021-жылдын 28-апрелинде эки тараптуу келишимдин негизинде жумушту аяктоо мөөнөтү 15 айга (471 күнгө) же 2022-жылдын 31-январына чейин узартылган.

**ГА-1** агрегаты келишим боюнча реконструкция мөөнөтү 2017-жылдын 13-мартынан 2021-жылдын 14-апрелине чейин 4 жыл 1 айга пландаштырылып, бирок аталган мөөнөтө реконструкция иштери бүтпөстөн 2022-жылдын 2-июнунда бүткөрүлгөн же 14 айга (413 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан, 2021-жылдын 28-апрелинде эки тараптуу келишимдин негизинде жумушту аяктоо мөөнөтү 16 айга (480 күнгө) же 2022-жылдын 15-августуна чейин узартылган.

**Кортунду:** “Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо” долбоорунун ишке ашырууда эл аралык компаниялар менен түзүлгөн келишимдердин жумуштарды жана кызматтарды аяктоо мөөнөттөрү шайкеш келбестен **ГА-3** агрегатынын реконструкция мөөнөтү 14 айга (442 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан, **ГА-4** агрегатынын реконструкция мөөнөтү 16 айга (485 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан, **ГА-2** агрегатынын реконструкция мөөнөтү 14 айга (427 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан, **ГА-1** агрегатынын реконструкция мөөнөтү 14 айга (413 күнгө) кечигүү менен аягына чыккан.

**Сунуш: “ЭС” ААКсына**

“Ат-Башы ГЭСтин реконструкциялоо” долбооруна түзүлгөн эл аралык келишимдердин мөөнөтү көзөмөлгө алынсын жана келишимдерде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү сактоо боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Курулуш-куроо жана ондоо иштери**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин “ЭС” ААКсына караштуу “Ат-Башы ГЭСын реконструкциялоо” долбоорунун алкагында, 2022-жылдын 31-декабры менен аяктаган мезгил аралыгына карата “Курулуш иштери” А3 подкомпоненти аркылуу ишке ашырылган курулуш-куроо жана ондоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен төмөндөгулөр аныкталды.

“Ат-Башы ГЭСын реконструкциялоо” долбоорунун алкагында “Курулуш иштери” А3 подкомпонентинин бюджети жалпы 730,0 мин швейцариялык франк суммасында бекитилген болсо, 2022-жылдын 31-декабрына карата анын аткарылышы, же каржылоосу 159,8 миң швейцариялык франкты түзгөн.

Аталган каражаттар күч транформаторлорунун ортосун жана трансформаторлор менен Ат-Башы ГЭСнин имаратынын ортолорун коргоо тосмолорун курууга жана ошондой эле Ат-Башы ГЭСнин имаратынын ичиндеги вентиляция, жылытуу жана өрт өчүрүү системаларын кайра орнотууга жумшалган.

Курулуш-куроо жана ондоо иштери толугу менен подряддык негизде, “ЭС” ААКсы тарабынан өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыгы менен тандалып алынган жергиликтүү 2 подряд мекемеси тарабынан жалпы 15313,7 миң сомдук курулуш-куроо жана ондоо иштери аткарылган, анын ичинен:

- 2020-жылы “Одамас” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан 3896,1 миң сом;
- 2022-жылы “Снайпер” жана “NK Group” жоопкерчилиги чектелген коомдорунун Консорциуму тарабынан 11417,6 миң сом.

Жогорудагы аткарылган жумуштардын ырастыгына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен бузуу фактылары аныкталган жок.

2022-жылдын 31-декабрына карата, ишке ашырылган курулуш-куроо жана ондоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен бузуу фактылары аныкталган жок.

Курулуш-куроо жана ондоо иштери толугу менен бүткөрүлүп, кабыл алуу актылары менен эксплуатацияга берилген.

***2019-жылдын 1-январынан 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата "Электр станциялары" Ачык акционердик коомунун Бишкек шаарынын Жылуулук электр борборунда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу 01-23/226 23.11.2022ж. пункт 9.5 калыбына келтирилбеген 2 842,5 миң сомду түзөт. Анын ичинендеги* 980,3 миң сом боюнча.**

**Аныктама жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине, аткарылган иштердин актысынан 389,5 миң сом суммасын (долбоордук продукциясы үчүн негизсиз төлөмдөр), прожекторлордун жогорулатылган баасы боюнча 506,8 миң сом суммасын жана аткарылган иштердин актысынан жана эскиздик планда көрсөтүлгөн прожекторлордун саны иш жүзүндө белгиленген прожекторлордун санына 84,0 миң сомго дал келбегендигин (жалпы 980,3 миң сом суммасын) алып салуу маселеси боюнча 09.09.2022-жылдагы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аралык актысына карата каршы пикири менен "IntercomKG" ЖЧКсынан 2023-жылдын 24-апрелиндеги №01-29/594 каты келген.

2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Бишкек шаарынын Жылуулук электр бороборунда жүргүзүлгөн аудиттин алкагында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 31.10.2023ж. №06-1/854 буйругунун негизинде "Бишкек шаарынын Жылуулук электр бороборунун цехтеринин негизги жана көмөкчү жабдууларына видеокөзөмөл орнотуу" объектиси боюнча "IntercomKG" ЖЧКсынан 2023-жылдын 24-апрелиндеги №01-29/594 катында чагылдырылган курулуш иштерине кайрадан аудит жүргүзүлгөн.

- 389,5 миң сом суммасындагы долбоордук продукциясы үчүн негизсиз төлөмдөр боюнча тастыкталган жок, себеби Заказчынын конкурска берген баштапкы маалыматтардын негизинде долбоордук-сметалык документация иштелип чыккан, ал эми долбоор Бишкек Жылуулук электр борборунун ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан бекитилген.
- прожекторлордун 506,8 миң сом суммасын жогорулатылган баасы негиздүү болгон анткени конкурстук талаптарга жана техникалык тапшырмага ылайык прожекторлордун иштөөсүнүн кепилдик мөөнөтү 36 айга белгиленгендиктен (светодиоддук прожекторлорго иш жүзүндө 12 ай) кепилдик мөөнөттүн ичинде прожекторлорду чечип кайра алмаштырып туруусун эске алуу менен баасы конкурска коюлган.
- эскиздик планда көрсөтүлгөн прожекторлордун саны иш жүзүндө белгиленген прожекторлордун 28 даана - 84,0 миң сомго дал келбегендигинин себеби Подрядчы цехтерге кабелди тартуу жана прожекторлор орнотуу

боюнча иштерди аткарган, ал эми кийинчерээк ал прожекторлор Заказчы тарабынан башка орнотуу жерлерине которулган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан кайрадан текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 980,3 миң сом суммасындагы жогоруда көрсөтүлгөн маселе тастыкталган эмес.

“IntercomKG” ЖЧКсы тарабынан жазма буйруктан 980,3 сом суммасын алып салуу өтүнүчү негиздүү деп эсептелет.

**Сунуштама:**

Калыбына келтирилбеген 2 842,5 миң сомдук сумманын ичиндеги **980,3 миң сом** 23.11.2022-жылдагы №01-23/226 жазма буйруктун 9.5-пунктунан азайтылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.А. Раматилаев**